**Турукманв К.Т., Усупова Ч. С.**

# ФИЛОСОФИЯ

**БИШКЕК – 2024**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**Ж. БАЛАСАГЫН атындагы КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

**ФИЛОСОФИЯ КАФЕДРАСЫ**

# ФИЛОСОФИЯ

**3-ү толукталган варианты**

***Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин философия кафедрасы менен Окумуштуулар Кеңешинин чечимдкринин негизинде окуу методикалык колдонмо катары бекитилген жана окуу китеби катары басып чыгарууга сунуш кылынган.***

**БИШКЕК – 2024**

**УДК: 1/ 14**

**ББК: 87**

**А 37**

Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин окумуштуулар кеңещи тарабынан жолдомо берилген.

**Жооптуу редактор: ф.и.д., проф., Бокошев Ж.Б.**

**Рецензенттер: ф.и.д. проф., Кыргыз УИА мучө корр. Академик**

**Тогусаков О.А.**

**ф.и.д., проф., Жумагулов М.Ж.**

**пед. и. д., проф. Раимкулова А. С.**

**Турукманов К. Т., Усупова Ч. С.** Философия Б.: 2024г

**ISBN 978-9967-32-415-2**

Аталган окуу куралы философияны окутуунун методикасына арналган. Окуу – усулдук куралда кыскача, жеткиликтуу жана музмундуу турдө философиянын негизги бөлүмдөрү: «Философиянын тарыхый типтери», «болумуш, материя философиянын алгачкы тшунуктөрү катары», «аң – сезим», «таанып билүү теориясы», «диалектика», жана «социалдык философия» каралып, окутуунун интерактивдүү жана инновациялык методдору пайдаланылды. Буларга: бүтүн бир аракетти же ыкманы демонстрациялоо, мээ штурму, чакан топтор менен иштөө, иш оюундарын уюштуруу сыяктуу усулдар киргизилди.

Бул оку куралы студенттерге, магистранттарга, аспиранттарга жана ошондой эле философияны окутуунун меселелерине кызыкан баардык окутуучу – мугалимдерге арналат.

УДК 1/14. 340. 12

**ISBN 978-9967-32-415-2** ББК 87

**Турукманов К. Т., Усупова Ч. С. 2024**

# МАЗМУНУ

**Киришүү**........................................................................................ 4

**1 - Бап.** ФИЛОСОФИЯНЫН ТАРЫХЫЙ ТИПТЕРИ

1. **Тема.** Философия, анын предмети жана адам менен коомдун жашоосундагы ролу……………………………………………..9
2. **Тема.** Чыгыш философиясы ……………………………………18
3. **Тема.** Антикалык философия…………………………………26
4. **Тема.** Орто кылымдык философия …………………………….48
5. **Тема.** Кайра Жаралуу доорундагы философия ………………..58
6. **Тема.** Жаңы мезгилдеги философия .........................................68
7. **Тема.** Классикалык немец философиясы ……………………...81
8. **Тема.** Марксистик философия …………………………………87
9. **Тема.** Постклассикалык философия……………………………93
10. **Тема.** Орус философиясы ……………………………………...102
11. **Тема.** Кыргыз философиясы …………………………………..110

**2 – Бап.** БОЛУМУШ

12. **Тема.** Болумуш, материя философиянын баштапкы түшүнүктөү катары .................................................................119

**3 – Бап.** АҢ – СЕЗИМ

13. **Тема.** Аң – сезим маселеси………………………………… 128

**4 – Бап.** ТААНЫМ

14. **Тема.** Тааным теориясы ………………………………………140

**5 – Бап.** ДИАЛЕКТИКА

15. **Тема.** Диалектиканын принциптери, мыйзамдары жана категориялары ………………………………………………..153

**6 – Бап.** СОЦИАЛДЫК ФИЛОСОФИЯ

16. **Тема.** Табият адамзат балумшун негизи катары ....................179
17. **Тема.** Коомдун философиялык анализи ……………………..187
18. **Тема.** Адам философиялык анализдин предмети катары …..198
19. **Тема.** Инсан жана коом ………………………………………207
20. **Тема.** Коомдун руханий жашосуу жана маданият…………..215
21. **Тема.** Адам менен коомдун жашоосундагы баалуулктар…..220
22. **Тема**. Тарыхын маңызы жана багыттуулугу………………...225
23. **Тема.** Социалдык прогноздоо жана азыркы глобалдуу маселер……………………………......231

**Корутунду**…………………………………………………...238

## Киришүү

Адамзат «адамдарды толкундаткан көптөгөн маселелер менен үчүнчү миң жылдыкка кадам таштады. Алардын ичинен эң курч маселелер болуп: эл аралык теорроризам, көптөгөн регионалдык жана этностор аралык конфликтер, экологиялык, сырьелук, азык – түлүк маселелери, наркоманиянын жана СПИДдин таралышы эсептелет. Алар башка глобалдык маселелер менен бирге адамзатты жашап кетүүнүн чегине алып келип такады.

Индустриалдык коомдун маданиятынан постиндустриалык коомдун маданиятына өтүү товар өндүрүүчү экономикадан тейлөөчү экономикага өтүү менен коштолот. Демек бул кызмат көрсөтүүчү чөйрөсү (сфера обслуживания) өндүрүш сферасынан артыкчылык кыларын билдирет. Бул жерде өнүгүүнүн чечүүчү фактору болуп билим берүү деңгээли жана билим эсептелет. Мындай процесстер индустриалдык коомдон постиндустриалдык коомго өтүүнү аяктап жаткан АКШ жана Японияда байкалат. Индустриалдык коомду өндүрүлгөн товарлардын саны менен аныктоого мүмкүн болсо, ал эми постиндустриалдык коом информацияны иштеп чыгып жана берүү менен аныкталат. АКШда же Батыш Европадагы коомдун постиндустриялдуу деп эле атабастан, ошону менен бирге информациялдык деп да 60% - 80% түз же кыйыр түрдө информацияны түзүү, кайра иштеп чыгуу жана аны аралыктан берүү менен байланышкан.

Технологиянын өнүгүүсүнө жараша информация (маалымат) алдыга өтө тез умтулуу менен баардыгына жеткиликтүү боло баштады. Персоналдык компьютерлер, текстти автоматтык түрдө кайрадан иштеп чыгуу, кабелдик телевидение, видеодисктер жана жазып алуучу видео шаймандар үйлөргө, мектептерге жана офистерге уламдан – улам кеңири кире баштады.

Жыл сайын дүйнөдө маалыматтар эки-үч эссе көбөйүп, жаңы маалымат каналдары пайда боло баштады. Алардын эң алдыңкысы болуп интернет системасы – бүт жер шарын өзүнүн көрүнбөгөн жөргөмүштүн желесиндей жипчелри менен бүт жер шарын ар кайсыл жагынан адамдар жазуу же бирин – бири көрүп, байланыша башташты (письменно или визуально), илимий конференциялар жана көрсөтмө оперециялар (показательные операции) жүргүзүлө баштады. Интернет аркылуу дүйнөнүн каалаган китепканасына кирип, каалаган гезитти окуп жана эң акыркы жаңылыктарды билүүгө болот.

Мына ушундай шартта адамдын дүйнө таанымдык багыты, анын коомдун жашоосундагы өз орду менен ролун сезиши, анын өзүнүн иштери жана жасаган аракттери үчүн жоопкерчилиги негизи аныктагыч орунду ээлейт. Адамдын дүйнө таанымдык маданиятынын калыптанышында чечүүчү роль философияга таандык.

Кыргызстанда азыркы көз карансыздык – посттоталитардык мезгилде философия боюнча мамлекеттик тилде, башкача айтканда, кыргыз тилинде жазылган окуу куралдарына, окуу – методикалык колдонмолоруна болгон талап күн сайын өсүүдө. Биздин бул сунуш кылып жаткан «философияны окутуунун методикасы» аттуу эмгегибиз студенттерге лекция окууда аздыр – көптүр мугалимдерге жардам берет деп ишенебиз. Бул колунуздардагы китеп «философияны окутуунун методикасы» боюнча кыргыз тилинде чыккан биринчи китеп болуп саналат. Ал 5 бөлүктөн турат:

I. «Философиянын тарыхын» окутуунун методикасы.
II. «Онтология жана таанып билүү» теориясын окутуунун методикасы.
III. Философиядагы «аң-сезим»маселесин окутуунун методикасы.
IV. Диалектиканы окутуунун методикасы.
V. «Социалдык философияны» окутуунун методикасы.

Философияны окутуунун методикасында интерактивдүү жана иновациялык усулдарды колдонуу учурдан талабы.

Студенттердин жөндөмдүүлүктөрүн калыптандыруу татаал процесстердин бири. Интерактивдүү жана инновациялык ыкмалардан төмөнкүлөрдү колдонуу сунушталат, алар:

1. Системалык метод;
2. Бүтүн аракетти же ыкманы демострациялоо;
3. Мээ штурму (мозговой шурм);
4. Кичине топтор менен иштөө;
5. Иш оюндарын (деловая игра) уюштуруу ж.б.

Мугалим менен студенттин ортосунда тескери байланыш (обратная связь) үзгүлтүксүз болсо студент өз учурунда кеңеш, жоопту алып турат жана мамилелешүүдөн өзүн өзү текшере алат.Түздөн – түз мамилелешүү (живое общение) менен катар электрондук почта же өздүк сайтты түзүү сыяктуу интеракивдик ыкмаларды пайдалануу зарыл.

Окуу процессинде төмөнкү максаттарды бөлүп кароо «ылайыктуу»:

- интенсивдештирүү;
- интеграция;
- индивидуалдаштыруу;
- инфраструктура.

Ар бир түзүчүнү кыскартып чечмелесек окуу процессин интенсивдештирүүнүн курамын, аны интерактивдүүлүк жана инновациялык окутуу ыкмаларын колдонуу кирет. Окуу процессин индивидуалдаштыруу жана интеграциялоо - биринчиси ар бир жеке студентке каралса, ал эми экинчиси б.а. интеграциялоо окутуу процессинде билимди бүтүндүктө берүү каралган.

Окуу процессинин инфраструктурасына төмөнкүлөр кирет: техникалык жабдуулар, кадр маселеси жана кадрлардын мотивациясы (материалдык кызыктыруу жана карьералык өсүү) кирет.

Бул методдор негизинен универсалдык болуп көптөгөн түрдүү илимдерди окутууда колдонулат.

Окутуунун эки блогу (бирдиктүү блокторун)карайлы:

**Биринчи блок.** Бул блокту «бардык жаңылык мурда унутулган эски» деп айтса болот. Биринчи блокко төмөнкүлөр кирет: мээ атакасы (мозговая атака) багытталган дискуссия; лекциялык плакаттарды колдонуу; схемаларды жана башка көрсөтмө куралдарды колдонуу (диапроекторлорду, распечаткаларды, досканы) кыска демонстрациялар, ролдук оюндар, кичине топтордо иш жүргүзүү жана машыктыруучу көнүгүүлөр.

**Экинчи блок.** Бул блокто жаңы маалыматтык технологияларды жана интернет – булактарды окуу процессинде колдонуу негиз болот. Биринчи блокту кеңейтип карасак окуу процессинде мамлелешүү жандуу манерада түзүлүп, аудитория окуу процессинде толук кирип, анда студент да активдүү катышуучу болуп калат. Билим алып жаткандар окуу процессинин жүрүшүндө практикалык жөндөмдүүлүккө да ээ болушат.

Лекциялык материалдарды интерактивдүү берүү мурдатан пландап аудиторияны да тынымсыз көзөмөлдөөнү талап кылат. Мугалим студенттерге кайрылып, аларды ролдук оюндарды аткарууга киргизип, аңгемени кайсы тарапта жүргүзүү керектигин жана талкуунун жүрүшүн көзөмөлдөйт.

**Багыттуу дискуссия:** Талкуунун эң негизги дискуссиялык суроолорун талдоого берүү болуп саналат. Мугалимдин эң негизги милдети керектүү проблеманы аныктап, дискуссияны тиешелүү багытка жүргүзүүгө шарт түзүү болуп саналат. Студенттерди жоопторуна жана айткан көз

караштарына таянып, мугалим аларды керектүү материалдардын үстүнө иштөөгө кызыктырып активдештирет. «Багыттуу дискуссия» мугалимдерден так суроолор аркылуу дискуссиянын багытын так кармап жана анын жүрүшүн кылдаттык менен кескин өзгөртпөстөн, кээ бир жоопторду талапка ылайык өзгөртпөстөн жүрүгүзүп белгилүү жана зарыл акценттерди туура коюну уюштуруу керек. Багыттуу дискуссия бир сабакты бүтүн ээлеши мүмкүн же кээде суроо – жооптордун анча чоң эмес топтору менен алмаштырылат.

Лекциянын башталышында керектүү негизги суроолорду коюу маанилүү маалыматка студентердин көңүлүн бурат.

Белгилей кетүүчү дагы бир жагдай, бул китепти окуу куралы катары пайдалансы да болот, себеби анда лекциялык материалдар мүмкүн болшунча толук берилди.

**1 - Бап. ФИЛОСОФИЯНЫН ТАРЫХЫЙ ТИПТЕРИ**

## 1-тема. Философия, анын предмети жана адам менен коомдун жашоосундагы ролу.

«Философия, анын предмети, адам менен коомдун жашоосундагы ролу» темасы менен ЖОЖдогу философияны окуу башталат, алар албетте, методикалык милдеттер жана кыйынчылыктар менен коштолот. Аталган лекциянын милдети болуп студенттерди «философия дүйнөсү» менен аз да болсо тааныштырып, аларга жаңы, кеңири жана кыйла татаал маалыматтарды жеткирүү эсепт елет.

Киришүү темасынын логикасына ылайык биринчи лекциянын планы, биздин пикирибизде, кийинки конкреттешүүсү менен коштолгон төрт маселени камтып турат:

1. Философиянын предмети
2. Философиялык билимдердин спецификасы
3. Философиянын курамы жана функциялары
4. Коомдун жашоосундагы философиянын орду жана ролу.

Философиянын предмети тууралуу маселени козгоордон мурда «дүйнө жана адам» системасындагы жалпы байланыштар катары каралган философиянын предметин аныктоодон баштоо зарыл.

«Дүйнө-адам» системасы алгачкы бөлүнүүсүндө эки карама-каршы, бирок өз ара байланышкан – «дүйнө жана адам» подсистемасына бөлүнүп кетет. Ар бир тарап деңгээлдерге, тараптар ортосундагы карым-катнаштар: онтологиялык, таанып билүүчүлүк, аксиологиялык, рухий-тажрыйбалык болуп төрт аспектиге бөлүнүп кетишет. Философиянын предметине материалдык болмуштагы жалпылык жана адамдын бүтүн болмушу кирет. Философиянын предмети негизинен материалдык болмушту жана адамды

изилдеген жеке илимдердин предметинен, адамдын дүйнөгө, дүйнөнүн адамга болгон өз элестөөлөрүнөн айырмаланып турат.

Баардык жалпылык философиялык жактан дүйнөнү материалдык жана рухий деп бөлүнүү жана алардын ич ара байланыш фактысын билдирип турат. Бир сөз менен айтканда, философиянын предметине Чындык, Сулуулук, Жакшылык жана Акыйкаттуулук сыяктуу түшүнүктөрдүн алдында адам дүйнөнүн универсалдуу сүрөтүн түзгөндө кирген материалдык-бардык жалпылыктагылар кирет; материалдык реалдуулуктагы мындай баардык жалпы түшүнүктөр адамга дүйнөгө көз карашты калыптандыруу үчүн элементтер катары кызмат кылышат. Ошону менен бирге философиянын предмети тарыхый жактан кыймылдуу, конкреттүү: ар бир доор социалдык-тарыхый тажрыйбадагы жеткен деңгээлине, материалдык жана рухий өндүрүштүн үстөмдүк кылган формаларынын, курчап турган дүйнө туурасынданы илимий-билимдердин өнүгүү деңгээлдерине ылайык адамзат жашоосунун, тарыхый ишмердүүлүгүнүн маңызы жана принциптери жөнүндөгү маселелерди жаңыча койуп, аларды жаңыча чечет. Ар бир доор, коомдук тап социалдык императивдердин жана баалуулуктардын өз системасын иштеп чыгышып, жеке мүмкүнчүлүктөрүнүн чектерине жана келечектерине өз алдынча ой жүгүртүшөт.

Философиянын маңызын тактоо менен, ал диний, саясий, укуктук жана нравалык көз караштар менен катар пайда болгон жана өзүнүн жеке социалдык функциясына жана предметине ээ болгон коомдук аң-сезимдин өзгөчө формасын камтып тураарын эске ала кетүү абзел. Адам менен дүйнө, анын дүйнөгө болгон мамилеси, дүйнөнү түшүнүүсү - жалпы жонунан, дүйнө түшүнүм, дүйнө көз караш, дүйнөгө болгон көз караштардын системасы – бул терең философиялык маселелер. Дүйнө көз караштын маселелери – жалпыланган түрдө аталган маселелердин топтомун ушундайча атап коюга болот.

Дүйнө көз караш өзүнө адамдын курчап турган дүйнө, дүйнөдөгү адамдын орду, адам менен дүйнөнү ортосундагы мамиле, адамзат жашоосунун маңызы (ал эмне үчүн жашайт) түшүнүктөрүн камтып турат. Андан ары, адам коомдо жашап тургандыктан анын дүйнө көз карашына анын социалдык кызыкчылыктарды, социалдык идеалдарды, жашоонун баалулуукттарын аңдап билүү кирет.

Мазмун жагынан алып караганда дүйнөгө көз караштын курамында: дүйнө түшүнүм, дүйнө кабылдоо, дүйнө мамиле сыяктуу компоненттерди бөлүп көрсөтүшөт.

Дүйнө түшүнүм, же дүйнө сүрөтү - бул дүйнөгө көз караштын интеллектуалдык түзүүчүсү, ал турмуштук-тажрыйбалык жана теоретикалык деңгээлдерге ээ.

Дүйнө түшүнүм күнүмдүк аң-сезимдин же сергек ойломдун деңгээлинде эмпирикалык формадагы күнүмдүк билимдерде топтолгон. Дүйнө түшүнүм теоретикалык деңгээлде илимий, философиялык, диний идеялар менен берилген.

Дүйнө кабыл алуу – бул дүйнөгө көз караштын эмоцианалдык-сезимдик түзүүчүсү. Дүйнө кабыл алуунун мазмунун адамдын дүйнө, андагы өзүнүн орду жөнүндөгү эмоционалдык аракеттери, ишенимдери, спецификалык психологиялык максаттары түзөт.

Дүйнө түшүнүм менен дүйнө кабыл алуунун негизинде дүйнөгө көз караштын үчүнчү компоненти – дүйнө мамиле же тажрыйбалык иш-аракеттердин концепциясы калыптанат- бул тигил же бул өтө маанилүү маселелердин өңүтүн аныктаган адамдын баалуулук көрсөтмөлөрүнүн, анын ынанымдарынын жыйындысы, иш-аракеттердин белгилүү бир тибинин жана максатка жетүүнүн ыкмаларынын даярдыгы.

Салттуу түрдө философиялык болуп дүйнөнүн таанып билүүчүлүк маселелери, таанымдын жолдору, каражаттары, формалары, методдору жана реалдуулука тийгизген таасири, чындык, анын критерийлери, логикалык ойломдун мыйзамдары, формалары жана категориялары туурасындагы маселелер эсептелишет. Таанымдын жана ишмердүүлүктүн методологиясы маселелери – маселелердин экинчи топтому деп аталышы ыктымал.

Көрүнүп тургандай, аталган бардык маселелер болмуш менен ойломдун, объективдүү менен субъективдүүнүн, материя менен аң-сезимдин карым-катнаштары маселелерине барып такалышат. Анын чечилиши дүйнөгө көз караштын принциптерин, бардык философиялык маселелерди түшүнүүдө акыркы болуп саналышат. Ошондуктан ал философиянын негизги суроосу болуп эсептелет. Философиянын негизги суроосун белгилөөдө Ф.Энгельстин кошкон салымы зор.

Философиянын негизги суроосунун эки жагы бар: биринчилик жана таанып билүүчүлүк маселелери.

Философиянын негизги суроосунун биринчи жагын чечүүдө философтор эки чоң топко – идеалистерге жана материалистерге бөлүнүшкөн. Субъективдүү реалдуулук, рухий маңыздар табиятка, материалдык болмушка чейин эле пайда болушка дегендер идеалистик топко, ал эми башталыш катары табиятты, материяны эсептегендер материалистердин тобуна киришкен.

Материалистер менен идеалистер башат катары бир башталышты – материяны же аң-сезимди алышкандыктан, эки багытты тең монистик (грекчеден monus- жеке) деп атап коюуга болот. Бирок материя менен аң-сезимди бирдей деңгээлде негизги жана бири-биринен көз карандысыз деп эсептеген философтор да кездешет. Анткени менен эч нерсе өзгөргөн жок. Дуализм негизги философиялык багыттардын ортосундагы айырмачылыкты багындыра алган жок. Ал өзү идеализмге келген, же болбосо идеалдуунун өз алдынча пайда болуусун таануунун өзү идеализм. Идеалдуу болмушка ээ, бирок өз алдынча маңыз эмес, материалдуунун продуктусу жана касиети катары.

Материализм менен идеализмдин карама-каршылыгын махистер дагы багындырууга аракет жасашкан. В.И.Ленин «Материализм жана эмприокритицизм» аттуу китебинде махизмди сынга алуу менен анын өкүлдөрүнүн көз караштарынын орунтук таба албагандыгын көрсөткөн. Бул жаатта заманбап батыш философиясынын иш-аракеттери да жемиштүү болгон эмес.

Материализм өзүнүн пайда болу мезгилинен тартып дайыма илимий жана прогрессивдүү болгон. Ал жашоо-турмуш, илим менен тыгыз мамиледе өнүгүп, жалпысынан философиялык маселелерди туура чечкен.

Философиянын тарыхында материализмдин үч негизги формасы белгилүү: Байыркы чыгыш өлкөлөрүнүн, Грециянын жана Римдин аңкоо (наивный) материализми; XVII-XVIII – жана XIX –к. биринчи жарымындагы метафизикалык жана тарыхый материализм; диалектикалык жана тарыхый материализм. Эреже катары, алар коомдун прогрессивдүү катмарынын көз караштарын билдиришкен.

Материализм менен катар эки миң жылдан ашуун убакытта идеализм пайда болгон. Бул нерсени кокустук деп эсептөөгө эч мүмкүн эмес. Анын жандуулугун идеализмдеги жана диндеги таптардын кызыкчылыгына болгон таянуу катары гана түшүндүрүүгө болбойт.

Маселенин түпкү өзөгү материализм менен идеализмдин пайда болуусу жана узак жашоосу адамдын дүйнөнү таанып билүү процессинин өзгөчөлүктөрүндө жана мыйзам ченемдүүлүктөрүндө терең тамырга, б.а. гносеологиялык тамырга ээ.

Бирок бул тамырлар белгилүү бир социалдык шарттардын болушунда гана чыга алышат. Ошондуктан, материализм менен идеализм коомдун өнүгүү шарттарында объективдүү өбөлгөлөргө, б.а. социалдык же таптык тамырларга ээ.

Материализм мыйзам ченемдүү түрдө социалдык өнүгүүнүн, материалдык-өндүрүштүк ишмердүүлүктүн объективдүү, тарыхый

талаптарына, өнүгүүдөгү таптык коомдун алдыңкы катмарынын кызыкчылыктарына болгон жооп катары пайда болот. Коомдун материалдык жана рухий жашоосунун өнүгүүсүнүн мыйзам ченемдүүлүгүн таанып билүү, тажрыйба көрсөтүп тургандай, илимдин негизинде гана мүмкүн. Ошондуктан, материализм да, илим да бир социалдык жана гносеологиялык тамырга ээ.

Философиялык идеализм дагы, В.И.Ленин баса белгилегендей негизсиз, ал болгону метафизикалык, жөнөкөй, орой материализмдин көз карашында арзыбаган нерсе. Диалектикалык жана тарыхый материализм, тескерисинче, идеализм менен болгон ары эффективдүү күрөшүү максатында анын гносеологиялык жана таптык тамырларын айырмалай билүү зарылчылыгына үйрөтөт.

Идеализмдин гносеологиялык тамырлары – бул таанымдын реалдуу процессинин кээ бир жактарын, учурларын атайылап же стихиялуу көбүртүп-жабыртуу, абслоютташтыруу.

«Философиялык идеализм, -В.И.Ленин жазгандай, - материядан, табияттан алыстатылган таанымдын абсолютка болгон бир чектеринин, тараптарынын, сызыктарынын ар тараптуу, көбүртүп-жабыртылган өнүгүүсү (үйлөтүлгөн, көбүртүлгөн)» (В.И.Ленин. Полн. собр. соч. Т. 29. 322-б.).

Мунун корутундусу катары гипостаздаштыруу (грекчеден – пайда болуусу) – аң-сезимге жана анын кээ бир касиеттерине, тараптарына өз алдынча пайда болууну ыйгаруу эсептелет.

Алардын айырмасы болгону, объективдүү идеализм гипоздаштырууну ойлом менен коомдук аң-сезимге, ал эми субъективдүү идеализм сезимдик же жекелик кабыл алууларга карата жүзөгө ашырышат.

Идеализмдин социалдык (таптык) тамырларын ачып берүүдө студенттердин көңүлүн төмөндөгү учурларга буруу зарыл:

1. Алгачкы-уруулук түзүлүштө социалдык мамилелердин, тажрыйбалык ишмердүүлүктүн шарттарынын жана формаларынын өнүкпөй калгандыгынан, билимдердин кыйла төмөнкү деңгээлинен адам сырткы дүйнөнүн чыныгы себептерин рухтардын көрүнүштөрүнүн жалган, фантастикалык чагылдыруулары, сыйкырдуу күчтөр, кудайлар ж.б.у.с. менен түшүндүрүүгө аргасыз болгон.

2. Идеализмдин пайда болуусун акыл эмгекти физикалык эмгектен ажыратуу, пайда болгон эксплуататордук таптарды монополизациялоо шарттаган. Баардык экономикалык, социалдык-саясий жана маданий-тарбиялык процесстерди башкарып, акыл эмгеги менен алектенген коомдогу адамдардын үстөмдүк кылган абалы коомдо адамдын жүрүм-турумундагы,

коомдун жашоосундагы аң-сезимдин чечүүчү ролу туурасындагы иллюзияны жаратты.

3. Эксплуатациянын пайда болуусу жана таптык-антагонистик коомдун өнүгүү ченеминин күчөшү, же болбосо аталган ыңгайсыз абалдагы тажрыйбалык туюгуюктуктун аң-сезимин жараткан үмүтсүздүк белгилүү бир ченемде массадагы иллюзиялардан, тигил жактагы дүйнөдөгү кыялдардан, асандагы ишенимден, бакыттан жол издөөгө түрткү берген.

4. Стихиялуу табияттык кырсыктар, эпидемиялар, ачарчылык, согуштар, дайыма болуп туруучу кризистер жана коомдогу туруксуздук материалистик дүйнө көз караштын жоктугу менен адамда коомдогу жана табияттагы кандайдыр-бир кубаттуу, кудайдык күчтөр, алдын ала көрүүлөр бар экендиги туурасындагы иллюзияны пайда кылат.

5. Дин менен идеализмдин жандуулугунун маанилүү өбөлгөсү болуп колунда бар таптардын идеализм менен динди элдик массаны рухий жактан шыктандыруу**,** өзүнүн үстөмдүгүн орнотуу жана актоо куралы катары пайдалануу кызыкчылыгы эсептелет.

Философиянын негизги суроосунун экинчи тарабынын маңызын түшүндүрүү менен ал дагы эки тараптуу чечилеерин белгилей кетүүчү абзел. Кээ бир философтор дүйнөнү таанып билүү мүмкүнчүлүгүн моюнга алышса (бардык материалистер жана кээ бир объективдүү идеалистер), экинчилери мындай мүмкүнчүлүктү четке кагышат.

Дүйнөнү принципиалдуу таанып билүүгө болбостугуна бекем ишенгендерди, бардык субъективдүү жана кээ бир объективдүү идеалистер – Д.Юмду, И.Кантты, махистерди, неопозитивстерди, экзистенциалистерди, постмодернистерди агностиктер, ал эми алар таандык болгон агымды – агностицизм (а-тануу, gnosis- билим) деп аташкан.

Философиялык билимдин спецификасын ачып берүүдө мифологиялык, диний жана философиялык сыяктуу дүйнө көз караштын үч негизги формасынын өзгөчөлүктөрүн жана өз ара байланыштарын анализдөө зарыл.

«Миф» термини «элдик уламышты, жомокту» билдирет. Мифология өзүнө мифтердин аздыр көптүр жайылтылган комплексин камтып турат, анда дүйнөнүн, түзүлүшү, социум менен адамдын пайда болуусу туурасында элестөөлөр берилип, адам күнүмдүк жашоодо бетме-бет кездешүүчү негизги кырдаалдар аткарылат. Миф, демек- адамзат маданиятынын башталышы, адамдын маданий ишмердүүлүгүнүн алгачкы формасы.

Миф бир эле мезгилде реалдуулук туурасындагы элестөөлөрдүн жана ал туурасында маалымат берүүнүн өзгөчө тиби болуп эсептелет. Байыркы адам үчүн миф ал жашаган реалдуулук болгон. Мифтер баалуулуктардын белгилүү бир системасын орнотушуп, жүрүм-турумдун кээ бир формаларын

санкиялаштырган же тыюу салышкан. Башкача айтканда, мифтер социалдык жашоонун турукташтыруучусу катары кызмат кылышып, социумдун биримдигине кепилдик беришкен.

Мифологиялыктан айырмаланып диний дүйнөгө көз караш реалдуулукту эки дүйнөгө бөлөт: жогорку табигый жана табигый деп. Мифология мындай бөлүнүүнү эч билбейт. Андан ары мифологиялык дүйнөгө көз караште билимдер жана ишенимдер деген бөлүнүү жок. Диний дүйнөгө көз караште мындай бөлүштүрүүнү кездештирүүгө болот. Билим табигый дүйнө менен, ал эми ишеним жогорку табигыйлык менен тыгыз байланыштуу. Жогорку табигыйлыктын алгачкылыгын, табигый болмуштун үстүнөн болгон рухий башталышын эсептеген ишенимден жогорку табигыйлыка чыккан диний дүйнөгө көз караш маңызы боюнча диний догмаларды аткарууну талап кылган догматикалык болуп эсептелет.

Философия түздөн-түз котормосунда – акылмандыкты сүйүү деген маанини берет. Алгачкы жолу «философия» деген сөздү Пифагор колдонуп, коомдук колдонууга Платон киргизген. Бирок, гректерде «акылмандыктын» маңызы кыйла кенен: бул акыл-эстин, сергектиктин жана максаттуулуктун белгиси.

Философиялык дүйнөгө көз караштын мифологиялык жана диний дүйнөгө көз караштар менен кээ бир жалпы чектери бар. Бирок, эгерде мифология менен диндин алкагында алардын чечилиши реалдуулук менен ишенимдин фантастикалык чагылдырылуусунун негизинде кабыл алынса жана эч кандай сынга дуушар болбосо, анда философияда адамдын дүйнөгө болгон көз караштары жана ушул дүйнөдөгү орду рационалдык формада, теориялар, түшүнүктөр, ой корутундулар түрүндө берилген.

Философиялык дүйнөгө көз караш сөзүнө табиятка, коомго, адамга болгон ары жалпы көз караштардын синтезин камтып турат. Муну менен философия токтоп калбайт. Философия, ереже катары, тарыхый жактан биротоло даяр билимдердин жыйындысы катары эмес, ары терең чындыка жетүүгө болгон далалат катары түшүндүрүлгөн.

Студенттерге философиялык билимдердин спецификасын ачып берүүдө философиянын методу, илимий мүнөзү, анын жеке илимдер менен болгон карым-катнашы сыяктуу маселелерди кароонун маанилүүлүгүн көрсөтүү зарыл.

Муну менен, биринчи иретте, философия дүйнө кандай жаралган аттуу маселени эле эмес, аны кантип таанып билип, кандай таасир берүү керек деген маселени да карайт. Демек, дээрлик иштелип чыккан ар бир система эки тарапка ээ – терияга жана методго. Теория – реалдууктун маңызын, аны түшүнүүнү ачып берет, аны түшүнүү, методу реалдуулукту таанып билүүнүн

жолдору жана ыкмалары туурасындагы корутундуларды жана эрежелерди камып турат.

Материализм менен идеализм карама-каршы дүйнөгө көз караштар эле эмес, ары жалпы өз ара чыгарып салуучу методдор болуп эсептелишет. Заманбап философияда бир эле мезгилде бир канча методдор бар. Алардын негизгилери болуп диалектикалык, метафизикалык, феноменологиялык, герменевтикалык, структуралистик, антропологиялык методдор саналат.

Философиянын илимий мүнөзүн ачып берүү менен ал бардык жалпылык жөнүндөгү илим, адамзат билимдеринин эркин жана универсалдуу чөйрөсү, дайыма жаңыны издеп туруучулук экендигин четке какпоо зарыл.

Илим туурасында айта турган болсок, анда – бул адамзат ишмердүүлүгүнүн чөйрөсү, анын функциясы болуп реалдуулук жөнүндөгү объективдүү билимдерди теоретикалык схемалаштыруу жана иштеп чыгуу эсептелет;  бардык эле элдерде жана мезгилдерде пайда болбогон маданияттын тармагы.

Философия менен жеке (конкреттүү) илимдердин бирдиктүү иш-аракеттеринин өзгөчөлүктөрүн ачып берүүдө, конкреттүү илимдер изилдөөлөрүнүн жеке предметине, методдору менен мыйзамдарына, билимдерди жалпылоо деңгээлине ээ экендиги туурасында кеп кылуу керек, философияда анализдин предмети болуп жеке илимдерди жалпылоо эсептелет, б.а. философия жалпылоонун ары бийик, экинчи жактуу жалпылоосу менен байланыштуу. Муну менен биринчи жактуу деңгээл конкреттүү илимдердин мыйзамдарын формулировкалооого алып келет, ал эми экинчи жактуу деңгээлдин милдети – ары жалпы мыйзам ченемдүүлүктөрдү жана тенденцияларды ачып берүү.

/чүнчү суроого киришүү менен философиянын алгачкы тарыхый базистик элементтери болуп онтология, гносеология жана этика болуп эсептелееринен баштоо абзел. Онтология -болмуш, гносеология-тааным, этика – адеп-ахлактык, адамдардын жүрүм-турумдары туурасындагы окуу катары белгилүү.

Философиянын өнүгүү деңгээлине жараша онтология, гносеология жана этикадан тышкары жаңы философиялык предметтер бар, аларга: логика, социалдык философия, философиялык антропология, аксиология, тарыхтын философиясы, саясаттын философиясы, укуктун философиясы, экономиканын философиясы, философиянын жана илимдин тарыхы, философиянын тарыхы кирет. Бүгүнкү күнү философия өзүнө жогоруда көрсөтүлгөндөрдөн сырткары философия жана  коомдун рухий жашоосунун башка чөйрөлөрү менен чектеш предметтердин комплексин камтып турат. Аларга, мисалы, диндин философиясы, табигый билимдердин философиялык

маселелери, социалдык-гуманитардык илимдердин философиялык маселелери, техниканын философиясы ж.б.у.с. таандык.

Философиянын функциялары туурасында кеп кылуу менен студенттерге философиянын предмети менен спецификасын козгобой туруп, толук деңгээлде ачып берүүгө мүмкүн эмес. Ушуга байланыштуу студенттердин көңүл борборун философиянын төмөндөгүдөй негизги функцияларына буруу зарыл:

1. Дүйнөнү абстрактуу-теоретикалык, түшүнүктүк түшүндүрүү менен байланышкан *дүйнөгө көз караштык функция*.

2. *Методологиялык функция*, бул жерде философия метод туурасындагы жалпы окуу жана таанымдын ары жалпы методдорунун жыйындысы катары кызмат кылат.

3. Философиянын *прогноздук функциясы* өзүнө материя менен аң-сезимдин, адам менен дүйнөнүн өнүгүүсүнүн жалпы тенденциялары тууралсындагы гипотезалардын формулировкасын камтып турат.

4. Өзгөчө философиянын *теоретикалык ойломдун жана акылмандыктын мектептери функциясы* да мааниге ээ. Бул өзгөчө философиянын тарыхына тиешелүү.

5. Философиянын *сындык функциясы*, анын борборунда «бардыгын күмөндүүлүкө дуушар кылуу» принциби турат, башка предметтерге эле эмес, философиянын өзүнө да таралат, анын маңызы болуп абстрактуу нигилизм эмес, конструктивдүү сын эсептелет.

6. Философиянын сындык функциясы менен *аксиологиялык функция* тыгыз байланыштуу (грекчеден axios- баалуу), андыктан бардык философиялык система өзүнө изилденип жаткан обөектин ар кыл баалуулуктардын: социалдык, адеп-ахлактык, эстетикалык, идеологиялык ж.б.у.с. көз карашындагы баалуулук учурун камтып турат.

7. *Социалдык функция*, анын милдети болуп социалдык болмушту түшүндүрүп,

8. Философиянын *гуманитардык функциясы* да маанилүү ролдордун бирин ойнойт, ал гуманистик баалуулуктардын жана идеалдардын калыптануусун, жашоонун позитивдүү маңызын жана максатын белгилөөнү жөнгө салат.

Философиянын спецификасын жана предметин тактап алган соң коомдун жашоосундагы анын ролу ачылып берилет. Студенттерге аталган илим социалдык өнүгүү үчүн болгон күрөштө кандай ролду ойноору, инженерге, дарыгерге, юристке, мугалимге ж.б.у.с. философияны окуунун кандай зарылчылыгы бар экендиги абдан эле кызыктуу. Эгерде кыскача айта турган болсок, анда философиянын мааниси адамдардагы алдыңкы илимий

дүйнөгө көз карашты калыптандырууну жөнгө салаарында турат, аларды таанымдын методу менен камсыздандырат, адамдарды жогорку идеялуулука жана бекем ишенимдүүлүкө тарбиялайт.

Эгерде кандайдыр-бир «чектелүү адис» өзүнүн ишин билем деп жарыя кылса, ал эми философиянын кереги жок болсо, анда ал өзү илимий эмес философиянын бийлигинде калат. Студенттерге философия өзүңө ойломдун белгилүү бир ыкмасын, ойломдун логикасын чогултаары тууралуу ойду жеткирүү зарыл. Ошондуктан философия менен дегеле ойлонбогон адам гана бетме-бет келишпейт, дегеле ал өзү, кесиптештери, аны курчап тургандар- алыскы жана жакынкы адамдар эмне кылып жатканы тууралуу ойлонбойт. Эгерде сен ойломдун тигил же бул ыкмасын, заттар тууралуу ой жүгүртүүлөрдүн ыкмасын өздөштүргөн болсоң- анда белгилүү бир жакшы же жаман философияны өздөштүргөн болосуң.

«Акыл» (акылмандык) орус тилинде бекеринен бир тамырлуу «өздөштүрүү», «билгич» деген сөздөрдөн келип чыккан жок. Акыл- бул «билим», эс-тутумга киргизилген маалыматтардын жыйындысы, сөздөр менен сөз, терминдер менен терминдердин айкалышуу эрежелеринин жыйындысы эмес. Акыл – бул заттар, адамдар, окуялар, фактылар жана эң башкысы – өз алдынча табуу, толуктоо тууралуу ойлонуу, ой жүгүртүү жөндөмдүүлүгү. Алмустактан бери эле «акылды» ар кандай акылдуу философия аныктап келе жатат. Ошентип – «акылдуу», б.а. илимий жалпыланган философия билимдин бардык чөйрөлөрүнө сүңгүп, анын маңызына кире алат.

Мындай философия адамды ойломдун негизги мыйзамдарынын билимдери менен каржылап, объективдүү процесстердин жана көрүнүштөрдүн карама-каршы өнүккөн маңызын эске алуу менен өз акыл-калчоолорунун туура болуусуна үйрөтөт, акыл-эсин кеңейтет, адамдарга жалпы эле дүйнө тууралуу жалпыланган билимдерди берет. Белгилүү англиялык физик Кельвин тар адистикти жактаган студенттерге: «Навигацияны билбегендике караганда, логиканы билбегендиктен көптөгөн кемелер кыйраган» деп жарыя кылган.

Бул жерден айта кетүүчү нерсе, философия – бул тактика эмес, адамзат жашоосунун стратегиясы, эркин адамдын куралы. Ошондуктан ал адамдар өз мойнуна тандоого, чечимдерине акыл-эстүү жоопкерчиликти алган коомго гана керек. Ушуга байланыштуу өзгөчө белгилей кетүүчү нерсе, нукура философиянын руху болуп сын эсептелет. Философиянын рухий сыны ага эч кандай жакындыкты, бийлик тарабынан кодонуу пайда кылбайт. Бирок энтузиаст-философтордун мындай сынысыз жер бетиндеги акыл-эстин жеңиши тууралуу кеп болушу да мүмкүн эмес.

## 2-тема. Чыгыш философиясы.

Чыгыш философиясына арналган лекцияга даярданууда жана окууда окутуучу айныксыз кыйынчылык менен бетме-бет келишет: кыска убакыттын ичинде байыркы Чыгыштын философиясынын тарыхын толугу менен чагылдырып берүүнү талап кылат. Ошондуктан окутуучу эгерде лекцияда жалпы эле чыгыш философиясын, о.э. анын өнүгүүсүнүн негизги этаптарын мүнөздөөчү башкы өзгөчөлөнгөн жана ары олуттуу чектерди кароого көңүл бурган болсо, анда ал туура жол менен бараткандыгынан кабар берет. Аталган тема философиянын тарыхынын предмети туурасындагы темага да жакындыгы бар. Ошондуктан аталган темада төмөндөгүдөй маанилүү маселелерди бөлүп көрсөтүү сунушталат:

1. Философиянын тарыхынын предмети
2. Байыркы жана Орто кылымдагы Индия философиясы
3. Байыркы жана Орто кылымдагы Кытай философиясы

Биринчи суроону философиялык идеялардын пайда болуу жана өнүгүү процессин илимдин өзгөчө предмети – философиянын тарыхы түзөт деген эсептөөдөн баштоо зарыл.

Философиянын тарыхынын предмети – бул адамдардын теоретикалык ойломунун пайда болуу, калыптануу жана өнүгүү процесси, дүйнөнүн рационалдуу сүрөтүнүн жана андагы адамдардын болмушунун мыйзам ченемдүү алмашуусу.

Философиялык ойломдун тарыхый өнүгүүсү туурасында кеп кылуу менен окутуучу студенттерге анын ири мезгилдери, этаптары өзүнүн негизи катары цивилизацияларга жана коомдук-экономикалык формацияларга, социалдык жана рухий өндүрүштүн ыкмаларына ээ экендигин түшүндүрүү абзел. Мында көз карашты кармануу аркылуу чыгыштын, антикалык (кул ээлөөчүлүк доордун философиясы), орто кылымдын (феодализм доорундагы философия), Кайра жаралуу, Жаңы мезгилдин (буржуазиялык формациянын философиясы) жана заманбап мезгилдин философиясы деп XX-кылымдагы философиялык ойломду түшүнөт. Философиялык идеялардын улуттук өзгөчөлүктөрүн да көңүл борборунан сырткары калтырууга болбойт. Аталган контексте салыштырмалуу түрдө немис, француз, орус, кыргыз ж.б.у.с. философиясынын рухий түзүлүшүн карашат.

Экинчи суроого өтүү менен окутуучу жалпыланган материалда Байыркы Кытай менен Индияга таандык болгон философиянын төмөндөгүдөй спецификасын көрсөтүүсү зарыл.

1. Байыркы Индия менен Кытайдын философиялык ойлому мифологиянын фонунда таптык коом жана мамлекеттин пайда болуусу менен коомдук аң-сезимдин формасы катары пайда болот. Байыркы Индияда философия болжол менен б.з.ч. 1 миң жылдыкта анын аймагында кул ээлөөчүлүк мамлекет калыптана баштаган мезгилде пайда болгон. Ал эми Кытайдагы философиянын пайда болуусу б.з.ч. VI –V-кк. таандык болуп, ал жакта жаңы жер ээлеринин жана шаардык байлардын экономикалык жана саясий кубатынын өсүүсү сыяктуу коомду таптык бөлүштүрүү процесси башталган.

2. Байыркы Индия менен Кытайдын философиясы жалпы адамзаттык баалуулуктарга багытталган. Адам жалпы адамзаттык баалуулуктарды (дүйнө жана аны таануу, жамандык жана жакшылык, акыйкаттуулук жана акыйкатсыздык, достук жана жолдошчулук, сүйүү жана көрө албастык, кумарлануу жана азап чегүү ж.б.) алыш үчүн философиялык акылмандыка ээ болуусу зарыл.

3. Байыркы Кытай менен Индиянын философиясынын өнүгүүсүнүн мыйзам ченемдүүлүгү - бул философиялык билимдин дүйнөгө көз караштык мүнөзү. Философиялык көз караштар, теориялар, идеялар, системалар идеалистик же материалистик, ал эми кээ бир учурларда эклектикалык (дүйнөгө көз караштын андан мурунку типтеринин байланышы) болуп эсептелишет.

4. Байыркы Индия менен Кытайдын философиясындагы тааным маселесин чечүүдө философиялык көйгөйлөрдү чечүүдөгү ой жүгүртүүнүн маанилүүлүгү баса белгиленген. Муну менен чындыка жетүүнүн төрт булагы: кабыл алуу, корутунду, салыштыруу, далил изилденген.

5. Философия өзү менен инсандын болмушка болгон кайрылуусун, анын өздүк өркүндөтүлүүсүн жана өздүк аң-сезимин материалдык дүйнөдөн кетүүсү аркылуу алып жүрөт.

6. Философия Байыркы Чыгыштын баардык рухий баалуулуктарын: искусство менен динди; этика менен эстетикалык ойломду; укук менен саясатты; моралдык аң-сезимди; педагогика менен илимди камтып турган.

7. Социалдык философиянын эң маанилүү маселелеринин бири – бул эл менен башкаруучунун маселеси.

Байыркы Индиянын философиясына мүнөздөмө берүүдө Индиядагы философиялык ойломдун калыптануусунун башталышы брахманизм менен, б.а. брахмандардын (поп, дин кызматкерлеринин) окуулары менен

байланышкан деген ой-пикирге таянуу абзел. Өзүлөрүнүн догмаларында брахманизм байыркы индиялык булактарды, кудайлардын урматына арналган гимндердин жыйнагын чогултууну камтып турган ведаларга (байыркы индия сөзүнөн – веда – билим, киришүү) негизделген.

Ведалык философия – б.з.ч. II –VI-кк. аралыгындагы мезгилди камтып турат. Ведалар төрт топко же бөлүккө бөлүнүшөт. Эң байыркы бөлүгүн төрт самхиттер түзүшөт. Алардын ичинен эң алгачкылары – диний гимндердин жыйнагы Ригведа (болжол менен б.з.ч. 1500-ж.). Ведалардын экинчи бөлүгүн ырым-жырымдык текстердин жыйнагы болуп Брахмандар эсептелишет. Ведалардын үчүнчү бөлүгү - кечилдердин жүрүм-турум эрежелерин камтыган Араньякалар. Ведаларды болжол менен б.з.ч. 1000-ж. пайда болгон философиянын бөлүгү Упанишаддар (сансрит тилинен Upa – жанында жана sad – мугалим менен отуруу) аякташат.

Упанишаддарда алгачкы башталыш катары брахман (дүйнөлүк жан, рухий башталыш) жана атман (жекелик жан, субъективдүү рухий башталыш) кызмат кылат.

Брахманизм менен сансара (жашоо айлампасы) жана карма (жазмыштын мыйзамы) туурасындагы окуу менен байланыштуу. Сансара туурасындагы окууда адамзат жашоосу тынымсыз кайра төрөлүүлөрдүн белгилүү бир формасы катары түшүндүрүлөт. Ал эми индивиддин келечектеги төрөлүүсү карма мыйзамы менен чечмеленет. Адамдын келечеги – адам мурунку жашоосунда жасаган иштеринин жана кадамдарынын натыйжасы.

Адамдын эң маанилүү милдети (упанишаддардын башкы категориясы) – аны «обөектер менен сокур сезимдердин дүйнөсүнөн» куткаруу (мокша), жеке жан (атман) брахман менен бириккен дайыма болуп туруучу адеп-ахлактык өркүндөө.

Демек, упанишаддар философиясында ар бир адам – өз бактысынын «устасы», анын бардык тагдыры өзүнүн жеке жүрүм-турумунан көз каранды.

Философиялык мектептердин жана системалардын көп санда экендигин көрсөтүү менен окутуучу студенттерге байыркы индия философиясы үчүн аларды эки чоч топко: ортодоксалдык (Ведалардын кадыр-баркын таануучу) жана ортодоксалдык эмес (Ведалардын кадыр-баркын четке кагуучу) деп бөлүү мүнөздүү экендигин айтып берүүсү зарыл. Биринчи топко веданта, миманса, санкхья, йога, ньяя, вайшешика, ал эми экинчи топко болсо – буддизм, джайнизм, чарвака-локаята мектеби кирет.

Байыркы Индия философиясындагы ортодоксалдык окуулардын маңызын ачып берүүдө студенттер үчүн эң маанилүү маалымат болуп аталган окуулардын дин катары калыптанган индуизм менен байлынышы эсептелет. Биздин доордун миң жылдыгында индуизм өз айланасында

Индиянын бардык жашоочуларынын 95%ын бириктирип турат. Индуизмдин философиялык жалпылануусу алты системада кармалып турат. Ал эми азыр аталган системаларга токтолобуз.

*Веданта* – Ведалар менен Ведалык салттуу адабияттын жогорку кадыр-баркын таанып билет (б.з.ч. IV-II-кк. таандык). Веданта Кудайды дүйнөнү жаратуучу катары кабыл алып, жандын өлүмдөн кийинки жашап туруусуна ишенет. Веданта брахман менен атман туурасындагы окууну өнүктүрөт.

*Санкхья* (негиздөөчүсү Ишваракришна, б.з. IV-к. таандык) дүйнөнүн материалдык башталышы - пракрити бар деп окутат. Пракрити менен катар санкхьяда дүйнөнүн материалдык негизинен көз карандысыз болгон абсолюттуу жандын (пурушанын) пайда болуусу таанылат.

*Вайшешика* – негиздөөчүсү болуп Канада эсептелет (I-к.). Вайшешика системасынын эң эрте этабы так материалистик тенденцияларды камтып турат. Ага ылайык нерселер дайыма өзгөрүп турат, бирок аларда туруктуу элементтер – шар сымал атомдор бар.

*Ньяя* – негиздөөчүсү катары акылман Готама эсептелет, анын ишмердүүлүгү биздин доордун башталышына таандык. Ньяяда өзгөчө көңүл логика жана гносеология маселелерине, анын ичинде ишенимдүү, таасын таанымга (прамана) бурулат. Жалпы жонунан, ньяя философиясы аңкоо материалистик келет. Пайда болуусу, маңызы боюнча ал таанылуучу обөектердин реалдуу табиятынан көз каранды түрдө чындыкты коет.

*Йога* – негиздөөчүсү Патанджали. Йога санкхья философиясына кыйла жакын, ал андан көптөгөн жоболорду алат. Бардык системанын маанилүү элементи катары психологиялык жактан багытталган машыгуунун эрежелерин баяндоо эсептелет, анын баскычтарына: өзүн өзү башкаруу (яма), дененин белгилүү бир абалындагы дем алууга ээ болуу (асана), сырткы таасирлерден сезимдердин алыстоосу (пратьяхара), ойломдун концентрациясы (дхарана), дене кабыкчасынан алыстоо абалы (самадхи).

*Миманса.* Миманса мектебинин сакталып калган алгачкы тексти болуп Джайминининин (б.з.ч. II-к. жашаган) эмгеги эсептелет. Миманса – бул Ведалардын ырым-жырымдарын түшүндүрүүгө тийиштүү болгон система. Ведалардын окуусу бул жерде милдет идеясы – барынан мурда аткарылышы курмандык чалууну болжолдогон дхарма менен тыгыз байланышта болот. Бул аткаруу өз милдети катары сансара менен кармадан акырындык менен бошонууга алып келет. Материалдуу дүйнөнүн реалдуулугун жана кудайдын болмушун далили жоктугун моюнга алуу менен, ошол эле мезгилде ал жандын түбөлүктүү жана өлбөс субстанция катары пайда болуусунан келип чыгат.

Б.з.ч. биринчи миң жылдыктын ортосунда эски индиялык коомдо чоң өзгөрүүлөр болуп баштаган: агрардык жана кол өнөрчүлүк өндүрүш өнүккөн, социалдык дифференциация жогорулаган, уруулук бийлик институту өз таасирин жоготуп, монархиянын бийлиги жогорулаган. Ушуну менен бирге индия коомунун дүйнөгө көз карашында да өзгөрүүлөр болуп өткөн. Анын ичинде, ведалык брахманизмдин сыны күчөгөн. Туюп сезүү (интуиция) изилдөөгө, дин болсо –философияга орун бошотуп берген.

Ведалардын кадыр-баркына каршы көтөрүлүп чыккан жаңы көз караштарды жактоочулардын арасында баарынан мурда, чарвака (локаята), джайнизм, буддизм сыяктуу системалардын өкүлдөрүн атоо зарыл. Анын баары индия философиясынын ортодоксалдык эмес мектептерине таандык.

*Буддизм*. Негиздөөчүсү - падышанын уулу Сиддхартха Гаутама (болжол менен б.з.ч. 583-483-жж.), кийинчереек «Будда», б.а. «күнөөсүз», «көзү ачык» деген ысымга ээ болгон.

Аталган окуунун борборунда төрт асыл чындык турган:

1. Адамдын төрөлүүсү азап чегүү менен тыгыз байланышкан (төрөлүү-азап чегүү, оору-азап чегүү, карылык-азап чегүү, өлүм –азап чегүү).

2. Азап чегүүнүн себеби болуп каалоо эсептелет (жашоого умтулуу, кайрадан төрөлүү).

3. Азап чегүүдөн кутулуу үчүн каалоодон арылуу зарыл.

4. Азап чегүүлөрдү арылтууга алып барган – сегиз кырдуу жол – туура көз карашта, туура чечимде, туура сүйлөөдө, туура жашоодо, туура чымыркануудa, туура ой топтоодо турат.

Буддистердеги азап чегүүлөрдүн токтоосу нирвана деп аталат, түздөн-түз маанисинде «өчүү», «муздоо»дегенди билдирет. Бул абал материалдуу жашоого болгон кумарды муздатып, адамды өз жанынан көр-тирликтин өтчү-кетчү, майда-баракат баалуулуктарынан баш тартуу аркылуу рухий бийике умтулууга үндөйт.

*Джайнизм.* Джайнистик окуунун негиздөөчүсү болуп Махавира Вардхамана (б.з.ч. VI-к. жашаган) эсептелет. Вардхамананы андан сырткары Джина (кайра жаралуулардын жана карманын үстүнөн болгон жеңүүчү) деп аташкан.

Аталган окуу дуалистик окуу болуп эсептелет. Бул окуу боюнча адам рухий (джива) жана материалдык (аджива) маңызга ээ. Экөөнү байланыштырып турган көпүрө болуп карма эсептелет.

Кудай – бул болгону качандыр-бир кезде материалдуу денеде жашаган жана карма менен кайра төрөлүүлөрдүн чынжырчасынан бошонгон жан. Джайнистик концепцияда кудай адамдардын иштерине аралашкан кудай – жаратуучу же кудай катары каралбайт.

*Чарвака-локаята* – бул материалистик окуу, болжол менен б.з.ч. V-к. пайда болгон. Негиздөөчүсү болуп акылман Брихаспати эсептелет.

Чарвака акыреттик жашоонун бар экендигин, карма жана сансара мыйзамын четке кагат. Ошондуктан идеализмдин жактоочулары аларды настиктер (четке кагуучулар) деп аташкан. Ушул окууга байланыштуу дүйнөнүн негизинде 4 алгачкы элемент жатат: жер, суу, аба, от. Алар биригүү менен денени, сезүү органдарын пайда кылышып, алардын негизинде рухий башталыш пайда болот.Жашоонун маңызын чарвака минимум азап чегүүдөн жана максимум рахат алуудан көргөн.

Байыркы Кытай философиясынын өзгөчөлүктөрүн кароого киришүүдө, белгилей кетүүчү нерсе, тарыхый-философиялык илимде бүгүнкү күнү кытай философиясынын өнүгүүсүнүн мезгилдешүүсүнө жалпы кабыл алынган көз караштар жок, ал башкарган династиялардын негизинде бөлүнүп көрсөтүлгөн хронологиялык мезгилдер менен байланыштуу.

*Кытай философиясы* Шан (б.з.ч.XVIII-XII-кк.) жана Чжоу (б.з.ч. XI-III-кк.) династияларынын мезгилинде пайда болуп, калыптанган. Өзүнүн түпкү тамыры менен ал мифологиялык ойломге таандык. Мифологиянын алкагында дүйнө тартиби менен башкарылган жогорку принцип бөлүнүп көрсөтүлөт. Шан династиясынын мезгилинде мындай жогорку башталыш болуп, бардык нерсени жараткан Шанди (Жогорку император) болгон, ал эми Чжоу династиясында «Асмандын эрки» кубаттуу алгачкы башталыш жана бардык заттардын алгачкы себеби катары элестөө пайда болгон.

Кытай философиялык ойломунун булактары болуп б.з.ч. биринчи миң жылдыктын биринчи жарымында пайда болушкан кытай билимдүүлүгүнүн классикалык китептерин эсептешет.Жалпысынан бул ар кыл мезгилдерде жазылган белгисиз авторлордун чыгармалары. Бардык философиялык мектептер өзүлөрүнүн ой жүгүртүүлөрүндө XX-к. чейин аталган китептерге кайрылышкан: аларга дайыма болгон таянуулар Кытайдын бардык маданий жашоосу үчүн мүнөздүү болгон. Аларга төмөнкүлөр таандык:

1. Ырлар китеби (Ши-цзин - б.з.ч. XI-VI-кк.) байыркы элдик поэзиянын жыйнагы болуп эсептелет; уруулардын, өнөрлөрдүн жана заттардын келип чыгуусун мистикалык түшүндүрүүнү жана культтук ырларды камтып турат.

2. Тарых китеби (Шу-цзин- б.з.ч. биринчи миң жылдыктын башталышы)- Шан шу (Шан документтери) деген аталыш менен белгилүү-расмий документтердин, тарыхый окуяларды баяндоонун жыйнагы.

3. Тартип китеби (Ли-шу- б.з.ч. IV-I-кк.) өзүнө саясий жана диний иш-чаралардын уюшулуусун, социалдык жана саясий ишмердүүлүктүн нормаларын камтып турат.

4. Жаздын жана күздүн китеби (Чунь цю – б.з.ч. IV-к.) Лу мамлекетинин (б.з.ч. VII-V-кк.) хроникасы болуп эсептелет.

5. Тыныгуулардын китеби (И цзин – б.з.ч. XII-VI-кк.). Анда кытай философиясындагы дүйнө жана адам туурасындагы алгачркы элестөөлөр камтылган. Ар кыл мезгилдерде жазылган анын текстеринде дүйнөнүн мифологиялык сүрөттөлүшүнөн анын философиялык ой жүгүртүүсүнө өтүүсүнүн башталышы байкоого алынат. Анда онтологиялык суроолордун байыркы чагылуулары орун алып, кийинки кытай философиясы колдонгон түшүнүктүк аппарат иштелип чыккан.

Кытай философиясынын андан аркы өнүгүүсүнө көз чаптыруу менен студенттерге Кытайдын маданий жашоосунда Чунь цю (б.з.ч. VIII-V-кк.) мезгили кандай маанилүү ролду ойногондугун түшүндүрүү зарыл. Ушул мезгилде феодалдык коомго өтүү жүзөгө ашырылып, жашоонун бардык чөйрөлөрүнө, анын ичинде адамдардын дүйнө көз карашына өзүнүн таасирин тийгизбей койгон эмес. Кытайда бардык мектептердин атаандаштыгы деген аталышка ээ болгон жана философиялык ойломдун өнүгүүсүнө кубаттуу түрткү берген кырдаал пайда болгон. Заманбап философиялык адабиятта төмөндөгүдөй алты мектеп бөлүнүп көрсөтүлөт:

-Конфуцийдин мектеби – инь ян цзя;

- Моистердин мектеби – мо цзя;

-Даосистердин мектеби – дао дэ цзя;

-Мыйзамчылардын мектеби – фа цзя;

-Номиналистердин мектеби – мин цзя;

-Натурфилософтордун мектеби – инь ян цзя.

Студенттер аталган мектептердин маңызын жана мазмунун түшүнүшү үчүн аларга кыскача мүнөздөмө бере кетүү зарыл.

*Конфуцийчилик* – негиздөөчүсү Кун-фу-цзы (б.з.ч.551-479-жж.). Конфуцийдин окуулары антропоборбордук мүнөзгө ээ. Анын окуусундагы борбордук орунда социалдык этика: «жень» («адамды сүйүү»), «чжун» («башкаруучуга берилгендик»), «и» («милдетке болгон ишенимдүүлүк»), «сяо» («уулдун урматы»), «куань» («айкөлдүк»), «ди» («улууларга болгон сый-урмат») ж.б. турат.Конфуцийдин пикири боюнча адамдын тагдыры «асман» менен аныкталат, ал эми адамдардын «жакшы» жана «жаман» деп бөлүнүшү өзгөрүлбөйт.

Конфуцийдин окууларынын көрүнүктүү жактоочулары болуп Мен-цзы (б.з.ч. 327-289-жж.) жана Сюн-цзы (б.з.ч. 298-238-жж.) эсептелишет.

*Даосизм*. Байыркы Кытайдын философиясынын өнүгүүсүндө олуттуу мааниге Лао-цзынын жана даонун окуусу – даосизм ээ болгон. Лао-цзынын (б.з.ч. VI-V-кк.) негизги идеясы – табият менен адамдардын жашоосу

«асмандын эрки» менен башкарылбайт, белгилүү бир табигый жол – дао менен агып өтөт.

Дао - бул ци субстанциясы (аба жана эфир) менен биргеликте дүйнөнүн негизин түзгөн заттардын өзүлөрүнүн табигый мыйзамы. Лао-цзынын пикири боюнча дүйнөдө бардыгы кыймылда жана өзгөрүүдө болуп турат, натыйжада бардык заттар зарыл түрдө өзүнүн карама-каршысына өтүшөт. Лао-цзынын пикиринде, адам өнүгүүнүн табигый жүрүшүнө кийлигишпөөсү керек.

Лао-цзынын көрүнүктүү жолун жолдоочулар Ян Чжу (б.з.ч. IV-к.) жана Чжуан-цзы (б.з.ч.IV-III-кк.) болушкан.

*Моизм*. Моистик мектеп анын негиздөөчүсү Мо-динин (б.з.ч. 479-391-жж.) ысымы менен байланыштуу. Анда башкы маселе катары социалдык этика каралган. Моистердин окуусу – Конфуцийдин окуусуна түп-тамыры менен карама-каршы келген окуу. Анын бардык маңызы жалпы сүйүү (цзянь-ай) жана эки тараптуу пайда, жетишкендик идеяларында турат. Теоретикалык изилдөөлөр – пайдасы жок асемдүүлүк; эмгек ишмердүүлүгүндө негизделген прагматикалык максаттуулук – бул зарылдык.

*Легизм*. Жаңы социалдык күчтөрдүн идеологдору болуп ошол мезгилдеги жетектөөчү фа-цзя (мыйзамчылар) идеялык агымынын өкүлдөрү блогон. Алар коомдун кайра жаралуусу үчүн мамлекеттик мыйзамдарды орнотуучулардын жактоочулары болушкан.

Аталган мектептин бирден-бир ири өкүлү болгон Хан-фей-цзы (б.з.ч. III-к.) белгилегендей, дао табияттын жалпы мыйзамы катары заттар менен көрүнүштөрдүн бардык жалпы мыйзамдары – линин негизинде жатат. Адамзат коомунда даонун байкалуусунун формасы катары негизинде адамдардын жүрүм-турумдарын аныктай турган мамлекеттик мыйзамдар кызмат кылышы зарыл. Аталган мыйзамдар мезгилдин талаптарына жараша өзгөрүп туруулары абзел.

*Ысымдар мектеби*. Коомдук курамдардагы тарыхый өзгөрүүлөр менен заттардын пайда болгон ысымдарынын баш-аламындыгы байкалган. «Бардык мектептердин атаандаштыгы» доорундагы бай жазмалык чөйрөдө реалдуулукту тилдик билдирүү маселелерин чечүүгө багытталган ойломдун багыты пайда болду. Аталган багыт ошол доордогу Кытайдагы абстрактуу ойломдун өнүгүүсү менен стимулдаштырылган. Ысымдар мектеби заттардын мамилелерин, аталган мамилелердин берилишин, андан кийин ой корутундулар менен аталыштардын ылайык келүүлөрүн изилдеген.

*Натурфилософтордун мектеби.* «Тарых китебинде» жана башка байыркы текстерде материалдуу мүнөздөгү элементтер тууралуу ой корутундуларды табууга болот. Беш элемент (у син)- суу, от, бак, металл,

жер – Цзоу Яндын философиясынын борбордук темасы болуп эсептелишет. Анын пикиринде дүйнөнүн негизинде беш элемент жатат. Элементтер өз мүнөзүнө жараша алмашышып, күч менен аныкталышат. Анын жардамы аркасында алар төмөндөгүдөй бири-бирине болгон каршылаштыкты жеңишет: жер; жерди жеңген бак; бакты жеңген металл; металлды деңген от; отту жеңген суу жана кайрадан сууну жеңген жер.

Элементтердин аталган алмашуусуна коомдогу династиялардын алмашуусу ылайык келет- ар бир династия белгилүү бир элементтин белгисинин алдында башкарат. Демек, бүткүл дүйнө гармонияда болуп турат. Эгерде аталган кандайдыр-бир топтордо бузулуулар болсо, анда дүйнөнү бүткүл механизми дисгармония абалында болуп калат.

## 3-Тема. Антикалык философия.

«Антикалык философия» темасы боюнча лекциянын милдети окутуучу стунденттердин тарыхый-философиялык билимдерин тереңдетүү зарылчылыгын эске алуу менен алардын кызыгууларын арттырууга аракет кылат. Бул үчүн лекцияда окутуучу студенттерге тигил бул китептерди, алгач «Жаш гвардия» («Молодая гвардия») жана «Ойлом» («Мысль») басмаканаларында жарык көрүүчү «Жакшы адамдардын жашоосу» («Жизнь замечательных людей»), «өткөндүн ойчулдары» («мыслители прошлого») аттуу илимий-популярдык серияларды ынанымдуу сунуштаса абдан туура болмок.

Студенттерде философиялык окуулар эле эмес, философ-окумуштуулар туурасында да элестөөлөр пайда болгону кыйла мааниге ээ болмок. Ал тургай көрүнүктүү философтордун өмүр баянынан алынган бир канча штрихтер студенттерге илим сыймыктана турган образдарды элестетүүгө чоң жардам берет.

Алда канча даярдыгы бар студенттерге философиянын классиктериинин эмгектери жана алардын чыгармаларынын үзүндүлөрү менен таанышууну сунуштаса болот. Студенттерди өткөндүн философиялык мурастарына жакындатуу менен окутуучу аларды теоретикалык ойломго болгон табитке жана жөндөмдүүлүкө тарбиялайт. Окутуучу угуучулардын аң-сезимине Ф.Энгельстин: «Теоретикалык ойлом жөндөмдүүлүк түрүндөгү гана тубаса касиет болуп эсептелет. Аталган жөндөмдүүлүк өнүгүп, өркүндөтүлүшү керек, ошондуктан азыркыга чейин бардык мурунку философияны окуудан

башка эч кандай каражат жок» керемет сөздөрүн жеткирүү өзүнүн милдети катары эсептөөсү зарыл (Маркс К., Энгельс Ф. Сочинения. 2 издание. Т. 20, 366-б.).

Аталган теманы окууда төмөндөгүдөй план сунушталат:

1. Досократтык философия же натуралистик мезгил.
2. Классикалык мезгилдеги антикалык философия же гуманистик мезгил.
3. Эллиндик жана римдик мезгилдеги философия.
4. Нео
5. платонизм.

Биринчи суроону анализдөөдө негизги басымды антикалык философиянын пайда болуусуна, анын өзгөчөлүктөрүн ачып берүүгө, досократтык философиянын курамындагы негизги мектептердин жана багыттардын классификациясына жасоо зарыл.

Жогоруда айтылганга таянуу менен, антикалык философия – бул миң жылдан ашуун– б.з.ч. VII-к. аягы б.з.VI-к. чейинки мезгилди камтыган өнүккөн философиялык ойлом деп эсептөөгө болот.

Антикалык философия алыстатылбай өнүккөн- ал Байыркы Чыгыштын Ливия, Вавилон, Байыркы Индия, Кытай сыяктуу өлкөрүнүн акылмандыгынын соңуна чыккан.

Антикалык философиянын көпчүлүк заманбап философторунун пикиринде төмөндөгүдөй жалпы чектер мүнөздүү:

1. антикалык философия синкреттүү, ал маанилүү маселелер менен ажырагыс биргеликте каралат;

2. антикалык философия космоборборлуу- ал адамдын дүйнөсү менен биргеликте бүткүл Космосту камтып турат;

3. антикалык философия пантеистикалуу – ал акыл, сезим жетүүчү Космостон келип чыгат;

4. антикалык философия мыйзамдарды дээрлик билбейт – ал түшүнүктүк деңгээлде көпкө жете алды, антикалуулуктун логикасы жалпы ысымдардын, түшүнүктөрдүн логикасы деп аталат;

5. антикалык философия өзүнүн этикасына- антикалуулуктун, даанышмандардын этикасына ээ.

6. антикалык философия фунционалдуу –ал адамдардын жашоосунда жардам берүүгө аракет кылышат, ошол доордун философтору болмуштун кардиналдуу суроолоруна жоопторду табууга далалат жасашкан.

Биринчи суроонун толук кандуулугун жана аяктагандыгын баса белгилөө үчүн досократтык философиянын курамында турган философиялык мектептерди жана багыттарды так мүнөздөө зарыл. Жергиликтүү жана чет

элдик философтордун пикиринде досократтык философиянын курамы төмөндөгүчө:

1. Алгачкы философтордун жолун жолдоочулар. Тарых тастыктап тургандай, дүйнөгө биринчи философиялык ой жүгүртүүнүн белгилерин Гомердин чыгармаларынан табууга болот, бирок алар грек философиясына таандык болгон «рационализмден» дагы деле алыс эле. Гомер дүйнөнүн үч башталышы туурасында кеп кылып, аларды Никс (дүйнөнүн бардык абалдарынын универсалдуу дарамети, болуп туруучу абалы), Океанос (деңиз) жана Тетис (деңиз жана жер менен байланышкан белгилүү бир турмуштук күч) деп атаган.

Дүйнөнүн келип чыгуусун түшүндүрүү аракети Гесиоддун да эмгектеринде камтылган. Анын пикиринде бардык нерсенин башаты болуп баш-аламандык (хаос) эсептелет жана өзүнө ыктымалдуу дараметтерди камтыган чектелбеген, формасыз масса катары түшүндүрүлөт. Андан болмуштун болуп жаткан формалары: Гея (Жер), Эрос (турмуштук күч), Эребос (караңгылык), Никс (түн), Уран (жылдыздуу асман), Этер (эфир-жарык).

Байыркы Грецияда дегеле философиянын түзүлүүсүнүн ордуна келген мезгилде космогониялык концепциялардын белгилүү бир аяктоосу болуп Ферекид менен Сирадан келген Эпимениддин көз караштары эсептелет.

Ферекиддин пикиринде, бардык нерсенин башаты катары Зевс деген ысым менен атаган турмушка өзгөчө жөндөмдүү материяны эсептеген. Аталган материянын өнүгүүсүнүн натыйжасы болуп кудайлардын, космостун жана Жердин пайда болуусу саналат.

Эпимениддин көз карашы боюнча алгачкы баскычта аба праматерия жана түн, чексиз караңгылык катары пайда болот. Алардын биригүүсү прабашталыштын пайда болуусуна алып келет. Ал жактан Титандар, алардан – кыйроосу дүйнөнүн жаралуусуна алып келген жумуртка келип чыгат.

2. *Милет мектеби.* Иониялык философтордун – Милет мектебинин өкүлдөрүнүн көз караштары туурасында айтып берүүдө окутуучу Гегелдин философия өз маанисинде мифологиялык ойломдун методологиясынын жана терминологиясынын алкагынан сырткары бекитилип эле тим болбостон, чечилген да маңыз туурасындагы маселенин кабыргасынан коюлушу менен бирге пайда болоору жөнүндөгү ой пикири менен жетектелиши зарыл. Бул философиянын пайда болуусу реалдуулукту аллегориянын же (мифологиялык) персонификациянын жардамына караганда башкача ыкма менен чагылдырууга жөндөмдүү болгон абстракту (рационалдуу) ойломдун белгилүү бир деңгээли менен байланышкандыгынан кабар берип турат.

Ошондуктан антикалык философияда бардык нерсенин баары пайда болуучу алгачкы башатты, принципти түшүндүрүү үчүн эки термин колдонулган: алардын бири *стойхейон* – логикалык маанисинде элемент, ядро, башталыш дегенди, ал эми архэ – алгачкы материяны, праматерияны, заттардын акыркы абалын, тарыхый маңызында байыркы форманы түшүндүрөт. Фалестин «суусу» (б.з.ч. 640-652-жж.) демек, стойхейон жана архэ маанилеринде негизги принципти билдирет.

Фалестин «чексиз суу» башатында андан аркы өнүгүүнүн дараметы камтылган. Калгандары болсо коюулануу жана чыңалуу жолу менен пайда болот.

Милет мектебинин дагы бир көрүнүктүү философу болуп Анаксимандр (б.з.ч. 611-546-жж.) эсептелет. Фалес сыяктуу эле Анаксимандр дүйнөнүн башталышы тууралындагы маселени койгон. Анын пикиринде дүйнөнүн башаты жана негизи болуп  чексиздик (апейрон) эсептелет, бирок суу, аба да эмес, өзгөчө бир табияттуулук жана аныксыздык.

Милет мектебинин үчүнчү философу болуп Анаксимен (б.з.ч. 585-524-жж.) эсептелет. Ал өзүнүн жолун жолдоочулары сыяктуу эле дүйнөнүн башаты катары материянын белгилүү бир түрүн эсептеген. Мындай материя катары ал чексиз, түбөлүктүү, белгисиз бир формага ээ болгон абаны эсептейт. Аба праматерия катары, анын көз караштары боюнча дайыма термелип турат, андай болбосо ал кыймылдабайт эле жана өзгөрбөйт эле.

3. *Эффесстик Гераклит*. Милеттен кийинки экинчи орунда Кичи Азиядагы байыркы грек философиясынын очогу деп таанылган  философ Гераклиттин мекени болгон Эфес шаары эсептелген. Милеттик философтор сыяктуу эле ал бардык пайда болуучу заттар заттык алгачкы башаттан пайда болушкан деп эсептешкен. Бардык нерсенин башаты катары Гераклит отту атаган. Гераклиттин түшүнүгүндө от бир жагынан милет мектебинин өкүлдөрүнүн праматериясына окшош жана дүйнөнүн башаты (архэ) эле эмес негизги элементи (стайхейон) катары да эсептелет.  Анын бардык (окууларынын борбордук мотиви болуп «баардыгы агат, баардыгы өзгөрөт» пантарея) деген принцип болгон. Аталган принцип дүйнө кыймылдуу эмес, бардык заттар жана касиеттер өзгөрүшөт, өзүнүн карама-каршысына өтөт: суук -жылуу, нымдуу-кургак ж.б.у.с. процессии.

4. *Элей мектеби*. Негиздөөчүсү Ксенофан (б.з.ч. 570-жж.), ал эми өкүлдөрү - Парменид (болжол менен б.з.ч. 540-жж.) жана Зенон (б.з.ч.480-430-жж.) болгон Элей мектебинин (элеаттардын) философторунун эмгектери протофилософиялыктан философиялык билимге өтүүсү менен  белгилүү болгон.

Милеет философтору сыяктуу эле Ксенофан табият көрүнүштөрүн натуралистик түшүндүрүүгө далалат кылган. Ксенофандык ойломдордун материалистик багыттуулугу жерден бардыгы пайда болот жана ага кайра кайтып барышат деген тезисте ачык байкалат.

Пармениддин философиясы Гераклиттин бардык жалпы кыймыл, өзгөрүү тууралсындагы окуусуна карама-каршы багытталган. Пармениддин пикиринде дүйнө эч кандай боштук жок, ага жараша кыймыл дагы мүмкүн болбогон заттык шар, анткени дүйнөлүк мейкиндик дээрлик толуп калган. Парменид эсептегендей, бардык ойлом пайда болгон тууралсындагы ойломдун өзү. Ошондуктан пайда болбоочулар, б.а. пайда болбоочулар жок. Пармениддин пикиринде, мейкиндиктин абсолюттуу толуктугуна таянуу менен, дүйнө жалгыз жана анда эч кандай бөлүкчөлөр жок деп айтууга болот. Ар кандай көпчүлүк болгону сезимдин жалганы. Ушуга байланыштуу Парменид айткандай, пайда болуунун, жоготуунун кыймылынын мүмкүн болбой тургандыгы жөнүндө корутунду келип чыгат. Эч нерсе пайда болбойт жана жоготулбайт.

Пармениддик кыймылды четке кагуу жана өзгөрүүсүздүктү жана башталыштын кыймылсыздыгын постулатташтыруу белгилүү жобосу болуп апорийлер (грекчеден - кыйынчылык) эсептелет. Зенондун эгерде кыймылдын пайда болуусуна жол берилсе, анда чечилгис карама-каршылыктар пайда болоорун тастыктаган «Дихотомиясын», «Ахиллес менен таш бакасын», «Жебесин» айтсак болот. Аларда Зенон дене ордунан жыла албасын далилдегенге аракет кылган, б.а. кыймыл баштала албайт дагы, аягына чыга албайт дагы. Ушул бардык парадоксто кыймылды сезимдер менен кабыл алса болобу деген суроо коюлган жок. Бул жерде Зенондо эч кандай күмөн жок. Маселе чоо-жайы кыймыл эгерде дене кыймылдап турган мейкиндик көптөгөн өзүнчө бөлүктөрдөн турса жана ошол аралыкта кыймыл болуп туруучу убакыт көп сандаган өзүнчө учурлардан тураарына жол берилген болсо ой жүгүртүү мүмкүнбү деген маселе коюлат. Аталган бардык учурларда карама-каршылык пайда болот: Ахиллес таш баканы кубалап жетет жана аны кубалап жете албайт, жебе учат жана жай табат ж.б.у.с.

5. *Пифагордун мектеби*. Кыйла абстрактуу болуп Пифагордун жана анын жолун жолдоочуларынын (б.з.ч. 582-500-жж.) алгачкы башат тууралсындагы окуусу болгон. Пифагордун мектебинин өкүлдөрү эсептегендей, сандык мамилелер табияттын маңызын түзүшөт жана аталган маңызда пифагорчулар «баары бул сан» деп айтышкан. Алардын пикиринде, «бардык нерсенин башталышы – бир; бирге себепчи катары эки таандык; бир менен экиден сандар келип чыгат; сандардан-чекиттер; чекиттерден –

сызыктар; алардан – жалпак фигуралар, алардан – көлөмдүү фигуралар, алардан – төрт башаты – от, суу, жер жана аба бар сезимди-кабыл алуучулук денелер; алар бир бүтүнгө жайгашуу жана айлануу менен – ортосунда жер жайгашкан шаңдуу, акыл-эстүү, шар сымал дүйнөнү жаратышат, жер дагы шар сыяктуу жана бардык тарабынан эл жайгашкан.

Студенттерге бул жерде сандар менен (абстрактуу обөектер катары ) болгон ойломдук манипуляция мүмкүнчүлүгү аталган сандар өз алдынча пайда болуучу обөектер катары түшүндүрүлүшү ыктымал экендигине алып келет. Бул жерден аталган сандар заттардын маңызы катары жарыяланышына болгону бир гана кадам калат. Аталган операциясынын жардамы менен пифагорчулар реалдуулукту идеалистик түшүндүрүүгө такалышат.

6. *Эмпедокл менен Анаксагор*. Эмпедокл менен Анаксагордун көз караштарын анализдөөдө студенттерге ушуга чейин биз кеп кылган философиялык мектептер менен агымдар эки көрүнүктүү ойчул – Эмпедокл менен Анаксагордун чыгармачылыгы менен аяктаган грек антикалык философиясынын өнүгүүсүнүн «биринчи этабын» пайда кылышаары туурасындагы ой-пикирди жеткирүү зарыл. Алардын чыгармачылыгы антикалык философиялык ойломдун өнүгүүсүнүн жогорку этабы болуп эсептелген байыркы грек кул ээлөөчүлүк демократиянын жогорку этабына болгон белгилүү бир өтүүсү эсептелет. Өзүнүн мүнөзү боюнча Эмпедоклдун философиясы стихиялуу материализмге жакын. Жеке алгачкы материя катары ал: от , аба, суу жана жерди атаган. Нерселердин «пайда болуусу» ищ жүзүндө аталган түбөлүктүү башталыштардын, «бардык заттардын тамырларынын» биригүүсү, алардын «өлүүсү» заттардын биринчи башталыштарга жайылып кетүүсү. Демек, дүйнөдө бардыгы биригүү жана жайылуу процессинде турушат. Төрт элементардык башталыштар менен катар дүйнөдө эки заттык кыймылдаткыч күчтөр – сүйүү жана кастык бар, алардын ишмердүүлүгү көптөгөн сезимдик кабыл алынуучу заттардын пайда болуусун түшүндүрөт.

Эмпедоклдан айырмаланып Анаксагор (б.з.ч. 500-428-жж.) бардык заттардын негизи катары ич ара айырмаланышкан түбөлүктүү сапаттуу майда материалдык бөлүкчөлөрдү эсептеп, аны заттардын уругу (гомеомерия) деп атаган. Ар бир затта ар бир башкалардын бөлүкчөсү бар. «Уруктагы» чач, тырмак, кан тамырлар, артериялар, сөөктөр сыяктуу эле, башка бардык заттарда да, мисалы, актагы кара, оордогу жеңил, жеңилдеги оор бар.

Аларды кыймылга алып келген жана ошол эле мезгилде бардык заттардын себеби болуп эсептелгендигин Анаксагор нус-акыл эс термини менен аныктайт. Анаксагордун сакталып калган кээ бир эмгектеринин

фрагменттерине таянуу менен нус материалдык дүйнөнү калыпка салуунун негизги (рухий) принциби болуп эсептелеерин боолгологон.

«Нус» категориясын материалистик интерпретациялоодогу фактысында Анаксагор жанды абдан чыңалган аба катары эсептеген (ал эми аба белгилүү болгондой, досократтык философияда төрт материалдык стихиялардын бири болуп эсептелген).

1. Байыркы грек атомистери.

Байыркы грек атомизминин маңызын ачып берүүдө студенттердин аң-сезимине Анаксагордун жана анын жолун жолдоочуларынын стихиялуу материализми ионийлик философтордун материализмине жана элеаттардын метафизикалык материализмине салыштыруудагы алдыга болгон маанилүү кадамы болгон. Анын дуалистик концепциясына материалистер дагы, идеалистер дагы таянышкан.

Демек, анын материалдуу дүйнөгө болгон көз карашын ионийлик философтордун материализминен кеч атомизмге – досократтык философиялык ойломдун жана антикалык материализмдин туу чокусуна өтүүсүнүн башталышы катары эсептөөгө болот, алардын өкүлдөрү катары Левкипп менен Демокрит эсептелет.

Левкипп (болжол менен б.з.ч.500-440-жж.) атомистик философиянын негизги принциптерин алып чыккан. Ал көптөгөн түбөлүктүү формаларга ээ, сан жеткис, дайыма кыймылда болуп туруучу атомдорду моюнга алган, анткени ал заттарда дайыма болуучу пайда болууну жана өзгөрүүнү көргөн. Толук формадагы атомдордун маңызын кароо менен боштукта кыймылдап жүрүүчү башталыш деп билген, боштукту ал маңыз катары эсептеген эмес.

Боштуктун, маңыз эместин пайда болуусуна жол берүү менен кийинки философияда бир катар олуттуу кыйынчылыктарды жараткан – кыймылдын маселеси чечилет. Боштуктун пайда болуусу атомдордун кыймылын ыктымалдуу кылат.

Демокрит (болжол менен б.з.ч. 460-370-жж.) Левкипптин атомдор жана боштук туурасындагы (атомос термини мындан ары бөлүнгүс дегенди билдирет) окуусун тең бөлүшөт. Атомдордун мүнөздөмөлөрүнө Демокрит чоңдукту да киргизет, ал Левкиппте атомдордун формаларынын айырмачылыгы, оордугу катары каралат.

Демокриттин пикиринде, атомдор өзүлөрүнөн-өзү өзгөрүлүшпөйт, мурун кандай болсо ошондой болуп келген, боло берет, же алардын пайда болуусунда бардык адамдар ынанымдуу болуп келишкен өзгөрүүлөрдү баштарынан кечире алышпайт. Бир дагы атом ысыбайт жана муздабайт, ошондуктан кургабайт жана нымдалбайт, о.э. ак-кара болбойт, кандайдыр-бир касиеттерди таптакыр кабыл албайт, анткени ал өз өзгөрбөйт.

Демокрит дүйнөлөр түбөлүктүү жана пайда болуу менен кыйроого дуушар болот деген пикирге таянган. Атомдор дагы көлөмү, саны боюнча түбөлүктүү келишет, алар бүт ааламда бурганактай болуп жүрө алышат, ушунусу менен бардык татаалдыкты – отту, абаны, жерди жаратышып, же анын баары кандайдыр-бир атомдордун биригүүсүнүн маңызы, алар өз ара таасирлерге дуушар болушпайт жана катуулугуна байланыштуу өзгөрмөлүүсүз.

Антикалык ойломдогу пайда болушуп, анан жоголуучу түбөлүктүүлүктү, талкаланбастыкты, ааламды жаратпастыкты, көптөгөн түбөлүктүү дүйнөлөрдүн пайда болуусун Демокриттик сапаттуу жаңы түшүнүү эсептелет. Демокрит айтат: «дүйнөлөр сан жеткис, алар көлөмү менен айырмаланышат. Дүйнөлөр ортосундагы аралык бирдей эмес, кээ бир жерлерде алар көптүк кылса, кээ бир жерлерде алар аздык кылат, кээ бирлери өсүшөт, башкалары гүлдөп-өсүү мезгилинде болушта, дагы бирөөлөрү өлүшөт, экинчилери пайда болушат, дагы бир жерде алар жоголушат».

Демокрит «атомдор, ал атагандай, б.а.дененин жалпактыгынан бөлүнбөгөндөр түбөлүктүү бoштукта кыймылдап жүрүшөт, анын үстүндө, астында, ортосунда, ичинде, сыртында да эч нерсе жок. Муну менен алар бири-бири менен кагылышат. Ушуга байланыштуу алар биригишет. Ошондон болгондун, биз көрүп жаткандын бары пайда болот. Атомдордун аталган кыймылы тууpасында айта кетсек, анын башталышы болгон эмес, бирок түбөлүктүү. Кыймыл ошентип атомдорго таандык жана кагылышуу менен берилет, кыймыл аталган түшүнүктө өнүгүүнүн негизги булагы болуп эсептелет.

Белгилей кетүүчү нерсе, Демокриттин таза механикалык кыймылы тууpасында кеп болууда. Демокриттин пикиринде, баштапкы кыймыл эч качан атомдор менен берилген эмес, ал азыркы тил менен айтканда алардын пайда болуусунун негизги ыкмасы болуп эсептелет.

Лекциянын экинчи суроосун чагылдырууда б.з.ч. V-к. Грециянын көпчүлүк шаарларында эски аристократиянын жана тираниянын саясий бийлигинин ордуна кул ээлөөчүлүк демократиянын бийлигинин келгендигинен баштоо зарыл. Кул ээлөөчүлүк демократия эркин жарандардын кеңири айлампасына полистин иштерине катышууларына мүмкүнчүлүк берген. Бул, бирок белгилүү бир катар спецификалык билимдерге ээ болуусун билдирген. Тарых, маданият жана чарбалык жашоонун негиздери менен жалпы таанышуудан сырткары өзгөчө мааниге риторика жана белгилүү бир философиялык билимдер ээ болушкан.

Эркин жарандардын кеңири билимдердеги муктаждыктары жалпы билим берүүдөгү алгачкы кесипкөй мугалимдердин ишмердүүлүктөрү менен

канаттандырылган. Алар риторикага, саясатка жана сот ишмерүүлүгүнө эле эмес, адам колдоно жана ээ боло ала турган башка бардык чөйрөлөргө да окутушкан. Аларды софистер, б.а. акылмандар, даанышмандыктын мугалимдери деп аташкан. Софистер өзгөчө топтогу акылмандардан болушкан, алар өз көз караштарын аргументтештирүү, ынандыруу жана жеңүү искусствосуна ээ болушкан. Мындай формадагы даярдыка табият эле эмес, адамдар да туурасындагы билимдер да керек болгон. Софистердин жардамы аркасында анткалыктын философиялык ойлому табиятты объективдүү изилдөөдөн таанымдык процесстин субъективдүү жактарын – адамдын өзүнө жана анын аң-сезимине өткөн.

Натыйжада демократиялык түзүлүштү жана анын мекемелерин четке кагышкан жазуучулар өзүлөрүнүн күчтөрүн жаш муундарды саясий жана соттук ишмердүүлүкө даярдашкан жаңы мугалимдерден чыгарышкан. Софистер деп алар өзүлөрүнүн чыгып сүйлөөлөрүндө чындыкты билүүгө эмес, алынган далилдерге аракет кылгандарды аташкан.

Мындай мүнөздөмөнү жаңы мугалимдер билимдердин, этикалык нормалардын жана баалардын салыштырмалуулугу туурасында ойломдун жеткен чегине жеткиришкендиги менен негиздүү болуп эсептелет. Софистиканын ири өкүлү Протагор аны төмөнкүдөй сөздөрү менен билдирген: «Адам бардык нерселердин: бар нерселердин бар экендигинин, жок нерселердин жок экендигинин чен-өлчөмү ».

Софистерди улуу жана кенже софистер деп бөлүүгө болот. Улуу софистерге Протагорду (б.з.ч. 481-411-жж.), Горгийди, Гиппийди жана Продикти киргизебиз. Протагордун окуусу Демокриттин, Гераклиттин, Пармениддин жана Эмпедоклдун окууларынын релятивизминин рухунда иштелип чыгышынын негизинде калыптанган. Протагор материалист болгон жана материянын өзгөрүп тураарын, бардык кабыл алуулардын салыштырмалуулугун моюнга алган.

Белгилүүлүкө Горгийдин төмөнкү ой жүгүртүүсү ээ болгон: 1) эч нерсе пайда болбойт; 2) эгерде ал пайда болгон болсо, аны таанып билүүгө болбойт; 3) эгерде аны таанып билүүгө болсо, анда ал билдирилбейт жана түшүндүрүлбөйт.

Улуу топтун софистери укуктун жактоочулары болушуп, диний ишенимдерди сындык изилдөөгө далалат кылышкан.

Элес-булас маалыматтар сакталган кенже софистердин окууларында (б.з.ч. IV-к.) алардын этикалык жана социалдык идеялары өзгөчө баса көрсөтүлөт. Алсак, Ликофрон менен Алкидам таптардын зарылчылыгын четке кагышкан: Ликофрондун пикиринде белгилүүлүк- ойдон чыгарылган, ал эми Алкидам –табият эч кимди кул кылып жараткан эмес, алар эркин

болуш төрөлүшкөн деген. Фразимах билимдердин социалдык-этикалык нормаларына салыштырмалуу экендиги туурасындагы окуну таратып, ар бир бийлик анын өзүнө пайдалуу болгон демократия-демократиялык, аристократия-аристократиялык ж.б.у.с. мыйзамдарды орнотот деген пикирди айткан.

Жогоруда софизм туурасында айтылган ой жүгүртүүлөрдү жыйынтыктоо менен студенттерге софизм философиясынын эки жакту мүнөзүн көрсөтүү зарыл. Софизмдин мындай мүнөздөмөсү софистер ири ойчулдардан болушканы менен, алардын релятивизми көпчүлүк учурларда заттардын таанып билүүчүлүгүн жана субөективизмдигин танууга алып келүү кырдаалы менен байланышкан. В.И.Ленин белгилеп кеткендей, мисалы Горгийдин окуусу релятивизм эле эмес, скептицизм да болгон. Ошондуктан софистер диалектиканы эле эмес, азыр софистика деп аталган принципсиз, ал тургай таза нигилистик окууларды да даярдашкан.

Сократтын философиясынын маңызын ачып берүүдө студенттерге антикалык философиянын интенсивдүү өнүгүүсүндө табиятты изилдөөдөн (натурфилософия) жашоосунун көп образдуу көрүнүштөрүндөгү адамды кароо иши жүзөгө ашырылаарын, субөективистик-антропологиялык философия пайда болоорун демонстрациялоо зарыл. Аталган тенденциянын негиздөөчүсү болуп Сократ эсептелет.

Философиянын тарыхында, Сократтан да кыйла белгилүү эч бир адам жок (б.з.ч. 470-399-жж.). Байыркы мезгилде эле ал адамдардын аң-сезиминде даанышмандыкты жүзөгө ашырып, «чындыкты жашоодон да жогору койгон акылмандыктын идеалы болуп калган».

Андан сырткары философиянын тарыхында Сократтан да кыйла сырдуу эч ким болгон эмес. Кептин баары анын эч нерсе жазбагандыгында жана жазма мурасын калтырбагандыгында. Анын жашоо ишмердүүлүгү, окуулары туурасында биз анын окуучуларынын жана досторунун чыгармаларынан, биринчи иретте, Платондун философиялык эле эмес, көркөм жааттагы чыгармаларынан билебиз.

Сократтын философиясынын борборунда адам проблемасы турат, бирок ал нравалык жандык катары гана каралат. Философия анын пикири боюнча, табиятты корутундулап кароо эмес (табият аны кызыктырган эмес), кандай жашоо керек экендиги туурасындагы окуу. Адам өзүнүн бийлиги алдындагыны гана билет алат, бирок анын бийлигинин алдында сырткы табият, дүйнө эмес, жан.

Анын окуусунун негизги милдети - өзүн өзү таанып билүү: «өзүңдү өзүң таанып бил». Сократ үчүн өзүн өзү таанып билүү - демек өзүн коомдук жана нравалык жандык катары таанып билүү. Сократтын философиясынын

максаты – этикалык маселелер. Ал ар кандай жаман иш-аракеттерди жөнөкөй билимсиздике, ал эми акылмандыкты жогорку билимдүүлүкө такаган. Аристотель баса белгилегендей Сократ даанышмандыкты түшүнүкө, илимге же өзгөчө бир таанымдын түрүнө айландырган. Ошентип, өзүнүн негизги тенденциясында Сократтын философиясы идеалдуу болуп эсептелет. Философиянын башкы милдети катары ал диний-нравалык дүйнөгө көз караашты рационалдуу жалпылаган. Сократтын пикиринде дүйнө «кудайдын жаратуусу» болуп эсептелет.

Платон менен Аристотелдин философиялык концепцияларын анализдөөдө студенттерге б.з.ч. V-к. чейин байыркы грек философиялык окууларынын негизги жана басымдуулук кылуучу тиби катары материализм болгондугун түшүндүрүү зарыл. Аталган окуулардын кээ бирлеринин ичинде байкалган идеалистик тенденциялар, мисалы, нукура чындыкта акылга ачылган тастыкталбаган пикирлерге элейлик карама-каршы коюулар аңдап билинбеген системага дагы дале салына эмес.

Платон баш болгон (б.з.ч. V-к.) байыркы грек идеализми биринчилерден болуп дүйнөгө көз караш түрүндө чыгып, өзүнө материализмди карама-каршы койгон. Ушул мезгилден тартып материализм менен идеализм байырык грек жана андан кийинки философиянын өнүгүүсүндөгү эки негизги толук калыптанган карама-каршылыгын пайда кылат.

Бизди курчап турган жана биз өз сезимдерибиз менен таанып билген материалдуу дүйнө Платондун пикиринде болгону «көлөкө» болуп эсептелүү менен идеялар дүйнөсүнөн туунду, б.а. материалдуу дүйнө экинчи. Платондун окуусу боюнча, сезимдик нерселердин дүйнөсү нукура маңыздын дүйнөсү менен: материалдуу дүйнөнүн бардык көрүнүштөрү менен предметтери келип-кетип турат, үзгүлтүксүз пайда болуп, өзгөрүп жана өлүп турушат (ошондуктан нукура маңыз боло алышпайт). Сезимдин предметтердин ар бир табына сезимдик эмес дүйнөдөгү «идея» ылайык келет. Идеялар өзгөрмөлүүсүз, кыймылсыз жана түбөлүктүү келишет. Аталган касиеттер үчүн Платон алардын нукура, реалдуу болмушун моюнга алып, нукура чыныгы таанымдын жеке предмети деген деңгээлге чыгарат.

Чыныгы болмуштун антиподу болуп Платондо болмуш эместин дүйнөсү кызмат кылат, анда идея эмес, материя бийлик жүргүзөт (Платон аны «хора» деп атаган) анын окуусу боюнча токтобогон кыймылдын, пайда болуунун жана өзгөрүүнүн чөйрөсү. «Материя» өзүнө «түрлөрдү» жана «идеяларды» кабыл алып турат, ар бир «түрдү» же «идеяны» бири-биринен мейкиндиктеги ээлеген ордуларынан оолактатылган көптөгөн сезимдик заттарга айландырат. Ошентип, көптөгөн сезимдик заттардын, табияттын дүйнөсү материянын кандайдыр-бир жеке жана жалпы идеялардын-

маңыздардын топтоосуна тийиштүүлүгүнө карабастан орноосунун натыйжасы катары пайда болот. Табиятта бардыгы өзгөрмөлүү, келип-кетүүчү, туруксуз, ажалдуу. Сезимдик табияттык дүйнөнүн динамикасын түшүндүрүү үчүн Платон идея, материя менен катар үчүнчү башталышты – дүйнөлүк жанды киргизген. Космостун жаны – чыгармачылык күч, кыймылдын, жашоонун, шаттыктын булагы. Адам демиургдун жаратман ишмердүүлүгүнүн натыйжасы болуп саналат жана бүткүл дүйнө сыяктуу эле жандан жана денеден турат. Адамдын денеси туруксуз, ал төрөлөт жана кайра өлүп жок болот. Дене жанга көз каранды жана анын туундусу болуп саналат.

Демек, өзүнүн жалпы философиялык, анын ичинде обөективдик идеализм өңүтүндө Платон таанып теориясын да өнүктүрөт. Бул жердеги негизги түшүнүк – эскерүү. Кээ бир адамдардын жандары Платондун пикиринде идеялар дүйнөсүнө таандык таза идеалдуу түзүлүштөрдүн маңызы. Материалдуу дене жанды «бузуп», сезимдик кабыл алууга негизделген «билимдердин» үстөмдүгүн орнотуп, чыныгы билимдердин болушуна тоскоолдук кылат. Сезимдик каалоо-тилектин үстөмдүгү алдында жашагандар ой жүгүртүүгө болгон жөндөмүн унутуп салып, татуу уйкуда жаткан адамга окшош, алар өз сезим-туюмдарынын, кара курсагы менен кызыл кекиртегинин кулдары болуп калышат. Адамдын түбөлүктүү жаны аны трансценденталдуу, б.а. жогорку идеялар дүйнөсү менен байланыштырат: «биздин жан өзүнөн өзү кудайдыкына, өлбөстүкүнө, дайыма болуп туруучулука жана өзгөрмөлүксүздүкө окшош» (Платон. Соч. в 3х томах. Т.2. – М.: Мысль, 1969. 45-б.).

Аристотелдин окуусун анализдөө менен (384-322) белгилей кетүүчү нерсе, ал обөективистик-онтологиялык салттарды аягына чыгарат. Аристотелдин философиясы белгилүү бир жалпылык эмес, бардык кийинки грек философиясынын логикалык кайра иштелип чыгуусу жана аяктоосу болуп эсептелет. Аристотель антикалыкта пайда болгон эң кеңири илимий системаларындын түзүүчүсү болуп эсептелет. Аристотель-ойчул-энциклопедист билимдердин кыйла маанилүү чөйрөсү боюнча өз эмгектерин калтырган. Аристотелдин илимий ишмердүүлүгү - бул антикалык философиялык ойломдун туу чокусу эле эмес, ошол кездеги белгилүү дээрлик бардык илимий чөйрөлөргө салым кошкон: жаңы илимий багыттар түзүлгөн, ал өзүнүн окуучулары менен илимди системалаштырып, кээ бир илимдердин предметин жана методдорун аныктаган.

Аристотелдин сынынын обөектиси болуп Платондун идеяларынын теориясы болуп калган. Ал Платон өз алдынча пайда болууну жекече жашай албайт деген пикирди ыйгаруу менен принципиалдуу катачылык кетирген.

Аристотель антикалык ойчулдардын ичинен биринчилерден болуп философиялык билимдерди конкреттүү-илимий билимдерден айырмалагандардын бири. Ал «философия» деп чындык тууралуу илимий теориялык билимдердин жыйындысын атоону уланта берет. Ошону менен катар эле ал «протофилософия» (биринчи философия) жана «экинчи философия» деген түшүнүктөрдү киргизген. Аристотель «метафизика» терминин пайдаланган эмес. Аталган терминди анын шакирти жана анын чыгармаларынын систематизатору, родостук Андроник киргизген. Ал Аристотелдин китептерин китепканада жайгаштырып атып, анын болмуш маселесине арналган китебин «Физика» деп аталган китептин артына жайгаштырган. Кийин метафизика философиялык маанилүү методго айланган. Материалистик идеялар идеализм менен айкалышкан анын болмуш тууралуу окуусу өзгөчө мааниге ээ. Ар кандай болмуштун негизи катары ал «алгачкы материяны» эсептейт. Аристотель аны түбөлүктүү, жаратуучулук жана жоголбоочулук катары эсептеген. Аталган биринчи материянын эң жөнөкөй аныктуулугу катары Аристотелдин пикиринде, төрт элемент эсептелет, алар: от, аба, суу жана жер. Аталган бул стихиялар космостун келип чыгышынын мүмкүндүгү, потенциясы болуп саналган «биринчи» материя болуп эсептелишет. Бирок, материя өзүнөн өзү Аристотелдин пикиринде, интерттүү жана пассивдүү. Ал болгону заттардын чыныгы көп түрдүүлүгүнүн пайда болуу мүмкүнчүлүгүн гана камтып турат. Аталган мүмкүнчүлүктү чындыка айландыруу үчүн материяга ылайыктуу форманы берүү зарыл. Форма деп Аристотель заттар чындык болуп калуучу активдүү чыгармачыл факторду түшүнгөн. Форма - бул көп түрдүү заттардын бир түрдүү материядан калыптануусунун себеби: материя кандайдыр-бир топурак. Андан ар башка заттардын пайда болуусу үчүн чабарман-кудай-алгачкы кыймылдаткыч зарыл. Ошондуктан, материя Аристотелдин пикиринде мүмкүнчүлүк жана маңыздын кандайдыр-бир субстраты катары кызмат кылат. Дүйнөнүн негизги кыймылдаткычы катары кудай эсептелет, ал бардык формалардын формасы, дүйнөнү жаратуунун туу чокусу иретинде аныкталат. Ал кыймылдын өзүнө өзүнө ишенгендигин таанып билет, кыймылдын булагын ал кагылышуулардан көргөн.

Материалистик жана идеалистик тенденциялардын кагылышуусун аң-сезимди (жанды) Аристотелдик түшүнүүдөн тапса болот, анда ал жан жандуу табиятка, б.а. өсүмдүктөргө, жаныбарларга жана адамга таандык бардык обөектерден кезиктирүүгө болот деген көз карашты табууга болот. Бир катар эмгектеринде ал тургай мындай корутундуларга келет: «жандын ишмердүүлүгү дененин абалы менен шартталган», «жан материясыз жашай албайт» дегендин өзү белгилүү бир материалистик тенденцияны тастыктап

турат. Бирок Аристотель «саясатта» айтып кеткендей, «жүзөгө ашырылган жандык жан менен денеден турат; жан өз маңызы боюнча үстөмдүк кылуучу, ал эми дене - баш ийген принцип катары эсептелет.

Аристотель тааным туурасындагы окууга чоң салымын кошкон. Тааным Аристотелдин пикиринде өнүгүп туруучу процесс катары каралат. Ал жөнөкөйдөн (элементардуу, сезимдиктен) жеткен абстракту тепкичке чейин өнүгөт. Анын градициянын төмөнкүчө: туюп сезүү, элестетүү, эс-тутум менен күчөтүлгөн тажрыйба, искусство, туу чокуну элестеткен илим. Ал биринчилерден болуп тарыхта логиканын системасын түзгөн (туура ой жүгүртүү туурасындагы окуу). Логиканы ал таанымдын, тагыраак айтканда илимий таанымдын куралы катары түшүнгөн. Ошондуктан, Аристотелдин логикага арналган «Органон» (органон - курал) деген аталыштагы эмгеги жаралган. Аристотель илим катары логиканын теоретикалык негиздерине негиз салган.

Аристотелдин чыгармачылыгынын ажырагыс бир бөлүгү катары анын коомдун өнүгүүсүнө жана уюшулуусуна болгон көз караштары, «Саясат» эмгегинде берилген мамлекет туурасындагы окуусу эсептелет.

Анын социалдык көз караштарынын эң негизгиси адамды коомдук жандык катары мүнөздөөсү эсептелет. Мамлекетти Аристотель өнүккөн коомчулук катары, ал эми жамааттыкты – өнүккөн үй-бүлө катары түшүнгөн.

Аристотель – кул ээлөөчүлүктүн жактоочуларынын бири болгон, ал аны коомдун уюшулуусунун табигый абалы катары эсептеген. Ал жандыктардын төрөлгөндөн баштап эле баш ийүүлөрү, башкаларыныкы - үсөмдүк кылуусу алдын ала аныкталган. Аталган табигый абалга бирөөлөрүнүн кул, ал эми экинчилеринин – кул ээлөөчүлөр болуу фактысы ылайык келет.

Лекциянын үчүнчү суроосун кароодо студенттердин көңүлүн б.з.ч. IV-к. соңундагы грек кул ээлөөчүлүк демократиясынын кризисинин белгилеринин күчөшүнө буруу зарыл. Аталган кризис Грециянын саясий өз алдынчалуулугунун жоголуусуна алып келди. Греция адегенде Македониянын, андан кийин акырындык менен Римдин бийлигинин алдына өтөт.

Грециянын экономикалык жана саясий кулашы, полистин ролунун бүтүшү грек философиясында да чагылдырылат. Объективдүү дүйнөнү таанып билүүгө багытталган иш-аракеттер (Аристотелдин философиясы), саясий жашоого активдүү катышу акырындык менен индивидуализм, этикалаштыруу, моралдаштыруу, же скептицизм жана агностицизм менен алмашышат. Бир эле мезгилде теоретикалык ойломдун чыңалуусу басаңдап, теоретикалык кызыгуу мокоп, адамдзат акыл-эсинин таанымдык күчүнө болгон ишеним төмөндөп кетет. Билимдердин бардык чөйрөлөрүн,

философия менен илимдин бардык сурамжылоолорунун камтыган дүйнөгө көз караштын универсалдуу милдеттеринин ордуна бакытты, жеке жүрүм-турумду камсыз кылууга жөндөмдүү болгон илимий маселелерди алып чыгуу далалаты пайда болот.

Философторду дүйнө деген эмне, ал кантип пайда болгон, бардык тарабынан курчалган кырсыктар менен коркунучтардан оолак болуу максатында бул дүйнөдө кантип жашоо керек деген сыяктуу маселелер эле кызыктырбайт. Окумуштуу, изилдөөчү, байкоо жүргүзүүчү философ бүгүнкү күнү билимдердин эле эмес, бакыттын, жашоонун устасы болуп калды. Философияда ал адамды кырсыктардан, коркунучтардан, туруксуздуктан, алдамчылыктан, коркуудан жана толкундоодон куткарган ишмердүүлүктү жана ойломдун түзүлүшүн көрөт.

Коомдогу мындай кырдаал философиялык жана илимий ойломдо башталган процесстин чагылуусун түшүндүргөн философиялык агымдардын жана мектептердин пайда болуусуна жана өнүгүүсүнө алып келди. Аларга скептицизм, эпикуреизм жана стоицизм сыяктуу мектептер таандык.

Аталган эллинизмдин үч философиялык мектептеринин жолун өкүлдөрү негиз салуучулары Антисфен (б.з.ч. 445-360-жж.) жана Диоген (б.з.ч. 412-323-жж.) болгон кинизм философиясы улаган. Кинизм антикалык полистин агония доорунда кыйла кеңири белгилүүлүкө ээ болуу менен антикалыктын эң соңку мезгилине чейин жашаган.

Киниктер философиянын өкүлдөрүнүн пикиринде философия адамга даанышмандык жашоого жол көрсөтүүсү зарыл. Диоген жазгандай, ал үчүн баалуулуктарга туура баа берип, жалгандарын жоготуу зарыл. Мындай жалган баалулуктар катары киниктер байлыкты, дене кумарын, коомдук пикирден болгон көз карандылыкты аташкан. Алар жакырчылыкты жана канаттануулардан толук баш тартууну жакташкан, андыктан табияттын өзү адам муктаж болгон ошол минимумду аныктады.

Кинизмдин философиясынын руху толук чектелбеген эркиндикте: коомго баш ийбей эркин жашоодо, мителик өмүр сүрүү, кыйынчылык тартууда, материалдуу жыргалчылыктарды, ыңгайлауу шарттарды, мыйзамдарды, этикетти, гигиенаны четке кагууда, физикалык жана рухий жакырды жар салууда, башка философиялык мектептерге, өзгөчө идеалистик окууларга терс мамиле кылууда, өз көз караштары менен турмуш образын коргоодогу агрессивдүүлүктө, патриотизмдин жоктугунда, каалагандай коомдо ошол коомдун эмес, өздүк мыйзамдар боюнча жашоодо берилген. Киниктердин этикасы индивидуалдык жана субөективдик мүнөзгө ээ болуп, рухтун күчүнө, көз карандысыз эркин жашоо жөндөмдүүлүгүнө негизделген.

Негиздөөчүсү Эпикур (б.з.ч. 341-270-жж.) болгон эпикуреизмди анализге алууга өтүү менен белгилей кетүүчү нерсе, ага кинизм сыяктуу эле индивидуалдык мүнөз таандык.

Коомдук бүтүндүк эмес, жеке адам - эпикурдук этиканын борбордук пункту. Индивид – алгачкы; бардык коомдук байланыштар, адамдардын мамилелери жеке адамдардан, алардын субъективдүү каалоолорунан жана пайда менен канаттануунун рационалдык ой жүгүртүүсүнөн көз каранды. Адамдын индивидуалдык чечмеленишине Эпикурдун атомдук натурфилософиясы толугу менен шайкеш келет: реалдуу болуп жеке четтетилген атомдордун болмушу эсептелет, ал эми алардан түзүлгөндөр – көрүнүүчү дүйнөнүн заттары менен көрүнүштөрү, жалпы эле космос – бул болгону экинчи түзүлүштөр, агрегаттар, атомдордун топтолушу.

Стоиктерден айырмаланып, эпикурдук этика гедоникалуу (грекчеден – hedone-«канаттануу»): Эпикур адамзат жашоосунун максаты катары канаттануу иретинде түшүндүрүлгөн бакытты эсептеген. Бирок нукура канаттанууну Эпикур эч кандай ченеми жок эле орой сезимдик канаттануудан көргөн эмес. Көптөгөн грек ойчулдары катары эле Эпикур ченем идеалына дуушар болгон. Ошондуктан эпикурчулардын сезимдик канаттанууларга маани беришкен жана аларды баарынан жогору койгон адамдар тууралсындагы кеңири тараган элестөөлөрү туура эмес. Жогорку канаттануу катары Эпикур, стоиктер сыяктуу эле рухтун камырабастыгын (атараксияны), рухтун тынчтыгын эсептеген, ал эми мындай абал адам өзүнүн акыл-эсине баш ийүү менен сокур сезимдерин ж.б. басаңдата билүүгө үйрөнүү шарттарында гана жетише алат. Эпикурчулар өзгөчө ырым-жырымдар, анын ичинде Эпикурдун көз карашында адамдарды рухтун тынчтыгынан ажыратып, өлүм жана акыреттик жашоонун алдында коркунучту тараткан салттуу грек дини менен күрөшүүгө өзгөчө көңүл бурушкан. Ушул коркунучту жоготуу үчүн Эпикур адамдын жаны дене менен кошо өлөт, же физикалык денелер сыяктуу эле атомдордон турушат деп далилдеген. Өлүмдөн коркпоо керек – деп ынандырат грек материалисти, - же биз жашап турганда, өлүм жок, ал эми качан өлүм келгенде биз жок болобуз, ошондуктан өлүм тирүүлөр, өлгөндөр үчүн дагы жок.

Стоицизм окуусунун маңызын түшүндүрүүдө студенттердин көңүлүн стоиктер даанышман жана бактылуу жашоонун шарты катары адамдын сырткы дүйнөнүн бийлигинен, баарынан мурда – саясий-социалдык чөйрөдөн куткарууну эсептешкендигине буруу зарыл.

Адамдын сырткы дүйнөнүн бийлигинен болгон эркиндигин стоиктер акылмандын башкы жетишкендиги катары эсептешкен; анын күч-дарамети жеке сокур сезимдеринин кулу эмес экендигинде турат. Акылман сезимдик

канаттануларга далалат кыла албайт. Жогорку адамзаттык бакыт – бул рухий, акыл-эстүү, өз тандоосун жүзөгө ашыра алган жандык катары адамдын табияты менен макул болгон бакыт. Табият менен эриш-аркак жашоого далалат кылуу менен стоиктер адамдын кырсыктарынын башкы булагы болуп эсептелген нравалык эркиндикти, сокур сезимдерден бошонуу жолдорун издеген. Бакытка болгон жол, стоиктердин көз карашында апатия аркылуу өтөт (сокур сезимсиздик, тынчтык, тополоңсуздук, б.а. болгон бардык сырткы нерселерге көңүл коштук мамиле). Бул жерде «апатия» жана «рухтун тополоңсуздугу» эпикурдук түшүнүктөрүнүн жакындыгы байкалып турат.

Бирок, стоиктер тагдырга караганда жаңы фатум түшүнүгүн киргизишкен. Бул жаңы түшүнүк алардын зарычылыктын алкагындагы эрктин алдын ала көрүүсү жана эркиндиги туурасындагы окууларында толук четке кагат. Адамдын эркин эркинен эмес, заттардын зарыл жүрүшүнөн анын жашоосунун кырдаалдары көз каранды: байлык же жардылык, ден-соолук же оору, канаттануу жана азап тартуу. Адам өз тагдырын өзгөртүүгө бийлиги жок, бирок аларга болгон мамилесинде бийликтүү. Стоиктер кубанычты, жашоонун оош-кыйыштары – оруну, азап чегүүнү, жакырчылыкты ж.б. бирдей кабыл алууга үйрөтүшкөн.

Өзүлөрүнүн нравалык идеяларын алар даанышмандыкты катуу жана айныксыз жүзөгө ашыруусунан тапкан. Даанышман, стоиктердин окуусу боюнча жогорку жана бирден-бир жеке жыргалчылык, эгерде аларды жүзөгө ашырууга мүмкүнчүлүк болбосо, анда жашоодон кетип калган артык.

Стоицизм окуусу Китиондон чыккан Зенон аркылуу негизделген (болжол менен б.з.ч. 333-262-жж.) жана андан ары Панэций Родосский (б.з.ч. II-к.), Посидоний (б.з.ч. II-I-к.) ж.б. өнүктүрүшкөн. Стоиктердин мектеби чоң таанымалдыка Байыркы Римде ээ болушуп, анын эң көрүнүктүү өкүлдөрү катары Сенека (болжол менен б.з.ч. 5-к. – б.з. 65-ж.), анын окуучулары Эпиктет жана император Марк Аврелий (121-180) болушкан.

Антикалык философиядагы скептицизимдин маанисин жана ролун көрсөтүү менен, баса белгилей кетүүчү нерсе, жашоонун маанилүү маселелериндеги ар кыл мектептердин көз караштарынын карама-каршылыктары таанымдын мүмкүнчүлүктөрүндөгү көңүл калууларга, скептицизмге (агымдын аталышы «тең салмактоо», «эки анжылыкта болуу» деген грек сөзүнөн келип чыккан) алып келген.

Скептицизм философиянын кийинки өнүгүүсү менен иштелип чыккан идеялардын негизинде калыптанган. Алгачкы грек мектептеринин (наивной) диалектиканын өкүлдөрү бардык заттар менен көрүнүштөрдүн агуучулугу, сезимдер менен кабыл алынган сапаттардын салыштырмалуулугу, ич ара

бири-бирине карама-каршы келген пикирлерди тандоодо айныксыз кылуучу негиздердин жоктугу туурасында айтышкан. Ушул сымал идеялар элеаттардын, софистердин, Платондун сезимдик кабыл алынуучу дүйнөсү туурасындагы окууларын өнүктүргөн. Бирок эллинизм доорунда гана, б.а. өндүрүштүн кул ээлөөчүлүк ыкмасынын таралуу шарттарында аталган идеялар скептицизмдин өзгөчө философиялык агым катары пайда болуусуна алып келген.

Скептицизмдин негиз салуучусу болуп Пиррон (болжол менен б.з.ч. 365-275-жж.) эсептелет. Анын окуусу боюнча, философ – бакытка умтулган адам. Бакыт тополоңу жок тынчтыктан жана азап чегүүлөрдүн жоктугунан гана турат. Бакытка жетүүнү каалагандар үч суроого жооп берүүлөрү абзел: 1) заттар эмнеден турат; 2) биз аларга кандай мамиле жасообуз абзел; 3) заттарга болгон мындай мамиледен кандай пайданы алабыз. Биринчи суроого биз эч кандай жоопту бере албайбыз: ал бар деп бир нерсе туурасында так айтууга болбойт. Ошондуктан таанымдын бардык ыкмасы туурасында анын жалган же чын экендиги жөнүндө айтууга болбойт, анткени бардык предметтер туурасындагы ой-пикирге бирдей ченемде карама-каршы коюлган ой-пикир коюулушу ыктымал.

Предметтер туурасындагы бир жактуу ой-пикирлердин мүмкүн эместигинен Пиррон экинчи суроонун жообун тапкан: заттарга болгон мамилелердин нукура философиялык ыкмасы алар жөнүндөгү кандайдыр-бир ой жүгүртүүлөрдөн карманууусунда турат. Бул так эч нерсе жок дегенди билдирбейт: биздин сезимдик кабыл алууларыбыз же таасирлерибиз, албетте так. Адашуулар - пикирин айтып жаткан ыктымалдуу же эсептелген чындык менен гана пайда болуусун далилдөөгө аракет кылган ой жүгүртүүлөрдө гана пайда болушат. Экинчи суроого болгон жооп менен Пиррондун пикиринде үчүнчү суроонун жообу да берилет: ар кандый ой жүгүртүүлөрдөн келип чыккан, пайда болуп тополоңсуздук жана кыжалатсыздык эсептелет, анда скептицизм философ үчүн ыктымалдуу жыргалчылыктын жогорку баскычын көрөт.

Пиррондун негизги жоболору өз өнүгүүсүнө анын жолун жолдоочулары Тимондун, Энесидемдин жана б.з. II-к. жашаган скептицизмдин кеч өкүлү Секст Эмпириктин окууларында ээ болгон.

Рим философиясынын өзгөчөлүктөрүн кароодо, студенттердин көңүлүн б.з.ч. III-жүз жылдыктын башталышында Жер ортолук деңизинин аймагында шаардык республикадан кубаттуу державага айланган Римдин таасири олуттуу түрдө күчөгөндүгү туурасындагы фактыга буруу зарыл. Б.з.ч. II-кылымда ал байыркы дүйнөнүн көп бөлүгүнө ээ болгон. Анын

экономикалык жана саясий таасирине континенталдык Грециянын шаарлары да туш болушкан.

Римдик коомдо  грек маданиятына болгон тартылуу пайда болот. Римге грек окумуштууларынын, риториктеринин, сүрөтчүлөрүнүн жана философторунун топтолуусу башталган. Ошондуктан логикалуу болуп рим философиясы грек, анын ичинде эллиндик философиялык ойломдун чечүүчү таасиринин алдында калыптануусу эсептелет. Римдеги грек философиясынын кеңейүүсүндөгү  белгилүү бир импульс болуп афина элчилеринин келип кетүүсү эсептелет, алардын ичинде ошол кездеги грек философиялык мектептеринин ары көрүнүктүү өкүлдөрү да бар (б.з.ч. II-к.).

Болжол менен ошол мезгилдерде Римде эллиндик Грецияда калыптанышкан үч философиялык багыт – стоицизм, эпикуреизм жана скептицизм  өнүгүшөт.

Байыркы грек философиясынын ары көрүнүктүү жетишкендиги болуп – «Заттардын табияты туурасында» аттуу гениалдуу, философиялык чыгарманы жараткан Лукреций Кардын (болжол менен б.з.ч. 99-55-жж.) материализми эсептелет.

Лукреций - Эпикурдун атомистик материализминин чечмелөөчүсү. Эпикур сыяктуу эле ал адамга кыйынчылык менен жетүүчү пайда болуунун тополоңсуздугун жана кыжалатсыздыгын бере ала турган философияны түзүүгө далалат кылган. Тозоктун  жана кудайдын адамдардын жашоо-турмушуна  аралашуусунун алдындагы коркунучу  - адамзат бактысынын улуу душманы. Кудайлардын пайда болуусун четке какпастан, Лукреций Эпикурдун артынан эле аларга дүйнөлөр ортосундагы бош аралыкты калтырат. Ал жакта  биздин жашоонун окуялар агымынан алыста кудайлар жыргал жашоону өткөрүшөт.  Бирок ал аларга иш-аракеттердеги жөндөмдүүлүктөрдөн баш тартат. Алар көмөк көсөтпөй, зыянын тийгизбей, коркутпай кое албайт, о.э. өз калкалоосунун убадалары менен да азгырып турат. Табият кудайлардын жаратуусунун натыйжасында пайда болгон жок жана алардын державалык эрки менен башкарылбайт.

Жок нерседен эч нерсе жаралбайт, бардык заттар уруктардан пайда болушат. Уруктар – түбөлүктүү. Эгерде алар талкаланууга дуушар болушкан болсо, анда азыркы мезгилге чейинки агып келген бардык материя убакыттын чексиздигинде эбак эле  жоголуп кетмек. Бардык дүйнөлөр заттардын сан жеткис, көрүнбөгөн жана андалып билинбеген бөлүктөрдүн агымдарынын кыймылынан пайда болушат. Аталган бөлүкчөлөр алгачкы башталыштын маңызы же бардык заттардын уругу. Бөлүкчөлөрдөн бардык денелер менен жандар турушат. Алардын бардыгы  табигый зарылчылыка жараша  пайда болушат. Жан дене сыяктуу эле атомдордон турат. Денени

пайда кылган атомдордон айырмаланып жандын атомдору кыйла майда, тегерек, жумшак, кыймылдуу. Аталган атомдордун жармашуусу дененин атомдорунун байланышы жашап турган мезгилдерге чейин гана турат. Адамдын өлүмү менен жандын атомдору туш-тушка учуп, жайылып кетишет.

Өлүм алдындагы коркунуч жана кудайлардын кооптонуусу адам өзүнүн дүйнөдөгү абалын билип алмайынча ага бийлик жүргүзө беришет. Аталган бардык коркунучтар агартуучулук, билимдер жана философия менен гана жеңилет. Адамды эзген коркунучтардан кутулуунун башкы шарты - бул табиятты нукура таанып билүү. Таанып билүү бул өзүнөн-өзү баалуу болбойт, ал адамды коркунучсуз, тополоңсуз абалга жакындатуу жөндөмдүүлүгү менен гана баалуу.

Лукрецийдин атомистик теориясында эволюционизмдин белгилерин жолуктурууга болот. Ал бардык органикалык заттар органикалык эместен пайда болушкан жана татаал органикалык түрлөр жөнөкөйлөрдөн өнүгүшкөн деген көз карашты карманган.

Ал табигый түрдө коомдун пайда болуусун да түшүндүрүүгө далалат кылган. Ал адегенде адамдар «жарым-жартылай жапайы абалда» от, турак-жай эмне экендигин билбестен жашап келишкен деп айтат. Материалдык маданияттын өнүгүүсү гана адамзат үйүрү акырындык менен коомго айлануусуна алып келет. Албетте, ал адамзат коомунун пайда болуу жана өнүгүү себептерин материалистик түшүнүүгө келе алган эмес. Бирок, ушуга карабастан, анын коомго болгон көз караштары, ошол кездеги идеалистик ыкмаларга салыштырмалуу олуттуу прогресс болуп эсептелген. Эпикур сыяктуу эле ал коом, коомдук уюм (укук, мыйзамдар) адамдардын эки тараптуу макулдашууларынын (келишим теориясы) продуктусу катары пайда болушат деп боолгологон.

Ошентип, Лукрецийдин материализми ачык берилген атеистик мүнөзгө ээ. Лукреций бардыгы табигый себептерге ээ болушкан дүйнө кудайларын чыгарып салуу менен кудайлардагы ар кандай ишенимдерге каршы чыгат. Ал өлүмдөн кийинки жашоо туурасындагы элестөөнү, башка бардык диний мифтерди сынга алат.

Теманын акыркы суроосун кароодо неоплатонизмдин диний, мистикалык мүнөзүн көрсөтүү зарылчылыгы келип чыгат.

Студенттерге чыгыш диний окууларын жана Рим империясындагы христианчылыкты синтездөөсү неоплатонизмдин калыптануусу жана өнүгүүсү үчүн ыңгайлуу шартты түзүп береери туурасында так түшүндүрмө берүү зарыл. Кеч антикалыктагы калган иррационалистик философиялык

багыттар сымал неоплатонизм белгилүү бир ченемде кийинки философиялык ойломдун рационализминен баш тартуусунун бир көрүнүшү.

Анын башкы өкүлдөрү - Плотин (205-270), Ямвлих (245-330) жана Прокл (412-485). Неоплатониктер үчүн бүткүл дүйнө ар бир төмөнкү баскыч өзүнүн пайда болуусу менен жогоркуга милдеттүү болгон иеархиялык система катары каралат. Аталган тепкичтин эң жогору жагында жекелик орун алган (ал кудай, жыргалчылык, же бардык «маңыздын» ары жагындагылар, б.а. латын тилинен которгондо трансценденталдуулук). Жекелик бардык болмуштун себеби (бардык башталыштар, жекелике же жыргалчылыка аракет кылышат); ал өзү болмушка тийиштиги жок, ошондуктан акыл-эс, кудай жөнүндөгү сөз менен да жетүүгө болбойт). Экинчи баскыч - бул акыл-эс, андагы жайгашкан акыл-эстик маңыздар – идеялар; бул жекелик менен жаралган таза болмуш (же ойлом менен болмуш платондук салтта дал келишет). Анын ылдый жагындагы үчүнчү баскыч – жан; ал эми акыл-эс сыяктуу жеке эмес, бирок жандуу денелер ортосунда бөлүнүшкөн (космостун жаны, же космос платониктер үчүн тирүү жандык, шайтандардын, адамдардын, жаныбарлардын, өсүмдүктөрдүн жаны). Андан да ылдый төртүнчү баскыч – дене. Жан сымал эң жакшы сапаттарды –акыл-эстүүлүктү, акыл-эстен –гармонияны, жандын жардамы менен форманы алат; анын башка касиеттери – интерттүүлүк, турмушсуздук – материяга таандык.Материя – сезимдик заттардын субстраты – бул инерттүүлүктүн өзү, материянын сапатсыздыгы жок, ал бардык даражаларында акыл-эске, б.а. болмушка таандык эмес; ошондуктан ал акыл-эс жана сөз менен багындырылбайт. Анын болуусу туурасында биз таза четке кагуучулук жол менен гана биле алабыз: эгерде бардык денелерден алардын формасын алып салсак, андан калгандары материя болушат.

Плотиндин системасы – алгачкы жекелик кудайлык болмуштан жогоруда көрсөтүлгөн төмөнкүгө, кудайга көтөрүлгөн жана аны менен көпкө созулган көнүгүүлөрдүн экстазында көтөрүлгөн адамзат жанынын кайра кайтуучулук кыймылы туурасындагыо окуусу.

Демек, адам неоплатондук философиянын системасында кудайлык, өздүк шайкештиктеги акыл-эсти жандын жардамы аркасындагы жансыз дене менен биригишүүсү иретинде ой жүгүртүлөт; демек, мындай учурдагы жашоонун максаты менен маңызы – акыр аягында жеке улуу Акыл-эс менен айкалышуу менен өз акыл-эсин, рухун материянын же дененин кишенинен бошотуу. Ар кандай жамандыктын булагы болуп –материалдык жана денелик эсептелеери белгилүү; жыргалчылыктын булагы – акыл жеткен, жогорулаган билим, философия. Адам бир жагынан ой жүгүртүүгө

үйрөнүүсү, экинчи жагынан өзүнө денесин көнүгүүлөр, аскезалар менен баш ийдирүүсү зарыл.

Байыркы Греция менен Римдин философиялык окууларынын жыйынтыктарын чыгаруу менен окутуучу белгилей кетүүчү нерсе, аталган окуулар өзүнө антикалыктын философиялык ойломунун өнүгүүсүнүн жогорку баскычын камтып турат. Байыркы грек жана рим философиясынын улуу тарыхый мааниси анын чечилүүсү кийинки ойломдун тарыхынын милдети болуп калган маанилүү маселелерди алып чыгуусунда турат. Философиянын өнүгүүсүнүн аталган баскычында бири-бирине карама-каршы келген мектептердин пайда болуусун, философиянын тарыхынын маанилүү мазмуну катары материализм менен идеализмдин күрөшүн байкасак болот. Антикалык философиянын өнүгүүсүнүн жүрүшүндө диалектиканын алгачкы тарыхый формасы жогорку деңгээлде калыптанып, ага жете алды. Көз карандысыздык белгилүү бир мааниде байыркы гректер менен римдиктердин философиялык ойломунун түз сызыктуулугу философиянын өнүгүүсүн, анын пайда болгондугунан азыркы күнгө чейинкисин коштоп жүргөн маанилүү маселелердин маңызын оңой аңдап билүүгө жана түшүнүүгө мүмкүнчүлүк берет.

Философиянын жана кеңейтилген атайын илимий таанымдардын баштапкы жекелиги, алардын системалык бөлүнүшү философия менен атайын (жеке) илимдердин өз ара байланышын кыйла таасын түшүндүрүп турат.

Философия антикалык коомдун бүткүл рухий жашоосуна сүңгүп кирип, антикалык маданияттын интегралдык фактору болуп калат. Антикалык философиялык ойломдун байлыгы, маселелердин коюулушу жана аларды чечүү кийинки миң жылдыктардын философиялык ойлому соңуна чыккан булак болушкан. Бул жерде антикалык философиянын өтпөөчүлүк тарыхый мааниси турат.

## 4-Тема: Орто кылымдык философия.

Орто кылым философиясын короо менен, баарынан мурда, аталган тарыхый мезгилдин идеологиялык кырдаалдарынын жалпы өзгөчөлүктөрүн эске ала кетүү зарыл. Бул коомдун рухий жашоосундагы диний идеологиянын үстөмдүк кылуу мезгили болгон. Дин коомдук аң-сезимдин жетектөөчү формасы болуу менен өзүнө башка бардык формаларды, анын ичинде философияны да баш ийдирген. «Философия – теологиянын малайы» формуласы теологдор тарабынан айтылган жобо эле эмес, иштердин реалдуу абалы. Аталган мезгилдеги философиянын башкы милдети катары диний

догматтарды чечмелөө жана биринчи иретте, кудайдын пайда болуусу туурасындагы тезисти жалпылоо эсептелет. Материализм куугунтуктоолорго дуушар болуп, университеттерден чыгарылган. Орто кылымдагы ойломдун жалпы тараган стили катары догматизм кызмат кылат. Талаш-тартыштар илимий мүнөзгө ээ болушуп, диний идеологиянын негизги канондорунун чектеринен чыгышкан эмес. Идеологиянын мындай формасы Батышка эле эмес, Чыгышка да таандык болгон, анткени ал бир жактуу-феодалдык-коомдук системанын өнүгүүсү менен шартталган.

Теманы изилдөөдө төмөнкүдөй суроолорду бөлүп көрсөтүү зарыл:

1. Орто кылымдык европа философиясы.
2. Араб орто кылымдык философиясы.

Биринчи суроону чагылдырууда биринчи иретте философиянын социалдык статусунун төмөндөөсү, динден толук көз карандылыгы анын мазмунунда да чагылдырылды, талкуугa алынган негизги суроолорунун айлампасы, анын онтологиясы, гносеологиясы, антропологиясы туурасында кеп кылуу зарыл.

Орто кылымдык философиянын онтологиясы бардык пайда болуучунун негизги, алгачкы себеби катары кудай эсептелеери туурасындагы ойломду жалпылоого жакындатылган. Анын үстүнө кудай кудуреттүү жандык катары адам менен дүйнөнү жаратуучу эле эмес, ал бардык жашоонун туруктуу жетекчичи, ар биринин турмушунун «көрөгөчү». Ошентип, болмуш туурасындагы өзүнүн окуусуна байланыштуу орто кылымдык философия теоцентризм философиясы болуп калган.

Орто кылымдык философияда өзгөчө бир антропология, адам туурасындагы окуу болгон. Аталган окууга ылайык, адам кудай тарабынан эле жаратылбастан, ага окшош дагы. Бирок адамдын табияты эки жактуу. Анда жан эле эмес, дене да бар, кандайдыр бир рухийлик эле эмес, өзгөчө денелик, шайтан менен таасирлүү күнөөлүк да бар. Өзүнүн күнөөлүүлүгүн алдын алуу, шайтандын жазалоолорунан куткаруу үчүн адамга төрөлгөндөн өлгөнгө чейинки дайыма болуп туруучу дин менен чиркөөнүн колдоосу керек.

Андыктан, орто кылымдык философияга өзүнүн онтологиясын жана антропологиясын рационалдуу негиздөө кыйла кыйынга турган, ал аркылуу таанымдын өзгөчө теориясы гносеология түзүлгөн. Анын маңызы чындык болуп акыл-эс тарабынан негизделген гана таанылбастан, биздин ички азап тартууларыбызга, акыл калчабай эле ишенүү каалоосуна шайкеш келгенге жакындаган. «Акыл-эс үчүн «тантырактык» болуп сезилгенге да ишенем» - бул орто кылымдык гносеологиянын акыркы принциби.

Ошентип, орто кылымдык философиянын гносеологиясы – иррационалдуу, анын онтологиясы – теоборбордуу, антропологиясы – эки жакту, т.е. адамдын табиятынын эки жактуулугун таануудан келип чыгат.

Биринчи суроонун уландысы болуп орто кылымдык философиянын этаптарын бөлүп көрсөтүү эсептелет. Орто кылымдык философияда эки негизги багыт каралат – анын калыптануусун, өнүгүүсүн аныктаган жана чагылдырган патристика менен схоластика бөлүп көрсөтүлөт. Орто кылымдык философия - бул II-XIV-кк. Европалык философия.

Патристика (II-XIV-кк. христиандык дин таануучу). Патристиканын датасы Орто кылымдык философиялык идеялар антикалык философиянын өнүгүүсүнүн эллиндик этабында еще байкалат. Бир канча жүз жылдар аралыгында рухий антикалык жана орто кылым философтордун идеяларынан орун табашып бирге пайда болушкан. II-V- кк. үчүн неоплатонизм, стоицизм, пифагореизм, христианчылыктын гностицизм (жарык менен караңгынын, жамандык менен жакшылыктын) жана манихейчилик (жарык менен караңгы – кудайлык менен шайтандык пайда болуулардын негизи) менен болгон күрөшү, о.э. кыйла кеч философиянын пайдубалы катары кызмат кылган философиялык-диний идеялар сунушталып, өнүгүшкөн көптөгөн секталардын пайда болуусу сыяктуу философиялык мектептердин бир мезгилдеги пайда болуусу мүнөздүү.

Орто кылымдык патристиканын өкүлдөрү болуп: Тертуллиан, Александриялык Климент, Ориген, Аврелий Августин ж.б. эсептелет. Аталган философтор менен дин таануучулар, же чиркөө аталары диний христиандык догматтарды гностицизмге каршы туруу менен, антикалык акылмандыктын христиандык ишеним менен шайкеш келбестигин баса белгилешкен. Орто кылымдык патристиканын негизги темасы болуп Кудайдын маңызы жана болмушу, дүйнөдөгү жамандыктын келип чыгуусу, теодицея, адамдын эркинин эркиндиги жана жанды куткаруу мүмкүнчүлүгү, тарых менен адамзат жашоосунун алдын ала аныктуулугу, тарых туурасындагы жаңы сызыктык элестөөнү негиздөө маселелери эсептелишет.

Патристиканын маңызы юрист, философ, теософ Тертуллиандын (болжол менен 160-230-жж.) окуусунда ачык берилип, анда философия менен ишенимдин биригишпей тургандыгы туурасындагы тезисти активдүү колдогон. Ал латын тилинде жазган алгачкы христиан ойчулу болгон. Анын болжол менен 197-ж. жарык көргөн «Апологетикум» («Коргоо») деген негизги эмгегин айтсак болот. Тертуллиан философия менен христианчылыктын биригүүсүнө ачык каршы чыгып, ишеним менен акыл-эстин ортосунда эч кандай чектешүүсү жок. Тертуллиандын «сандырактык, ошон үчүн ишенем» аттуу принциби анын окуусунун маңызы менен

мазмунун толук билдирип турат. Ал философияны динге, тилдик илимге – христиандык ишенимге, акыл-эске - кудайлык ачылышка каршы коет. Илимий изилдөөлөр ашыкча болуп калышат, андыктан Евангелие - кудайды, аны менен бирге бардык билимдерди таанып билүүнүн бирден-бир булагы, же Кудай бардыгын аныктайт. Философиялык акыл-эс болгону ереске алып келет. Патристика мезгилиндеги ири христиандык ойсул катары Аврелий Августин эсептелет.

Өзүнүн чыгармаларында ал ар кыл еретикалык окуулар - гностицизмдин, манихейчиликтин ж.б. айыптоолоруна дуушар болот. «Исповедь» чыгармасынан башка, анын «О троице», «О граде Божьем» аттуу

негизги эмгектери таандык. Августин кудайды философиялык ойломдун борбору катары эсептеген. Кудай алгачкы деген принциптен, жандын дененин, эрктин акыл-эстин үстүнөн болгон артыкчылыгы туурасындагы жобо пайда болот. Анын пайда болуусу көз карандысыз болуу менен жекелике ээ, калгандары болсо кудайдын эрки менен гана пайда болушат.

Августиндин пикиринде, дүйнө Кудайдын эркин актысы катары акыл-эстүү жаралуу болуп эсептелет. Христиандык платонизм идеялар туурасындагы Платондук окуунун августиндик варианты болгон. Кудайда реалдуу дүйнөнүн үлгүсү катылган, Платон сымал Августинде дагы, Кудайдагы идеалдуу жана дүйнө менен мейкиндиктеги реалдуу дүйнө бар.

Эллиндик философияга ылайык Августин боолгологондой, адамзат жашоосунун максаты жана маңызы болуп бакыт эсептелет, ага баарынан мурда Кудай таанып билүү жана жанды байкап көрүү менен жетүүгө болот. Кудайды таанып билүүдө ишеним акыл-эс менен толукталат: «Ишенүү үчүн акылдуу бол, акылдуу болуу үчүн ишен». Бирок бул кандай болгон күндө дагы ишенимдин алгачкылыгын четке кага албайт.

Ошентип, патристика мезгилинде христиандык дүйнө көз караштын коомдук эле эмес, философиялык өңүттөрү бекем орногон.

Акырындык менен ишеним жарыя кылган тастыктоолордун нукуралыгынын рационалдуу жолдорун издөө зарылчылыгы келип чыкты. Бул жерде -схоластика пайда болот (грекчеден schole- мектеп). Термин «мектеп философиясын» түшүндүрүп, даанышмандыкты монастырдык мектептерде жана университеттерде окутушкан. Схоластар догматтык конструкцияга ээ болушкан, алардын милдети аны билимсиз адамдар үчүн жеткиликтүү кылып, калыпка салууда турган.

Схоластикалык философиянын методу анын кийинки посылкаларында эле алдын ала аныкталган. Кеп чындыкты таабуу эмес, аталган чындыкты акыл-эстин, б.а. философиянын жардамы менен баяндоо жана далилдөө

туурасында болууда. Буга ылайык үч максат пайда болот: биринчиси – акыл-эстин жардамы менен ишенимдик чындыка кирүүгө, аны менен бирге алардын мазмунун ой жүгүртүүчү рухка жакындатуу; экинчиси – диний жана теологиялык чындыка философиялык методдордун жардамы менен систематикалык форманы берүү; үчүнчүсү - философиялык аргументтерди колдонуу менен ыйык чындыктарга сын берүү чыгаруу. Мунун баары формализм үстөмдүк кылган схоластикалык метод иретинде өзгөчөлөнүп турат.

Схоластика бир катар этаптарга бөлүнөт:

-эрте этабы (IX-XI-кк.): Эриуген, Ансельм Кентерберийский;

-жеткилең же классикалык этабы (XII-XIII-кк.): Фома Аквинский, Альберт Великий, Пьер Абеляр, Иоанн Росцелин ж.б.;

-кеч этабы (XIII-XIV-кк.): Иоанн Дунс Скот, Уильям Оккам, Мейстер Экхарт ж.б.

Схоластикалык философиянын негизги маселелерин аныктоо үчүн биздин пикирибизде, окутуучу таанымдын логикалык методун колдонуу менен өкүлү Фома Аквинский (1225-1274) эсептелген орто кылымдык философиянын жеткилең схоластикалык этабынын чечүүчү өңүтүнө токтоло кетүүсү зарыл. Анын негизги эмгеги болуп «Сумма теологии» (1266-1274) жана «Сумма против язычников» (1259-1264) эсептелет.

Аквинаттагы илим менен ишеним чөйрөсү абдан эле таасын аныкталган. Илимдин милдеттери дүйнөнүн мыйзам ченемдүүлүктөрүн түшүндүрүүгө жакындатылат. Бирок философиялык таанымдын падышачылыгы алдында дин алектенген башка падышачылык турат. Бул жерге ойломдун күчү менен кирүүгө болбойт. Кеп ишенимде гана камтылган кудайдын жаңылыгы катары ж.б. жогорку чындык туурасында болууда. Ошондуктан философия ишенимге, теологияга кызмат кылып, диний чындыктар акыл-эстин категорияларында камтылып турат жана ишенимге каршы жалган аргументтерди четке кагат.

Фома Аквинский христиандык теологиянын талаптарына жараша кайра түзүлгөн Аристотелдин окууларынын элементтерин колдонууга далалат жасаган. Дүйнөнү ал бардык нерселер бир канча иеархиялык баскычтарга бөлүнгөн система, тартип катары элестеткен. Жансыз табият сыяктуу мындай баскычтардын үстүнөн өсүмдүктөр менен жаныбарлар дүйнөсү жогорулайт, алардан жогорку маңыз – жогорку жана рухий чөйрөгө өтүүсү болуп эсептелген адамдардын дүйнөсү келип чыгат. Бардык нерсенин эң жогорку реалдуулугу, туу чокусу, алгачкы абсолюттук себеби, маңызы жана мазмуну катары кудай эсептелет.

Бардык нерселер, кудайдык абсолют сымал жекелике ээ болуп, маңыздан (essentia) жана пайда болуудан (exustentia) турат. Кудайда маңыз пайда болууга шайкеш келет. Тескерисинче, жаратылган бардык нерселердин маңызы пайда болуу менен макулдашышпайт, же ал алардын жеке маңызынан келип чыкпайт. Бардык жекелик жаратылган болуп эсептелүү менен, шарттуу мүнөзгө ээ. Кудай гана абсолюттуу, шартталган эмес, ал зарылчылык менен пайда болот жана анын маңызында камтылган. Кудай жөнөкөй болмуш, маңыз болуп эсептелет. Жогоруда айтылгандан көрүнүп тургандай Аквинский бардык орто кылымдык схоластиканын систематизатору ыкзматын аткарган.

Жеткилең жана кеч схоластикага жалпы мүнөздөмө берүү менен, белгилей кетүүчү нерсе, анын негизги маселелери болуп ишеним менен акыл-эстин, жекелик менен жалпынын карым-катнаштары маселелери эсептелет, алар мурункудай эле маанилүү темалар катары кудайдын болмушу, кудайдын алдын ала аныкталуусу, жандын ыктымалдуу куткаруусу ж.б.у.с. маселелери сакталып калат. Аталган суроого жооп берүүгө байланыштуу орто кылымдык философияда үч өңүт калыптанат.

**Реализм** – жеке нерселер эмес, адамдын аң-сезиминен жана материалдуу дүйнөдөн сырткары жана аларга көз каранды болбой жашаган жалпы түшүнүктөр гана реалдуу жашайт деп эсептешкен философиялык окуу. Орто кылымдык реализм Платондун идеялар тууралсындагы окуусуна жакын экендигин байкоо кыйынга турбайт. Реализмге ылайык, жалпы түшүнүктөр заттарга чейин эле пайда болушуп, өзүнө кудайлык аң-сезимдин ойлорун, идеяларын камтып турат. Ушунун жардамы аркасында гана адамзат акыл-эси заттардын маңызын таанып билүү абалында, же аталган маңыз жалпы универселийлер катары кандайдыр бир өзгөчөлүкө ээ. Бул жерде тааным акыл-эстин жардамы менен гана ыктымалдуу болот, же акыл-эс жалпыга жетүүгө жөндөмдүү. Реализм чиркөө менен колдоого алынган, андыктан расмий диндик окуулар менен конфликттерге барбастан, кудайдын болмушун кошумча жалпылоо кызматын аткарган. Реализмдин өкүлдөрүнө Эриугенди, Ансельм Кентерберийский, Фома Аквинскийди киргизсек болот.

Реализмге карама-каршы өңүт – бул номинализм. Номиналистерге ылайык, жалпы түшүнүктөр – болгону ысымдар гана, алар жеке заттар менен катар эч кандай өз алдынчалыка ээ эмес, биздин акыл-эс аркылуу белгилерди абстрактташтыруу жолу менен бир катар жалпы эмпирикалык заттарды жана көрүнүштөрдү пайда кылат. Алсак, мисалы, биз жеке адамдардын индивидуалдуу өзгөчөлүктөрүнөн алаксып калганда гана «адам» түшүнүгүн алабыз жана бардыгы үчүн жалпы болуп эсептелгенди гана бөлүп көрсөтөбүз: адам акыл-эстүү тирүү жандык. Демек, универсалийлер заттарга

«чейин» эмес «андан кийин» пайда болушат. Номинализмди кээде материализмдин орто кылымдык версиясы деп аташат. Бирок мындай элестөө жаңылыштыктарга алып келбөөсү зарыл. Номиналистер материянын же рухтун башаты туурасындагы маселеге жооп беришпейт, алар үчүн бардык орто кылымдык философтордой эле айныксыз түрдө башталыш катары рухий реалдуулук кала берет. Номинализм кеңири таралууга кеч схоластикада ээ болуп, анын өкүлдөрү катары - Иоанн Росцелин, Уильям Оккам жана Роджер Бэкон эсептелишет.

Универсалийлер туурасындагы талаш-тартыштардагы карама-каршы тараптарды элдештирүү каалоосунан, аталган маселенин компромисстик үчүнүчү, концептуализм (латынчадан – бириктирүү) деп аталган чечилиши пайда болот. Концептуализмдин көз карашы боюнча ар бир зат өзүнө жалпы менен жекеликтин, маңыз менен көрүнүштүн биримдигин камтып турат. Жалпы заттардын маңызын, ал эми конкреттүү болсо – аталган маңыздын көрүнүшүн камтып турат. Концептуализмдин түзүүчүсү болуп Пьер Абеляр, ал эми анын ишин улантуучу болуп Иоанн Дунс Скот эсептелет.

Экинчи суроо туурасында кеп кылууда орто кылымдык философия, андан мурунку антикалык философия сымал кандайдыр-бир өлкөнүн же аймактын рухий өнүгүүсүнүн продуктусу эле эмес, көптөгөн элдердин жана Батыш менен Чыгыштын маданияттарынын бирдиктүү иш-аракеттеринин да натыйжасы болуп саналат. Араб философиясы эрте схоластиканын өнүгүүсү менен бирге өнүккөн. Бирок анын өнүгүүсү башкача болгон. Орто кылымдык батыш-европалык схоластиканын антикалык философияга кайрылуусу прагматикалуу болгон. Орто кылымдык схоластар дин философиясын оңдоону каалашкан. Чыгышка өтүү менен антикалык философия экинчи мекенге ээ болгон, б.а. антикалык философиянын рухий идеялары Чыгышта пайда болгон кырдаалга ылайык келген.

Мунун өзүн орто кылымдык Чыгыштын маданияты шарттаган, алар төмөнкү чектерге ээ: 1) космополитизм (Араб халифатына өзүлөрүнүн элементтерин кошкон көптөгөн элдер киришкен); 2) күчтүү светик салттар (светтүүлүктүн көрүнүшү болуп табигый илимдердин өнүгүшү эсептелет).

Адегенде арабдар гректерден Платон менен неоплатониктердин идеяларын кабыл алышкан, бирок акырындык менен алар метафизикалык, логикалык жана физикалык эмгектеринде берилген Аристотелдин идеяларына өзгөчө көңүл бура башташкан. Муну менен өзгөчө басым метафизика менен формалдык логикага жасалган.

Араб тилдүү Чыгыш үчүн мүнөздүү табигый илимдерге болгон тартылуу Аристотелдин философиясынын материалистик жактарын гана кабыл алуусун аныктады. Бул, акыр аягында белгилүү бир эркин ойломго

алып келди. Аристотелдин философиялык ойломдору табигый билимдердин жана анын өнүгүүсүнүн жетишкендиктерин философиялык жалпылоо үчүн кеңири мүмкүнчүлүктөрдү берди. Акырындык менен «чыгыш перипатетизми» же «чыгыш аристотелизми» калыптанат, ал Аристотелдин өзүнүн философиялык системасын же окуусун эле эмес, натурфилософия, ал аркылуу күчтүү берилген материалистик тенденция менен байланышкан рационализмди да түшүндүрөт.

Аристотелизм бул жерде таза түрүндө иштетилген эмес, ал неоплатонизмдин элементтери менен аралашкан, андыктан платонизм Аристотелдин идеяларына караганда теологиянын кызыкчылыктарына жооп берген.

Араб философиясынын негизги маңызы - схоластикалык философия менен дал келишкен жоболордо исламды коргоо.

Орто кылымдык же араб тилдүү философиясындагы мусулман схоластикасы туурасында кеп кылуу менен ал төмөнкүдөй агымдарга бөлүнгөндүгүн баса белгилей кетүү зарыл: 1) чыгыш перипатетизми (аристотелизм); 2) «тазалык бир туугандар» окуусу; 3) суфизм; 4) мусулман ортодоксиясынын философиясы.

Чыгыш перипатетизминин көрүнүктүү өкүлдөрү болуп Аль-Кинди (болжол менен 800-870), Аль-Фараби (870-950), Авиценна (арабчасы Ибн Сина, 980-1037), Аверроэс (арабчасы Ибн Рушд, 1126-1196).

Өзүнүн философиялык чыгармаларында **Аль-Кинди** иштеп чыккан, Аристотелдин чыгармаларын комментарийлеген логикалык жана гносеологиялык маселелерге кайрылган. Эгерде расмий дин ишенимди таанып билүү ыкмасы катары алып чыккан болсо, анда Аль-Кинди - аклды (акыл) алып чыккан. Аль-Кинди табият менен коомдун көрүнүштөрүнүн себептик шарттуулугу, алардын мыйзам ченемдүү мүнөзү туурасында айткан. Кудайды ал бардык көрүнүштөрдүн «оолактатылган себеби» катары гана таанып билет. Аль-Кинди Куранга жана кээ бир диний догматтарга скептикалык түрдө мамиле жасаган. Мусулман ортодоксиясынын көзүнчө ал еретик болгон, китептери болсо жоготулган.

**Аль-Фараби** – белгилүү математик, дарыгер жана философ, Аристотелдин терең билгичтиги болгон, анын философиялык жана табигый-илимий эмгектерине комментарий жазган. Ошондуктан аны Аристотелден кийинки «экинчи мугалим» деп аташып, ошол мезгилдеги илим менен философиянын маселелеринде чоң кадыр-барктуу катары эсептелген. Философияда ал идеалист болгон, анткени Аристотелдин системасын неоплатонизмдин рухунда чечмелеп, кудайды болмуштун баштапкы себеби катары таанып билген. Бирок ал сырткы дүйнөнү жогорку күчтөрдөн көз

карандысыз өз алдынча пайда боло алат деген. Материалдуу дүйнө, анын пикири боюнча алты табияттын денеден же элементтен (жөнөкөй элементтер, минералдар, өсүмдүктөр, жаныбарлар, адам жана  асман телолору) турат. Дүйнөнү таанып билүүгө болот. Таанымдын булактары - сезүү органдары, интеллект жана ой жүгүртүү. Биринчи экөөсү көз карандысыз билимдерди берет, ал эми ой жүгүртүүнүн жардамы менен заттардын маңызы таанылып билинет.

**Ибн-Сина (Авиценна)** бирден-бир улуу окумуштуу - энциклопедистерден болгон. Ал ошол мезгилдеги  алектенбеген бир дага илим калган жок. Анын жардамы менен 200дөн ашуун эмгек жарык көрүп, алардын ичинен болжол менен 50 эмгек философиялык маселелерге арналган.

Ибн-Синанын философиясы теоцентрикалык, бирок христиандыка караганда башкача мааниде каралат. Дүйнө эч нерседен эмес, материядан жаралган: материя түбөлүктүү болуп эсептелет. Материалдуу дүйнө конкреттүү мүмкүнчүлүк мүнөзүнө ээ жана убакытта пайда болот. Аристотель сыяктуу эле Ибн-Синада кудай кыймылсыз кыймылдаткыч, бардык формалардын формасы, түбөлүктүү чыгармачыл шарт болуп эсептелет. Дүйнө өзүнүн реалдуу көптүгүндө бир жолу түзүлгөн жок, бирок акырындык менен пайда болгон.

Ибн-Сина Абелярга чейин эле номинализм менен реализмдин ортосундагы талаш-тартышты чечүүгө далалат кылуу менен, жалпы (түшүнүк) жеке предметтерде пайда болушуп, алардын маңызын түзөт. Адамдын ойломунда жалпы реалдуу жеке заттардын негизинде пайда болушат. Жалпы  - бул абстракция. Аалам жеке заттардан турат.

**Ибн-Рушдун** окуусу боюнча материалдуу дүйнө убакытта түбөлүктүү, бирок мейкиндикте чектелген. Философ  кудайдын «жок нерседен» дүйнөнү жаратуусу туурасындагы диний формуланы четке кагат. Кудай – реалдуулуктун түбөлүктүү булагы, материя – болмуштун жеке негизи – мүмкүнчүлүктүн түбөлүктүү булагы. Материя менен форма  бири-биринен ажыроо менен пайда болушпайт. Андыктан материя менен форма жекеликти, мүмкүнчүлүктү түзүшөт, реалдуулук  дагы  жекеликти пайда кылышат. Кыймылдын универсалдуу жана түбөлүктүү булагы  - материя. Кыймыл түбөлүктүү жана үзгүлтүксүзү, же ар бир жаңы кыймыл кийинкиси менен чакырылат. Ибн-Рушдун философиясындагы материалистик элементтер идеализм менен айкалышат. Ибн-Рушдун пикиринде бардык пайда болуучулар өзүнө кудай ээлеп турган иерархияны, туу чокуну – болмуштун «соңку себебин» камтып  турат. Кудай  - бул «алгачкы  кыймылдаткыч», космостук организмдин мотору же жүрөгү болуп саналат.

Лекциянын логикалык конструкциясына ылайык, эми лектор араб тилдүү философиянын кийинки агымы – «тазалык бир туугандарын» кароого өтүүсү зарыл. Аталган агымдын маңызын ачып берүүдө лектор студенттерге «тазалык бир туугандары » окуусу синкреттик мүнөзгө ээ экендигин кабарлоосу абзел. Логика менен физикада алар Аристотелге, медицина менен психологияда –Галенге, жалпы философиялык маселелерде болсо неоплатонизм менен неопифагореизмге таянышкан. «Тазалык бир туугандары» бардык диндер менен философиялык билимдердин биригишүүсүнүн жактоочулары болушкан. Мындай биригүүнүн негизи катары алар динди жаңылыштыктардан куткарган илимий жана философиялык билимдерди эсептешкен. Жогорку деңгээлге жетүү үчүн алар грек философиясы менен мусулман шариатын (Куранда негизделген диний, турмуш-тиричиликтик жана жарандык мыйзамдарды салыштыруу) бириктирүү зарыл деп эсептешкен.

Андан ары араб тилдүү философиясынын кийинки агымдарын кароого өтүү менен студенттерге суфизм менен диний-мистикалык философия (мутакаллимдер) материализм менен рационализмге (мутазилиттер) карата болгон каршы реакциясы болгон. Эгерде мутакаллимдер Курандын тамгасынан келип чыккан болсо, б.а. сөзмө-сөз Куранды талап кылышса, анда мутазилиттер эркин ой жүгүртүүнү жарыя кылышкан. Мутазилиттик доктринанын райионализми акыл-эстин ишенимдин үстүнөн болгон приоритетин эсептөөдө жана Кудайдын «кудайдык маңызын» четке кагуусунда берилген, бул өңүттө философия менен мутазилизмдин ортосунда абсолюттуу чеги жок.

Суфизм – кечилдик-мистикалык мүнөздөгү окуу. Ал сезимдик жана рационалдык таанымдын нукуралыгын четке кагып, аскетизмди даңазалаган. Чыныгы билим, суфийлердин окуусу боюнча адамдын жаны менен кудайдын камыр-жумур болуусунда гана кудайдык жаркыратуу жолу менен жүзөгө ашат. Ортодоксалдык жана еретикалык суфизм болгон. Суфизмдин сырткы диний-мистикалык кабыкчасынын алдында чыгыш ойчулдары гуманистик, кээде болсо тескери диний идеяларды билдиришкен. Суфизмдин негиздөөчүлөрү болуп Аль-Мухасиби (IX) жана Абу Азиз (847-ж. өлгөн) эсептелишет.

Мусулмандык ортодоксия тууразында кеп кылуу менен лектор исламдын апологетикасы рационалдык далилдердин жардамы менен АльАшари (874-935) жана Аль-Газали (1059-1111) алекенгендигин баса белгилей кетүү керек.

Кудайдын алдын ала көрүүсү, дүйнөнүн жаралуусу жана кереметтердин ыктымалдуулугу туурасындагы догматтарды далилдөө үчүн Аль-Ашари

жана анын жолун жолдоочулары атомистиканы пайдаланышкан. Ашаринин окуусу боюнча, кудай - бул бардык пайда болуулардын жана дүйнөдө болуп жаткандардын жеке себеби. Дүйнөнүн түбөлүктүүсү, заттардын дайыма болуп туруучу касиеттери жок, алар баары кайрадан кудай тарыбанын жаратылат; кудай оң субстанцияларды жана терс акциденцияларды берди (жашоо жана өлүм, кыймыл жана тынчтык).

Аль-Газали чыгыш перипатетиктеринин философиясындагы натуралистик жана рационалистик элементтеринин мутакаллимдер менен суфийлердин концепциясынын синтезинин негизиндк сынга дуушар болгон. Негизинен анын сыны дүйнөнүн түбөлүктүүлүгү жана анын мыйзам ченемдүүлүгү туурасындагы окууга, жеке өлбөстүктү четке кагууга каршы багытталган. Газалинин пикиринде дүйнө кудай тарабынан жок нерседен жаратылган, кудайлык алдын ала көрүү дайыма заттардын жүрүшүнө киришет. Ашари сымал Газали табияттагы себептүүлүктү четке кагып, биз себептик байланыш деп атагандар убакыттагы окуялардын көнүмүш ырааттуулугу деп жар салат.

Лекцияны аяктап жатып, лектор студенттерге азыркы мезгилде орто кылымдык философиянын ролуна баа берүүдө оң жана терс деген эки өңүтү бар.

Эгерде анын терс ролу анын жалпы жонунан теологиянын алкагында өнүгүп, акыр аягында анын маңызы катары теологияны бекемдөөнүн жалпылоосунда, ишенимди «рационалдуу» негиздөөсү болуп эсептелет Диний-теологиялык формага чиркөөлүк ортодоксия эле эмес, оппозициялык еретикалык агымдардын философиялык көз караштары жана аргументациялары ээ, о.э. оң тенденциялар төмөнкүдө берилет:

1. Орто кылымдык философия менен негизделген диний-рухий баалуулуктардын негизинде гана акырындык менен антикалык мамлекеттүүлүктүн жана маданияттын кыйрашынын себеби болуп эсептелген терең социалдык-саясий жана рухий кризис багындырылган. Христианчылыктын, о.э. исламдын диний идеологиясы, азыркы күндөрү да саясий картадагы Европа менен Азияда пайда болушкан мамлекеттердин пайда болуусун жана бекемделүүсүн жөнгө салган цементтештирүүчү рухий күч ролун ойной алды.

2. Орто кылымдын ойчулдары бир катар чечүүчү түшүнүктөрдү жана философиянын маселелерин иштеп чыгууда олуттуу салымдарын кошушкан, алардын катарына ишеним жана акыл-эс категориялары, абстрактуу менен конкреттүүнүн карым-катнашы, маңыз менен көрүнүш, логикалык далилдөөлөрдүн, социалдык процесстин маселелери кирет. Аталган мезгилде

философиялык билимдердин негизги бардык структуралык бөлүктөрү, өзгөчө онтология, гносеология, логика, антропология олуттуу өнүккөн.

3. Ошентип, Батыш менен Чыгыштын орто кылымдык философиясы коомдун нравалык түзүлүштөрүнүн бекемдөөсүнө олуттуу салымын кошуп, диний моралды салыштырууну иштеп чыгып, түбөлүктүү, жалпы адамзаттык нравалык баалуулуктарды, этникалык тийиштиги менен социалдык абалына карабастан кудайдын алдындагы бардык адамдардын теңдик идеясын жарыялоо менен адамдарды эки жакту чыдамкайлыка жана сүйүүгө тарбиялаган.

## 5-тема. Кайра Жаралуу доорунун философиясы

Кайра Жаралуу доорунун философиясын анализге алуу менен лектор XV-к. баштап Батыш Европанын социалдык-экономикалык жана рухий жашоосунда бир катар өзгөрүүлөр болуп өтүп, тарыхка Кайра Жаралуу деген аталыш менен кирген жаңы доордун башталышын баса белгилей кетүүсү зарыл. Социалдык-экономикалык өзгөрүүлөр ой жүгүртүүлөрдөгү олуттуу алмашуулар менен коштолгон. Аталган өзгөрүүлөр баарынан мурда, маданий жана коомдук жашоонун бардык чйрөлөрүндү болуп жаткан секуляризация (дин менен чиркөө институттарынан куткаруу) процесси менен байланыштуу. Чиркөөгө карата болгон өз алдынчалыка экономикалык-саясий жашоо эле эмес, илим, искусство, философия да ээ болот. Чындыгында, аталган процесс адегенде абдан жай болуп, Европанын ар кыл өлкөлөрүндө ар башкача болгон.

Аталган жаңы доор өзүн антикалык маданияттын, жашоо образдын, ойлом, сезим ыкмаларынын кайра жаралуусу катары аңдап билет, ошондуктан ал «Ренессанс» же «Кайра Жаралуу» деген аталышка ээ. Чындыгында, ренессанстык адам жана маданият, философия антикалыктан олуттуу айырмаланып турат. Бирок Кайра Жаралуу өзүн орто кылымдык христианчылыка карама-каршы коет, бирок ал орто кылымдык маданияттын өнүгүүсү катары пайда болгон, ошондуктан өзү менен антикалыка таандык болбогон төмөнкүдөй чектерди алып жүрөт.

Аталган теманы изилдөөдө лекциянын төмөнкүдөй планы сунушталат:

1. Ренессанстын өзгөчө рухий маданияты.
2. Кайра Жаралуу доору жана Реформация.
3. Кайра Жаралуу доорунун натурфилософиясы.
4. Кайра Жаралуу доорунун социалдык-философиялык ойлому.

Биринчи суроону кароодо лектор аталган темадагы адабияттарга таянуу менен Кайра Жаралуу доорунун рухий маданиятынын өзгөчөлүгүн көрсөтүүсү зарыл жана о.э. ага таандык төмөнкүдөй негизги чектерди бөлүп көрсөтүүгө болот:

1. Эгерде байыркы философтордун көңүл борборунда -космос, орто кылымдарда - Кудай, ал эми Кайра Жаралуу доорунда - адам турат. Адам бул жерде - табияттык жандык эле эмес, өзүн өзү жаратуучу, ал ушунусу менен гана башка табияттык жандыктардан айырмаланып турат. Адам өзүн жеке жашоосунун жана тагдырынын жаратуучусу катары аңдап билүүсүнө жараша табияттын үстүнөн болгон чексиз бийлигин жүргүзөт.

2. Кайра Жаралуу доорунда индивид кыйла чоң өз алдынчалуулука ээ болуп, көпчүлүк учурларда өзүн өзү камтып, адамдын жаңы өздүк таанымы жана анын коомдук өңүтү келип чыгат: сыймык жана өздүк калыптануу, жеке күчүнүн жана талантынын аң-сезими адамдын айырмачылык сапаттары болуп калышат. Ар тараптуулук - кайра жаратуучулук адамдын идеалы.

3. Аталган мезгилдеги рухий атмосферанын бирден-бир мүнөздүү чектеринен болуп светик маанайдын байкалаарлык жандануусу эсептелет. Светтик маанайдын жандануусун эски салттарга жана өбөлгөлөргө радикалдуу жаңы баа берүүнү жүзөгө ашырган табигый билимдердин өнүгүүсү жөнгө салып турат. Ал бир катар доордук ачылыштарды алып келип, жаңы философиянын бирден-бир маанилөө булагы болуп калат. Орто кылымдарда үстүмдүк кылган илимдин философиялык жана методологиялык негиздери четке кагылып, жаңылар түзүлөт.

4. Светтик мүнөз гуманизм сыяктуу Кайра Жаралуу маданиятынын ачык көрүнүшүнө да таандык. «Гуманизм» термини латынчадан humanitas (адамгерчилик) илимге биздин заманга чейин I-кылымда эле атактуу римдик оратор Цицерон (б.з.ч. 106-43-жж.) тарабынан киргизилген. Ал үчүн humanitas - бул адамды жогорулатууга мүмкүндүк берген тарбия менен билимди түшүндүрөт. Адамдын рухий табиятынын өркүндөөсүндө негизги роль грамматикадан, риторикадан, поэзиядан, тарыхтан, этикадан турган дисциплиналардын комплексине берилген. Аталган дисциплиналар гана ренессанстык маданияттын теоретикалык базасы болуп, «studia humanitas» (гуманитардык дисциплиналар) деген аталышты алышкан.

Кеңири мааниде гуманизм адамгерчиликти, адамдын татыктуутурмушу үчүн зарл болгон шарттарды түзүүнү түшүндүрөт. Качан гана адам өзү, өзүнүн дүйнөдөн алган орду жана ролу, өзүнүн маңызы жана жашоосу, жашоонун маңызы жана максаты тууралуу ой толгой баштаганда гуманизм башталат. Аталган терминдин мындай чечмеленүүсү азыркы күндүрдө да колдонулат. Бирок көз караштардын бүтүн системасы жана коомдук

ойломдун кеңири агымы катары гуманизм Кайра Жаралуу доорунда пайда болгон.

5. Аталган мезгилдеги рухий маданияттагы өзгөчө орунду жогоруда айтылгандай философия жана ага таандык бардык чектер ээлеп турат. Кайра Жаралуу доорунун маанилүү өзгөчөлүктөрү- аталган мезгилдеги ойчулдардын көз караштарынын жана эмгектеринин антисхоластикалык багыттуулугу. Анын башка мүнөздүү чектери - Кудай менен табиятты дал келиштирген дүйнөнүн жаңы деистик жана пантеистик сүрөтүн түзүү.

Ренессанстын рухий маданиятынын өзгөчөлөгөн кароо менен лектор ар кыл шарттарда өтүүчү, өзүнүн мүнөздүү чектерине жана мезгилдерине ээ Батыш Европанын рухий жана маданий кайра түзүлүүсүнө өзгөчө көңүл буруусу зарыл. Биринчи, эрте мезгилде, б.а. XIV-XV-кк. жаңы маданият баарынан мурда «гуманистик» мүнөзгө ээ болуп, негизинен Италияда орун алган. Италиялык гуманизм мазмуну катары антикалык тилдерди, адабиятты, искусствону жана маданиятты изилдөө, таратуу болуп эсептелген адабияттык, филологиялык иретинде мүнөздөлөт.

Италиялык гуманизмге **Данте Алигьери** (1265-1321) негиз салган. Ф.Энгельс аны колоссалдык фигура, Орто кылымдын акыркы жана Жаңы мезгилдин биринчи акыны катары мүнөздөгөн (К.Маркс, Ф.Энгельс .Соч. 22-т. 382-б.). Христиандык догматиканы Данте өзгөрүлгүс чындык катары кабыл алат, бирок кудайлык менен адамзаттыктын мамилесине жаңы баяндоону берет. Адам эки жактуу ыкма менен детерминацияланган: бир жагынан, кудай, экинчи жагынан - табият менен. Жыргалчылыка демек эки жол алып барат, алар: философиялык окуулар, б.а. адамзат акыл-эси жана айык рухтан келип чыккан «рухий окуулар».

Дантенин гуманизми антиаскеттик формада болуп, адам күчүнүн ишенимине жык толгон. Адам өзүнүн жыргалчылыгы үчүн өзү жооп берет, чечүүчү катары бул жерде анын инсандык сапаттары эсептелет, бирок кандай гана болбосун байлык же мурастык абалы эч кандай мааниге ээ эмес. Дантенин мындай көз караштары «Комедия», андан кийин «Пир» жана «Монархия» эмгектеринде берилген.

Дантенин идеяларын улантуучу болуп италиялык гуманистик ойломдун бирден-бир көрүнүктүү өкүлү Падуиден чыккан **Марсилий** (1278-1348) эсептелет. Ал өзүнүн саясий окуусунда («Защитник мира» эмгегинде) XVII-XVIII-жүз жылдыктагы буржуазиялык революциялардын окуяларын алдын ала көрө билип республикалык идеяларды калыптандырган.

Ал чиркөө да, мамлекет да кудайдык табиятка ээ эмес, бирок адамзат бийлигинин жана адамдардын коомдук уюшулуусунун ар кыл формалары

болуп эсептелет деген жыйынтыка келген. Данте сыяктуу эле ал адамзат бактысынын эки негизги өбөлгөсү - дүйнө жана монархтын б

ийлигине таянган. Башчылык элге таандык болгон, жарандар мыйзам чыгаруучу бийлике ээ болушуп, өз эркин чогулуштарда добуш берүү менен билдиришкен. Эл ар кандай бийликтин булагы болуп эсептелип, анын концепциясын схоластикалык орто кылымдан айырмалап, коомдук келишим туурасындагы кеч концепцияларга жакындаган

**Франческо Петрарка** (1304-1374) «алгачкы гуманист» болуп эсептелет, аны «гуманизмдин атасы» деп аташкан. Христианчылыкты ал кабыл алган, бирок анын схоластикалык эмес интерпретациясын тандаган. Ал адамдын активдүү өздүк жүзөгү ашырылуу идеясына жакындайт, анын антропоцентризми орто кылымдык теоцентризмге тең салмактуулук катары кызмат кылат. Петрарканы баарынан мурда, адамдын ички, этикалык маселелери кызыктырган жана Ренессанс доорундагы индивидуализмдин белгиси болуп эсептелет. «Менин сырым» аттуу философиялык диалогунда ал адамдын терең ички конфликтерин жана аларды багындыруунун ыкмаларын ачып берген. Петрарканын чыгармачылыгы жердеги мүнөзү, адамдын кубанычтары менен сезимдерин толук түшүнүү менен айырмаланып турат.

XV-кылымдын экинчи жарымындагы гуманистик ойлом жаңы идеялар менен байытылган, алардын эң маанилүүсү катары адамдын башка жандыктарга салыштырмалуу өзгөчү касиеттерин жана дүйнөдөгү ээлеген абалын көрсөтүп турган инсандын кадыр-баркы идеясы эсептелет. Ушуга ачык мисал катары Пико Мирандоланын (1463-1494) Кудай өзүнүн образы, келбети боюнча адамды жараткан жок, бирок ага өзүн өзү жаратууга мүмкүнчүлүк берди деген пикирин айтсак болот. Пиконун гуманистик антропоцентризминин кульминациясы болуп адамдын кадыр-баркы анын эркиндигинде камтылып тураары эсептелет: ал ким болууну кааласа, ошол боло алат.

Теманын экинчи суроосунун маңызын ачып берүүдө, лектор студенттерге Ренессанс менен Реформациянын ортосунда кандай байланыштар, карым-катнаштар бар экендигин көрсөтүүсү зарыл. Студенттерге аталган маселе талаш-тартыштуу экендигин түшүндүрүү зарыл. Кээде философиялык адабиятта алардын ортосунда карама-каршылык бар экендиги туурасындагы пикир айтылат, алар Ренессанс - эл аралык, жалпы европалык көрүнүш, ал эми Реформация болсо - болгону улуттук (немистик) гана көрүнүш. Эгерде Ренессанстын идеялары жогорку буржуазиялык катмарларды гана активдештире алса, тескерисинче чиркөөнү жана анын окууларын өзгөртүү идеялары - Реформациянын башкы мазмуну

иретинде - өзүнүн пайда болуу шарттарына карабастан диний элестөөлөргө байланып калган коомдун ортоңку жана төмөнкү катмарларын мобилизациялоого жөндөмдүү болушкан.

Орто кылымдык схоластиканы багындыруу процессии эки жактуу жүзөгө ашат: бир жагынан Ренессанс, экинчи жагынан - европалык Реформациянын жолу аркылуу. Эки агым тең бири-биринен орто кылымдык философиянын жана идеологиянын сындык ыкмасы менен айырмаланышып, анын кризисинин көрүнүшү катары кызмат кылат жана Жаңы мезгилдин философиясынын негизин түзүүнүн өбөлгөлөрүн пайда кылышат.

Европалык реформатордук кыймыл, анын алгачкы кадамдары үчүн олуттуу мааниге англиялык реформатор **Виклифтин** жана анын жолун жолдоочулары **Ян Густун** окуулары ээ. Алардын окуулары реформатордук антифеодалдык идеологиянын алгачкы көрүнүшү болуп эсептелет. Виклиф менен Гус чиркөөгө чоочун, паразиттик билим катары чабуул жасашкан; бул жаатта алардын көз караштары дал келишет.

XVI-кылымдын башталышы римдик-католиктик чиркөөнүн ири кризиси менен белгилүү болгон. Анын нравалык кулашынын апогеи жана өзгөчө наразычылыктын предмети иретинде индульгенцияны - күнөөлөрдү кечирүүчү баракчаларды сатуу болгон. Аларды сатуу кылмышты эч кандай өкүнүүсүз эле жуу, о.э. келечектеги жүрүм-турумдарга укукту сатып алуу мүмкүнчүлүгүн ачып берген.

Ушуга байланыштуу **Мартин Лютер** (1483-1546) кудай менен адамдын ортосундагы жеке далдалчы катары чиркөөгө каршы чыккан. Анын «индульгенцияга каршы 95 тезис» аттуу ачык чыгуусу ушул маселени козгогон. Анын пикиринде адам Кудай тарабынан тартууланган ыйык аян чагылдырылган Библияга ишенүү аркылуу гана «жанын күнөөдөн куткара» алат. 5-7-тезистер төмөнкүдөй принципиалдуу корутундуларга арналган: чиркөө күнөөгө баткан адамдарды Кудайдын жазасынан куткара албайт, ал эми Рим Папасы адамдарды Кудайдын эмес, өзүнүн гана эрежелерин же токтомдорун бузгандыгы үчүн жазалай алат. Ал 30-40-тезистерде Рим Папасынын атынан чиркөө тарабынан сатылган индульгенциялар аркылуу күнөөгө баткан адамдарга тиги дүйнөдөн бейишти убада кылган дин кызматкерлерине наалат жарыялаган. 41-51-тезистерде Лютер Римдеги Ыйык Петрдун чиркөөсүн куру үчүн зарыл болгон каражатты топтоо максатында гана индульгенциялар сатылып жаткандыгын далилдеп, чиркөө менен дин кызматкерлеринин айыбын ачкан.

Дүйнөлүк акыйкатсыздыкты жоготууга болбойт, ага болгону чыдап, баш ийүү гана керек. Христиандар ага каршы чыкпай, бийлике баш ийүүлөрү абзел.

Реформатордук кыймыл **Ульрих Цвингли** (1484-1531) жана **Жан Кальвин** (1509-1564) тарабынан өнүктүрүлгөн. У.Цвинглинин реформатордук кыймылга кошкон олуттуу салымы катары чиркөөгө радикалдуу реформа жүргүзүү эсептелет, алсак: дин кызматкерлеринин өзгөчө катмар деген статусун алып салуу; чиркөөнүн байлыгын мамлекетке өткөрүп берүү; чиркөөлүк үрп-адаттарды ликвидациялоо.

Реформациянын биринчи толкунунун басаңдашынан кийин француз теологу Ж.Кальвиндин исандыгы менен байланышкан экинчи толкун башаталат, анын көз караштары диний эле көз караштарга ээ болбостон, социалдык-саясий жана философиялык маңызга да толтурулган. Анын догмалары буржуазиянын эң эр жүрөктүү бөлүгүнүн кызыкчылыктарын билдирип турган.

Кальвин дагы Лютер карманган өңүттө турган, б.а. жер бетиндеги жашоо – бул куткарууга кеткен жол, бул жашоо-турмушта бардыгына чыдоо керек ж.б.у.с. Ал, бирок христианиндин жер бетиндеги жашоонун иштерине активдүү аралашуудагы чоң мүмкүнчүлүгүн баса белгилеген. Светтик жыргалчылыктарга болгон жакындык байлыктарга ээ болуу жана аларды көбөйтүү менен байланышкан, болгону кудайдын эркине ылайык байлыктарды ченеми менен пайдалануу зарыл. Кальвиндин алдын ала аныктоо туурасындагы окуусу жаш буржуазиянын колунда болгон. Аталган окууга ылайык кимдин куткарыларын жана куткарылбасын кудай өзү аныктайт.

XV-XVI-жүз жылдыктын аралыгында Ренессанстын гуманистик ойлому болгону италиялык тамыр менен эле чектелип калбастан, баардык дээрлик европа өлкөлөрүн камтыган. Европа гуманизминин пайда болуусуна жана өнүгүүсүнө италиялык гуманизм эле эмес, баарынан мурда, феодализмдин кризиси менен кээ бир европа өлкөлөрүндөгү капитализмдин алгачкы башталуусу да олуттуу таасирин тийгизген. Алардын ичинен белгилүүсү болуп гуманистердин католицизмдин үстөмдүк кылуучу идеологиясы жана философиясы менен терс кагылышуусу эсептелет. Кээ бир учурларда гуманистер реформатордук кыймыл жана анын идеологиясы менен да конфликтерге барышат. Мындай карама-каршылыктар, баары биригип, албетте, жашоодо адам эркиндиги, уят-сыйыт, ишеним, сын жана чыдамкайлык туурасындагы элестөөлөрдү пайда кылат.

Европалык гуманизмдин мындай жаңы толкунуна **Эразм Роттердамский** (1469-1536) менен **Мишель де Мотень** (1533-1592) таандык.

Э.Роттердамскийге болуп көрбөгөндөй таанымалдуулукту анын «Похвала глупости» атуу китеби алып келген, анда ал өзүнүн бүткүл

турмуштук тажрыйбасын көрсөтүп, орто кылымга, католиктик иеархиянын жалган моралына болгон жийиркенүүсүн билдирген.

Эразм нукура христиандык моралга кайтып келүүнү талап кылган. Христианчылык догматизмден, схоластикалык жалган илимдүүлүктөн арылуусу зарыл. Аскетизм, жер бетиндеги жашоодон, анын кереметтеринен баш тартуу аморалдуу болуп эсептелет, жашоонун маңызы турмуштук жыргалчылыктарды пайдаланууда турат.

Дин башкармалыгынын жана чиркөөлүк бейбаштык паразиттик жашоосун сынга алуу Эразмды Реформация менен жакындаткан, бирок ал өзү лютеранчылык тарапка өтүп кеткен. Ал чиркөөнү догматизмден арылтуу католиктик салттар менен гана мүмкүн экендигине ишенген. Эразмдын пикиринде, коомду гумандаштырууга жана чиркөөлүк мамилелердеги өзгөрүүлөргө терең сабаттуу башкаруучунун жетекчилиги алдындагы билимдин жардамы аркасында гана жетүүгө болот.

Ренессанстын улуу француз гуманисти **Монтень** жогорку билимдүү адам жана схоластиканын каршылашы катары кадыр-барктуулука (Аквинскийдин, Аристотелдин, Платондун ж.б.) баш ийген университеттик философиянын маңызсыз академиялуулугун четке каккан. Ал негизги басымды ой жүгүртүүлөрдүн өз алдынчалуулугуна жасаган. Скептицизм ал үчүн сокур кадыр-барктарга баш ийбеген жеке акыл-эсинин талаш-тартышындагы чындыка жетүүнүн ыкмасы гана болгон. Монтень чектелген, өнүкпөгөн таанымын аңдап билүү процесси катары түшүнүү менен таанымдын кийинки баскычынын өбөлгөсү болуп эсептелет.

Монтень адамзат инсанынын көз карандысыздык жана өз алдынчалык идеяларын катуу колдогон. Ал адамдын өз алдынча, эркин ойломун кысымга алган көңүл коштукту, бузукулукту жана наадандыкты келекелеген.

Кудайга ал спектикалык мамиле кылган: кудайды таанып билүүгө болбойт, ошондуктан ал адамзаттын иштерине жана алардын жүрүм-турумдарына эч кандай тиешеси жок. Анын диний чыдамкайлыка болгон көз караштары кыйла прогрессивдүү болгон: бир дагы дин чындыктын алдында артыкчылыка ээ эмес.

Монтеньдин гуманизми натуралистик мүнөзгө ээ: адам табияттын бир бөлүгү, өзүнүн жашоосунда ал табият -үйрөтүп окуткан нерселер менен жетекчилике алынышы зарыл. Философия устаттын ролунда кызмат аткарып, жансыз догмалардын, принциптердин, кадыр-барктуу насааттардын жыйындысы болбостон, туура, табигый, боорукер жашоого алып келүүсү абзел.

Теманын үчүнчү суроосун анализге алууда лектор XVI-к. экинчи жарымында жана XVII-к. башында аренага спецификалык философиялык

чөйрө – табият философиясы чыккандыгына таянуусу зарыл. Бир караганда антикалык ойломдун космоцентризмине кайрылуу болгондугун байкоого болот. Бирок табиятты түшүнүү, адамды чечмелөөдөгүдөй эле Кайра жаралуу философиясы өзүнүн спецификасына ээ.

Аталган специфика табият философиясынын келүүсү гуманистик философиянын жана жаңы табигый билимдердин бардык кийинки өнүгүүсү менен даярдалгандыгынан көрүнүп турат. Ушул айлампалуу мезгилде адам жаңы горизонтторду ачып, бул дүйнөдөгү өзүнүн бекем, чыгармачыл жана эркин орношуу мүмкүнчүлүгүндөгү ынанымга келип, дүйнөнүн табигый мүнөзүн жана өзүн-өзү таанып билүү жөндөмдүүлүгүнө ишенет, эркиндиктин идеалдары дүйнөгө универсумдун пантеистик чечмеленишин берген, жаңы табият философиясы жаралган рухий климат болуп эсептелет.

Илимдеги жаңы тенденциялар Николай Кузанскийдин (1401-1464), Леонардо да Винчинин (1452-1519), Николай Коперниктин (1473-1543), Джордано Брунонун (1548-1609), Иоганн Кеплердин (1571-1630) жана Галилео Галилейдин (1546-1642) чыгармачылыгында кеңири чагылдырылган.

**Николай Кузанский** өз мезгилиндеги башка философтор сыяктуу эле неоплатонизмдин салттарына таянган. Дүйнөнүн, ааламдын келип чыгуу идеясын ал неоплатониктердин эманация принцибине ылайык өнүктүргөн. Анын пикири боюнча дүйнөнүн чексиз мүмкүндүгү жана абсолюттуу биримдиги болуп эсептелген Кудай өз кучагына табигый жана коомдук дүйнөнүн көп түрдүүлүгүн камтып турат. Дүйнөнүн пайда болушу мүмкүндүктүн чындыка айланышынын натыйжасы болуп саналат. Чексизден чектүүнүн, жекеден көптүн, абстрактуулуктан конкреттүүлүктүн «чексиз» туулушу болуп турат.

Кузанскийдин патенистик окуусуна ылайык, схоластикалык ой жүгүртүүгх мүнөздүү болгон Кудай менен жаратылыштын өз алдыча жашоосу тууралуу идеяны четке каккан. Анын пикиринде Кудайдын азыркы дүйнөдөгү болмушу бул дүйнөнүн Кудайдагы болмушу болуп саналат. Ошентип, ал рухий жана материалдуу элементтердин биримдигинен турган бир бүтүн дүйнө тууралуу философиялык системаны иштеп чыккан (Н.Кузанский. Соч. в 2 томах. Т. 1. – М.: Мысль, 1979. 134-б.).

**Леонардо да Винчи** (1452-1519), гениалдуу сүрөтчү, улуу окумуштуу, таланттуу ойлоп табуучу (анын долбоорлорунун ичинде – танканын, парашюттун, шлюздун идеялары) бардык билим тажрыйба менен башталып, тажрыйба менен аяктайт деп эсептеген. Бирок эксперименттердин нукура далилдүү натыйжаларын теория гана берүүгө жөндөмдүү. «Илими жок тажрыйбага ашык болуу - бул бургучу (рулу) же компасы жок кемени

башкарууга барабар;  ал кайда сүзүп бара жатканын өзү билбейт. Тажрыйба дайыма жакшы теорияда  тургузулушу зарыл…Илим  - аскер башчы (полководец), ал эми тажрыйба – аскерлер» (Леонардо да Винчи. Об истинной и ложной науки // Антология мировой философии. Т. 2. – М.: Мысль, 1970. 87-б.).

Аталган мезгилдеги табигый билимдердин бирден-бир олуттуу жетишкендиктеринен болуп Николай Коперниктин дүйнөнүн гелиоборбордук системасын түзүү эсептелет. Коперниктин окуусуна ылайык, Жер, биринчиден, өзүнүн нугу менен айланат, ал күндүн түнгө айлануусу, о.э. асман жылдыздарынын кыймылы менен түшүндүрүлөт. Экинчиден, Жер Коперник дүйнөнүн борборунажайгаштырган  Күндүн айланасында айланат. Ошентип, Коперник  Аристотель менен Птоломейдин  гелиоборбордук системасынын принцибин кыйратып, космостун түбөлүксүздүгү туурасындагы элести да четке каккан. Коперник Аалам өлчөнгүс жана чексиз деп  эсептөө менен аны  «чексиздике окшош» деп атоо менен бир эле мезгилде Жердин көлөмү Ааламдын көлөмүнө салыштырмалуу кыйла кичинелигин көрсөткөн.

Натурфилософия кыйла терең натыйжаларга Джордано Брунонун чыгармачылыгында ээ болгон. Орто кылымдык теизмге кас болгон өзүнүн пантеистик окуусун түзүүдө Бруно  Николай Кузанскийге эле эмес,  Николай Коперниктин гелиоборбордук астрономиясына да  таянган.

Космосту чексиз кудай менен жакындаштырууда Бруно түбөлүктүү космосту алган.  Андан ары жаратуучу менен жаралуунун ортосундагы чекти алып салуу менен Бруно бөлүнгүстүн башталышы катары форманын салттуу карама-каршылыгын кыйратат. Ошентип Бруно орто кылымдарда Кудайга тийиштүү болгондорду, тагыраак айтканда активдүү, чыгармачыл импульсту табияттын өзүнө берет. Ал Платон менен Аристотелдин мезгилинде  формага гана таандык болгон жашоо менен кыймылдын башталышын материяга берүү менен андан ары жолун улаган. Брунонун пикиринде табият – бул «заттардагы кудай».

**И.Кеплер** «Дүйнөнүн гармониясында» планеталар күндүн тегерегинде идеалдуу-айлампалык орбита менен эмес, элиптикалык түрдө айланып жүрүшөт, планеталар күндүн айланасында  бирдей эмес кыймылда болушат деген корутундуну негиздейт.  Кеплердин планеталардын кыймылынын мыйзамын ачуучу жана аталган мыйзам түшүнүктөрүнө математикалык чечмелөө берип, аларды антропоморфизмдин жана мифологиянын элементтеринен бошотуусу таза физикалык элестөөлөр менен байланышат. Ошону менен бирге адамзат таанымынын өнүгүүсүнүн тарыхында биринчи жолу табият мыйзамынын түшүнүгү илимий мазмунга ээ болду.

Галилео Галилей коперниктик-птоломейдик окууга салыштырмалуу анализ жүргүзүү менен дүйнөнүн жа ңы сүрөтүн эле бербестен, дүйнөгө көз караштык жактан эксперименттик-математикалык табигый билимдин негизги принциптерин негиздеген.

Галилей табиятты эксперименталдык изилдөөнүн эки негизги методун бөлүп көрсөткөн:

-аналитикалык – математиканын, абстракциянын жана идеализациянын каражаттарын колдонуу менен сезимдик тажрыйбаны прогноздоо;

-синтетикалык-дедуктивдик – сандык карым-катнаштардын базасында көрүнүштөрдү интерпретациялоодо, аларды түшүндүрүүдө колдонулган кээ бир теоретикалык схемалар иштелип чыгат. Бирок Галилейдин механикалык материализм дүйнөгө болгон деистик көз караштар жана метафизика менен айкалышкан.

Жаңы доор жашоо-турмушка коомдун маңызы, адамдын табияты ж.б.у.с. жаңы элестөөлөрдү алып келди. Кайра жаралуу философиясындагы өзгөчө орунда мамлекеттин проблемаларына арналган концепциялар турат, алар реалистик принциптерге негизделген Николло Макиавеллинин (1469-1527) саясий теориялары, Томас Мор (1478-1535) менен Томмазо Кампанелланын (1568-1639) социалдык утопиялары.

Алардын ичинен эң ириси жана оригиналдуусу болуп италиялык ойчул, тарыхчы жана мамлекеттик ишмер Николло Макиавелли эсептелет.

Макиавелли саясатты теологиялык жана диний элестөөлөрдөн ажыратат. Саясат болгону адамзат ишмердүүлүгүнүн автономдуу гана тарабы, ал эркин адамзат эркинин зарылдыктын алкагындагы («Фортунанын») жүзөгө ашырылуусу болуп эсептелет. Саясатты кудай же мораль аныктабайт, аны тажрыйба, жашоонун табигый мыйзамдары жана адамзат психологиясы аныктайт. Макивелли мамлекеттин жыргалчылыгы менен кубаттуулугун саясаттын жогорку мыйзамы түзөт жана аталган максатка жетүү үчүн бардык аморалдык каражаттар – сатып алуулар, киши өлтүрүү, ууландыруу, арамзалык ж.б. колдонулат. Күчтүү борбордук мамлекетти түзүү жолуна турган башкаруучу өзүндө арстан менен түлкүнүн сапаттарын айкалыштыруусу зарыл. Макиавелли сунуш кылган саясат – камчы менен пряник саясаты. Анын негиздери саясий максаттарга жетүү каражаттарын жана тартынчаактыкты билбеген макиавеллизм аталышына ээ болгон.

Капиталды баштапкы топтоо менен байланышкан капитализмдин алгачкы пайда болуу мезгилинде татаалдашкан социалдык дифференциация менен байланышып, көрүнүштөргө сындык мамиле жасаган теориялар пайда болушат. Мындай теорияларга «Утопия» жана «Город солнца» аттуу

чыгармаларда чагылдырылган Томас Мор менен Томаззо Кампанелланын көз караштарын таандык кылсак болот.

Тарыхчылар баса белгилегендей, Томас Морго өлбөс-өчпөч атак-даңкты анын «Утопия» аттуу чыгармасы (сөзмө сөз которгондо u –жок, topos- орун) алып келген. Томас Мордун «Утопиясы» Англиядагы коомдук тартиптин курч сынынан башталат. Бардык социалдык кырсыктардын булагын ал жеке менчиктин болуусунан көргөн, ошондуктан коомдук мамилелерди өзгөртүү зарыл. Бирок бул нерсени мыйзамдуулук жолу менен гана жасоого болбойт. Утопия аралындагы мамилелердин үлгүсүндө коомдук менчикти, жогорку уюшулган өндүрүш, коомдук байлыкты акыйкат жана тең бөлүштүрүүгө кепилдик берген максаттуу жетекчиликти конкреттүү демонстрациялайт. Бардык адамдар эмгек кылуу укугуна ээ болушуп, иштөөлөрү зарыл ж.б.у.с.

Жүз жылдардан соң утопиялык идеялар италиялык ойчул Томмазо Кампанелланын «Город Солнца» аттуу китебинде кеңири өнүгүүгө ээ болгон. «Утопия» сыяктуу эле аталган чыгармада жеке менчик жок. Адамдар уруу болуп жашашкан, эмгек алар үчүн милдет эле эмес, бардык уруу мүчөлөрүнүн муктаждыгы, андыктан эмгеке болгон сый-урмат балалык кезден башталат. Мамлекеттин башында Метафизик же жөн гана Күн деп аталган жогорку башкаруучу турат. Ал бардык суроолорго жана талаш-тартыштарга акыркы чечимди чыгарат. Метафизикте үч үндүү жардамчысы бар, алар: Кубат, Акылмандык жана Сүйүү.

Кайра Жаралуу доорунун философиялык изденүүлөрүн кароону аяктоо менен анын мурастарынын бааларынын бир жакту эмес экендигин баса белгилей кетүү абзел. Жалпы ренессанстык маданияттын уникалдуулугун жалпы таанууга карабастан аталган мезгил узак убакыттар бою философиянын өнүгүүсүндө оригиналдуу болуп эсептелген эмес. Бирок аталган мезгилдеги философиялык ойломдун эки жактуулугу жана карама-каршылыктуулугу кийинки философиянын өнүгүүсүн төмөндөтүп, Ренессанс ойчулдарынын орто кылымдык схоластиканы багындырууда жана Жаңы мезгилдин философиясынын негиздерин түзүүдө сиңирген эмгегинен күмөн санатпоосу зарыл.

## 6-Тема. Жаны Мезгилдеги философия.

Жаңы мезгилдин философиясын кароодо студенттердин көңүлүн XVII-кылым философиянын өнүгүүсүндө жаңы мезгилдин философиясы деп аталган этапты ачып берген маселеге буруу зарыл. Кайра жаралуу доорунан

башталган феодалдык коомду чачыратуу процесси XVII-кылымда кеңейип, тереңдеген.

Жаңы буржуазиялык коомдун өнүгүүсү экономикада, саясатта жана социалдык мамилелердеги өзгөрүүлөрдү эле жаратпастан, адамдардын аң-сезимин да өзгөртөт. Коомдук аң-сезимдин мындай өзгөрүүсүнүн маанилүү фактору иретинде XVII-кылымда өзүнүн калыптануусун башынан кечирген илим жана баарынан мурда, эксперименттик-математикалык табигый билим эсептелет, XVII-кылымда бекеринен илимий революциянын доору деп аташпаса керек.

Албетте, ири социалдык-экономикалык алдыга жылуулар, алар менен байланышкан табигый билимдер жаатындагы улуу ачылыштар философиянын жаңы тарыхый этабынын пайда болуусун шарттаган. Жаң мезгилдин философиясы адамды, анын жеке сапаттары менен кадыр-баркын башкы баалуулук деп жарыялоо менен орто кылымдагы дүйнө таанымдан тап-такыр айырмаланган, ага окшобогон жаңы көз караштын программасын иштеп чыгууга аракет кылган.

Жогоруда айтылгандарга ылайык лекциянын төмөнкүдөй планын сунуштоого болот:

1. Жаңы мезгилдин философиясы;
2. Агартуучулуктун философиясы.

Биринчи суроого киришүү сөздө лектор Жаңы мезгилдин философиясынын төмөнкү башкы өзгөчөлүктөрүн ачып берүүсү зарыл:

1. Жаңы мезгилдин философиясында реалдуулука метафизикалык ыкма үстөмдүк кыла баштаган, ал кезде табият менен коомдун обөектери, о.э. алардын түшүнүктөрүн чагылдыруучулар биротоло өзгөрүлгүс деп эсептелишип, биринин артынан бири көз карандысыз түрдө изилдөөгө алынышкан.

2. Философиянын өнүгүүсүндөгү аталган мезгилдин мүнөздүү чектери болуп механицизм да эсептелип, ал биринчи иретте ошол мезгилдеги табигый билимдердин жетектөөчү чөйрөсү катары механиканын жобосу менен шартталган.

3. Жаңы мезгилдин философиясында жаңы күч-кубат менен материализм менен идеализмдин күрөшүнүн учкуну тутанат. Эгерде аталган мезгилдин башында материализм анын маңызын кийимде (мисалы, деизм формасында (лат. dues-кудай )маскировкалоочу кызматын аткарса, анда анын соңунда - XVIII-к. француз материализминде - идеализмди эле эмесе, динди дагы четке кагат.

4. Жаңы мезгилдин философиясындагы илимий таанымдын булагы жана универсалдуу методу туурасындагы суроолордун айланасында эки

конфликтешүүчү өңүт пайда болот: эмпиризм (сенсуализм) жана рационализм. Эмпиризм менен рационализмдин диллемасы бүткүл философиянын тарыхында пайда болгон, бирок XVII-к. аталган багыттардын өкүлдөрүнүн ортосундагы талаш-тартыш философиянын нерви болуп калган.

5. Жаңы мезгилде о.э. сенсуализмдин идеалистик версиясы, б.а. субъективдүү идеализм калыптанган. Идеалистик сенсуалистер тажрыйбаны туюп сезүүлөрдүн жыйындысы менен дал келиштирип субөективдештиришкен.

Андан ары лекциянын логикасына ылайык окутуучу эмпиризмдин көрүнүктүү өкүлдөрү Фрэнсис Бэкон (1561-1626), Томас Гоббс (1588-1679) жана Джон Локктун (1632-1704) көз караштарынын маңызын ачып берүүсү зарыл.

Улуу Британияда дайыма өзүнүн жолун жолдоочуларына ээ болгон эмпиризмдин негиз салуучусу, англиялык философ **Фрэнсис Бэкон** болгон. Анын доорундагы көпчүлүк ойчулдар сыяктуу эле, ал философиянын негизги милдети болуп таанымдын жаңы методун түзүү, ал эми илимдин максаты – адамзатка пайда алып келүү эсептелет. Анын пикири боюнча илимди «илимдин руху үчүн эмес, айрым окумуштуулардын талаш-тартышы үчүн эмес, жеке пайда жана атак-даңкты эңсөө үчүн эмес, бийлике жетүү үчүн эмес, башка пас ниеттер үчүн эмес, андан жашоо-турмуштун өзү пайда жана ийгилик табуусу үчүн өнүктүрүү зарыл. Ал философия реалдуу турмуштан оолактаган абстракту эмес, ага өтө жакын практикалык мүнөздө болуусу зарыл деп баса белгилеген. Илимдин негизги максаты – адамдын жаратылыш күчтөрүнө үстөмдүк кылуусу саналат.

Табиятка ээлик кылып, аны адамга кызмат кылдыруусу үчүн англиялык философтун пикири боюнча, изилдөөнүн илимий методдорун түп-тамырынан бери өзгөртүү зарыл. Орто кылымдарда, анан антикалык мезгилде илим Аристотелдин силлогистикасы үлгү катары эсептелген жалпы дедуктивдик методду колдонгон. Дедуктивдик методдун жардамы аркасында ойлом таасын жоболордон (аксиомалардан) жеке корутундуларга карай жылып отурат. Мындай метод, Бэкондун пикиринде далилдүү жана натыйжалуу болбойт, ал табиятты таанып билүү үчүн көп жарай бербейт. Ошондуктан Бэкон өзүнүн философиялык ишмердүүлүгүнүн бирден-бир башкы максатын нукура таанымдын жолунда турган адамдардын аң-сезимин бир катар спецификалык адашууларынан («идолдордон» же «тоскоолдуктар») көргөн. Бэкон таанымдын алдында турган адашуулардын же тоскоолдуктардын төрт түрүн, «идеолдордун» төрт түрүн бөлүп көрсөткөн. Бул – «уруу идолу», «үңкүр идолу», «аянт идолу» жана «театр идолу».

Ошондуктан, Бэкон бардык тааным жана ойлоп табуулар тажрыйбага таянышы зарыл, б.а. жекелик фактыларды изилдөөдөн жалпы жоболорго өтүүсүнө карай жылуусу зарыл. Ал эми мындай метод индуктивдүү деп аталат. Бэкондун пикиринде индукция – илим кемесинин компасы. Илимий метод туурасындагы ой жүгүртүүлөр анын «Жаңы органон» аттуу эмгегинде чагылдырылган (1620).

Бэкондук материализмдин систематизатору катары англиялык философ **Томас Гоббс** эсептелет. Гоббстун окуусунда дүйнө телолорунун жыйындысы, же телосуздук эч нерсе пайда болбойт. Ой жүгүртүүгө жөндөмдүү ойломду материядан ажыратууга болбойт. Материя - бардык өзгөрүүлөрдүн субөектиси, Гоббс – номинализмдин классикалык өкүлү; анын окуусу боюнча, реалдуу түрдө жекелик заттар гана пайда болушат, ал эми жалпы түшүнүктөр болгону заттардын ысымдары. Ар кандай билим ошондуктан өзүнүн булагы катары тажрыйбага ээ; тажрыйбанын бир түрү гана Гоббстун пикиринде, кабыл алуу, же алгачкы билим, башкасы болсо – заттардын ысымдары туурасындагы билим. Экинчи тажрыйбанын булагы – акыл, ал заттардын аталыштарынын жана ысымдарды байланыштыруу жөндөмдүүлүктөрүнө, б.а. сөздөрдү туура пайдалануу менен жакындаштырат.

Кыйла кеңири таанымалдыка Гоббстун мамлекет жана укук туурасындагы окуусу ээ болгон. Коом менен мамлекетти ал анын негизги элементтерине таратууга жана аларды табияттын жөнөкөй мыйзамдары менен түшүндүрүүгө болгон чоң механизм катары карайт. Ушуга байланыштуу Гоббс коомдун эки табигый жана жарандык абалын айырмалайт. Табигый абал туурасындагы түшүнүк адамзат мамилелеринен мамлекетке салынгандын баарын бөлүштүрсө, анда ал жүзөгө ашкан болот. Табигый, б.а. коомдука чейинки абалда адамдар өз табиятынын мыйзамдарына ылайык иш алып барышып, сокур сезимдерине баш ийишет. Адамдардын өз муктаждыктарын канаттандырууга далал кылуусу дайыма болуп туруучу конфликтерди жана алардын ортосундагы кагылышууларды жаратат, андыктан «баардыгынын баардыгына каршы согушу» абалы пайда болот. Бирок бул согуш өздүк сакталуу аракетине карама-каршы келет. Ошондуктан ар бири бардык нерсеге болгон укуктан баш тартып, ошону менен бирге эле өз укугунун бир бөлүгүн башкалардыкына которуусу керек болгон дүйнөнү издөө абзел. Аталган которуу келишимдин жардамы аркасында жүзөгө ашырылат, ал эми корутунду коомдун табигый эмес, жарандык абалынын пайда болуусун түшүндүрөт. Кээ бир адамдарды жалпы максатка багыттоо жана дүйнөнү бузуучу иш-аракеттерден оолактатуу үчүн коомдо жеке эрктүү мамлекет зарыл. Гоббстун жогоруда айтылган идеялары

анын «О теле» (1655), «О человеке» (1658), «Жаран туурасында» (1642), «Левиафан» (1651) чыгармаларында олуттуу орунда турат.

Жаңы мезгилдин илиминдеги жана философиясындагы тажрыйбалуу таанымдын укугун бекитүү тааным теориясынын проблемаларынын кеңир талкуулануусуна алып келди. Анын ичинде тажрыйбаны чечмелөө туурасындагы маселе да турат. Аталган багыттагы философиялык ойломдун өнүгүүсүнө англиялык философ Джон Локк чоң таасирин тийгизген. Анын башкы философиялык эмгеги - «Опыт о человеческом разуме» (1690) деп аталат.

Эмгек Р.Декарттын «жаралган идеяларынын» жана Г.В.Лейбництин «принциптеринин» сынынан башталат. Локк адамдын акылында төрөлгөндө эле теоретикалык ойлоодо да, нравалык ынанымдарда да идеялар болбойт. Жаңы төрөлгөн наристенин аң-сезими- бул таза такта, ал акырындык менен тажрыйбанын тамгалары менен толтурулат. Бардык билим тажрыйбага негизделет – Д.Локктун негизги тезиси ушундайча. Философ тажрыйбанын эки түрүн кабыл алат: билимдердин булагы катары туюп сезүү кызматын аткарган сырткы жана билимдердин булагы катары жандын ишмердүүлүгүнүн үстүнөн болгон байкоо жүргүзүүнүн ички, рефлективдик тажрыйба кызмат кылат. Муну менен ишмердүүлүкө болгон жөндөмдүүлүктүн өзү жанга табияттан берилет. Андан ары Локк жөнөкөйлөрдүн ар кыл түрлөрүнөн татаал идеялардын келип чыгуусун түшүндүргөн схеманы түзүп, таанымдын идеяларынын жана түрлөрүнүн кеңири классификациясын берген. Жалпы жонунан, тааным теориясында ал материалист-сенсуалист (лат. sensus- сезим, туюп сезүү) катары эсептелген, бирок ички тажрыйбаны таанымдын өзгөчө жана көз карандысыз булагы катары таануусу анын материалистик өңүттөрүн олуттуу түрдө алсыратты.

Локктун философиясынын метафизикалык чектелүүсү адекваттуу идеялардын негизи түрүндө материалдык телолордун анча чоң эмес тобун бөлүштүрүүдө байкалган. Бул алгачкы сапаттар. Обөектердин сезүү органдары менен таанылып билинген калган бардык касиеттери, мисалы, түс, даам жана жытты Локкк экинчи сапаттарга таандык кылган. Ылайыктуу жөнөкөкй идеяларды Локк адекваттуу эмес катары аныктап, телолордун өзүндө аталган идеялар сыяктуу эч нерсе жок.

XVIII-к. биринчи жарымындагы европалык философтордун ичинде кыйла көрүнүктүүсү катары француз ойчулу **Рене Декарт** (1596-1650) болгон. Анын «Начала философии» (1643) аттуу негизги эмгегинде анын философиялык көз караштары толук берилген.

Декарттын философиясынын борборунда болмуш туурасындагы маселе , ал эми анын онтологиясынын өзөгүндө «субстанция» түшүнүгү турат.

Декарт субстанцияны өз алдынча жана эч нерседен көз каранды болбой, дүйнөнүн пайдубалынын негизинде жаткан туруктуу маңызы катары аныктаган.

Жаратылган дүйнөнүн Декарт эки түрдөгү субстанцияга бөлгөн – рухий жана материалдык. Рухий же материалдык эмес субстанциянын негизги касиети – ойлом.

Өзүнүн космологиясында (дүйнөнүн түзүлүшү туурасындагы окууда), космогониясында (планеталык системанын келип чыгуусу жана өнүгүүсү туурасындагы окууда), физикада жана физиологияда Декарт – материалист. Ал планеталык системанын табигый жана ал тургай табияттын мыйзамдарына ылайык Жердеги жашоонун өнүгүүсү туурасындагы гипотезаны алып чыккан. Ал жаныбарлар менен адамдын денелерин механикалык кыймылдын мыйзамдарына баш ийген татаал машина катары карайт.

Ошол эле мезгилде психологияда, тааным теориясында, болмуш туурасындагы окууда Декарт - идеалист. Декарт белгилүү болгондой чиркөө тарабынан аталган ыйык жазуу, чиркөө аталарынын жаратууларын жана схоластар тарабынан мазакталган Аристотелдин кадыр-баркы догматизмин четке каккан. Ал пайда болуучу таанымды сынга алган, бирок далилдүү таанымды издеп, мындай тааным бар экендигине алдын ала ишенген.

Таанымдын эң негизги максаты деп Декарт жаратылыш күчтөрүн адамдын пайдасына багындырууну, адамзаттын турмуш-тиричилигин жеңилдеткен техникалык каражаттарды ачууну жана ойлоп чыгууну, адамдын өзүнүн табиятын жакшыртууну түшүнгөн. Тааным теориясы боюнча Декартты кызыктырган алгачкы маселе болуп таанымдын чындыгынын жана кийинкиси - чыныгы билимдерди берүүгө жөндөмдүү философиялык методу түзүү проблемалары эсептелген. Бул маселени чечүүдө Декарт философиялык скептицизмдин позициясын тандап алган. Анын пикири боюнча адамдын акылы менен сезим-туюмдары дүйнө тууралуу толук маалыматтар менен билимдерди бере албагандыктан, таанымды күмөн саноодон баштоо абзел. Каалагандай маселе боюнча күмөн санай берсе болот: сырткы дүйнө чын эле барбы? Адамдын денеси чын эле жашап жатабы? Илим деген чындыкпы? ж.б. Бирок, бул учурда адам өзүнүн дүйнө тууралуу күмөн санап жатканынан гана күмөн санабайт. Мындан Декарттын («cogito ergo sum») «мен ойлонуп жатам, демек жашап жатам» деген атактуу афоризми жаралган. Анын пикиринде философтун күмөн саноосу дүйнөнүн өзүнө эмес, биздин дүйнө тууралуу үстүрт, калпыс түшүнүмдөрүбүзгө гана каршы багытталышы зарыл. Дүйнө тууралуу калпыс

билимдерден күмөн саноо, алардын чын-бышыгын тактап-бышыктоо аркылуу гана нерселер менен дүйнөнүн маңызын туура түшүнүү мүмкүн.

Декарттын окуусу туурасындагы өз ойломдорун жалпылоо менен окутуучу студенттерге Декарттын окуусунун чабал пункту иретинде субстанциялардын аныкталбаган статусу болгондугун түшүндүрүү зарыл: бир жагынан, нукура болмушка чексиз субстанция –кудай гана ээ болсо, ал эми чексиз эместер, б.а. жаратылган субстанциялар чексиздиктен көз каранды түрдө болушкан. Аталган кыйчалыштыкты **Б.Спионза** (1632-1677) багындырууга далалат кылган, ал Декарттын күчтүү таасирин өзүндө сынап көргөн, бирок анын дуализмин кабыл албастан, жеке субстанция туурасындагы монистик окуну түзүп, аны кудай же табият деп атаган. Спинозанын негизги философиялык эмгеги - «Этика» деген аталышка ээ. Анын пикири боюнча, дүйнөдөгү жападан-жалгыз субстанция болуп Кудай же жаратылыш гана эсептелет. Анын атрибуттары катары Спиноза ойлом (рух) менен көлөмдү (табиятты) атаган. Кудай субстанция катары жаратылыштан сырткары, трансценденттүү дүйнөдө эмес, жаратылыштын өзүндө, анын түпкүрүндө жашайт жана табияттын маңызы болуп саналат. Декарттын ойлом жанакөлөм өңдүү эки бөлөк субстанциясын бир бүтүндүккө бириктирүү аркылуу Спиноза анын дуализмин четке каккан да, Кудай менен жаратылышты өз ара жуурулуштуруп, пантеизм мүнөзүндөгү монистик окуну түзүп, Декарттын аталган субстанцияларына атрибут статусун ыйгарган. Спинозанын субстанциясын эч кандай негизге ээ болбогон абстракту болмуш катары эмес, адамдын аң-сезиминен сырткары, ага көз каранды болбой жашаган объективдүү чындык же жаратылыш деп түшүнүүгө болот.

Субстанциядан айырмаланып, жогоруда аталган универсалдуу жана фундаменталдуу атрибуттарга ээ эмес жеке нерселерди Спиноза «модус» түшүнүгү менен атаган. Модустар ички себептин эмес, сырткы себептин, б.а. Кудайдын таасири астында пайда болушат да, убакыт менен мейкиндиктин чегинде келди-кетти, өзгөрмөлүү, кыймылдуу табиятка ээ. Спинозанын философиялык системасында субстанция менен модустардын ортосундагы өз ара алака карама-каршылыктуу мүнөзгө ээ. Философ жеке нерселердин субстанциядан жаралгандыгын бир кыйла кыйынчылык менен түшүндүрөгн. Ошол себептен, ал «жаратуучу жаратылыш» жана «жаратылган жаратылыш» деп аталган түшүнүктөрдү киргизген. Мында «жаратуучу жаратылыш» деп Кудайды, ал эми «жаратылган жаратылыш» деп модустарды түшүнүүгө болот. Бул жаатта орто кылымда Кудайдын мүмкүндүктөрүн туюндуруу максатында христиан ойчулдары колдонгон термин менен Спиноза жаратылышты өзүнө өзү себеп деп атаган. Демек, чексиз субстанция өздүк

детерминацияга же эркиндик менен өз алдынчалуулуктун өзөгүн түзгөн өзүн өзү аныктоо касиетине ээ.

Спинозанын жеке субстанция, модустар болуп бардык жекелик заттар менен жандыктар эсептелишеери туурасындагы окуусуна немис философу **Г.Лейбниц** (1646-1716) өзүнүн «Новые опыты о человеческом разуме» аттуу эмгегинде субстанциялардын көп түрдүүлүгүгү туурасындагы окуусун карама-каршы койгон. Субстанциялардын плюрализмин Лейбниц аң-сезимдүү түрдө Спинозанын пантеистик монизмине каршы койгон. Өз алдынча пайда болуучу субстанциялар Лейбницте монада деген аталышка ээ болгон. Биз маңыз (субстанция) антикалык мезгилден тартып эле кандайдыр-бир жекелик, бөлүнгүс катары каралып келгендигин билебиз. Лейбництин пикиринде монада абдан жөнөкөй, б.а. бөлүктөрдөн турбайт, ошондуктан ал бөлүнгүс. Демек, субстанция бардык жандуунун алгачкы башталышы катары абсолюттуу жөнөкөйлүкө жана бөлүнгүстүкө ээ болуусу зарыл, ал татаал болбошу керек, анткени татаал субстанция жөнөкөйлөрдөн көз каранды болуп калышмак. Лейбниц көптөгөн жөнөкөй субстанциялардын пайда болуусу туурасындагы корутундуга келет. Алар анын көз карашында күч-кубаттын алып жүрүүчүлөрү болуп эсептелүү менен рухий, материалдык эмес мүнөзгө ээ. Ар бир монаданы ал субстанция деп эсептейт. Монада болсо активдүү ишмердүүлүкө жөндөмдүү болгон болмуштун өз алдынча бирдиги болуп эсептелет. Монадалардын жөнөкөйлүгүнөн алардын кийинки касиети келип чыгат. Монадалар башка монадалардын таасири алдында өзүлөрүнүн ички аныктуулугунда өзгөрүшпөйт. Ар бир монада өзүнө кандайдыр-бир дүйнөнү камтып турат, аны менен өзүндөгү бүткүл дүйнөлүк тартипти камтып турат. Монадалардын оолактатылгандыгын багындыруу үчүн Лейбниц Кудайдан келип чыккан жана монадалардын бүткүл дүйнөсүнүн ички ирээтин камсыз кылган алдын ала орнотулган гармониянын принцбип киргизип, бардык монаданы «ааламдын жандуу күзгүсүнө» айлантат. Монадалар субстанциялар иретинде түбөлүктүү жана жоголушпайт, алар табигый жол менен пайда болушуп же жок боло алышпайт. Кудайдын үзгүлтүксүз нурдануусунан монадалар пайда болушат жана жогорку табигый жол менен гана жоголо алат.

Өнүгүү деңгээли боюнча ал монадалардын үч түрүн айырмалайт. Төмөнкү формасы же ылдыйкы даражадагы монадалар «перцепция» (кабыл алуунун пассивдүү жөндөмдүүлүгү) менен мүнөздөлөт. Алар таасын болбогон элестөөлөрдү (физикалык телолорду, б.а. жансыз табияттын предметтерин) пайда кылууга жөндөмдүү. Жогорку деңгээлдеги монадалар туюп-сезүү жана аларга таянган ачык элестөөлөр жөндөмдүүлүгүнө ээ болушат. Аталган монадаларды Лейбниц жандын (өсүмдүктөр жана

жаныбарлар дүйнөсү) монадасы катары аныктайт. Монадалар өнүгүүнүн кыйла чоң деңгээлинде апперцпцияга жөндөмдүү келишет (аң-сезим менен бөлүнгөн). Аларды Лейбниц рухтун монадасы (адамдын табияты) катары аныктайт.

Монадалар Лейбництин пикиринде эч кандай мейкиндиктик (же кандайдыр-бир физикалык) мүнөздөмөлөргө ээ эмес. Алар, ошентип, сезимдик жактан жеткендик болуп эсептелишет. Биз ага акыл-эс менен гана жете алабыз. Жалпы жонунан, Лейбництин окуусун окуусун анализдөө менен ал идеалистик плюрализмдин системасын өнүктүрөт деп белгилөөгө болот.

Жаңы мезгилде андын сырткары сенсуализмдин идеалистик версиясы калыптанган, ал субъективдүү идеализм деп аталат. Аталган багыттын өкүлдөрү болуп **Джордж Беркли** (1685-1753) менен **Давид Юм** (1711-1776) эсептелет.

Өзүнүн философиясынын башкы максаты катары **Беркли** материализмдин ачык төгүнгө чыгарылгандыгын, идеализм менен динди коргоону эсептеген. Берклиде алгачкы пункт катары Локктун философиясы кызмат кылган. Локк материалист болгон. Ал эми бул Берклиге жакан эмес. Ал сенсуализмди идеалистик манерге кайра куруу максатында бир катар операцияларды жүргүзгөн. Алсак, Локктун «бардык билим сезимдик тажрыйбадан» аттуу тезисин Беркли «сезимдик тажрыйбадан тышкары эч нерсе пайда болбойт» деген тезис менен кайра оңдогон, Локктун эле «көптөгөн сапаттар экинчи» деген пикирин Беркли «бардык сапаттар экинчи», б.а. заттардын бардык сапаттары субөект менен аныкталган деп чечмелейт. Демек, заттар өзүнө туюп сезүүлөрдүн кээ бир жыйындысын камтып турат, пайда болуу - демек кабыл алынуу.

Мындай пикир Берклини аталган субөектин гана пайда болуусун таанып билген солипсизм (лат. solus epse - өзү гана) окуусуна алып келе турган болсо, анда табигый түрдө аталган субөект менен кабыл алынбаган заттар кандайча пайда болушат? деген суроо пайда болот. Бул суроого жооп берүү менен ал заттар ушул мезгилде ага окшош башка жандардын кабыл алуусунда пайда болоорун байкаган. Бирок эгерде бул да бизди канаттандырбай турган болсо, анда эч ким туюп сезбеген предметтер «идеялардын суммасы» катары кудайдык аң-сезимде, б.а. жогорку акыл-эсте же Кудайда үзгүлтүксүз пайда болуусун уланта берет. Бул ырааттуу субъективдүү идеализмден алыстап, объективдүү идеализмге келди дегенди туюндурат.

Ж.Берклинин субөективдик-идеалистик тааным теориясынын кайра түзүлүүсү менен агностицизмдин (грек. а - четке кагуу, gnosus -билим)

алкагында **Дэвид Юм** кызмат кылган. Өзүнүн «Трактат о человеческой природе» аттуу эмгегинде борбордук философиялык маселе катары натыйжасында туюп сезүүлөр пайда болгон сезүү органдарына заттар кандайча таасирин тийгизеерин изилдөө эмес, тааным менен билимдердин далилдүүлүгүн изилдөө маселелери болушу керек деген пикирге таянган. Юм Локктун бардык билимдер тажрыйбадан алынат, о.э. алгачкы таасирлер сезимдик жана рефлективдик деп бөлүнөөрү туурасындагы тезисин кабыл алган. Бирок Юмдун сезимдик таасирлерин чечмелөө Локк менен Берклинин түшүнүмдөрүнөн олуттуу айырмаланат. Тааным теориясында Юм скептицизмди (байыркы грек. skepsus-кароо) негиздейт. Ал кабыл алуулардын себептери туурасында эч нерсе айта албайбыз, бирок аларды алгачкы ббаштапкы факт катары кабыл алуубуз абзел деп жарыялоо менен субстанция түшүнүгүн (Локктун материалдуусу же Берклинин идеалдуусу катары) четке каккан. Кабыл алуулар бизди сырткы дүйнө менен байланыштырбайт, тескерисинче алардан алыстатат, андыктан сырткы дүйнөнүн өзү туурасында биз эч нерсе айта албайбыз дейт Юм. Ал биздин таанымга принципалдуу түрдө жеткиликсиз. Ошентип, Юмдун философиясындагы скептицизм агностицизмге алып келет. Агностицизмдин алкагында Юм материализмди эле эмес, диний-философиялык концепцияларды да сынга алган.

Анын философиясынын предмети болу аң-сезим эсептелет. Психикалык ишмердүүлүктүн ички механизмдерин изилдөөнүн милдети илимдин башкы милдети болуп эсептелет. Философия психологияга жана бардык илимдер психологиялык ишмердүүлүктүн продуктусу катары кызмат кылат. Себептүүлүк принциби Юмдун пикиринде элестөөлөрдүн, каалоолордун, сезимдердин ж.б.у.с. түзүлүүсүнүн психикалык механизмдерин аныктоо менен аң-сезимдин чөйрөсүндө гана иш алып барат. Себептүүлүктү аң-сезимдин чегинен чыгарууну Юм мыйзамсыз операция катары эсептеп, себептүүлүктүн объективдүүлүгүн четке каккан. Философтун пикиринде далилдүү билим математиканын салыштырмалуу обөектеринде гана ыктымал, андыктан алар акыл-эстин таза продуктулары.

Экинчи суроонун маңызын ачып берүү менен окутуучу XVIII-к. экинчи жарымында Францияда **Агартуучулук** деген аталышка ээ кеңири жана кубаттуу кыймыл пайда болгон. Анын максаты феодалдык идеологиянын негиздерин, диний ырым-жырымдар менен жок нерселерге ишенүүчүлүктү сынга алууда, ишеним чыдамкайлыгы үчүн болгон күрөштө, илимий жана философиялык ойломдун эркиндигинде, акыл-эсте, ишенимге каршыда, илимди колдоодо, мистиканы четке кагууда; изилдөөнүн эркиндигинде, аны кадыр-барк менен басууга каршы туруудa; сынды тура кабыл алууда,

апологетикада турат. Франциядагы агартуучулардын катарына Ф.Вольтерди, Ш.Монтескьени. Ж.Ж.Руссону. Д.Дидрону, Ж.Ламетрини, П.Гольбахты, К.Гельвецийдин таандык кылса болот.

XVIII-кылымдын биринчи жарымындагы Франциядагы социалдык-философиялык ойломдун көрүнүктүү өкүлдөрүнүн катарына, албетте **Ш.Монтескьени** (1689-1775) кошсок болот. Өзүнүн «Мыйзамдардын руху тууарасында» (1747) аттуу эмгегинде мыйзамдардын мүнөзү туурасында кеп кылат. Аларды ал «сөздүн кеңири маанисиндеги заттардын мүнөзүнөн келип чыккан зарыл мамилелер катары аныктайт (Montesquieu Ch.l. O duchu zakoni. Praha, 1947. s. 15) жана мыйзамдарды «табигый» (адамдын табигый маңызынан келип чыккан), «позитивдик» (жакындатып айтканда мыйзамдуулук менен орнотулган мыйзамдар) деп айырмалаган. «бардыгынын баардыгы үчүн болгон согушу» катары адамзаттын алгачкы абалынын мүнөзүн Гоббс четке кагуу менен баштапкы табигый абалда «ар ким өзүн толук кандуу сезе албайт, өзүн башкалар менен теңдүү сезе албайт. Ошондуктан эч ким башка бирөөгө кол салууга далалат кылбайт; ошондуктан дүйнө алгачкы табигый мыйзам болгон (ошол эле, 18-б.).

«Позитивдик» мыйзамдарды ал үч негизги типке бөлгөн. Бул адамдар ортосундагы мамилелерди теске салган мыйзамдар – эл аралык укук; үстөмдүк кылуучулар менен баш ийүүчүлөрдүн ортосундагы мамилелерди теске салуучу – коомдук укук (саясий) жана жарандар иретиндеги адамдар ортосундагы мамилелерди теске салган мыйзамдар – жеке укук (жарандык) (ошол эле. 19-20-б.).

Монтескье коомдун өнүгүүсүнүн катмардык принциптерин табигый жол менен түшүндүрүп, табият чөйрөсү, климат ж.б.у.с. коомдук өнүгүүнүн калыптануусуна таасирин тийгизет деген пикирин айткан. Бирок ал аталган таасирге анча маани бербестен, белгилүү бир мааниде аны абсолютташтырган (аталган идеялар «географиялык детерменизмге» негиз салган).

Монтескье көпчүлүк жагынан коомдо орноп калган механикалык-материалистик ойломдун таасири алдында турган. Анын пикиринде, чөйрөнүн физикалык касиеттери мыйзамдардын рухун эле эмес, бийликтин тибин жана коомдун түзүлүү тибин аныкташат. Ал республикалык, монархиялык жана деспоттук деген башкаруунун үч түрүн бөлүп көрсөтөт (ошол эле, 22-б.). Ал деспотиянын чечкиндүү каршылашы болуу менен, Орто жана Батыш Европадагы коомдук түзүлүштүн эң мыкты тиби катары конституциялык монархияны эсептеген, анын идеалы болуп ошол кездеги англиялык мамлекеттик түзүлүш саналган.

Франциядагы каралып жаткан доордогу идеялык жашоо-турмушка **Вольтер** (Франсуа Мари Аруэ (1694-1778)чоң таасирин тийгизген. Ал француз агартуучулуктун негиздөөчүсү, адамзат инсандыгынын, ойломунун эркиндигин коргоочусу болуп эсептелүү менен, аларды адамдын табигый жана ажырагыс укуктары деп атаган. Ал католиктик дин адамзат инсанын кулга айландырып, адамды эң мыкты деген сапаттарынан ажыратат деп эсептеген. Ошондуктан аны жоготуп, талкалоо зарыл.

Ф.Вольтер Францияда табигый билимдерди активдүү жайылтып, табиятты тажрыйбалык изилдөөнүн жактоочусу катары кызмат кылган, о.э. англиялык философтор Бэкон менен Дж.Локктун окууларын жогору балаган. Өзүнүн «Философиялык каттарында» ал Декарттын жана анын жактоочулары – картезианчылардын метафизикасын, философиялык көз караштарынын системасын сынга алуу менен И.Ньютондун окуусун популярлаштырган. Ф.Вольтер дайыма абстрактуу дүйнө көз караштын, негизсиз философиянын алдында табигый билимдик фактыларга басым жасаган. Калган башка француз агартуучулары сыяктуу эле ал эң жогорку баалуулук катары адамзат акыл-эсин таанып, дүйнөнүн түзүлүшү анын принциптеринин негизинде гана ыктымал экендигин эсептеген.

Бирок белгилей кетүүчү нерсе, анын агартуучулугунун чектелүү мүнөзү анын «Философиялык каттар», «Метафизика тууралуу трактат», «Ньютондун философиясынын негиздери», «Кандид», «Философиялык сөздүк» аттуу эмгектеринде таасын көрүнөт. Католицизмди сынга алуу менен Ф.Вольтер өзгөчө чыгармачыл күч катары Кудайдын пайда болуусун четке каккан. Ал француз материалистеринин атеизмине каршы чыгып, динди элдик массага зарыл болгон өзгөчө бир жүгөн катары атаган. Эгерде Кудай болбогондо, аны ойлоп табуу керек эле. Ал илимдин, искусствонун, адабияттын, философиянын эркин өнүгүүсү үчүн кызмат кылуу менен бир эле мезгилде элдин калың катмарынын агартуучулугуна каршы чыккан.

Агартуучулукта өзгөчө бир орунда француз Агартуучулугунун бирден-бир таасирлүү ишмерлеринин бири **Жан Жак Руссо** (1712-1778) турат. Эгерде Вольтер жогорку «үчүнчү катмардын» өкүлү болсо, андан Жан Жак Руссо эң төмөнкү катмардын өкүлү болгон. Коомдук түзүлүш чөйрөсүндө ал адамдын адамды эзүүсүнө каршы чыккан. Руссонун чыгармачылыгы кыйла бай, ал адабият жана искусство , агартуучулук жана тарбия, илим жана цивилизация, мамлекет жана бийлик маселелери менен алектенген. Бирок социалдык теңсиздик маселеси анын «Адамдар ортосундагы теңсиздиктин келип чыгуусу жана негиздери тууралуу ой жүгүртүү» (1755) жана «Коомдук келишим» (1762) аттуу эмгектеринин башкы темасы болуп эсептелет.

Ж.Ж.Руссо бүткүл адамзат тарыхын эки чоң этапка бөлөт. Алардын биринчисин ал, Т.Гоббстун соңунан эле «табигый абал», ал эми экинчи этапты коомдук келишимге негизделген - «жарандык коом» деп атаган. Табигый абалдагы баштапкы теңсиздиктен заманбап жарандык коомго өтүүсүнүн ченеми менен адамдардын теңсиздиги андан да кыйла жогорулаган. Руссонун пикиринде теңсиздик байлык, азыркы мезгилде ал жеке менчик менен байланыштуу.

Теңсиздиктин себебин Руссо бир жагынан, байлыктык теңсиздикте, экинчи жагынан – адамдардын бири-биринен бирдиктүү көз карандылыкта болуусунан көрөт. Бул көз карандылык, анын пикиринде эмгекти бөлүштүрүүнүн жана цивилизациянын өнүгүүсү менен пайда болот. Руссо жеке менчиктин пайда болуусунун түздөн-түз натыйжасы катары адамзат кызыкчылыктарынын карама-каршылыгы, өнөктөштүк жана башкалардын эсебинен баюу аракети эсептелет. Коомдун табигый абалы, ошентип «касташуунун коркунучтуу абалы» менен алмашкан.

Ж.Ж.Руссо адамдар ортосундагы ассоциация сыяктуу теңсиздикти жоготуу үчүн тажрыйбалык каражаттарды табууга далалат кылган, алар коомдун бардык дарамети менен ар бир инсанды коргоп, ар бир жарандын мүлкүн сактап, өз ишмердүүлүгүндө башка адамдар менен бириккен ар бир адамга өзүнө-өзү баш ийүүгө, табигый абалындагыдай эркин бойдон кала берүүсүнө мүмкүнчүлүк бермек. Ушул жаатта Руссо демократиялык коомдук түзүлүш, эркиндик жана теңдик үчүн күрөшкөн. Демократия темасына болгон социологдор менен тарыхчылардын көп сандаган кийинки чыгып сүйлөөлөрү олуттуу түрдө Руссонун эмгектерине, анын коомдун акыл-эстүү кайра түзүлүү идеясына таянышкан.

Ж.Ж.Руссо дин жана чиркөө менен күрөшкөн, бирок бир эле мезгилде адамзат акыл-эсин көкөлөтүп, аны «жогорку маңыз» деп эсептеген, б.а. ал деист болгон.

Болжол менен XVIII-кылымдын ортосунан баштап Францияда агартуучу-ойчулдардын плеядасы келип чыккан, алардын көпчүлүгү философиялык материализмдин да өкүлдөрү болушкан. XVIII-к. француз материализми – кийинки материалистик окуулардан олуттуу айырмаланган материалистик философиянын өнүгүүсүндөгү жаңы тарыхый баскыч. Француз материализминин ары көрүнүктүү өкүлдөрү болуп Ламетри (1709-1751), Дидро (1713-1784), Гельвеций (1715-1771) жана Гольбах (1723-1789) эсептелет.

Табиятты чечмелөөдө алардын баары материалистер болушкан, анын үстүнө XVII-к. материалистерге караганда кыйла олуттуу ырааттуу болушкан. Алар ал тургай деизм же патнеизм сыяктуу компромисстик

формаларына муктаж болушкан эмес, тескерисинче материализмди ачыктан-ачык коргошуп, атеизмди келекелешкен, чиркөө менен дворянчылык менен дин башкармалыгын шылдыңдашкан. Алар сенсуализмдин өңүтүндө бек турушуп, анын материалистик чечмеленишин коргошон о.э. субъективдүү идеализм менен солипсизмди чечкиндүү түрдө сынга алышкан.

Табият менен адамды кароодо француз ойчулдары механикалык өңүттө турушат. Баардыгын мейкиндикте өзгөрүлгүс атомдордун жайгашуусуна байланыштыруу менен адамдын өзүн сааттык аналогия же кандайдыр-бир башка механизмдери боюнча түшүндүрүүгө далалат кылышкан («Адам - машина» Ламетри). Алар ырааттуу түрдө механикалык себептүүлүк принциптерине турушуп, кокустукту четке кагышкан жана калган бардык процесстер зарыл деп эсептешкен. Алардын окууларындагы көрүнүктүү орунда адам, курчап турган шарттар маселеси турат. «Адам – сырткы шарттардын продуктусу» - алардын негизги тезиси. Эгерде алар бардык адамдарды төрөлгөндөн баштап эле тең деп эсептегендерин эске алсак, анда социалдык шарттарды, феодалдык мамилелерди жоготуу жана агартуучулуктун жардамы менен жаңы эркиндик жана акыл-эс падышачылыгын түзүү зарылчылыгы тууралында корутунду чыгаруу кыйынга турбайт.

Француз материалистери агартуучулуктун зарылчылыгы тууралында эле кеп кылышпастан, өз мезгилиндеги атеистик жана илимий көз караштардын чыныгы таралуусу үчүн алгылыктуу иштерди жасашкан. Анын ичинде, алардын күч-аракеттери менен биринчилерден болуп белгилүү «Сөздүк», о.э. бир катар китептер жарык көргөн.

Француз материалистери метафизиканын өңүтүндө калуусуна, Маркска чейинки башка философтор сыяктуу эле тарыха болгон көз караштарында идеалистер болгондугуна карабастан, алар Франциядагы эле материализмдин орноосу жана өнүгүүсү үчүн салым кошушкан жок. Алардын көз караштары XVIII-к. соңундагы жана XIX-к башындагы коомдук-саясий ойломдун өнүгүүсүнө да олуттуу таасирин тийгизген.

Аталган тема боюнча ой жүгүртүүлөрдүн жыйынтыгын чыгаруу менен, белгилей кетүүчү нерсе, Жаңы мезгилдин философиясынын мааниси аталган мезгилдеги табигый билимдердин калыптануусу жекелик эмес, оолактатылган фактылардын таанымы менен эмес, белгилүү бир системалардын, баалуулуктардын тенденциясы менен байланыштуу.

## 7-тема. Классикалык немец философиясы.

Аталган тема боюнча өзүнүн киришүү сөзүндө лектор таанным теориясынын онтологиялык негиздери алгач XVIII-кылымда гана багындырылгандыгы туурасындагы маанилүү маселеге токтоло кетүүсү зарыл. Бул кыйла ырааттуу жана негиздүү түрдө классикалык немис философиясында өткөрүлөт. Дүйнөлүк философиянын тарыхында «классикалык немис философиясы» деп аталган тарыхый этап адам руху менен ойломунун өнүгүшүндөгү эбегейсиз зор өзгөчөлүккө, оригиналдуулука ээ мезгил, философиялык дүйнө таанымдын туу чокусу катары бааланып жүрөт.

Аталган темада төмөнкүдөй негизги маселелерди бөлүп көрсөтүүгө болот:

1. Канттын «сындык философиясы».
2. И.Фихтенин субъективдүү идеализми.
3. Шеллингдин объективдүү идеализми.
4. Гегелдин диалектикалык идеализми.
5. Фейербахтын антропологиялык материализми.

Биринчи суроону түшүндүрүп баштоодо лектор студенттерге XVIII-кылымдын экинчи жарымындагы философиянын бирден-бир көрүнүктүү өкүлдөрүнөн жана немис классикалык философиясына негиз салгандардан болуп И.Кант (1724-1804) эсептелеери туурасында маалымат берүүсү зарыл. Сынга чейинки мезгилде И.Кант метафизикалык ой толгоолорго таянуу менен дүйнөнүн космогониялык картинасын иштеп чыгып, Ааламда болуп жаткан тынымсыз өзгөрүүлөрдүн себептерин түшүндүрүүгө аракет кылуу максатында «Табияттын жалпы тарыхы жана асман теориясы» аттуу эмгегинде күн системасынын табигый күчтөрдүн таасири астында материалдуу бөлүкчөлөрдүн (атомдордун) же кандайдыр бир борпоң нерселердин хаосунан пайда болгондугу тууралуу ошол кез үчүн өтө эле чечкиндүү мүнөздөгү космогониялык гипотезаны иштеп чыгат. Ньютондун физикасына таянуу менен ал гравитациянын таасири астында айланган, ысыган материя шар сымал формага чогулуп, алгач өзөктү (ядрону), андан соң шар формасындагы материянын айланасындагы шакекчелерди ж.б. пайда кылуу мүмкүндүктөрүнө ээ деп боолгологон. Алгачкы мезгилдерде Кант өзүнүн чыгармачылыгында материалист катары эсептелген. Анын ошол мезгилдеги илимий жетишкендиктерин Ф.Энгельс жогору баалаган.

Бирок Канттын Юмдун эмгектери менен тааныштыгы анын мурунку көз караштарын козгогон. Кант адамзат таанымынын мүмкүнчүлүктөрүнө сындык баа берүүнү жана ошонун негизинде бүткүл философияны кайра иштеп чыгууну чечкен. Натыйжасында анын «Таза акылдын сыны», «Практикалык акылдын сыны», «Ой толгоо жөндөмдүүлүгүнүн сыны» аттуу

эмгектери жаралган, ал эми анын чыгармачылыгынын аталган мезгили сындык деп аталган.

Канттын алдында карама-каршылыктар пайда болгон: тажрыйбада адам жекелик көрүнүштөр менен иш алып барат, ал эми математикада жана теоретикалык табигый билимдерде жалпы жана зарыл ой жүгүртүүлөр кездешет. Алар каяктан? Аларды тажрыйбадан чыгарууга болбойт, деп чечет Кант, алар адегенде априордуу (лат. a prioru- баштапкы, тажрыйбага чейин) түрдө аң-сезимге таандык.

Кант аң-сезимди сезимдик, көмүскө акылдык жана акыл-эс чөйрөлөрүнө бөлөт. Биринчи чөйрө үчүн априордук калыпка салуучу формалар мейкиндик менен убакыттын маңызы, экинчиси үчүн – бул априордук категориялардын системасы. Ал эми үчүнчүсү туурасында кеп кылсак, анда философиялык маселелерди талкуулаган жана дүйнөнүн, жандын жана кудайдын маңызын тактоого далалат кылган акыл-эс чечилгис карама-каршылыктар - дүйнөнүн маңызын таанып билүүгө болбойт деп тастыктаган «таза акылдын антиномиясы» менен кагылышат. Адамдардан көрүнүштөрдү жаап турган кээ бир заттардын таанып билүүгө болбогон маңызын, о.э. кудайдын жанынын таанып билүүгө болбогон маңызын Кант «өз алдынча жашаган нерсе» деп атайт. Ошентип, Кантын сындык философиясынын натыйжасы катары агностицизм эсептелет.

Ленин Канттын философиясын мүнөздөө менен эки жактуулукту анын негизги белгиси катары көрсөткөн. Кант качан дүйнөнүн объективдүү пайда болуусун таанып билгенде материалист, ал эми аң-сезимдин априордуу формаларын кабыл алып, пайда болууну «өз алдынча жашаган нерсе» деп эсептегенде ал идеалист жана агностик. Аталган эки жактуулук Канттын философиясына болгон ар кыл мамилелерди материалистер менен идеалистер тарабынан аныктаган.

**И.Фихтенин** (1762-1814) философиясын анализдөөгө өтүү менен белгилей кетүүчү нерсе, И.Кант тарабынан жүзөгө ашырылган гносеологиядагы төңкөрүш белгилүү бир деңгээлде ал аркылуу өнүктүрүлгөн. Ал өзүнүн «жалпы илим окуунун негизи» аттуу башкы эмгегинде философия гана бардык илимдердин пайдубалы, «илим туурасындагы окуу» болуусун далилдөөгө далалат кылган. Болмушту таанып билүүгө болооруна бекем ишенген Фихте Канттан айырмаланып өзүнүн «илим окуусунда» тааным теориясын болмуштун субөективдик-идеалистик теориясында негиздейт. Фихте канттык «өз алдынча жашаган нерселер» жобосун четке кагат. Ал Кантты материализмдин эмес, субъективдүү идеализмдин көз карашында сынга алган. Андан сырткары ички жеке билимдердин системасын түзүүгө аракет кылган. Алгачкы, аныктоочу

реалдуулук - бул Фихтенин окуусу боюнча, субөект, аң-сезим, б.а. абсолюттуу «Мен». Фихтенин пикиринде илим аң-сезимдин маңызын эмпирикалык дүйнөгө таянбастан билдирүүсү зарыл, б.а. аң-сезимди «ичинен» анын өзүнөн аныктоосу зарыл. Мындай өздүк аныктоо катары, Фихтенин пикиринде, өздүк далилдүү жана айныксыз өздүк аң-сезим эсептелет. «Мен деген Мен» - бул илим окуунун соңку негизделүүсү, анда аң-сезим «өзүнөн өзү» катары берилген.

Өздүк аң-сезим актысында субөект (иш алып баруучу) жана обөект (иш-аракеттин продуктусу) толугу менен дал келишет, б.а. Фихтенин сөзү боюнча, «субъективдүү жана объективдүү анда жекелике биригишкен».

Фихтенин пикири боюнча, ар кандай заттар бизге аларды аңдап билүү менен гана берилет, демек, гносеологиядагы материалдык заттарды субөект, адамга болгон мамилелеринде гана кароого болот. Тааным субөектиси, фихтелик «мен» ошентип кандайдыр-бир жалпы дүйнөлүк субөектке айланат. Бул жерде философиялык тилде бардык индивидуалдуу адамзат аң-сезими өзүнө биздин жана башка Ааламдык чексиз ааламды батыра алаары туурасындагы фактысын айтсак болот.

Андан ары **Шеллингдин** (1775-1854) философиялык окуусун кароо менен лектор анын немистик идеализмди объективдүү калыпка салгандыгын өзгөчө белгилей кетүүсү зарыл. Шеллингдин обөективизми жөнөкөй адамзаттын эле масштабында эмес, кандайдыр-бир ааламдык, космостук деңгээлде өнүккөн. Философ дүйнөнүн макро жана мега категориялары менен ой жүгүрткөн. Тааным адамдын жөнөкөй гана субъективдүү жөндөмдүүлүгү эмес, алгач дүйнөнүн түзүлүшүнүн структурасында негизделген жалпы эле дүйнөнүн объективдүү түзүүчүсү катары кызмат кылат.

Ойломдун мындай өзгөчө стили Шеллинг атагандай логикалуу түрдө бардык окуулардын борборуна табият философиясын же натурфилософияны койгон. Аталган термин адатта табигый билимдер чогулган эмпирикалык маалыматтардан эмес, таза ой жору менен ачылган жана дүйнө түшүнүмдүн бүтүн системасына дедукциянын жолу менен өнүккөн априордук философиялык принциптеринен келип чыккан табияттын чечмелениши менен түшүндүрүлөт. Натурфилософиянын милдетин Шеллинг табияттын төмөнкүдөн жогорку формасына карай болгон өнүгүүсүнүн ыраттуулук баскычтарынан көргөн. Табият муну менен акыл-эстин бейаң жашоо-турмушунун көрүнүшү катары чечмеленет, ал төмөнкү - органикалык эмес табияттан - жогорку органикалыка чейинки бир катар этаптарды басып өтүп, өзүнүн соңун аң-сезимдин көрүнүшүнөн табат. Шеллинг бир жагынан табияттын өнүгүүсүнүн ар кыл деңгээлдеринин ортосунда пайда болгон

параллелизмди, экинчи жагынан адамзат аң-сезиминин өнүгүүсүнүн баскычтарын табууга далалатк ылган.

Фихтенин «абсолюттуу Мен» субөектисин изилдөөдө ачылган өнүгүүнүн мыйзам ченемдүүлүктөрүн табиятка алып келүү менен Шеллинг табияттык процесстердин жана формалардын өнүгүүсүнүн диалектикалык картинасын түзүүнү алдын алат. Табияттык телону алар карама-каршы багытталган күчтөрдүн - электр энергиясынын оң жана терс заряддарынын, магниттин оң жана терс полюстарын ж.б.у.с. бирдиктүү иш-аракеттеринин продуктусу катары түшүндүрүлөт.

Табияттын маңызын алар үлгүсү катары магнит эсептелген талаа күчтөрүнүн карама-каршы күрөшүү иретинде каралат. Табияттын ар бир көрүнүшүндө Шеллинг ар башка багытталган күчтөрдүн күрөшүнүн продуктусун көрөт; аталган күрөш жардык жандуунун структурасын түзөт.

Шеллингдин окуусунда Канттын идеализми жана белгилүү бир ченемде Фихте үчүн да мүнөздүү болгон табият дүйнөсүн карама-каршы коюусу багындырылат. Эки чөйрө тең Шеллинг тарабынан өзүнө субөект менен обөектин абсолюттуу дал келүүсүн камтып турган жеке башталыштан өнүгүүчү катары каралат. Индивидуалдуу аң-сезим менен байланышын эч качан жоготпогон Фихтенин абсолюттуу субөектиси Шеллингде спинозалык субстанция менен жакындашып, дүйнөнүн кудайлык башталышына айланат. Шеллингдин табият жана шайкештик философиясы - бул башкы милдети жеке башталыштан субөект да, обөект да эмес универсумдун көп түрдүүлүгү кандайча жараларын көрсөтүүдө турган объективдүү идеализм. Шеллинг мындай пайда болууну акыл-эс үчүн таанып билүүгө болбогон кандайдыр-бир «чыгармачыл акт» катары караган жана ал өзүнө аң-сезимдүү жана бейаң ишмердүүлүктүн биримдигин камтып туруучу-интеллектуалдык интуициянын – предмети болуп эсептелет. Анткени мындай формадагы интуиция Шеллингдин пикиринде саналуу гана таланттуу натуралардын жетишкендиги, андыктан философия искусство сыяктуу эле жөнөкөй өлө тургандардын акылы жетпей тургандарга сүңгүп кирүүгө жөндөмдүү генийлердин түйүнү. Шеллингдин көз карашында илим эмес, искусство, мурун боолголошкондой, философиянын органону.

Немис классикалык философиясынын көрүнүктүү өкүлү болуп **Гегель** (1770-1831) эсептелет. Гегелдин пикиринде, бүткүл дүйнө - бул кандайдыр-бир дүйнөлүк акыл-эстин, рухтун мүмкүнчүлүктөрүнүн жүзөгө ашырылуусунун жана жайылуусунун керемет тарыхый процесси. Дүйнөлүк рух (же абсолюттуу идея) өнүгүүнүн негизи жана субөектиси, жалпы дүйнөнүн жаратуучусу катары кызмат кылган жогорку объективдүү, жекелик эмес, идеалдуу башталыш. Бул жарык дүйнөдө пайда болгондун баары –

болгону анын бүдөмүк чагылуусу, анын активдүүлүгүнүн натыйжасы жана жыйынтыктары.

Дүйнөлүк рухтун (же абсолюттуу идеянын) байлыгынын жайылуу процесси өнүгүүнүн үч баскычы аркылуу өтөт:

1. логиканын баскычы – «нукура», б.а. өзүнөн логикалык категориялар системасын конструирлештирүүчү предметтик эмес ойлом.

2. табияттын баскычы, ал идеянын сырткы материалдык кабыкчасы, анын карама-каршылыгы, «башка болмушу» катары түшүндүрүлөт; аталган баскычта акыр аягында өзүнүн рухий ишмердүүлүгү менен табияттын материалдуулугун багындырган адам пайда болот.

3. рухтун баскычы – абсолюттуу идеянын өнүгүүсү уланып, дүйнөлүк өнүгүүнүн, б.а. абсолюттуу идеянын сырдуу булагын ачкан философиягы жеткен адамзат рухий жашоосунун тарыхы. Абсолюттуу идея философияга кайтып келип, өзүн өзү таанып билет.

Абсолюттуу идеянын өнүгүүсүнүн аталган үч баскычын Гегель өзүнүн «Философия илимдеринин энциклопедиясы» аттуу негизги эмгегинин структурасында чагылдырган, анын негизин үч китеп түзгөн: а) «Логика илими» (абсолюттуу идея өзү менен өзү; болмуш, маңыз, түшүнүк туурасындагы окуулар); б) «табият философиясы» (абсолюттуу идеянын башка болмушу; механика; физика; органикалык физика); в) «рухтун философиясы» (рухтагы абсолюттуу идея; субъективдүү рух; объективдүү рух; абсолюттуу рух).

Гегелдин субъективдүү руху деп адамдын аң-сезимин, объективдүү рух деп үй-бүлөнү, жарандык коомду, мамлекетти түшүнүүгө болот; абсолюттуу рух ырааттуу түрдө искусстводо, динде жана философияда жүзөгө ашырылган. Гегелдин философияга кошкон салымы биринчи иретте диалектикалык методу иштеп чыгуусу менен аныкталат. Гегель объективдүү идеалист болгон. Анын философиясында бардык өнүгүү идеянын өздүк өнүгүүсү катары берилген, болмуштун бардык формалары аталган идеянын өздүк четтөөсүнүн жана көрүнүшүнүн формалары катары кызмат кылат.

Гегель үчилтик принцптерине, б.а. идеянын өнүгүүсүнүн үч баскычтуу циклине: ырастоо (тезис)-анын четке кагуусу (антитезис)- тануну тануу (синтез, карама-каршылыктарды алып салуу) таянуу менен бүткүл системаны курат.

«Алып салуу» термини бул жерде предметтин өнүгүүсүнүн алгачкы эки баскычы багындырылды, калтырылды, бирок ошол эле мезгилде сакталып, кайрадан жаратылды, жаңы жогорку сапатта бириктирилди дегенди билдирет.

Дүйнөнүн алгачкы башатын түзүүчү (албетте Гегелдин пикиринде) абсолюттуу идея - тезис, антитезис жана синтез үчилтигине баш ийүүлөрү абзел. Адегенде алар  нукура логикалык маңыздар («Логика илими»), андан кийин башка болмуш же табият түрүндө  («Табият философиясы») жана о.э. рухтун ар кыл формаларында  - укукта, нравалуулукта, искусстводо, динде ж.б.у.с. («Рухтун философиясы») кызмат кылат.

Ошентип, Гегелде философия материянын эмес, идеянын өздүк өнүгүү процессин билдирген диалектикалык мыйзамдардын жана категориялардын системасы катары каралат. Маркс айткандай, анын диалектикалык методу Гегелдин методуна карама-каршы.

Гегелдин философиясы  ички карама-каршылыка ээ. Анда диалектика аркылуу берилген прогрессивдик, революциялык о.э. метафизикалык система жана реациялык социалдык-саясий көз караштар менен берилген консервативдик, реакциялык тараптары да бар.

XIX-к. ортосундагы Германиядагы классикалык типтеги салттуу философияны **Л.Фейербах** (1804-1872) уланткан. Адегенде Фейербах Гегелдин философиясы менен алектенген, бирок 30-жылдары анын кескин сынына дуушар болгон. Фейербахтын көз карашында философия нукура ойломдун падышалыгында турганда чындыка жете албайт деген. Анын дүйнөнү, материяны, жашоо-турмушту түзүүгө чамасы жетпейт. Андан сырткары  өзүнөн өзү өз идеяларынын байлыгын жарата албайт. Болгону реалдуу дүйнөгө, табиятка кайрылуу менен философия чыныгы билимдерге ээ болуудан үмүт кылат. Бардык философиялык сырлар табигый, материалдык заттарда толук камтылган. Материалист катары ал идеалдуулук материалдуу нерселерден пайда болгон, б.а. идея материядан туунду болуп саналат деген принципти жактаган. Кызыктуусу, Фейербах материалист болуп туруп, өзүн эч качан материалист деп эсептеген эмес.

Фейербахтын философиясынын борборунда «реалдуу сезип-туйган адам» турган. Анын материализминин мүнөздүү белгиси катары табигый процесстердин эң бийик натыйжасы жана табияттын ажырагыс бир бөлүгү болуп саналган адамга өзгөчө көңүл бурган антропологизмди атоого болот. Табият гана өзү тарабынан тартууланган сезимдер менен акыл-эске ээ адамдын жердеги жашоо маңызын ачып берүүгө жөндөмдүү жаңы философия менен рух тууралуу окуунун негизи болуп калууга тийиш. Адамдын психикасы анын дене түзүлүшү менен тыгыз байланышса да, карандай физиологиялык процесстерге тиешеси жок сапаттык өзгөчөлүктөргө ээ. Ошого карабастан ал сенсуализм менен удаалаш эмес материализмдин көрүнүктүү өкүлү катары адамдын биологиялык табиятын

ашыра чаап балаганы менен анын социалдык табиятына дээрлик көңүл бурган эмес.

Фейербах тааным теориясынын татаал маселелерин терең изилдеп отурбай эле, негизги басымды диндин адеп-ахлактуу табиятына бурган. Анын пикиринде «Кудай адамды эмес, адам Кудайды жараткан». Адам канчалык табият күчтөрүнөн корксо, ал ошончолук өзүнө таандык күчтөрдү башка нерсеге ыйгаруу максатында Кудай аттуу объективдүү күчкө ыйгаруу үчүн аны ойлоп чыгышкан. Адамдын сезим-туюмдарынын ичинен ал сүйүү сезимине, өзгөчө адеп-ахлактуу сүйүүгө артыкча көңүл бурган. Адамдарга мүнөздүү болгон достук, урмат-сый, сүйүү, үй-бүлө менен нике мамилелерин мүнөздөп келип, ошол кездеги Германиядагы социал-демократиялык партиясынын мүчөсү болгон Фейербах ушул сыяктуу адеп-ахлактык жана психологиялык идеалдарга таянган, сүйүү менен адилеттик үстөмдүк кылган адилет коомду түзүү тууралуу кыялданган.

## 8-тема: Марксистик философия.

Марксистик философия – философиянын бардык кийинки өнүгүүсүнүн мыйзам ченемдүү уландысы. Диалектикалык жана тарыхый материализмдин пайда болуусу философиядагы революциянын пайда болуусу менен коштолгон. Бүтүн илимий дүйнөгө болгон көз караш - марксистик-лениндик окуунун жана бүткүл ревоюциялык-кайра түзүүчүлүк тажрыйбанын пайдубалы калыптанган.

Аталган теманы изилдөөдө төмөнкү планды кармануу сунуш кылынат:

1. Марксистик философиянын пайда болуусунун тарыхый шарттары.
2. Диалектикалык жана тарыхый материализмди түзүү - тарыхтагы революция.
3. Марксистик философиянын өнүгүүсүндөгү лениндик этап.

Биринчи суроону түшүндүрүүдө студенттерге марксистик философиянын пайда болуусунун тарыхый шарттары деп анын социалдык-экономикалык, саясий өбөлгөлөрүн, теоретикалык жана табигый-илимий булактарын түшүнүү керек экендигин айтуу зарыл.

Марксизм бекеринен XIX-кылымдын ортосунда пайда болгон жок. Жаңы экономиканы түзүү менен, буржуазиялык коом өндүрүш күчтөрүнүн жана эмгектин өндүрүмдүүлүгүнүн терс көтөрүлүшүн камсыз кылган. Коомдук байлык тез өсө баштаган. Бирок бир эле мезгилде коомдогу талаалаштыруу күчөгөн: байлык бир полюстагы капиталистердин колунда

болуп, ал эми жакырчылык болсо башка полюстагы эмгекчилердин бардык катмарын камтыган.

Ушундай шарттарда пролетариаттын таптык өңүтүндө өзгөрүүлөр болуп өтөт. Эгерде мурун пролетарийлер феодалдарга каршы чыгышкан болсо, анда XIX-к. ортосунда  - алар өз түпкү кызыкчылыктарынын карама-каршылыгын буржуазиянын кызыкчылыктарына ачышкан.

Пролетариаттын капиталистик өндүрүш системасындагы өз ордун аңдап билүүсүнүн объективдүү муктаждыгы,  буржуазиялык эзүүнү жоготуу жана адамдын адамды эксплуатациялоосунун жолдорун жана каражаттарын аныктоо зарылчылыгы пайда болот.  Буга ачык мисал катары – лиондук (1831-1834) силлездик токуучулардын көтөрүлүшү (1844), буржуазияга багытталган Англиядагы чартистердин массалык кыймылын айтсак болот.

Марксизмдин теоретикалык булактары болуп өкүлдөрү Кант, Гегель жана Фейербах башында турган саясий экономия, француз жана англиялык утопиялык социализм, немис классикалык философиясы эсептелет.

Маркс менен Энгельстин сиңирген эмгеги катары диалектиканы идеалистик катмарлардан тазалоосу, диалектика менен материализмдин биримдигинин зарыл шарты катары кызмат кылган материализмди метафизиканын жүгүнөн куткаруу туурасындагы жаңы окуну түзүү эсептелет.

Марксизмдин пайда болуусунун социалдык-экономикалык, саясий жана теоретикалык өбөлгөлөрү Ф.Энгельстин «Людвиг Фейербах жана немис классикалык философиясынын соңу», о.э. В.И.Лениндин «Марксизмдин үч булагы жана үч курамдык бөлүгү» жана «К.Маркс» аттуу эмгектеринде каралат.

Өзүнүн философиялык окууларын түзүү менен марксизмдин классиктери субъективдүү диалектика элестөөлөрдүн уругу эмес, нерселердин өзүлөрүнүн объективдүү диалектикасынын чагылуусу экендигин көрсөткөн  XIX-к. улуу табигый-илимий ачылыштарга таянышкан. Жаныбарлар менен өсүмдүктөр организмдеринин курамдык негизи катары клетканы ачуу  жаныбарлар менен өсүмдүктөрдүн ортосундагы багынбас боштуктун пайда болуусу туурасындагы метафизикалык идеянын болбой тургандыгына күбө болгон.

Энергияны сактоо жана айландыруу мыйзамын эксперименталдык негиздөө кыймыл, энергия пайда болушпайт жана жоголушпайт, энергиянын бир формасынан экинчисине эквиваленттүү өтүүсүндө гана орунга ээ.

Материализм менен диалектиканы ырастоо  Ч.Дарвиндин эволюциялык окуусуна көмөк көрсөткөн.  Ч.Дарвин тарабынан сунуш кылынган эволюциялык теория органикалык дүйнөнүн тынымсыз өнүгүп турушу, адам

табияттагы эволюциялык өнүгүүнүн туу чокусу болуп саналаары тууралуу идеяларды аргументтештирүүгө мүмкүндүк берген.

Ошентип, XIX-к. ортосунда жаңы философия үчүн социалдык-экономикалык, теоретикалык жана табигый-илимий өбөлгөлөр пайда болушкан.

Экинчи суроого өтүү менен окутуучу студенттерге К.Маркс менен Ф.Энгельс диалектикалык жана тарыхый материализмге дароо эле келишпегенин айтуусу зарыл. Адегенде алар Гегелдин жолун жолдоочулары болушуп, Гегелдин идеалистик философиясында атеистик, белгилүү бир революциялык багыттуулукту берүүгө далалат кылышкан младогегелянчыларга жакындашышкан. К.Маркс менен Ф.Энгельс младогегелянчылардан ары да кетишкен. Атеизм аларда эксплуатациянын бардык формаларына, эмгекчилердин укуктарын басынтуусуна байланыштуу биригишкен. Бул К.Маркс менен Ф.Энгельстин революциялык демократизмден коммунизмге, идеализмден материализмге өтүүсүн түшүнүүгө шарт түзөт. Буга ачык мисал катары алардын «Ыйык үй-бүлө» (1844), «Немис идеологиясы» (1845-1846), «Философиянын жакырлыгы» (1847), «Фейербах тууралуу тезистер» (1845) жана «Коммунизмдин принциптери» (1847) эмгектерин айтсак болот.

1848-1852-жж. Маркс менен Энгельс 1848-ж. революциянын тажрыйбасын жыйынтыктоо менен «Революция жана Германиядагы контрреволюция», «1848-1850-жж. Франциядагы таптык күрөш», «Луи Бонапарттын он сегизинчи брюмери» аттуу эмгектерди чыгарышкан. Аталган эмгектерде алар социалдык революция теориясын, буржуазиялык мамлекеттик машинаны талкалоо зарылчылыгы тууралуу жобо кирген пролетариаттын диктатурасы окуусун иштеп чыгышкан. Илимий социализмдин негиз салуучулары элдик массанын ролу, тарыхтагы кээ бир инсандар, жумушчу таптын жетектөөчү ролу жана пролетариаттын бардык эмгекчил массасы менен болгон союзу тууралуу маселелерди материалистик көз караштан чечишет.

50-ж.соңу 60-жылдардын башы – К.Маркс менен Ф.Энгельстин интенсивдүү теоретикалык ишмердүүлүгүнүн мезгили. Ушул мезгилде негизинен «Капитал» атуу эмгек жаралат. К.Маркс өзүнүн фундаменталдуу эмгегинде капиталистик экономиканын негизги мыйзамдарын эле эмес, өзгөчө бир терeңдикте материалистик диалектиканын негизги мыйзамдары менен категорияларын да карайт. Тарыхты материалистик түшүнүү коомдук-экономикалык формация, коомдун базис жана надстройка тууралуу окуусу менен байытылат. «Капиталда» керемет экономикалык анализдин

негизинде социалистик революциянын жалпы теориясы – таптык күрөштүн теориясы өнүгөт.

Өзүнүн турмушунун жана жашоо ишмердүүлүгүнүн акыркы мезгилинде К.Маркс менен Ф.Энгельс ошол мезгилдеги тарыхый тажрыйба жалпыланган бир катар эмгектерди жаратышат. «Готтук программага сын» (1875) аттуу чыгармада Маркс келечекке керемет суктанууну берет. Анда коммунистик коомдун өнүгүүсүнүн эки фазасы: социализм жана коммунизм анализге алынат. «Франциядагы жарандык согуш» (1871)эмгегинде К.Маркс кыйроого учураган буржуазиялык мамлекеттин ордуна Париждик коммуна тибиндеги мамлекет келиши керек экендигин көрсөтөт. Ф.Энгельс өзүнүн «Анти-Дюринг» (1876-1878), «Табият диалектикасы» аттуу чыгармаларында жана 90-ж. каттарында ошол мезгилдеги илимий жетишкендиктерге таянуу менен материалистик диалектиканын негизги мыйзамдарын жана категорияларын, базис жана надстройка туурасындагы окууну андан ары иштеп чыккан. Ал идеологиянын салыштырмалуу өз алдынчалыгын баса көрсөткөн.

Диалектикалык жана тарыхый материализмдин пайда болуусу философиядагы революция болуп эсептелет. Диалектикалык материализмдин органикалык монолитүүлүгү анын дүйнө көз караштык, методология, гносеология жана логика иретинде кызмат кылышында турат. Диалектикалык материализмдин пайда болуусу идеализмдин коомго болгон көз караштарынын үстөмдүгү менен белгилүү болгон. К.Маркс менен Ф.Энгельс көрсөткөндөй материалдык жыргалчылыктардан коомдук жашоонун бардык көрүнүштөрүн камтыган байланыштар менен көз карандылыктардын татаал системасы келип чыгат. Адамдар өз тарыхын өзүлөрү жаратат. Бирок адамзат жүрүм-турумдарынын бардык максаттарын тандоо материалдык өндүрүштүн, материалдык, өндүрүштүк мамилелердин мүнөзү менен шартталган. Марксистике чейинки ойчулдар эсептегендей коомдук болмушту коомдук аң-сезим аныктабайт, тескерисинче, коомдук болмуш коомдук аң-сезимди аныктайт.

К.Маркс менен Ф.Энгельс жасаган философиядагы революция философия менен конкреттүү жеке илимдердин карым-катнаштарын түшүнүүнү түп-тамырынан бери өзгөртүүдө берилген. Марксистике чейинки философия адатта «илимдердин илими» ролуна ат салышкан. Философия жеке илимдер менен катар, аларга көз каранды болбостон табият жана коомго тийиштүү болгон конкреттүү маселелерди чечет деп эсептелген. К.Маркс менен Ф.Энгельс философияда «илимдин илими» ролуна болгон ат салышууга негиз жок экендигин көрсөтүшкөн. Андан тышкары, философиялык билимдердин өнүгүүсү жеке илимдердин

жетишкендиктеринен четтеп өтө алышпайт, анткени аталган илимдердин натыйжалары философиялык жалпылоолордун борборунда турат.

Философиялык билимдер мындай ченемде өзүнө жеке илимдердин билимдери катары салыштырмалуу чындыкты камтып турат. Философия К.Маркс менен Ф.Энгельс көрсөткөндөй конкреттүү илимдердин методологиясы катары кызмат кылып, окумуштууларга изилдөөнүн жалпы стратегиясын, илимий чындыкты издөөнү айтып берүүсү абзел.

/чүнчү суроону кароодо студенттердин көңүлүн марксистик философия ар кандай нукура илимий окуу катары үзгүлтүксүз түрдө өнүгүп тураарына буру зарыл. Аталган процесстин өбөлгөлөрү болуп философиялык билимдин өнүгүүсүнүн ички логикасы, о.э. табигый илимдердеги кардиналдуу ачылыштар, социалдык реалдуулуктагы терең өзгөрүүлөр эсептелишет.

XIX- XX-кк. аралыгында микро дүйнөдөгү ачылыштардын таасири алдындагы эски, классикалык физикадан айырмаланган жаңы кванттык физиканын түзүлүүсүндө көрүнгөн табигый илимдерде революция болуп өтөт. Табигый илимдердеги революция анын философиялык ойломунун актуалдуу милдетин алдыга алып чыкты. XIX-к. аягында капитализм өз өнүгүүсүнүн жаңы фазасы – империализмге кирди. Өзгөрүлгөн тарыхый шарттарда, албетте, жаңы коомдук көрүнүштөрдү теоретикалык анализге алуунун курч муктаждыгы пайда болгон.

Марксистик философиянын өнүгүү процессине таасирин тийгизген факторлордун катарында олуттуу мааниге ревизионизм менен болгон күрөш ээ болгон, ал марксистик философиянын идеяларынын андан аркы, кыйла терең иштелип чыгуусуна түрткү берген.

Жаңы шарттарда В.И.Ленин марксистик философияны терең чыгармачылык менен өнүктүрүп, аны көптөгөн жаңы жоболор менен байыткан.

«Элдин достору» деген эмне жана алар социал-демократтар менен кандайча күрөшөт?» (1894) жана «Элдик кошуундун экономикалык мазмуну жана Струве китебине сын» (1894-1895) аттуу эмгектеринде В.И.Ленин көңүл борборун тарыхый процесстеги массанын, таптардын, партиялардын, жеке инсандардын, алар башкарылуучу идеялардын ролун анализге алууга бурат.

В.И.Лениндин маанилүү философиялык эмгектеринен болуп «Материализм жана эмприокритицизм» (1908-1909) аттуу китеби эсептелет. Аталган эмгекте В.И.Ленин XIX-к. аягы XX-к. башындагы физикадагы революциялык ачылыштарды жалпылаган. Ушул негизде ал материализмди, тааным теориясын, диалектиканы өнүктүрүп, жаңы, кыйла жогорку баскычка жалпы диалектикалык материализмди көтөргөн.

«Философиялык дептерлеринде» В.И.Ленин материалистик диалектиканын мыйзамдары менен категорияларын негиздеп, диалектиканын, логиканын жана диалектикалык материализмдеги тааным теориясынын биримдиги принцибин алып чыгып, идеализмдин гносеологиялык өзөгүн караган. В.И.Ленин бул жерде логикалык түшүнүктөр формасында болуучу жана татаалдыгы менен карама-каршылыгы менен айырмаланган абстрактык ойломдун табиятын тактоого өзгөчө көңүл бурат.

В.И.Лениндин философиялык осуяты катары табигый илимдерге карата болгон марксистик философиянын методологиялык ролу анализге алынган «Аскердик кылуучу материализмдин мааниси туурасында» аттуу эсептелет жана ушуга байланыштуу философ-марксистер менен окумуштуу табият таануучулардын ортосундагы союзду бекемдөө программасы сунуш кылынат.

Бир катар чыгармаларында, өзгөчө «Империализм капитализмдин жогорку баскычы катары» аттуу эмгегинде ал анын өнүгүүсүнүн мыйзам ченемдүүлүктөрүн ачып берет. Ал тарабынан ачылган империализм доорундагы капитализмдин экономикалык жана саясий өнүгүүсүнүн теңсиздик мыйзамынан ири мааниге ээ болгон социалистик ревлюциянын баштапкы бир канча же жеке бир эле өлкөдөгү жеңишинин мүмкүнчүлүгү туурасындагы корутундуну чыгарат.

Улуу октябрь социалистик революциясынын жеңишинен кийин В.И.Ленин көптөгөн эмгектеринде капитализмден социализмге мыйзам ченемдүү өтүүсүн изилдеп, социалистик мамлекеттин өзгөчө ролун ачып берет жана экономика менен саясаттын өз ара көз карандылыгын көрсөтөт.

Жыйынтыгында окутуучуга лениндик идеялык мурас көөнөрбөс байлыка ээ экендиги туурасында айтуу зарыл. Анда биздин өлкөнүн тарыхый өнүгүүсүнүн эле эмес, бардык дүйнөдөгү пролетариаттын куткаруучулук кыймылынын тажрыйбасы да чагылдырылган.

## 9-тема. Постклассикалык философия.

Аталган теманы анализге алуу төмөнкү суроолорду кароону боолголойт:

1. Постклассикалык философиянын өзгөчөлүктөрү.
2. Постклассикалык философиянын негизги мектептери.
3. Постклассикалык философиянын негизги багыттары.

Постклассикалык философиянын негизги мүнөздөмөлөрүн ачып берүү менен студенттердин көңүлүн XIX-XX-кк. философиянын башкы айырмалуунучу чектери ошол мезгилдеги маданияттын, илимдин,

техниканын жана бардык адамзат ишмердүүлүгүнүн өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрү менен шартталгандыгына буруу абзел. Адамзат тарыхынын каралып жаткан этабы – бул жашоонун ар кыл чөйрөлөрүндө революциялык өзгөрүүлөр болуп жаткан карама-каршылыктуу убакыт. Ушул фондо жана философиянын аталган карама-каршылыктуу социомаданий кырдаалында баалуулуктарга кайрылуу жана философиялык парадигмалардын алмашуусу, б.а. философиялык маселелердин коюулушунун мүнөзү жана аларды чечүүнүн болбой коюушу мүмкүн эмес эле.

Аталган мезгилдеги философиялык окуулардын жалпы мүнөздөмөсү болуп (тилекке каршы марксизмди кошпогондо) болмуш категориясына кайрадан ой жүгүртүү менен байланышкан иррационализм жана плюрализм эсептелет. Болмуш акыл-эс менен дал келишүүсүн жана сокур сезим, интуиция, эрк, турмуш, жашоо, тажрыйба ж.б.у.с.  түрүндө болуусун токтотот.

Акырындык менен адамдын табиятына болгон көз караштардын трансформациясы болуп, башкы мүнөздөмөсү катары акыл-эстүүлүк эсептелет. Аталган мезгилдеги философия ар кыл философиялык багыттар, концепциялар жана мектептер менен, алсак: материалистик жана идеалистик, рационалистик жана иррационалистик, диний жана атеистик ж.б. берилген. Постклассикалык философиянын маанилүү чектери болуп толеранттуулук жана интегративдүүлүк эсептелет.

Заманбап философиянын толеранттуулугу ар кыл мектептер менен багыттар бири-бирине чыдамкайлык менен мамиле кылышып, ич ара терс карама-каршылыктарга туш болбоого аракет кылууларынан көрүнөт.

Ал эми заманбап философиянын интегративдүүлүгү илимде синергетиканын принциптери, илимий билимдердин математизациялануусу, универсалдуу эволюционизм принциби, башка методдордун системалуу ыкмасы ырасталуусунан байкалат.

Экинчи суроого өтүүдө постклассикалык философиянын негизги мектептери: эрк, жашоо философиясын, позитивизмди, неокантианчылыкты, прагматизмди классификациялоодон баштоо зарыл.

Жашоо философиясынын башатында Артур Шопенгауэр (1788-1860) турат, анын концепциясы борбордук категория болгон - «эрктин» айланасында топтолгон. Адам менен жашоонун маңызын А.Шопенгуаэр эрктен табат. Эч нерсе менен чектелбеген Дүйнөлүк эрк дүйнөнүн бардык окуяларын жана көрүнүштөрүн жаратуу менен өзү эч кандай негизге ээ эмес. А.Шопенгауэр эркти максатсыз чексиз далалаттануу катары түшүнөт. Адам - эрктин куралы, анын каалоолорунда жана аракеттеринде эрк адекваттуу түрдө жүзөгө ашат. Шопенгауэрдин пикиринде адам каалоолордун

айлампасынан чыга албайт. Каалоону басаңдатуунун бирден-бир каражаты катары А.Шопенгауэр максатсыз нукура байкоо жүргүзүүнү эсептейт.

А.Шопенгауэрдин идеяларынын андан аркы идеяларынын өнүгүүсү Фридрих Ницшенин (1844-1900), Анри Бергсондун (1859-1941) чыгармачыл эволюция концепциясында жана Вильгельм Дильтейдин (1833-1911) жашоо академиялык философиясында уланган. Аталган философтордун көз караштары үчүн эң жалпы болуп болмушту баштапкы философиялык категория катары түшүнүүдөн баш тартуу жана аны «жашоо» түшүнүгү менен алмаштыруу болуп эсептелет. Жашоо - максатка ээ болбогон калыптануунун спонтандуу агымы. Кыймылсыз, акыл жетпеген болмуштан айырмаланып жашоо таанып билүүгө жана рационалдуу түшүнүктөрдө белгилөөгө болбогон үзгүлтүксүз өзгөрүү жана калыптануу.

Позитивизм – XIX-к. 40-жылдары калыптанган философиялык мектеп, анын өкүлдөрү болуп Огюст Конт (1798-1857), Джон Стюарт Милль (1806-1873), Роберт Спенсер (1820-1903), Рихард Авенариус (1843-1896) жана Эрнст Мах (1838-1916) эсептелишет.

Өзүнүн өнүгүүсүндө позитивизм илим философиясы деген аталышка ээ болуу менен үч этап аркылуу өтөт. Биринчи этап О.Конттун, Г.Спенсердин жана Дж.Миллдин, экинчи позитивизм же эмпириокритицизм Э.Махтын жана Р.Авенариустун ысымдары менен байланыштуу. /чүнчү позитивизм XX-к. 20-жылдары калыптанып, неопозитивизм жана постпозитивизм деп аталышат. Биринчи жана экинчи позитивистердин өкүлдөрүнүн көз караштары боюнча философиянын милдети метафизикалык маселелерди абстрактуу теориялаштырууда, изилдөөдө эмес, билимдердин эмпирикалык баяндоосунда негизделген «позитивдүү» фактыларын алууда турат. Ошондуктан философиянын үлгүсү катары конкреттүү, баарынан мурда табигый (позитивидик) илимдер кызмат кылышы зарыл. Муну менен эмпиризм принциби метафизикалык жана илимий ой корутундулардын, теориялардын жана билимдердин ортосундагы демаркациянын (чектөөнүн) негизги критерийи иретинде каралган. Позитивистер эсептегендей, илимий баалуулука тажрыйбага таянган гана татаным ээ болот; эмпирикалык жол менен гана алынган билимдер илим үчүн кызыгууну жарата алат.

Ошентип, позитивизмдеги илимдин өнүгүүсүнүн логикасы жана негиздери байкоо жүргүзүүсүндө, баяндоосунда жана фактыларды систематизациялоосунда, ошол негизде илимий мыйзамдарды жана теорияларды калыптандыруусунда турат. Муну менен илимдин бардык өнүгүүсү кумулятивдик ыкма менен, б.а. жаңы билимдин акырындык менен

көзгө көрүнгүс секирик (революция) аркылуу илимдин өнүгүүсү жүзөгө ашырылат.

Көпчүлүк батыш окумуштууларынын пикирлеринде заманбап илим философиясы философтордун Веналык ийриминен башталат, анын катышуучулары 1929-ж. «Илимий дүйнөгө көз караш» аттуу манифести чыгарышкан. Анда алар көпчүлүк учурларда логикалык позитивизм же эмпиризм деп аташкан непозитивистик философиянын негизги чектерин беришкен. Веналык ийримдин башкы өкүлдөрү болуп Морис Шлик (1822-1936), Отто Нейрат (1882-1945), Людвиг Витгенштейн (1889-1951), Филипп Франк (1884-1966), Рудольф Карнап (1891-1970) ж.б. эсептелет.

Неопозитивистердин пикири боюнча, философиянын предмети болуп тил, баарынан мурда илимдин тили, о.э. илимдин тилинде берилген билимдерди анализдөөгө багытталган философтордун ишмердүүлүгү эсептелүүсү зарыл. Андыктан ойлом тил аркылуу берилет, демек тил ойломдун чек арасы болуп эсептелет. Андан тышкары, менин тилимдин чек аралары «менин дүйнөмдүн чек араларын» билдирет. Бул жерде аталган мектептин өкүлдөрү метафизиканы тилдин логикалык нормаларынын өңүтүндө маанисин жоготкон окуу катары карашкан. Алардын бирден-бир идеясы философиялык маселелер тилди туура эмес колдонуунун натыйжасында пайда болушат деп эсептегендигинде турат.

Бардык непозитивистерди төмөнкү жоболор бириктирип турат:

-метафизикага болгон терс мамиле, аны баалуука ээ болбогон жалган окуу катары кароо;

- илимдин культу. Философия (метафизика) илимдер менен алмаштырылышы керек деген ырастоо, андыктан бирден-бир ыктымалдуу билим болуп конкреттүү-илимий билимдер эсептелет;

- эмпиризмди анын заманбап формасында ырастоо. Бардык неопозитивистер билимдерди эмпирикалык негиздөө методдорун издешип, эмпирикалык билимдер гана илимий ой корутундуларды жана теорияларды метафизикалыктан айырмалай алууга жөндөмдүү;

- билимдердин илимдүүлүгүнүн критерийи - сунуштардын далилдүүлүгүнүн эмпирикалык текшерүүчүлүгү.

-верификация.

Илимдин андан аркы өнүгүүсү неопозитивизмдин жашоо-турмуштагы жөндөмсүздүгүн көрсөткөн.

Ошондуктан неопозитивизм философиясынын ордуна философиядагы жаңы багыт - постпозитивизм келген. Илимий таанымдын методологиясынын өнүгүүсүндөгү постпозитивистик этап философтор К.Поппердин (1902-1994), Т.Кундун (1922), И.Лакатостун (1922-1974),

П.Фейерабендин (1924) эмгектери менен белгилүү. Постпозитивизмдеги башкы маселе – илимдин өнүгүүсүн түшүндүрүү, логиканы жана илимий билимдердин өсүүсүн изилдөө. Анын өкүлдөрүн баарынан мурда төмөнкү суроолор кызыктырат: жаңы теория кандайча пайда болот, жаңы коомчулукта ал кандайча ырасталат, атаандаштык кылуучу илимий теорияларды тандоонун критерийлери кандай ж.б.у.с.

Баарынан мурда сындык рационализм сыяктуу постпозитивизмдин ичиндеги багытка кайрылуу зарыл. Аталган багыттын негиздөөчүсү - англиялык философ жана социолог К.Поппер. Ал илимдин мыйзамдары байкоо жүргүзүүгө туура келбейт, демек, верификацияланбайт деген. Илим, ошентип, верификация эмес, фальсификация принцибине муктаж; нукура деп илимдин бардык эле жоболорун эсептөөгө болот. Илимий теорияга карама-каршы келген фактылардын болушу аны фальсификациялайт, ошондуктан окумуштууларды аталган теориядан баш тартууларына мажбурлайт. Эгерде теорияны төгүнгө чыгаруу жок болсо, анда ал нукура деп эсептелет. Илимий билимдин өсүүсү жаңы гипотезаларды алып жана аларды төгүнгө чыгаруусунда, фальсификациялоосунда турат, анын натыйжасында илимий маселелер чечилет.

Постпозитивистик теориянын иштелип чыгуусуна америкалык философ Т.Кун олуттуу салымын кошкон. Илимдин өнүгүүсүнүн өзгөчөлүгүн Т.Кун үстөмдүк кылуучу белгилүү бир тарыхый мезгилдеги илимий коомчулуктун ишмердүүлүк ыкмасынан көз каранды түрдө койот. Мындай ар бир коомчулукта ишмердүүлүгүнүн өз ыкмасы, ойломунун стили, илимийлүүлүгүнүн жана рационалдуулугунун критерийлери бар; ушуну түшүндүрүү үчүн Т.Кун «парадигма» түшүнүгүн сунуштайт.

Парадигма деп Т.Кун баардыгы кабыл алган илимий жетишкендиктерди түшүнгөн, ал белгилүү бир убакыт аралыгында илимий коомчулука маселелерди коюу жана аларды чечүү моделин берет. Эреже катары, парадигма классикалык окумуштуулардын эмгектеринде жана окуу китептеринде жүзөгө ашырылган. Ал көптөгөн жылдар бою илимдин белгилүү бир чөйрөсүндөгү бир катара маселелерди жана алардын чечилишин аныктаган. Жалпы кабыл алынган парадигманын калыптануусу - тигил же бул илимий билимдердин системасынын зиректүүлүгүнүн көрсөткүчү.

Бир илимий парадигманын экинчиси менен алмашышы өзүнө илимий революцияны камтып турат. Чечүүчү чекиттердеги илимдин өнүгүүсү секирик процесс катары илимий революциянын жардамы менен жүзөгө ашырылат.

Эгерде К.Поппер илимий билимдердин өсүү процесси дискреттүү мүнөзгө эле ээ болуп, перманенттик революциялар жолу менен боло турган болсо, анда анын окуучусу жана жолун жолдоочу Имре Лакатос ал аркылуу иштелип чыккан моделде илимий билимдердин өнүгүүсүнүн үзгүлтүксүз учурларын эске алууга далалат кылат. Бул алар иштеп чыккан илимий-изилдөөчүлүк программалар концепциясында кеңири чагылдырылган.

ИИП (илимий-изилдөө программасы) – бул алкагында теоретикалык ишмердүүлүк жүзөгө ашкан метатеоретикалык билим; бул базистик идеялар жана принциптер белгилүү жыйындысы менен бириккен бири-бирин алмаштырган теориялардын жыйындысы. Илимдин өнүгүүсү Лакатостун пикиринде - бул кандайдыр бир мезгилде бири-бири менен чогуу пайда болуп, атаандаштык кыла алуучу ИИПтин ырааттуу алмашуусу. ИИПтин курамы өзүнө «катуу ядрону», коргоочу курду жана методологиялык эрежелердин («эвристика») системасын камтып турат.

ИИПтин «Катуу ядросу» - бул анын бардык теориялары үчүн жалпы болуп эсептелгендер, аталган изилдөөчүлүк программанын алкагында четке кагылбагандар катары (конвенциянын натыйжасында) кабыл алынган ырастоолордун жыйындысы.

Жардамчы гипотезалардан турган «коргоочу кур» «катуу ядронун» сакталуусун камсыз кылып, изилдөөчүлүк программаны эмпирикалык маалыматтар менен байланыштырат.

«Терс эвристика» - изилдөөнүн кайсыл жолдорунан оолак болуу керек экендигин көрсөтсө, ал эми «оң эвристика» - изилдөөнүн кыйла болжолдуу жолдорун сунуштайт.

Эгерде Т.Кун менен И.Лакатос илимдин өнүгүү процессин рационалдык жана иррационалдык учурларынын биримдиги катары караса, П.Фейерабенд аны толугу менен иррационалдаштырат. П.Фейерабенд бир эле мезгилде таанымдын көптөгөн тең укуктуу типтери, ал эми илимдин ичинде - ар кыл тең укуктуу теориялар пайда болот деген жобого таянат. Илимдин өнүгүүсү ар кыл теориялардын өнөктөштүгүнүн эсебинен жүзөгө ашырылат. П.Фейерабенд теориялардын полиферация (көбөйүү) принцибин алып чыккан. Андыктан бир да теория факты менен четке кагылбайт, ал эми аны четке кагуу үчүн башка теориянын пайда болуусу зарыл. Ошондуктан окумуштуулар колдон келишинче көп сандагы альтернативдүү теорияларды түзүүгө далалат кылуулары зарыл.

Фейерабенд жаңы теориянын булагы маселесине кыйла кенениреек токтолот. Жаңы оригиналдуу идеяларды кайдан алууга болот? Фейерабенд идеяларды теориялар жана догмалар тарабынан кулга айландырылбаган аң-сезимдин чөйрөлөрүнөн алууга болот деп эсептеген, мисалы, түштөн,

фантазиядан, көркөм чыгармалардан, алгачкы элдердин чыгармаларынан, чыгыш диндеринен, астрологиядан, магиядан ж.б. Бул жерде методологиялык плюрализм эле эмес, методологиялык анархизм идеясында да «бардыгына жол берилет», «баары жарайт» Фейерабендин «Методго каршы. Таанымдагы анархистик теориянын очерки» (1975) аттуу китебинде берилген.

Неокантианчылык Канттын философиясынын идеалистик жана метафизикалык элементтерин кайра өндүрүп, өнүктүрүү менен анын материалистик жана диалектикалык элементтерин четке кагат. Неокантианчылык толук өнүгүүгө эки немис мектебинде: Марбург (Коген, Наторнк, Кассирер) жана Фрейбург же баден (Виндельбанд, Риккерт) ээ болгон. Биринчи мектеп илимий түшүнүктөрдүн жана философиялык категориялардын идеалистик чечмеленүүсүнө өзгөчө көңүл буруу менен аларды логикалык конструкциялар катары түшүндүрөт. Экинчи мектептин кызыкчылыктарынын борборунда – теоретикалык жана тажрыйбалык акыл-эс тууралындагы канттык окуунун негизиндеги табигый жана коомдук илимдердин карама-каршыл коюусун жалпылоо жана социалдык көрүнүштөрдүн илимий таанымынын мүмкүн эместигин далилдөөгө аракет кылуу.

Неотомизм - католиктик чиркөөнүн иштелип чыккан философиялык доктринасы, неосхоластиканын ядросу. Анын көрүнүктүү өкүлдөрүнө Э.Жильсон, Ж.Маритен, Ю.Бохеньский, К.Войтылла (Рим папасы Павел) ж.б. кирет. Неотомизмдин өнүгүүсүнүн негизи болуп чиркөө менен кайра жаралган Фома Аквинскийдин окуусу эсептелет. Заманбап неотомизмдин негизги тенденциясы болуп жаңы табигый билимдерди теологиялык чечмелөө, Фома Аквинскийдин системасын Канттын, Гегелдин жана Гуссерль, Хайдеггер ж.б. батыш философторунун философиялык идеялары менен синтездештирүү аракеттери эсептелет. Прагматизмдин булагы немис философиясында, анын ичинде Гегель менен Ницшенин чыгармачылыгында жатат. Андан кийинки прагматизмдин идеялары А.Бергсондун эмгектеринде берилген. Прагматизмдин негизги идеяларын Чарльз Пирс (1839-1914) айтып чыккан. Андан кийин аталган доктринаны Вильям Джемс (1842-1910), Джон Дюи (1859-1952), Джордж Мид (1863-1931) иштеп чыгышкан. Окумуштуулардын тизмесинен көрүнүп тургандай, прагматизмдин калыптануусу үчүн өзгөчө жагымдуу шарттар (социалдык-экономикалык, саясий) АКШда калыптанган. Аны америка жашоо образы жана анын пропагандасы шарттаган.

/үчүнчү суроону түшүндүрүүдө студенттердин көңүлүн постклассикалык философиянын феноменология, философиялык антропология,

экзистенциализм, герменевтика, фрейдизм, постмодернизм сыяктуу негизги багыттарына көңүл буруу зарыл.

Феноменология - Эдмунд Гуссерлдин ысымы менен байланышкан XX-к. философиядагы таасирлүү багыттардын бири. Феноменологияны кээде интуитивизмдин бир түрү катары мүнөздөшөт, андыктан философиялык таанымдын предмети катары Э.Гуссерль аң-сезимдин агымында интуитивдүү каралган нукура маңыздарды эсептейт. Гуссерлдин пикири боюнча кийинки философиянын табигый орношуусу – феноменологиялыка өзгөрүүсү зарыл, натыйжада аң-сезим өзүнө өзү кайрылат. Табигый орношуунун ыкмасы катары Э.Гуссерль өзгөчө методу - феноменологиялык редукцияны эсептейт. Феноменологиялык редукциянын натыйжасында аң-сезим эмпирикалык, индивидуалдуу мазмундан кутулуп, нукура курамдарга кайрылат. Феноменологиялык редукциянын натыйжасында табылган нукура аң-сезим маңыздардын дүйнөсүн конститциялайт.

Нукура аң-сезимдин негизги касиети катары Э.Гуссерль интенционалдуулукту – обөектке багытталууну эсептейт. Аң-сезим эч качан «бош» болуп эсептелбейт, ал дайыма «бир нерсе туурасындагы аң-сезим». Интенционалдуулукту аң-сезимдин сырткы дүйнөгө болгон багыттуулугу катары түшүнүүгө жана табигый көрсөтмө менен алмаштырууга болбойт. Аң-сезимдин интенционалдуу предметүүлүгү болуп анын жеке курамдары, кызмат кылат, бул предметтүүлүктөр физикалуу эмес, идеалдуу.

Философиялык антропология XX-к. 20-30-жылдары пайда болуп, Макс Шелердин, Гельмут Плеснердин, Арнольд Гелендин ж.б. ысымдары менен байланыштуу.

Философиялык антропологиянын негизги маселеси болуп адамдын бүтүн концепциясын түзүү эсептелет. М.Шеллер философиялык антропологияны адамдын маңызы, анын табияттын ар кыл чөйрөлөрүнө болгон мамилелери, анын келип чыгуусу, күч-дарамети, анын өнүгүү мүмкүнчүлүктөрү туурасындагы илим катары аныктайт. Адамдын башкы өзгөчөлүгү катары философиялык антропологиянын өкүлдөрү андагы биологиялык табияттын үстүнөн көтөрүлүүгө, инстинктивдүү программалаштырууну багындырууга шарт түзгөн рухтун болушун эсептешет. Адам, бир жагынан, рух менен дененин ортосунда ажыраган, бирок экинчи жагынан, аталган ажыроочулук дүйнөгө ачылууга, жамандык менен жакшылыкты ажыратууга, сулуулукту көрүүгө, жаратууна баштоого шарт түзөт. Биологиялык жактан адам жетишсиз, бирок рух ага биологиялык чектелүүлүктү багындырууга шарт түзүп, жаныбарга караганда реалдуулука жакшы ыңгайлашууга мүмкүндүк берет. Адам маданиятты жашап кетүү үчүн

жаратат, ошондуктан ал эч качан биологиялык жандык болуп эле эсептелбейт.

Экзистенциализм Европада XX-к. биринчи жарымында калыптанган. Анын булагы болуп С.Кьеркегордун философиясы, Э.Гуссерлдин жашоо философиясынын негизги идеялары жана феноменологиясы эсептелет. «Экзистенциализм» түшүнүгү улуттук белгилери боюнча айырмаланган бир катар философиялык окууларды бириктирет. Орус экзистенциализминин өкүлдөрү болуп Николай Бердяев менен Лев Шестов; француздардыкы –Жан Поль Сартр, Альберт Камю, Габриэль Марсель; немистердики – Мартин Хайдеггер, Карл Ясперс; испаниянықы –Хосе Ортега-и-Гассет эсептелет. Жапондук экзистенциализмдин варианты болуп Кобо Абэнин адабий чыгармачылыгы эсептелет. Андан сырктары экзистенциализмдин диний (Карл Ясперс, Габриэль Марсель, Николай Бердяев, Лев Шестов, Мартин Бубер) жана атеистик (Альберт Камю, Жан Поль Сартр, Мартин Хайдеггер ж.б.) варианттарын айырмалашат.

Экзистенциализмдеги же философиядагы баштапкы пайда болуу катары индивидуалдуу болмуш эсептелет, ал бардык билимдердин жана баалуулуктардын булагы катары кызмат кылат. Экзистенциализмдин негизги темасы болуп кризистик, конфликтик кырдаалда турган адам маселеси турат. Индивидуалдуу болмуштун иллюзордуулугу, жашоонун кепилдүүлүгүнүн жана камсыздалуусунун жоктугу – пайда болуу философиясынын негизги лейтмотиви ушундай.

Адам адегенде тандап албаган белгилүү бир жерде жана убакытта төрөлөт, бирөөлөрдүн мыйзамын орнотпогон дүйнөдө жашайт, пайда болуу процессинде гана өз маңызына ээ болот, тагыраак айтканда аны түзөт. Болмуштун кепилсиздигин жана камсыздалбагандыгын таасын аңдап билүү адамга эркиндике жетүүгө жана аны менен бирге тантырактык реалдуулука карама-каршы турууга күч-дараметке ээ болууга шарт түзөт.

Герменевтика философиялык багыт иретинде XX-к. ортосунда пайда болгон. Герменевтикалык идеялар ар кыл багыттарга таандык болгон бир катар философтордун окууларында байкалат, алсак: Ф.Ницшенин эрк философиясында, Дильтейдин жашоо философиясында, Э.Гуссерлдин феноменологиясында, М.Хайдеггердин экзистенциалдык онтологиясында. Дегеле философиялык герменевтика Ханс Гадамердин, Поль Риккердин ж.б. ысымдары менен байланыштуу. Тестерди чечмелөө методикасы иретинде герменевтика антикалык мезгилинде эле, XIX-к. Фридрих Шлейермахердин окуусунда пайда болуп, жалпы гуманитардык метод катары калыптанган, ал эми XX-к. философиялык теория статусуна ээ болот.

Герменевтиканын негизги түшүнүгү - текст, түшүнүү, диалог ж.б. Бардык маданий жана адамзат реалдуулугу текст катары каралып, ал окулуусу жана түшүнүктүү болуусу зарыл. Түшүнүү - маданий көрүнүштөрдүн жана окуялардын маңызына жетүү. Түшүнүүгө жетүү үчүн текстин автору менен тигил же бул белгилик системаны түзүүчүнүн, анын окурманы, интерпретаторунун ортосунда диалог кырдаалы киргизилет. Түшүнүү болуу үчүн ал «алдын ала түшүнүү», «алдыңкы билим», «салт» ж.б.у.с. түшүнүктөр менен белгиленүүчү рефлексидүүгө, рационалдуулука чейинки курамдарга таянышы зарыл. Түшүнүү универсалдуу мүнөзгө ээ болуп, герменевтиканын онтологиялык версияларында ал дүйнөдөгү адамдын пайда болуу ыкмасы катары аныкталса, гносеологиялык версиясында – маңызга жетүүнүн эпистемологиялык процедурасы катары мүнөздөлөт. Герменевтикалык метод философиялык билимдер чөйрөсүндө эле эмес, социологияда, психологияда, маданият жана адам тууралсындагы башка илимдерде дагы колдонулат.

Психоанализдин негиздөөчүсү - австриялык дарыгер, психолог Зигмунд Фрейд (1856-1939) болгон. Ал тарабынан иштелип чыккан XIX-к.соңу XX-к. башындагы психоанализ, бир жагынан өзүнө психикалык ооруларды дарылоо методун, экинчи жагынан, адамдын жашоосундагы бейаң көрүнүштөрдүн, процесстердин жана бардык маданияттын өнүгүүсүнүн (фрейдизм) түшүндүрүүчү ролун, теориясын камтып турат.

Фрейд өзүнүн изилдөөлөрүнүн натыйжасында адамдын психикасы татаал курамга ээ жана бири-бири менен байланышкан төмөнкүдөй үч курамдык элементтен турат деген жыйынтыка келген: «Жогорку Мен», «Ал» жана «Мен». Жогорку Мен – бул адамдын сексуалдык, физиологиялык керектөөлөрүн басмырлап, анын биологиялык каалоо-тилектерин чектеп, ага социалдык рахаттарды тартуулаган социомаданий табияты, Ал – бул адамдын сексуалдык, физиологиялык керектөөлөрүн канаттандырып, ага биологиялык рахат тартуулаган табигый табияты, Мен – бул адамдын кандайдыр-бир табигый (раса, улут, жыныс, курак ж.б.) жана социалдык (коомдук статус, кесиптик, адистик, диндик, маданий ж.б.) топторго таандык экенин түшүнүүсү. Ушуга байланыштуу инсанды калыптандырган негизги күч деп каалоону (либидону) атаган.

Фрейддин пикиринде бардык адамзат маданияты сублимациянын натыйжасы, б.а. либидонун энергиясын чыгармачылык же ишмердүүлүкүн башка түрлөрүнө алмаштыруусу. Маданияттын негизинде, ошентип, адамдын рационалдуу эмес, иррационалдык, биологиялык ишмердүүлүгү турат. Ошондуктан Фрейддин европалык маданият невротиктер тарабынан

түзүлгөн деп эсептөөсү - бул күлкүлүү нерсе эмес, жаңылыш жазуу эмес, анын теоретикалык корутундусу.

Постмодернизм философиялык агым катары XX-к. акыркы он жылдыгында калыптанган жана өзүнө релятивизм менен скептицизмдин заманбап вариантын камтып турат. Постмодернизмдин негизги өкүлдөрү болуп Мишель Фуко, Ролан Барт, Жак Деррида, Жиль Делез, Жорж Батай, Жан Бодриар ж.б. эсептелет.

Постмодернизм реалдуулукту ар кыл түрдөгү белгилик системалардын жыйындысы катары кароо менен объективдүүлүк түшүнүгүнөн баш тартат. Постмодернизм чындык адам сүйлөгөн тилден көз каранды, ал эми тилдин өзү - адамдын жаратуусу дегенге таянат. Адам маани-маңыздар реалдуулугунда жашайт жана өзү аң-сезимге, эркке ж.б.у.с. ээ болгон субөект эмес, ошол бирден-бир маани-маңыз болуп эсептелет. Инсан «Мендин» сезиминде берилген бүтүндүк жана биримдик катары түшүндүрүлбөйт. Ар бир адам «Мендин» көпчүлүгү, ич ара конфлитешүүчү жана конфликтешпөөчү, кесилишүүчү жана кесилишпөөчү маани-маңыздардын көптүгү. Аныктуулук жана бир жактуулук сырта эле эмес, ичте да жок. Инсан плюралдуу, ал эми акыл-эс менен адамды өзүнүн жашоосунан алаксытуу максатында түзүлгөн «фикциянын жогорку баалуулуктары. Философиянын милдети – постмодернистердин пикири боюнча - тең укуктуу пайда болгон жана кайрадан түзүлгөн маани-маңыздардын интерпретациясы, же жогорку жана төмөнкү, татыктуу эмес маани-маңыздар жок. Реалдуулук бул планда бир жактуу.

## 10-тема. Орус философиясы.

Орус философиялык ойлому - дүйнөлүк философиянын жана маданияттын органикалык бир бөлүгү. Киевдик орусияда христиандаштыруу процессинде пайда болуу менен ал орус маданиятынын контекстинде өнүгүп, анын тарыхый өзгөчөлүгүн чагылдырган. Орус философиялык ойломунун белгилүү тарыхчысы В.В.Зеньковский белгилегендей, «орус философиясы теоцентрикалуу (бирок анда диний башталыш күчтүү болгон) жана космоцентрикалуу (натур философиялык изденүүлөрдөн алыс эмес) эмес, баарынан мурда антропологиялуу, тарыхыйлуу жана социалдык маселелерге кыйла жакын: ал адам, анын тагдыры тарыхтын жолдору, маңызы жана максаттары туурасындагы маселелер менен алек болгон» (Зеньковский В.В. История русской философии. В 2 томах. Т. 1. Ч. 1. – Л.: Эго, 1991. 16-б.).

Орус философиясынын аталган өзгөчөлүктөрүн орус философиясынын көптөгөн башка изилдөөчүлөрү баса белгилешкен.

Аталган темада төмөнкүдөй негизги суроолорду бөлүп көрсөтүү максатка ылайык:

1. XI-XVIII-кк. петровдук мезгилге чейинки философия (орус орто кылымдык философиясы).
2. XVIII-к. – Москвалык орусиядан Петровдук орусияга өтүүсү менен байланышкан.
3. XIX-к. – өз алдынча философиялык чыгармачылыктын пайда болуусу.
4. XIX-к. соңу – XX-к. башы – философиялык системалардын пайда болуусу.

Биринчи суроонун маңызын ачып берүү менен орус философиясынын калыптануусунун баштапкы мезгили өзүнүн тиби боюнча батыш европалык Орто кылымга, анын диний багыттуулугуна абдан жакын экендигин баса белгилей кетүү зарыл. Анын айырмалануучу өзгөчөлүгү болуп өз алдынча статусунун жоктугу эсептелет. Орус философиясынын калыптануусу 988-жылы Орусиядагы сыйынуу менен башталган христиандаштыруу процесси менен тыгыз байланышкан. Өзүнүн пайда болуусунда ал славяндык дүйнө көз караш жана маданияттын бир катар чектерин жана образдарын кабыл алып, бардык жагынан, христианчылыкты кабыл алуу Байыркы Орусияны (Русь) Византия менен тыгыз байланыштырып, андан антикалык философиянын көптөгөн образдарын, идеяларын жана концепцияларын алган. Муну менен ал IX-к. эле Кирилл жана Мефодий тарабынан түзүлгөн өзүнүн жеке жазма тилин колдонгон.

Орто кылымдык орус философиясынын негизги өкүлдөрү болуп Киевдик митрополит Илларион (XI-к.), Владимир Мономах (1052-1125), Юрий Крижанич (1618-1683) ж.б. эсептелет.

Алгачкы байыркы орус философу катары киевдик метрополит Илларионду (XI-к.) айтсак болот. Ал өзүнүн «мыйзам жана жыргалчылык туурасындагы Сөзүндө» Эски осуятты символикалык чечмелөө методунун жардамы менен «орус жеринин» жалпы дүйнөлүк процесске кирүүсүн негиздеген диндик-тарыхый концепцияны түзгөн».

Владимир Мономахтын «окуусу» тажрыйбалык философиянын эрежелеринин топтому болуп эсептелет. Ал жүрүм-турумдун этикалык кодексин берүү менен, Кудай менен эриш-аркак жашап, шайтанды жана өз душмандарын жеңүү керек экендигин айткан. Мунун баарына үч жакшы иш менен жетүүгө болот: «күнөөнү моюнга алуу, көз жаш жана садага берүү». Окууда андан башка көптөгөн, светтик эрежелер катылган, мисалы: «алдамчылыктан, пиянкечтиктен сактан, алардан жан менен дене

жабыркайт», бирок башкысы «Кудайдан коркууну баарынан жогору койгула» дейт.

XVII-к.славяндардын коомдук-саясий ойломунун көрүнүктүү өкүлдөрүнөн болуп Юрий Крижанич эсептелет. Ал москвалык падышага славян элин бириктирүүдө жана коргоодо көптөгөн милдеттерди жүктөгөн.

Крижаничтин «немис» жана «грек» маданиятына карама-каршы турган славяндык маданий дүйнөсүнүн өздүк тиричилиги туурасындагы идеялары «сырткы» б.а. антикалык «тилдик» жана «ички» - христиандык философиянын айкалышуусу жана бөлүнүүсү маселеси менен аныкталган орус орто кылым философиясынын изденүүлөрүн жыйынтыктаган.

Орус философиясынын өнүгүүсүнүн II-этабы XVIII-к. башталып, Улуу Петрдун реформасы жана коомдук жашоонун секуляризациясы менен байланышкан Россияны европалаштыруу процесси менен дал келишет. Аталган мезгилде орус философиясы схоластикалык образдардан алыстап, чиркөөдөн көз карандысыз болуп калат. Аталган мезгилдеги философиялык билимдердин ары көрүнүктүү өкүлдөрү болуп М.В.Ломоносов (1711-1765) жана А.Н.Радищев (1749-1802) эсептелишет.

М.В.Ломоносовдун сиңирген эмгеги катары анын Орус илиминдеги материалистик салттарга негиз салгандыгын эсептесек болот, о.э. ал мистицизм менен идеализмге каршы чыккан. Ломоносов атомистик доктринага негизделген «корпускулярдык философиянын» негиздерин түзгөн. Ломоносовдун пикиринде дүйнөнүн түзүлүүсүнүн негизинде майда бөлүкчөлөр жатат, аларды ал монадалар деп атайт. Бирок Лейбництен айырмаланып, Ломоносов рухий эмес, материалдык корпускулалар жана ажырагыс физикалык монадалар, материалдык атомдор туурасында кеп кылат. Табияттын мыйзамдары, Ломоносовдун пикиринде табигый пайда болууга ээ.

Ломоносовдун философиясы секулярлаштырылган, антиклерикалдык мүнөзгө ээ болгону менен дүйөнү табигый илимий жана теологиялык түшүндүрүүнү колдонууга аракет кылат. Мунун баары Ломоносов классикалык деизм жаатында тургандыгынан кабар берип турат.

Радищевдин материалистик идеялары XVIII-к. табигый билимдердин жетишкендиктерине, француз энциклопедистеринин окууларына жана Ломоносовдон башталган орус материалистик салттарына таянган. Радищевдин материализми өзүнүн негизинде механистикалык жана метафизикалык болуу менен деизмдин элементтеринен эркин болгон эмес. Анын философиясы крепостнойлук диний идеологияга каршы багытталган.

Ломоносовдун артынан эле Радищев табиятты материянын ар кыл формаларынын көрүнүшү катары караган. Табият узактыгы боюнча образга

(формага), бөлүнүүчүлүкө, катуулука, кыймылга, узактыка жана сүрүп чыгаруучулука ээ болгон материалдык предметтерден турат. Кыймыл – материянын касиети, ал материясыз мааниге ээ эмес.

Орус философиясынын өнүгүүсүнүн III-этабы XIX-к. экинчи жарымынан, философиялык чыгармычылыгында XVIII-к. секулярдык тенденция уланган декабристердин көтөрүлүшүнөн башталган. Орус маданияты өзүнүн улуттук тили менен катар, орус улуттук өздүк аң-сезимине ээ боло баштаган жана өзүнүн негизги темасын, дүйнөлүк тарыхтагы орустардын өзгөчө миссиясын жана тагдырын аныктаган. Ушул мезгилде гана Россиядагы өз алдынча философиялык чыгармачылык башталат. Аталган этаптын негизги өкүлдөрүнө П.Я.Чаадаев (1794−1856), А.И.Герцен (1812−1870), Н.Г.Чернышевский (1828−1889), Боткин В.П. (1811−1869), Т.Н.Грановский (1813−1855) ж.б. кирет. Россиядагы өз алдынча философиялык чыгармачылыка биринчилерден болуп П.Я.Чаадаев негиз салган.

П.Я.Чаадаевдин окуусунун борбордук бөлүгүндө адам жана тарых философиясы турат. Адам ал эки жактуу табигый жана рухий жандык деп жазган. Философиянын милдети аны табияттык эмес, рухий жандык катары изилдөөсүндө турат. Коомдук өнүгүүнү аныктоочу фактор катары, Чаадаевдин пикиринде кудайдык алдын ала көрүү эсептелет. Чаадаевдин тарых философиясы өзүнө географиялык детерменизм принцибин да камтып турат. Географиялык фактор, биздин бардык коомдук жашоонун мүнөзүн аныктайт жана бардык биздин тарыхтын үстөмдүк кылуучусу катары эсептелет деген пикирди айткан.

Биз карап жаткан этаптагы орус философиясынын өзгөчөлүгү болуп орус идеясынын маңызын жана маанисин карама-каршы түшүндүргөн эки багыттын болушу эсептелет, алар: славянофилдер жана батышчылдар.

Славянофильчилик философиялык ойломдун багыты катары XIX-к. орус философиясында көрүнүктүү орунда турат. Анын негизги өкүлдөрү: А.С.Хомяков (1804−1860), И.В.Киреевский (1806−1856), И.С.Аксаков (1823−1886), А.И.Кошелев (1806−1883), Ю.Ф.Самарин (1819−1876) эсептелет.

Славянофилдер Ф.Шеллинг менен Г.Геглдин философиясын чыгармычылык жактан кабыл алышып, алардын идеяларын колдонууга далалат кылышкан. Батыш цивилизациянын терс жактарын четке кагышкан, алсак: социалдык антагонизмди, акыркы индивидуализмди, меркантилдүүлүктү жана ашыкча рационалдуулукту. Славянофилдер орус эли Батыштын пассивдүү рухий продукциясын кабыл албастан, жеке өздүк

тиричиликтик рухий баалуулуктарга ээ болуу зарыл деген пикирге таянышкан.

Аталган багыттын идеялык эргитүүчүсү катары А.С.Хомяков эсептелген. Батыштын терс таасирин жана орус жашоосуна болгон петровдук реформаны баса белгилөө менен ал түпкү тамырлары – православие жана уруу – өз патриархалдык жашоосунда кала берген, ошондуктан «Ыйык Орусия» идеалына кайтып баруу, православиени түбөлүктүү башталыш катары ырастоону боолгологон. Ал үчүн чиркөө баштапкы реалдуулук болуп эсептелет: чиркөө – система же уюм эмес, чиркөө – өзүндө чындыкты жана сүйүүнү адамдардын рухий биримдиги катары жүзөгө ашырган жандуу рухий организм болуп эсептелет.

Чиркөөнүн негизги принциби - адамдардын жалпы рухий негизинде мажбурлоочулук эмес, органикалык, табигый биригүүсү.

Славянофильчилик менен болгон күрөштө орус философиясынын башка багыты – батышчылык калыптанган. Аталган багытка А.И.Герцен (1812−1870), Н.Г.Чернышевский (1828−1889), Н.П.Огарев (1813−1877), К.Д.Кавелин (1818−1885), В.Г.Белинский (1811−1848) сыяктуу ойчулдар таандык болгон. Алар батыш европалык цивилизацияга, православияга таянуу менен материализмге жакындашкан.

Аталган агымдын көрүнүктүү өкүлдөрү болуп А.И.Герцен жана Н.Г.Чернышевский эсептелет. Материалистик концепцияга таянуу менен алар табият адамдан көз карандысыз түрдө пайда болот, ал көп түрдүүлүктүн биримдиги. Ойломдун мыйзамдары болмуштун мыйзамдарынын чагылуусу болуп эсептелсе, диалектика болсо илимий таанымдын жана ойломдун ыкмасынын негизги методун түзөт. «Орус социализм» теориясын иштеп чыгуу менен алар аны айыл уруусунун негизи, ал эми кыймылдаткыч күч катары дыйкан массаларын эсептеген.

Россияда XIX-к. 60-ж. соңу жана 70-ж. башында элдик кошуундун дүйнөгө көз карашы калыптанат. Алардын идеологиясынын жалпы чеги болуп капитализмден өтүп социализмге келүү каалоосу жана Россиянын өздүк турмуштук жолунун өнүгүүсүн таануу, Россиядагы социалдык (социалистик) революцияга жана жамааттык жекелике жана эмгеке негизделген коомдук түзүлүшкө далалат кылуу болгон. Аталган дүйнөгө көз караштын билдирүүчүлөрү катары Н.К.Михайловский (1842−1904), П.Л.Лавров (1823−1900), П.Н.Ткачев (1844−1886), М.А.Бакунин (1814−1876) эсептелген.

60-70-жж. славянофилчиликти улантуучулар катары өзөкчүлөр эсептелишет. Алардын философиялык билимдеринин башкы идеясы - социалдык жана рухий өнүгүүнүн негиздери иретиндеги «улуттук өзөк».

Аталган багыттын негизги өкүлдөрүнө – А.А.Григорьев (1822-1864), Н.Н.Страхов (1828-1896) жана Ф.М.Достоевский (1821-1881) кирет. Алардын баарын дүйнөгө көз караштын диний мүнөзү бириктирген.

Аталган агымдын ары терең ойчулу болуп Ф.М.Достоевский эсептелет. Достоевскийдин коомдук-саясий изденүүлөрүндө бир нече этаптарды бөлүп көрсөтүшөт: утопиялык социализмдин идеялары менен алектенүү; диний-нравалык идеяларды өздөштүрүү менен байланышкан чоң өзгөрүш.

XIX-к. 60-ж. тартып өзөктүүлүктү ачык айтып чыккан. Адамзаттын бардык тарыхы – христианчылыктын салтанаты үчүн болгон күрөштүн тарыхы. Россиянынын өздүк турмуштук жолу атлаган кыймылда, орус элинин үлүшүнө жогорку рухий чындыкты алып жүрүүчү мессиандык роль тийген. Ал адамзатты «жашоонун, искусствонун жаңы формалары», анын нравалык басып алуусу аркылуу куткарууга милдеткер болгон.

Достоевский – орус нравалык философиясынын негизи болуп калган башталыштардын билдирүүчүсү. Ал – бардык адамдардагы Кудайдын–ал тургай жаман жана кылмыштуу учкунун издөөчү. Дүйнөнү сүйүүчүлүк, идеалдуулука болгон сүйүү, убактылуу жамандыктын жана уют болуунун алдында Кудайдын образын ачуу – улуу ойчулдун идеалы.

Социалдык маселелерди «орустук чечүү» - христиандык бир туугандыктын негизинде элдерди бириктирүүгө жөндөмдүү болгон Россиянын тарыхый аталуу темасын иштеп чыгууну, күрөштүн революциялык методдорун четке кагуу. Достоевскийдин философиялык чыгармачылыгындагы диний мотивдер кээде жарым-жартылай диний күмөн саноолор менен айкалышып кеткен.

Аталган мезгилдеги Россиянын дагы бир көрүнүктүү ойчулу болуп Л.Н.Толстой (1828-1910) эсептелет. Россиянын коомдук-саясий түзүлүшүн сынга алуу менен ал адамдын аң-сезиминдеги нравалык-диний прогресстен үмүт кылган. Аталган прогрессте Толстой диндик аспектилерди жана коомдук жашоодогу чиркөөнүн ролун четке кагуу этникалык жактарын гана таанып билген. Адамдын өздүк өркүндөшүн ал кандайдыр-бир күрөштөн баш тартууну жамандыка зордук-зомбулук менен каршы туруу принциби, жалпы сүйүүнү жайылтуу менен байланыштырат.

Толстойдун пикиринде «Кудайдын падышалыгы – биздин ичибизде», ошондуктан Кудайды онтологиялык-космологиялык жана метафизикалык-кудайлык түшүнүү ылайык келбейт. Бардык бийликти жамандык деп эсептөө менен Толстой мамлекетти четке кагууга келген. Коомдук жашоодо ал күрөштүн зордук-зомбулуктуу методун төгүнгө чыгарып, мамлекеттин жоюлуусу аткарылган ар бир мамлекеттик жана коомдук милдеттерден баш тартуу жолу менен болуусу зарыл.

Таанымдын маңызы - жашоонун маңызын тастыктоодо - ар кандай диндин негизги маселесинде. Ал биздин болмуштун өзөктүү маселесине жооп берүүгө милдеттендирилген: биз эмне үчүн жашайбыз, адамдын курчап турган чексиз дүйнөгө болгон мамилеси кандай;

Орус философиясынын IV-этабы философиялык системалардын пайда болуусу менен байланышкан. Аталган мезгилдеги философторго Н.Ф.Федоровду (1828−1903), В.С.Соловьевду (1853−1900), Н.О.Лосскийди (1870−1965), Н.А.Бердяевди (1874−1948), Л.И.Шестовду (1866−1938), С.Л.Франкты (1877−1950), А.Ф.Лосевди (1893−1988) киргизебиз.

Аталган этаптын ары олуттуу өкүлдөрүнө В.С.Соловьев менен Н.А.Бердяев кирет. В.Соловьев дүйнөлүк философиялык ойломду байыткан бүткүл биримдик (жыргалчылык, чындык, сулуулук) философиялык принцибине негиз салып, философиялык жана диндик ойломдун синтезинин тенденциясын, философиялашыруунун рационалдык жана иррационалдык типтерин, батыш жана чыгыш маданий салттарынын биригүүсүн өнүктүргөн. Соловьев реалдуу дүйнөнү абсолюттуу маңыздын өздүк аныкталуусу же жүзөгө ашуусу катары карайт: бул – Кудайдын денеси же анын материясы, Кудайлык биримдиктин башталышына сүңгүп кирген Кудайдын субстанционалдуу акылмандыгы. Алардын ортосундагы элчи катары София – Кудайдын акылмандыгы кызмат кылган. Жалпы христиандык көз карашты Кудайдыр жаратуусу катары бөлүштүрүү менен Соловьев аны соңуна чыкты деп эсептеген эмес, болгону өркүндөөгө бара жатат деп гана эсептеген. Убактылуу жана мейкиндиктик ажырым жана механикалык себептүүлүк иш алып барган эмпирикалык, материалдуу дүйнө баш-аламан абалында турат. Адамзат гана Кудай менен табияттын ортосундагы далдалчы болуп эсептелет. Анын аң-сезиминде бүткүл биримдик формасы камтылган.

«Адам жана коом» маселесин кароо менен, Соловьев адам – Кудайдын жаратуусунун туу чокусу. Коом - кеңейтилген инсан, ал эми инсан болсо иреттелген коом.

Эң жакшы жакшылыктын идеалдары христианчылыкты ачат. Юридикалык укук муну калыпка салуу абалында эмес: ал болгону жамандыктын акыркы формаларынын көрүнүшүнүн жолун тосууга гана жөндөмдүү. Жакшылыктын талаптары саясатта, экономикада жана социумдун бардык чөйрөлөрүндө зарыл.

Н.А.Бердяев орус диний философиясынын бирден-бир көрүнүктүү өкүлдөрүнүн бири. Ал «экзистенциалдык типтеги» философ болуп эсептелет. Ал философия - бул рух туурасындагы илим деп эсептейт, ал эмир ух туурасындагы илим, эң оболу адамзат пайда болуусу туурасындагы илим. Ошондуктан анын философиясынын борборунда адам маселеси турат.

Бердяевдин философиясы өзүнүн негизи боюнча эки жакту келип, өзүнө карама-каршы башталыштарды: рух жана табият, эркиндик жана детерминация, субөект жана обөект, инсан жана коом, Кудай жана Кесарь Падышачылыгы. Аталган дуализмде Бердяевдин бардык философиялык антропологиясы түзүлөт.

Болмуш адамда көрүнүп, ал аркылуу өтөт. Ал Кудайдын образы жана болмушу менен жаралган микрокосмос жана микротеос, ошондуктан ал эркин жана чыгармачыл жандык болуп эсептелет. Бирок ошол эле мезгилде ал табигый жана чектелген жандык болуп саналат. Адам, ошентип, эки жогорку жана төмөнкү дүйнөнүн кесилишүүсү. Анын бир тарабы эркиндик, чыгармачылык, инсан, Кудай менен, экинчиси – зарылдык, табият, материя менен байланышкан.

Адамдын мындай эки жактуу табияты Бердяевдин пикиринде, түбөлүктүү карама-каршылыкты жана адамзат пайда болуусунун бүткүл кайгысын жаратат: рухий жандык катары адам эркин, ал эми табигый, коомдук жана мамлекеттик жандык катары – ал зарылдыка баш ийет жана анын алкагынан чыга албайт. Эркиндик менен зарылдыктын ортосундагы күрөш аталган дүйнөдө ажырабайт. Аталган маселени чечүү адамдын дуализмин багындыруу менен байланышып, ага «Кудай Падышалыгында» гана жетүүгө болот.

Советтик мезгилдеги орус философиясынын бардык багыттарынын ичинен космизм жогорку бийиктике жеткен. Анын негиз салуучулары: К.Э.Циолковский (1857-1935) жана В.И.Вернадский (1863-1945). Циолковский - окумуштуу, ойлоп табуучу, космонавтикага негиз салуучу – ал өзүн динге ишенбеген катары эсептеген жана ааламдагы эки – материалдык жана рухий башталыштын болуусун четке каккан.

Циолковский үчүн эң башкысы - материянын монизми туурасындагы окуу. Анын материясы, демек атому дагы физикалык эле эмес, психологиялык дүйнөнүн дагы мыйзамдары менен иш алып барат; сезимталдык катары ааламдын бир бөлүгү эле, б.а. жандуу материя таанылуусуна жол бербөөгө керек. Ааламдын сезимталдуулугу эки сапаттык жана сандык ченемде чыгып кете алат. Ушул көз караштан алып караганда бардык –жандуу жана жансыз телолор – сапаты боюнча бирдей, бирок саны жагынан ар башка дүүлүгүү деңгээлине ээ.

«Атом дайыма жандуу» болгондуктан, ага кубаныч жана азаптануу сезими таандык, андан тышкары анын маңызына «Мендин» өзү - аң-сезим же акыл-эс таандык. Циолковскийдин пикири боюнча, акыл-эс өздүк жогорулоого эле эмес, курчап турган дүйнөнү өркүндөтүүгө да умтулат. Мунун натыйжасында бардык адамзат эле эмес, атомдун маңызы да кайра

түзүлөт. Атомдор акыл-эстүү жандыктарда, же акыл-эс менен жакшыртылган телолордо гана бириге алат.

В.Вернадскийдин фундаменталдуу ачылышы – заманбап доор биосферадан ноосферага өтүүсү менен белгилүү болгондугун аңдап билүүсү.

Биосфераны Вернадский жандуу зат (жандуу организмдердин жыйындысы) менен камтылган Жердин чөйрөсү катары аныктаган.

Биосферанын ар түрдүүлүгүнүн маанилүү белгиси катары жандуу заттагы процесстер материяга караганда башкача агып өтөт, өзгөчө эгерде алардын убакыттык аспектисинде караганда. Жандуу затта алар тарыхый мезгилдин масштабында, ал эми башкасында - геологиялык масштабда барышат.

Адамдын биосфераны толугу менен жайгаштыруу ишиндеги алгачкы ролу илимий ойломдун өнүгүүсүнөжана ушуну менен тыгыз байланыштуу алдыга жылуунун жана ойломдун техникасынын ийгилигине, ойломду аралыка тез арада өткөрүп берүү мүмкүнчүлүктөрүнө таандык. Адамзат уламдан-улам ажырагыс жана бирдиктүү болуп бара жатат. Мунун баары биосферанын ноосферага өтүүсү тууралуу маалыматты берип турат. Аталган баскычта адамзат жеке бир бүтүндүк катары бүткүл Жер шарын камтып, жашоонун эң жакшы түзүлүшү тууралуу маселени толугу менен чечет.

Соңунда студенттерге орус философиясы өзүнө европалык жана дүйнөлүк философиянын эң мыкты философиялык салттарын сиңирип алгандыгы тууралуу маалымат берүү зарыл. Ошону менен бирге ал улуттук өздүк турмуш-тиричилиги менен айырмаланат. Орус философиясынын өзгөчөлүгү анын жекеликтин жана жалпынын өз ара диадектикалык карым-катнаштарынын элементин камтып тураарынан көрүүгө болот. Өзүнүн мазмунунда ал бардык дүйнөгө, жеке адамга кайрылып, дүйнөнү өзгөртүүгө, жакшыртууга эле эмес, адамдын өзүнө да багытталат. Бул жерде ич ара диалогго батышчылдар менен славянофилдер, материализм менен идеализм, консерватизм менен революциялык демократизм, позитивизм жана морализм, диний философия жана атеизм барышат.

## 11-тема. Кыргыз философиясы.

Советтик коом таанууда кыргыздардын философиялык ойломдорунун көптөгөн маселелери көңүл борборуна сыртта калган, же «советтик,

социалистик маданияттын» үстөмдүк кылуу шарттарында жазылып, ар тараптуу комплекстүү изилдөөлөрдүн олуттуу жетишсиздиги менен кыйналышкан. Эгемендүүлүк мезгилинде гана кыргыз философтору тарабынан кыргыздардын дүйнө көз карашынын эволюциясына жана анын спецификасына объективдүү баа толук берилген.

Кыргыз философторунун эмгектерине таянуу менен, кыргыз философиясынын тарыхында төмөнкүдөй мезгилдерди бөлүп көрсөтүүгө болот:

1. Кыргыздардын коомдук-философиялык ойлому байыркы мезгилден исламдын пайда болуусуна чейин;
2. Кыргыз элинин коомдук-философиялык ойлому ислам дининин пайда болуусунан Россиянын курамына кирүүсүнө чейинки мезгил;
3. Кыргыз элинин Жаңы мезгилдеги коомдук-философиялык ойлому.
4. Кыргызстандын философиялык ойломунун СССРдин курамында жана постсоветтик мезгилдеги өнүгүүсү.

Демек, кыргыз философиясынын жогоруда аталган мезгилдеринде, лекцияда төмөнкү негизги суроолорго таянуу зарыл:

1. Байыркы кыргыздардын дүйнө түшүнүмү.
2. Кыргыздардын орто кылымдагы философиялык ойлому.
3. «Заманист» жана «демократ» акындардын социалдык-философиялык идеялары.
4. Кыргыз философиясынын илим катары өнүгүүсү.

Теманын биринчи суроосун анализге алууда, баса белгилей кетүүчү нерсе, биринчи мезгилдеги философиялык ойломду изилдөөнүн булагы болуп археологиялык материалдар, орхон-енисей эстеликтери, ба йыркы түрктөрдүн таласстык жазмалары, кытай тарыхый хроникасынын жана араб-перс эстеликтеринин маалыматтары эсептелишет. Андан сырткары байыркы кыргыздардын дүйнө көз карашынын материалистик элементтери негизинен анын исламга чейинки ишенимдеринде жана космогониялык билимдеринде көрүнгөн.

Мусулмандыка чейинки ишенимдери кыргыз элинин маданиятынын маанилүү курамдык бөлүгү болуп эсептелүү менен, өзүнүн мазмуну боюнча мифология менен тыгыз байланышкан, андан тышкары, алар бири-бирин толуктоо менен байыркы кыргыздарды түзүүсүндө тыгыз биримдикте пайда болушкан. Реалдуулуктун фантастикалык (мифологиялык) жана иллюзордук (диний) чагылуусу пайда болгон жердеги бул көрүнүш синкреттүү келет.

Кыргыздардын философиялык түшүнүмдөрү бир катар өзгөчөлүктөргө ээ. Анын маңыздуу өңүттөрүн тарыхый-философиялык салттарга таянуу менен гана түшүнүү мүмкүн. Себеби философиялык салт белгилүү бир

түрдөгү социалдык эс-тутум жана билимдердин эстафетасы болуп саналат. Тарыхый жагдайлардын өзгөчөлктөрүнө байланыштуу кыргыздардын философиялык түшүнүмдөрү узак мезгилдер бою категориалдык, теориялык формада эмес, элдин рухий керектөөлөрүн канаттандыра алган, алар үчүн түшүнүктүү болуп саналган оозеки чыгармачылыктын, ири алдыда жомоктордун, мифологиянын, эпостордун, акындардын чыгармачылыгынын, макал-лакаптардын формасында өнүгүп келген.

Философия дүйнө көрүмдүн мифология менен динден кийинки тарыхый формасы болуп саналат. Ошондуктан, кыргыздардын философиялык түшүнүмдөрүнүн булактары катары мифология менен динди атоо менен алардын өзгөчөлүктөрүнө токтоло кетүүгө болот.Мифология - коомдук аң-сезимдин формасы, коомдук өнүгүүнүн эрте баскычтары үчүн мүнөздүү болгон дүйнөнү түшүнүүнүн ыкмасы. Кыргыздардын мифтеринде Ааламдын түзүлүшүн, анын сандык, сапаттык абалдарын сүрөттөөгө аракет кылган космогониялык жомоктор өзгөчө орунду ээлешет. Бул мифтердин көпчүлүгүндө Аалам жогорку (асман), ортоңку (жер) жана төмөнкү (жер алды) дүйнө деп аталган үч чөйрөдөн турат. Кыргыздардын дүйнө тууралуу мындай түшүнүмдөрү бир катар эпостордо сүрөттөлгөн.

X-XI - кк. жазманын енисейлик системасы көчөн жашоо образына байланыштуу жоголгондуктан, бир канча кылымдар аралыгында кыргыздар жазмасыз калышкан.

Бирок кыргыздардын негизги массасы алгачкы жана андан кийинки мезгилдерде рухий маданияттын фольклордук формасы, өзгөчө эпостор, уламыштар, ырлар, макал-лакаптар ж.б. оздон-оозго өтүүчүлөр аркылуу философиялык идеялардын таасири алдында турган.

Эпостордогу философиялык идеялар, рухий маданияттын башка фольклордук формаларындагыдай эле теоретикалык эмес, образдуу-сезимдик, мифологиялаштырылган, баалуулук формасында берилген. Окуулар, мурастар формасындагы эпостордун нравалык-баалуулук мазмуну элдердин философиясын, анын сырткы дүйнөгө, өзүнүн бирдиктүү жашоо ишмердүүлүгүнө жана адамдын өзүнө болгон мамилесин билдирип турат. Кыргыз фольклорунда биз башка дүйнөнү - «Эр Төштүк» эпосундагы космосту өздөштүрүү, «Манас» эпосундагы бүткүл улуттук биримдикти жана Ата-Мекенди коргоону өнүктүрүү, «Кожожаш» эпосундагы ж.б.у.с. табиятка болгон кылдат мамиле сыяктуу фундаменталдык идеяларды иштеп чыгууну таба алабыз.

Экинч суроонун маңызын ачып берүүдө кыргыз философиялык ойломунун экинчи мезгили – бул феодализмдин өнүгүүсүнүн калыптануу жана гүлдөп-өсүү мезгили экендигин баса белгилөө зарыл. Тарыхый жактан

исламдын таралуусу жана Чыгыш Түркестан менен Жетисуунун аймагында Караханид мамлекетинин пайда болуусу дал келишет. Негизги өкүлдөрү болуп Жусуп Баласагын (болжол менен 1018-1086), Махмуд Кашгари (болжол менен 1030-1127), легендарлуу кыргыз ойчулдары Жайсаң ырчы (болжол менен IX-к.), Токтогул ырчы (болжол менен XIV –к.), Кет-Бука (XIII-к.), Асан Кайгы (XV-к.), Толубай сынчы (XIV-к.), Санчы Сынчы (XVI-к.) эсептелишет.

Жусуп Баласагын көрүнүктүү акын, ойчул, жогорку билимдүү, окумуштуу-энциклопедист болгон. Өзүнүн «Куттуу билим» поэмасында ал тарыхтын, философиянын, логиканын, этиканын, эстетиканын, социологиянын, диндин, саясаттын, мамлекеттин, укуктун, педагогиканын, математиканын, астрономиянын, медицинанын ж.б. илимдердин маселесин терең изилдеген.

Ж.Баласагындын дүйнө көз карашында дүйнөгө карата пантеистик көз караштары ачык байкалат. Анын пикири боюнча дүйнөнүн түп башаты болуп Кудай эсептелет. Ал Аллахтын эрки боюнча пайда болгон дүйнө андан көз карандысыз жашайт жана табигый мыйзам ченемдүүлүктөр боюнча өнүгөт деген концепцияны сунуш кылган. Бирок ал дүйнөнүн модели жана анын гармониялуу өнүгүшү тууралуу сөз кылуу менен бир катар материлистик идеяларга каныккан корутундуларга келет. Өзүнүн космогониялык окуусунда ал асман телолорунан, алардын ичинде планеталардын мыйзам ченемдүү жайгашышын жана кыймылын изилдеген. Жылдыздуу дүйнөнү анализге тартуу менен ал Зодиактын 12 белгисин сүрөттөгөн.

Социалдык-саясий көз караштарында ойчул агартуучулука жана илимге таянуу менен коомдук жашоонун өркүндөө мүмкүнчүлүктөрүнө жана мамлекетти башкарууга терең ишенген. Акын эмгектеринде өзгөчө мораль маселесине да терең көңүл бурат.

Социалдык-саясий маселелерди ойчул адамдын төрт нравалык сапаттары аркылуу чечет, алар: адилеттүүлүк, бакыт, акыл-эс жана канагат.

М.Кашгари - орто кылымдын көрүнүктүү ойчулу, өзүнүн «Түрк тилдеринин сөздүгү» аттуу энциклопедиялык эмгеги менен кеңири таанымал, «Куттуу билим» менен катар эле жалпы дүйнөлүк маданияттын өнүгүүсүнө, бүткүл түрк элдеринин рухий мурасына кошкон ири салымдарынын бири.

Анын сөздүгү түрк элдеринин жашоо-турмушунун орто кылымдык энциклопедиясын камтып турат. Ал Орто жана Борбордук Азияда жашаган эрте орто кылымдык түрк элдеринин тарыхын изилдөөдө маанилүү булак кызматын аткарат. Анын жардамы менен биз алардын материалдык маданияттын предметтери, турмуш-тиричилик реалийлери, этноним жана топоним, уруулук бөлүштүрүү, титул жана ар кыл кызмат орундары, тамак-

аш аталыштары, үй жана жапайы жаныбарлар, өсүмдүктөр, астрономия, элдик календарь, ар кандай оору-сыркоолордун, дары-дармектердин аттары, баатырлардын ысымдары, балдар оюндары ж.б.у.с. тууралсында маалыматтарды ала алабыз.

Анын дүйнөнүн тегерек картасы жана коомдун социалдык курамынын маалыматтары, экономикалык жашоонун эки баскычтуу тармактары, түрктөрдүн, анын ичинде кыргыздардын, уйгурлардын, кара-калпактардын, түркмөндөрдүн, өзбектердин, алтайлыктардын маданий жетишкендиктери чоң кызыгууну туудурган.

Ойчулдун дүйнө көз карашы диний мүнөзгө ээ. Ал өзүнүн концепцияларын исламдын догматтарынын таасири алдында билдирген. Исламга ылайык, Аллах кубаттуу жана акылман жандык, ал жер жүзүндөгү жана тигил жактагы дүйнөнү жаратып, аны башкарат. «Сөздүктүн» автору эсептегендей, Кудай дүйнөдөгү бардык нерсени, анын ичинде адамдарды да жаратты. Ошондуктан адам ага эч кыйшаюсуз баш ийүүсү зарыл.

М.Кашгаринин социалдык-саясий ойломунун борборунда адам, анын милдеттери, дүйнөдөгү ээлеген орду, муктаждыктары, кызыкчылыктары, ойлору, өткөнү, азыркысы жана келечеги турат. Окумуштуу адамды эң жогорку баалуулук катары карайт. Ойчул адамдардын күнүмдүк жашоо-турмушундагы жана алардын нравалык мамилелериндеги билимдин жана илимийи билимдердин ролун өзгөчө баса белгилейт. Мекениди сүйүп, адилеттүү, так, чынчыл болуу менен, көрө албастыкты, ач көздүктү, аракечтикти, мактаанчактыкты жана кадыр-баркы түшүрө турган башка сапаттарды четке кагууну сунуштаган.

Легендарлуу ойчулдардын философиялык көз караштары тууралсында кеп кылуу менен баса белгилей кетүүчү нерсе, ошол доорлордогу кыргыздардын, легендарлуу ойчулдар жашаган мезгилдеги философиялык ойломдорунун өзгөчөлүгү өзүлөрүнүн акылмандыгы менен даңкталып, аналитикалык, синкреттик дүйнө түшүнүм менен болмуштун нравалык маселелеринин ортосунда органикалык байланыш болгон. Башка маселелерге салыштырганда этикалык учурлар кыргыз ойчулдарынын философиялык дүйнө көрүмүндө олуттуу орунда турган. Мындай синкреттик өзгөчөлүк бардык легендарлуу ойчулдардын көз караштарына жана элестөөлөрүнө таандык.

Аталган кырдаал белгилүү бир деңгээлде тигил бул доордогу кыргыз коомунун социалдык-саясий курамынын кризистик абалы менен шартталган. Башкача болуусу мүмкүн эмес эле, ар бир адам, инсан, ойчул же сүрөтчү болобу өз доорунун, мезгилинин жаралуусу, продуктусу. Демек, сүрөтчүлөрдүн чыгармачылыгы, алардын чыгармаларынын мазмуну жана

формасы, идеялык, философиялык багыттуулугу алар жашаган жана жараткан социалдык реалдуулуктун рухий муктаждыктарынан, керектөөлөрүнөн жана идеалдарынан көз каранды болот.

Кыргыздын көрүнүктүү легендарлуу ойчулдарынын ичинен Жайсаң-ырчыны бөлүп көрсөтүүгө болот. Анын чыгармачылыгынын тематикасын абдан маанилүүү, күнүмдүк маселелер түзөт. Өзүнүн көңүлүн акын адамдардын күнүмдүк керектөөлөрүнө, социалдык мамилелерине, адамдын моралдык-нравалык табиятын, доордун эстетикалык баалуулуктарын анализдөөгө бурат. Орто кылымда жашаган биздин дагы бир акылманыбыз – бул Кет Бука өткөндүн бирден-бир көрүнүктүү феномени. Кет Бука эл арасында чынчыл, так жана адилеттүү адам, инсан катары белгилүү. Ал өлүмдөн коркпой, чындыкты бетке айткан, о.э. эмнени, кайсыл убакта, кандай айтуу керек экендигин жакшы билген. Бул болсо акылы серектикти, токтоолукту билдирген өтө сейрек кездешүүчү касиеттердин бири. Андан сырткары Кет Бука музыканын тили менен ой жүгүртүп, аны башкаларга бере алган. Болмуштун татаал маселелери, алардын кесепеттери туурасында так жана тайманбастан алдын ала айта алган. Бир сөз менен айтканда Кет Бука өзүнүн замандаштарынын ичинен тубаса жаралган логик жана психолог, нукура дипломат катары белгилүү болгон.

Дагы бир көрүнүктүү жана орчундуу орунда Токтогул ырчы турган. А.Байбосуновдун кол жазма фондусунан алынган версиясы боюнча, Темирландын мезгилинде кыргыздарды аксактын уулу Мажит Кудаян башкарган (А.Байбосунов. Донаучные представления кыргызов о природе и обществе. – Бишкек, 2010. 215-б.). Кудаян тарабынан болгон мыкаачылыка, кара мүртөздүкө чыдабаган Токтогул элдин азап-тартуусу туурасында жүрөгүнөн оргуштап чыккан ырларын ырдаган. Акын тиранияга, деспотизмге каршы күрөшүүнүн жолун билбестен социалдык жаманчылыктын булагын мазактап ырдаган. Бирок ал өз мезгилиндеги жүрөктү өйүгөн маселелерди терең түшүнүп, аларды көтөрүп чыккан, ошону менен бирге өзүндөгү чоң ойчулдун жөндөмдүүлүктөрүн тапкан. Аталган социалдык ырларында- акындын философиялык көз караштары, анын жаманчылыктын түпкү тамырына чейин сүңгүп кирүү аналитикалык жөндөмдүүлүктөрү көрүнгөн. Акынды жалпы массага жаман таасир тийгиздиң, исламдык канондорду кабыл алууга каршы чыктың ж.б.у.с. күнөөлөрдү коюу менен аны күнөөлөшкөн. Элдик легенда боюнча, Токтогул-ырчыны дарга асуу менен жазалашкан, ал эми сөөгүн чөлдө калтырышкан.

Байыркы легендалар жана уламыштар биздин күндөргө чейин сынчы – Толубайдын ысымын сактап келди. Фольклорчулар эсептегендей, Толубай-сынчыга натурфилософиялык мүнөздөгү бир катар даанышмандык окуулар,

акыл-насаатар таандык. Алардын ичинде өзгөчө орунда бул дүйнөдө бардык жандуулар жана жансыздар өзгөрмөлүү, туруксуз, бири-бирине өтүп турушат деген жобо турат. Анын пикиринде, бардыгы келет-кетет: «Жашап өткөн жашоо учуп кеткен канаттуу, агып кеткен суу сымал». Бул дүйгөнө келгендин баары кайра кетет. Адам өлөт, ага жашоону эч ким, эч нерсе бере албайт. Өлгөн кайра кайтып келбейт» (А.Байбосунов. Донаучные представления кыргызов о природе и обществе. – Бишкек, 210. 237-б.). Дүйнөдө болуп жаткан жаман же жакшы нерселерди акылдуу адамдар билишет. Билим менен билимсиздин ортосундагы айырма асман менен жердей.

Анын социалдык-саясий көз караштары туурасында кеп кылуу менен, белгилей кетүүчү нерсе, ал өз мезгилиндеги социалдык карама-каршылыктар, курч саясий маселелерди көтөрүп чыгууну каалаган эмес. Ошол себептен андагы байлар менен кедейлердин ортосундагы ачык айырмачылыктар аң-сезимдүү түрдө этникалык өз ара карым-катнаштар чөйрөсүнө которулган.

Кыргыз философиясында Асан-Кайгы да чоң из калтырып кеткен. Казак окумуштуусу Чокан Валиханов аны «элдин эсинде көчмөн философ» катары эскерген.

Асан-Кайгыны философиялык ой жүгүртүүлөрү болуп жалпы гармонияга алып келген жана «жамандыкты жеңүүнү» жөнгө салган жолдорду табуу идеясы эсептелет. Адамзат коомундагы жамандыктын үстөмдүгү баштапкы нравалык императивдердин, жалпысый-урматтын этикалык нормаларынын жана адамдарга көрсөтүлгөн сый-урматтын талкалануусу менен коштолот. Ал эми мындай нерселердин жоктугу адамдар менен табияттын ортосундагы гармониялык мамилелердин талкалануусуна алып келет. Асан Кайгы ошондо эле замандаштарын ич ара жана табиятта ынтымактуулукта жашоолоруна үндөгөн. Боорукерлик жана ак ниеттик Асан Кайгынын бардык моралынын пайдубалын түзөт. Бул жерде боорукерлик сезиминин обөектиси катары адамзаттын кадыр-баркы эле эмес, бардык жандуу заттардын байлыгы да эсептелет. Ал адамдардан жандуу заттарды кыйнабашын, мазактабашын, аларга физикалык жактан жабыркатпаштарын талап кылган. Акылман-философтун пикиринде, баштапкы өбөлгөлөр, адамдардын башкаларга адамдык, жакшы мамиле кылуусунан жаныбарларга, башка жандууларга жасаган мамилесин билүүгө болот.

Байыркы кыргыздарда тубаса сындык, алдын ала көрө билүүчүлүк жөндөмдүүлүгү, ынтызарлыгы бар адамдар да кездешкен. Мындай категориянын көрүнүктүү өкүлдөрүнүн бири катары Санчы-Сынчыны айтсак болот. Аскердик, тынчы жок, коогаландуу Санчы-Сынчы жашаган мезгилдерде сынчылар адата адамдын даанышмандык, баатырдык, чектерин жана белгилерин, о.э. аргымактык касиеттерди, чарчап-чаалыкпастыктын касиеттерин, аттардын чыдамкайлуулугун ачып көрсөтүшкөн. Уламыштар боюнча, Санчы-Сынчы абдан акылы зирек, таамай сөз айткан адамдардын бири болгон деп ишенимдүү айтууга болот. Анын тубаса зиректиги, алысты

көрө билген сапаты өзүн жана анын күбөөлөрүн бир да жолу уятка калтырган эмес. Кыргыздардын көпчүлүгү ага өз ысымы менен эмес, Машайык, б.а. Баарын билүүчү же Кудайдын инсаны деп кайрылышкан. Аталган ардактуу ысым адамдар тарабынан көчү ачык, муундар тагдырын алдын ала айтуучу ж.б.у.с. деп колдонулган.

/чүнчү суроону кароону Кыргызстанда XIX - соңу XX-башында болуп өткөн ири социалдык-саясий алдыга жылуулар Калыгул Бай уулу (1785–1855), Арстанбек Буйлаш уулу (1824–1878), Молдо Кылыч Шамырканов (1867–1917) сыяктуу акын-заманистердин жана Көкө уулу Жеңижок (1860–1918), Токтогул Сатылганов (1864–1933), Тоголок Молдо (чын аты Байымбет Абдырахманов) (1860–1942), Барпы Алыкулов (1884–1949) акынов-демократтардын чыгармачылыгында кеңири чагылдырылгандыгынан баштоо зарыл.

Акын-заманистер коомдогу патриархалдык-уруулук мамилелердин жайылуусу менен байланышкан маселелерди чагылдырышып, о.э. Кыргызстандын Россияга кошулуусунун кесепеттери туурасында ой жүгүртүшөн. Алар уруулук элестөөлөр жана ислам дининин жаатындагы социалдык жана рухий жашоодогу жаңы көрүнүштөрдү сынга алышкан. Пессимистик маанайда мүнөздөлгөн алардын заман туурасындагы «Акыр заман» (Калыгул), «Тар заман» (Арстанбек), «Зар заман» (Молдо Кылыч) сыяктуу эмгектери жазылган. Күнүмдүк жашоо турмуштун кыйрашын, нравалык түзүлүштүн төмөндөшүн алар «Акыр замандын» ачык белгиси катары чечмелешкен. Уруулук түзүлүштү алар коомдук идеал деп, ал эми кыйроосун болсо кайгы-капанын, азап тартуунун заманы катары карашкан. Акын-демократтар кандайдыр-бир деңгээлде орус демократиялык маданиятынын идеялары менен тааныш болушкан. Алардын идеялык калыптануусунда казак, өзбек, уйгур жана татар маданияттары орчундуу ролду ойношкон.

Акын-демократтар революцияга чейинки элдин өздүк аң-сезимин ойготуп, аларды француз материалистери сыяктуу эле революциянын идеяларын кабыл алууга даярдашкан акын-агартуучулардын муундарына таандык болушат. Ошондуктан аларды карапайым элди феодалдык төбөлдөрдүн өзүүсүнөн бошотууда, алардын эркиндиги жана эрки үчүн чыккандыктан демократа-акындар деп аташкан.

Акын-демократтар онтология чөйрөсүндө табият бизден көз карандысыз түрдө объективдүү жана субъективдүү түрдө пайда болот, адамзат акылы да тырышчаак эмгектин жана тарбиянын түшүмү деп эсептешкен. Кыргыз акындарынын философиялык ой жүгүртүүлөрүнүн катарына табиятты, коомду жана адамзат жашоосун өзгөртүү жана өнүктүрүү туурасындагы идеяларын кошсок болот. Табияттын көрүнүштөрү, заттар акындардын пикиринде бири-биринен оолактатылган эмес жана дайыма кыймылда, өзгөрүүдө болушат, эч кандай түбөлүктүү сапаттар, предметтер жана көрүнүштөр бул дүйнөдө жок.

Гносеология жаатында акын-демократтар адамдар дүйнөнү акыл-эстин жардамы менен таанып биле алышат деп эсептешкен. Чындык критерийине таянуу менен акын-демократтар рационалистер катары чыгышып, акыл-эс гана чындыктын айныксыздыгын констатациялай алат деп эсептешкен. Акындар чындыктын маанилүү критерийи болуп тажрыйба эсептелеерин билишкен эмес. Ошондуктан алар тажрыйбаны чектелүү түшүнүшкөн. Аталган чектелүүлөргө карабастан акындар адам курчап турган дүйнөнү таанып биле алат деп баса белгилешкен.

Төртүнчү суроону кароодо студенттердин көңүлүн советтик мезгилдеги кыргыз философиясынын өнүгүүсүндө эки этап бар экендигине буруу зарыл:

1. XX-к. 20-30-жж. – марксистик-лениндик идеяларды ырастоо, жайылтуу жана диалектикалык-материалистик дүйнө көз караштары калыптандыруу этабы;
2. 50-60-жж. – кыргыз философиясынын илим катары калыптануу жана өнүгүү этабы.

Кыргыз философиясынын советтик бийлик шарттарындагы өнүгүүсүнүн биринчи этабы марксизм-ленинзмдин интенсивдүү жайылуусу философиялык жана коомдук ойломдун өнүгүүсүнүн башкы өзгөчөлүгү болуп калышы менен мүнөздөлөт. 20-ж. коомдук жана табияттык көрүнүштөрдү материалистик түшүндүрүүдө негизделген жаңы дүйнө түшүнүмдү ырастоо үчүн шарттарды жана өбөлгөлөрдү түзүүдөгү ар тараптуу жана дүркүрөгөн процесс болуп өткөн. Дүйнө кабылдоонун жаңы түшүнүктүк-категориалдык систамасын калыптандыруу процесси улуттук алфавит, алгачкы окуу китептери, мугалимдерди даярдоо, басмаканалык базаны өнүктүрүү, жазма маданияттын бай салттарына ээ болгон өзүнүн жана башка элдердин тажрыйбасын өздөштүрүү менен байланышкан бир катар өзгөчөлүктөргө ээ болгон.

Аталган мезгилдин ири өкүлдөрү болуп Б.Солтоноев (1878–1938), К.Тыныстанов (1901–1938), Ж.Абдрахманов (1901–1938), Т.Жолдошев (1903–1937) эсептелишет. Ошол мезгилде билим берүүгө жана маданиятка өзгөчө көңүл бурулган. Аталган агартуучулардын калемине адабий чыгармалар эле эмес, тил, тарых, адабият чөйрөсүндөгү илимий эмгектер да таандык, алсак: Б.Солтоноведин «Кызыл Кыргызстан тарыхы», К.Тыныстановдун «Кыргыз тилинин хрестоматиясы», «Чоңдор үчүн Алиппе», «Жаңы алфавитти түзүүнүн негизги принциптери жөнүндө», «Кыргыз тилинин грамматикасы»; Ж.Абдрахмановдун «Сталинге кат», «Кыргызстандагы мал өстүрүүнү өнүктүрүүнүн абалы жана келечеги туурасында»; Т.Жолдошевдин «Көркөм адабият жана акындар».

Адабияттын, тил илиминин жана тарыхтын өкүлдөрү Кыргызстандагы демократиялык маданияттын калыптануусуна активдүү катышышкан. Маданияттын ишмерлери жана агартуучулар алардын кесибине эле эмес, кыргыздардын коомдук-философиялык ойломунун өнүгүү маселелерине да тийиштүү болгон маселелерди кеңири чагылдырышкан. 20-30-жж. маданият ишмерлери жазма маданияты бар башка элдердин тилинен алынган

түшүнүктөр жана категориялар менен кыргыз тилинин баюсуна шарттарды түзүшкөн. Табигый-илимий, социалдык-экономикалык, саясий жана философиялык түшүнүктөр менен категориялар системасынын пайда болуусу үчүн алгачкы негиздер салынган.

XX-к. башталышына чейинки кыргыз элинин коомдук-философиялык ойломун изилдөөдө аталган мезгилдеги философиялык ойлом реалдуулука болгон дүйнө көз караштык жана көркөм мамилелер менен мүнөздөлгөндүгүн эске ала кетүү зарыл.

XX-к. ортосуна чейинки кыргыз философиясы рационалистик жеке философиялык системага ээ эмес, бирок өзүнө философиянын алдындагы билимдердин теоретикалык негиздерин камтып турат. Кыргыз философиясынын илим катары калыптануусу жана өнүгүүсү XX-к. экинчи жарымына таандык.

Кыргызстандагы илимий философиянын башында А.Алтмышбаев, М.С.Жунусов, Б.А.Аманалиев, А.С.Салиев, А.И.Нарынбаев, А.Д.Давлеткельдиев, К.М.Молдобаев, А.Т.Табалдиев, С.Д.Джумагулов, Т.А.Абдылдаев ж.б. турган.

XX-к. жана азыркы мезгилдеги Кыргызстандын философтору тарабынан иштелип чыккан негизги маселелерден болуп төмөнкүлөр эсептелет:

-Кыргыз элинин коомдук-философиялык ойломунун тарыхынын маселелерин иштеп чыгуу (А.А.Алтмышбаев, М.С.Джунусов, А.Д.Давлеткельдиев, Б.А.Аманалиев, А.Ч.Какеев, А.И.Исмаилов, А.И.Нарынбаев, Д.Ж.Жаныбеков, А.А.Бекбоев, Ш.Б.Акмолдоева, Ы.М.Мукасов ж.б.);

-Табигый билимдердин философиялык маселелерин изилдөө (Т.А.Абдылдаев, М.Ж.Жумагулов, О.А.Тогусаков ж.б.);

-Ойлом, аң-сезим, менталитет, тил, баарлашуу маселелерин изилдөө (А.С.Салиев, А.А.Брудный, Т.Д.Каракеев, Ж.Б.Бокошов, А.А.Айтбаев ж.б.);

- Этикалык жана эстетикалык маселелерди изилдөө (А.С.Салиев, Т.А.Аскаров, К.М.Матиев ж.б.);

-Улут жана улуттук мамилелер философиялык маселелерин изилдөө (М.С.Джунусов, А.И.Нарынбаев, А.Т.Табалдиев, А.Б.Элебаева, Ш.М.Ниязалиев, Р.А.Ачылова ж.б.);

-/й-бүлө, нике жана турмуш-тиричилик маселелерин изилдөө (Р.А.Ачылова, Ү.А.Асанова, А.И.Исмаилова, М.М.Эдилова ж.б.);

-Маданият жана дин маселелери (Ю.Ю.Вейнгольд, М.К.Абдылдаев, В.А.Ажибекова, Ж.К.Урманбетова, А.Б.Элебаева ж.б.).

## 2 – Бап. БОЛУМУШ

## 12 - тема. Болмуш, материя философиянын баштапкы түшүнүктөрү катары

Аталган лекциянын планы туурасында кеп кыла турган болсок, анда аны төмөндөгүдөй бөлүүгө болот:

1. «Болмуш» категориясынын философиялык маңызы
2. Материянын илимий-философиялык түшүнүгүнүн калыптануусу жана өнүгүүсү
3. Материянын пайда болуусунун ыкмалары жана формалары

## 2. «Болмуш» категориясынын философиялык манызы

Аталган суроону окууга киришүүдө лектор болмуш туурасындагы окуу «онтология» (гректин ontos - маңыз жана logos - окуу) деген аталышка ээ болгондугун баса белгилөөсү зарыл. Аталган терминди XVII-кылымда немец философу Г.Гоклениус киргизген. Онтология деп манызы «адам», «дүйнө», «болмуш», «материя», «аң-сезим», «мейкиндик», «убакыт», «кыймыл» ж.б. категориялары жана түшүнүктөрү ортосундагы мамилелерди, байланыштарды жана бирдиктүү иш-аракеттерди анализге алууда алынган философиялык билимдердин жеке тармагын түшүнүшөт. Аталган бардык категорияларды, алардын карым-катнаштарын биз ушул жана кийинки лекцияларда карайбыз. Анда эмесе «болмуш» категориясынан баштасак.

Андан ары лектор болмуш категориясынын өнүгүү генезисин кароого өтөт.

Болмуш проблемасы философиянын «түбөлүктүү маселелерине» таандык. Болмуштун маңызы, анын пайда болуусунун ыкмалары жана формалары туурасындагы маселе Байыркы дүйнөнүн философтору тарабынан каралган. Алсак, байыркы грек философу Парменид болмуш бар, ал өзгөргүлбөйт, бир жактуу жана абсолюттуу кыймылсыз деп эсептеген. Болмуштан башка эч нерсе жок. Платон болмушту чечмелөөдө түздөн-түз карма-каршы келген башка салтты жалпылаган. Болмуш – бул нукура, өзгөрүлгүс, түбөлүктүү пайда болуучу идеялардын дүйнөсү. Гераклит болсо башкача ойду билдирген. Ал дегеле туруктуу болмуш жок, болмуштун маңызы түбөлүктүү калыптануусунда деп эсептеген. Гераклиттин космостук оту (дүйнө башаты) көрсөтмө-образдуу формада болмушту түбөлүктүү калыптануу катары түшүндүрөт.

Заманбап философиялык ойломдо болмуштун маңызы туурасындагы карама-каршы көз караштар да кездешет. Алсак, XX-кылымдын 20-60-жж. олуттуу таасирге ээ болгон экзистенциализм философиянын обөектиси катары адам дүйнөсүндө иррационалдуулука ээ болгон, анын кайталангыстыгын жана «предметтик болмушка» карама-каршы турууну

түзгөн адамдын ички болмушун таанып билет. Неотомистер жогорку реалдуулукта «таза болмушту» таанып билишип, аны рухий мазмунга ээ болгон кудайдык башат катары түшүнүшөт. Неопозитивизмдин өкүлдөрү ойломдун болмушка болгон карым-катнашы псевдо проблемалуу деп эсептешет, андыктан философиялык анализ объективдүү реалдуулука тарабайт, болгону көз карандысыз тажрыйба же тил менен менен гана чектелет.

Заманбап материалистик философия болмушту бардык маңызды – материалдык эле эмес, рухий феномендер катары камтыган категория катары түшүнөт. Ошону менен бирге эске сала кетүүчү нерсе, болмуш кандайдыр-бир аморфтук болуп эсептелбейт, ал дайыма белгилүү бир структурага ээ, структуралашкан (О.Г.Данильяндын, В.М.Тараненконун «Философия. Окуу куралы». М., 2005-ж., 164-б. китеби боюнча 5.1. схемасын кара).

Лектор студенттерге болмуштун негизги формаларын кылдат түшүндүрүп берүүсү зарыл.

1. **Болмуштун табияты**, кылдатташтырылат жана өз кезегинде табияттын болмушу (заттар менен процесстердин болмушу, алар адам менен алардын ишмердүүлүктөрүнөн көз карандысыз түрдө пайда болушат) жана колдук жаратылган табияттын болмушу (заттардын болмушу жана адам тарабынан түзүлгөн процесстер) болуп бөлүнөт.
2. **Адам болмушу**, лектор анализдин ыңгайлуулугу үчүн табияттын, индивиддин бир бөлүгү жана спецификалык адамзаттык болмуш (инсан иретинде) катары адамдын денелик пайда болуусун бөлүп көрсөтүүсү зарыл.
3. **Рухий бытие,** индивидуалдашкан рухий жана объективдүү (индивидуалдуулуктан тышкары) катары пайда болот. Индивидуалдашкан рухий болмуш – бул адамдын ички дүйнөсү. Ал аң-сезимдүүлүктү жана аң-сезимсиздикти камтып турат.

Адамдын аң-сезими бир эле мезгилде анын өздүк аң-сезими, б.а. өзүнүн денесин, ойломун, сезимдерин, башка адамдарга болгон өз карым-катнаштарын, коомдогу абалын, б.а. өздүк аң-сезимин аңдап билүү болуп саналат. Өздүк аң-сезим - бул биздин аң-сезимибиздин өзгөчө бир борбору.

Студенттер индивидуалдуу аң-сезимдин спецификасы - анын өлүп жок болуусунда, бирок анын кээ бир бөлүкчөлөрү индивидуалдуулуктан тышкаркы рухий формада кайрадан пайда болушуп, башка адамдардын жетишкендиктери болуп калаарын билүүлөрү зарыл. Жүрүм-турумдарда адамзат аң-сезиминин фрагменттери обөективдешет, алар менен адамдардын мотивдери, максаттары, идеялары туурасында акыл калчашат. Индивидуалдуу эмес рухий болмуштун спецификасы анын элементтери

сакталып, өркүндөп жана социалдык мейкиндик менен убакытта эркин жайгашышында турат.

4. **Социалдуулуктун болмушу**, ал коомдогу жеке адамдын жана коомдун өзүнүн болмушу болуп бөлүнөт. Ар бир адам ар кыл социалдык топтун: үй-бүлөнүн, өндүрүштүк жалпылыктын (жамааттын), улуттун мүчөсү болуп эсептелүү менен башка адамдар менен да үзгүлтүксүз карым-катнашка барат. Демек, ал башка индивиддер менен тыгыз байланышта пайда болот. Адамдардын бардык ишмердүүлүгү аталган коомдук мамилелердин социумуна: саясий, укуктук, экономикалык, моралдык ж.б. таандык болгон алкакта жүзөгө ашырылат. Жогоруда айтылгандын негизинде лектор «болмуштун» төмөнкү аныктамасын берет.

Демек, «болмуш» категориясы - бул пайда болуу белгилери боюнча табияттын ар түрдүү көрүнүштөрүн жана процесстерин, адамзат жалпылыктарын жана жеке адамдарды, социалдык институттарды, адамзат аң-сезиминин деңгээлин, формаларын жана абалын бириктирүүчү жалпы философиялык абстракция.

Аталган суроого киришүүдө лектор жалпы баштапкы маңыз туурасындагы маселени чечүү аракетинде тарыхый жактан субстанция (латынчадан Subs-tantia- маңыз) түшүнүгүнүн пайда болуусуна алып келгендигин баса белгилей кетүүсү зарыл. Студенттерге субстанция деп, алардын жалпы маңызы болуп эсептелген бардык заттардын алгачкы негизин түшүнүшкөндүгүн айтуу абзел. Эгерде ар кыл предметтер менен көрүнүштөр пайда болуп жана жоголо алса, анда субстанция жаралбайт жана жоголбойт, ал болгону өз болмушунун формасын гана өзгөртүп, бир абалдан экинчи абалына өтөт. Ал – өзүнүн себеби жана бардык өзгөрүүлөрдүн негизи, реалдуулуктун ары фундаменталдуу жана туруктуу пласты.

Бул жерде лектор философтор субстанциялардын саны туурасындагы маселени да чечүүгө аракет кылышкандарын айта кетүүсү зарыл. Дуализм жана монизм деген аталышка ээ болгон окуулар пайда болду, алардын маани-маңызын да чечмелешкен. Лектор суроону кабыргасынан коет - материя деген эмне? – деп. Ага өзү «материя» сөзүнүн этимологиясы латынчадан material –зат деген сөздү билдирет. Ошондой болсо дагы «материя» түшүнүгүнүн мазмуну философиянын тарыхында бир канча жолу өзгөрүп, табигый илимдердин жана философиянын өзүнүн өнүгүүсүнө ылайык өнүккөн.

## 2. Лектор материя туурасындагы элестөөлөрдүн калыптануусунун төмөнкү этаптарын бөлүп көрсөтөт.

**Биринчи этап** антикалык философиянын доорун камтып турат. Антикалык көз караштардын негизинде материянын телолор жана предметтерден турган баштапкы материал туурасындагы элестөөсү жатат (Мисалы, Фалес, Гераклит, Демокрит ж.б.). Антикалык философтордун көз караштарында материя – бул бардык заттар тургандын өзү. Студенттер бул адата байыркы акылмандардын божомолдору гана экендигин жана алардын материализми аңкоолук (наивный) мүнөзгө ээ экендигин билүүлөрү зарыл.

2. Материя туурасындагы элестөөлөрдүн өнүгүүсүнүн **экинчи этабы** Жаңы Мезгилдин философиясы үчүн мүнөздүү (XVI-XVII-кк.). Материя түшүнүгү ошол мезгилде «зат» физиклаык түшүнүгү менен белгилүү бир өзгөрүлгүс касиеттердин суммасы катары дал келишкен (Мисалы, Ф.Бэкон, Т.Гоббс, Р.Декарт, И.Ньютон). Аталган мезгилдеги материализм метафизикалык деген аталышка ээ болгон.

Метафизикалык дүйнөгө көз караш XIX –XX-кк. арасында жасалган улуу ачылыштарга жол ачкан. Ылдамдыка байланыштуу телонун массасынын өзгөрмөлүүлүгү орнотулган. Студенттерге мунун баары физикалык телолордун касиеттери туурасындагы кадимки элестөөлөр менен ушунчалык аралашкандыктан, кээ бир табият таануучулар өздөрүн жоготуп койушкан. Алар мисалы, атомдордун радиоактивдүү төмөндөшү материянын «жоголуусун»; материянын энергияга айлануусун түшүндүрүүсү зарыл. Чындыгында материя жоголгон жок, болгону алар туурасындагы элестөөлөр гана эскирип калды. Бул жерде Лениндик «Физиканын кризиси» жана «Физикалык идеализмдин» сыны туурасындагы жобону эске сала кетүү зарыл.

3. Материя туурасындагы элестөөлөрдүн өнүгүүсүнүн **үчүнчү этабы** XX-к. философиясы үчүн мүнөздүү болгон. Бул жерде материяны түшүнүүдөгү биринчи орунга табигый-илимий эмес, философский аспект коюлган. Маңыз- сбутанция катары материянын бул көз карашы, анын негизинде көрүнүштөр менен предметтердин бардык көп түрдүүлүгүнүн ички биримдигинин негизинде жатат. Материяны объективдүү реалдуулук катары карай башташкан.

Лектор баса белгилегендей, материянын жалпы кабыл алынган аныктамасы болуп төмөнкү эсептелет: «Материя адама туюмдарында берилген, копиялнган фотографияланган, биздин туюм-сезимдерибиз мнн чалдырыган объективдүү реалдуулукту түшүндүрүү үчүн берилген философиялык категория болуп эсептелет»[1].

---

[1] Ленин В.И. Полн.собр.соч. Т.18. 131-б.

Аталган лениндик аныктамадан бир катар учурларды бөлүп көрсөтүүгө болот. Баарынан мурда, анда материя жөнөкөй эле эмес, философиялык категория экендиги баса белгиленет. Муну менен материя онтологиялык эмес, болгону гносеологиялык жактан аныкталат, же болбосо «материя» конкреттүү заттарды эмес, жалпы эле объективдүү дүйнөнү түшүндүрүү үчүн кызмат кылат. Ал эми объективдүүлүктү Ленин материянын бирден-бир жеке касиети катары атаган»[2]. Экинчиден, аталган аныктамада объективдүү реалдуулук кызмат кылган биздин аң-сезимдин булагы баса көрсөтүлгөн. /үнчүдөн, объективдүү менен субъективдүүнүн карым-катнашы көрсөтүлөт. Экинчи жагынан, лектор баса белгилегендей, бүткүл объективдүү дүйнөнүн жалпы аталышы катары «материя» түшүнүгү абстракция иретинде кызмат кылат. Ф.Энгельстин аныктамасы боюнча: «Материя – бул таза ойломдун түзүлүүсү жана абстракция. Биз заттарды бириктиргенде алардын сапаттык айырмачылыктарынан алаксып калабыз. Материя болгон турпаты менен белгилүү бир материялардан айырмаланып кандайдыр-бир сезимдик-пайда болуучу болуп эсептелбейт.

Материянын формаларынын чексиз көптүгү жана анын эки түрү (зат жана талаа) туурасында айтууга болот.

Андан ары лектор студенттердин көңүлүн материя объективдүү реалдуулук катары анын ар кыл түрлөрүнө жана абалына таандык болгон көптөгөн касиеттерге ээ болооруна буруусу зарыл. Мындай касиеттерге: активдүүлүк, кыймыл (өздүк кыймыл), пайда болуунун мейкиндиктик-убакыттык формасы, объективдүүлүк, чексиздик, чагылуу, таанып билүүчүлүк, курамдуулук (уюшулуунун сапаттуу ар кыл деңгээлдерине бөлүнүүчүлүк), абсолюттуулук (кыйрабоочулук).

Лекциянын аталган суроосу материянын курамдык деңгээлдерин: жансыз материяны, жандуу материяны жана коомду түшүндүрүү менен аяктайт.

Студенттерге дүйнөнүн материалдык биримдиги туурасында айтып берүү зарыл. Дүйнөнүн материалдык биримдигинин пайдасына табигый илимдердин төмөнкүдөй маанилүү маалыматтарын айтышат:

а) Энергияны сактоо жана кайра түзүү мыйзамы;

б) Менделеевдин мезгилдик мыйзамы;

в) Дарвиндин эволюциялык окуусу;

г) Клетка туурасындагы окуу;

д) Физика (кванттык механика, релятивистик физика ж.б.), биология (генетиканын мыйзамдары, фотосинтездин көрүнүштөрү, адамдын

[2] Ошол эле. 275-б.

физиологиясынын маалыматтары ж.б.у.с.), космостук илимдер ж.б. чөйрөсүндөгү заманбап илимий жетишкендиктер. Дүйнөнүн материалдык биримдиги адамдын организмин, табият менен коомдун, алардын жалпы эле өнүгүүсүн изилдөөдөгү жалпы ыкмаларынын жардамы аркасында ачылып берилет.

## 3.Материянын пайда болуусунун ыкмалары жана формалары.

Философиянын тарыхындагы кыймыл тууpасындагы элестөөлөрдүн өнүгүүсүн аңдап билүү менен студенттерге кыймылдын диалектикалык-материалистик түшүнүгүн жеткирүү зарыл. Материя түшүнүгүнүн Лениндик аныктамасы жалпы философиялык мааниге ээ жана толугу менен кыймыл түшүнүгүнүн аныктамасына таандык болот, анда онтологиялык жана методологиялык аспектилерди бөлүп көрсөтүү зарыл. Кыймыл деп дегеле өзгөрүүнү түшүнүү жана анын атрибуттук мүнөзүн баса белгилөө менен ал материянын пайда болуусунун ыкмасы болуп эсептелерин көрсөткөн. Кыймылдын жеке кырдаалы болуп дайыма салыштырмалуу мүнөзгө ээ болгон тең салмактуулук эсептелет.

Кыймыл менен материянын ажырагыстыгын ачып берүү менен кыймылдын формаларынын көп түрдүүлүгүн, алардын материянын уюшулуу деңгээлинен, анын системалуулугунан жана курамдыгынан көз каранды болбогон субординациясын ачып берүү зарыл. Мейкиндик жайгашуусунан баштап, материянын курамынын ар кыл деңгээлдериндеги электромагниттик иш-аракеттер менен жыйынтыктап кыймылдын башкы формаларына классификация берүү зарыл. Аларга механикалык, физикалык, химиялык, биологиялык, социалдык (Энгельс), ички планеталык (геологиялык), жылдыздык кыймыл, астрономиялык ички галактикалык, галактикалар аралык, маалыматтык-кибернетикалык кыймылдар кирет. Муну менен кыймылдын формаларынын жана ага таандык өзгөчө мыйзам ченемдүүлүктөр ортосундагы иш-аракеттерди олуттуу ачып берүү иши турат. Кыймылдын төмөнкү жана жогорку формаларынын, алардын байланыштарынын жана материянын түрлөрүнүн ортосундагы субординацияны ачып берүү жогорку формалардын төмөнкүгө болгон маалыматтар концепциясынын сынына дуушар кылуу зарыл. Кыймылдын философиялык принциби дүйнөнү таанып билүүнүн жалпы илимий принциби, диалектикалык методдун маанилүү талабы болуп эсептелет.

Белгилүү болгондой, мейкиндик менен убакыт кыймылдуу материянын пайда болуусунун формасы болуп эсептелет. Философиянын тарыхындагы мейкиндик менен убакыт туурасындагы элестөөлөрдүн өнүгүүсүнө байкоо жүргүзүү менен студенттерге аларды диалектикалык-материалистик түшүнүүгө шарт түзүү абзел. Ушуга байланыштуу «Кыймылдуу материядан башка дүйнөдө эч нерсе жок, кыймылдуу материя мейкиндик менен убакыттагыдай башкача кыймылдай албайт» аттуу Лениндик жобонун маңызын ачып берүү мааниге ээ»[3].

Энгельстин пикиринде мейкиндикте пайда болуу – демек аралыка ээ болуу. Убакытта пайда болу – бул, демек биринин артынан бири ырааттуулук формасында болу, б.а. узактыка ээ болуу.

Мейкиндик менен убакыттын маанилүү касиеттери болуп алардын объективдүүлүгү, абсолюттуулугу, конкреттүүлүгү, карама-каршылыктуулугу эсептелет. Ошону менен бирге, мейкиндик менен убакыт спецификалык касиеттерге ээ: мейкиндик үч ченемдүүү, ал эми убакыт бир ченемдүү, андагы окуялар бир эле багытта өтүшөт – өткөндөн азыркыга жана келечекке.

Буга андан сырткары, мейкиндик менен убакыт жалпы эле эмес, айырмачылыктуу касиеттерге да ээ. Жалпыларына: объективдүүлүк (адамдын аң-сезиминен көз карандысыздык, жалпылык (жок жана болушу мүмкүн эмес); түбөлүктүүлүк, чексиздик жана салыштырмалуулук (ылдамдыктан көз карандылык). Ошондой болсо да бардык жалпылыкта мейкиндик менен убакыт айырмачылык касиеттерге ээ. Мисалы, мейкиндик үч ченемдүүлүгү менен мүнөздөлсө, убакыт бир ченемдүү болуп эсептелет; мейкиндик кайтып келет, ал эми убакыт өзүн кайтып келгис катары көрсөтөт; мейкиндик бардык багыттарда бир тараптуу, ал эми убакыт бир багыттуу, б.а. өткөндөн азыркы аркылуу келечекке багытталган.

Мейкиндик менен убакытты кыймылдуу материянын пайда болуусунун формалары катары таанып билүү менен материя жана кыймыл менен болгон ажырагыстыгын көрсөтүү зарыл. Мейкиндик менен убакыт материя жана кыймылсыз пайда боло алышпайт. «Кыймыл - үзгүлтүксүздүк (убакыт менен мейкиндиктин) менен үзгүлтүктүүнүн (убакыт менен мейкиндиктин) биримдиги. Кыймыл – бул карама-каршылык, карама-каршылыктардын биримдиги»[4].

Материянын чексиздиги менен түгөнгүстүгүнөн мейкиндик менен убакыттын чексиздиги менен түгөнгүстүгү келип чыгат. Ушуга байланыштуу чексиздик менен чектүүнүн диалектикасын ачып берүү абзел.

---

[3] Ленин В.И. Полн.собр.соч. Т.18. 181-б.

[4] Ошол эле. Т.29. 231-б.

Заманбап илим, өзгөчө салыштырмалуулук теориясы мейкиндик менен убакыттын касиеттеринин кыймылдуу материядан көз карандылыгын, алардын ички терең байланышын ынанымдуу жалпылаган. Мейкиндиктин симметриясынын касиетин ачып берүү, мейкиндик менен убакыттын касиеттеринин гравитациялык талаанын өзгөрүүсүнөн көз карандылыгы – ушунун баары мейкиндик менен убакыт тууралуу диалектикалык материализмдин жоболорун тастыктап, байытат.

Материалдык обөектердин мейкиндиктик-убакыттык мүнөздөмөлөрү чөрт ченемге ээ: алардын үчөө – мейкиндиктик, бирөөсү - убакыттык. Математикалык абстракцияларда көп ченемдүү мейкиндикти кезиктирүүгө болот. Ошондой болсо да Аалам көп сандаган дүйнөлөрдөн турат, аларда материянын, мейкиндик менен убакыттын кыймылдарынын сапаттуу мыкты формалары болушу ыктымал. Ошону менен бирге аталган дүйнөлөрдө материянын бизге белгилүү формаларынын жана алар менен байланышкан мейкиндиктик-убакыттык белгилердин пайда болуусу үчүн шарттар болбой калышы мүмкүн. Мейкиндик менен убакыт материянын пайда болуусунун объективдүү формалары катары материя сымал жасалышпайт жана жоголушпайт. Ошондуктан биз жашап жаткан кыймылдуу материя мейкиндик менен убакытта түбөлүктүү, түбөлүктүү кыймылда болгон өзгөчө бир материя деп айтабыз. Жыйынтыгында лектор төмөнкүдөй корутундуларды келтирет:

**Корутундулары:**

1. Эң кеңири маанисинде болмуш бардыгы тууралуу ары жалпы түшүнүк. Ал конкреттүү көрүнүштөрдүн чексиз байлагындагы бардык пайда болуучуларды камтып турат, башкача айтканда, онтологиялык түшүнүк болуп саналат. Болмуш аталган түшүнүмдө өзүнүн реалдуу курамына ээ. Кыйла кеңири көрүнүшүндө ал объективдүү реалдуулука бөлүнүп, «материя» жана «субъективдүү реалдуулук» «аң-сезим» категориялары менен чагылдырылат.
2. Философиянын жана табигый илимдердин тарыхында материяны түшүнүүнүн философиялык жана табигый-илимий эки аспектиси, эки көз карашы өнүккөн. Табигый-илимий аспект материянын физикалык, курамдык түзүлүшү тууралуу билимдерди камтып турат. Философиялык аспект – бул көрүнүштөр менен предметтердин бардык айырмачылыктарынын ички биримдигинин негизинде жаткан маңыз-субстанция катары материяга болгон көз караш.
3. Кыймылдын заманбап материалистик түшүнүгүнүн негизинде үч негизги жобо киргизилген. Биринчисине ылайык кыймыл материянын

ажырагыс, зарыл жана олуттуу касиети болуп эсептелет. Экинчи жобого ылайык кыймыл бардык өзгөрүү катары аныкталат. /үчүнчүсүнө ылайык – кыймыл өзүнө карама-каршылыктарды камтып турат, ал эми анын булагы, ички импульсу катары карама-каршылыктардын бирдиктүү иш-аракеттери эсептелет.

4. Мейкиндик менен убакыт – бул материянын пайда болуусунун негизги формаларын чагылдырган философиялык категориялар. Мейкиндиктик-убакыттык мүнөздөмөлөр дүйнөнүн болмушунун бардык көрүнүшүнө ээ. Эгерде мейкиндик туруктуулуктагы ары жалпы форма болуп эсепелсе, убакыт болсо – бул анын өнүгүүсүнүн формасы, пайда болуусунун жана өздүк жоголуусунун ички ченеми.

## **3 – Бап.** АҢ – СЕЗИМ

### 13 - Тема Аң-сезим

**План:**

Методикалык мүнөздөгү кириш сөз

1. Философиядагы аң-сезим маселеси. Аң-сезимдин генезиси жана анын манызы.
2. Аң-сезимдин курамы жана функциялары.

### Киришуу

Адамга өзгөчө бир касиет таандык: ал сырткы дүйнөнүн ар кыл көрүнүштөрүн жана жеке башынан өткөрүүлөрүн кабыл алуу эле эмес, аларга ой жүгүртүү жөндөмдүүлүгү. Мындай ой жүгүртүүнүн жүрүшүндө адам өзүнүн практикалык тажрыйбасын байытып, курчап турган чөйрөнүн жана жеке өзүнүн предметтеринин объективдүү касиеттерин изилдейт. Ушул негизде ал өз иш-аракеттеринин программасын түзүп, алардын кесепеттерин алдын ала ойлонуштуруп, эң башкысы алар үчүн жооп берет. Бул адам үчүн гана мүнөздүү болгон керемет белекке болгон алгачкы шилтемдер, биз аны аң-сезим деп атайбыз.

Аң-сезим маселеси көп кырдуу. Ал көптөгөн илимдердин көңүл борборунда турат. Адамдын аң-сезимдүү ишмердүүлүгүн физиология, медицина, психология, кибернетика жана кээ бир башка илимдер изилдешет. Өзгөчө бир өңүттө ага искусство жана дин ой жүгүртөт. Аң-сезимдин анализи менен жалпы жонунан, адамдын жана коомдун башка ишмердүүлүктөрүнүн конктекстинде философия иш алып барат. Ал философиянын көз карашында аң-сезим деген эмне? Адамдын аң-сезими

кандайча пайда болгон? Анын негизги касиеттери, функциялары жана курамы кайсылар? деген суроолорго жооп берүүгө аракет кылат.

## Методикалык мүнөздөгү кириш сөз

Аң-сезим – бирден-бир татаал жана сырдуу маселелерден болуп эсептелет. Аны түшүнүүнүн жана изилдөөнүн алгачкы татаалдыгы олуттуу бир деңгээлде аң-сезимдин көрүнүштөрүнө өз алдынча, сезимдик байкоо жүргүзүп, ченеп жана ар кыл шаймандардын жардамы менен изилдей албастыгыбыз менен байланышкан. Ошондуктан көптөгөн жүз жылдар аралыгында аң-сезим сырдуу бойдон калган. Бул дайыма анын табиятына жана маңызына байланыштуу мистикалуулугун жараткан. Байыркы мезгилдерде эле адамзат жашоосу жана адамзат денесинин маанилүү абалы үчүн жооптуу болуп эсептелген сырдуу «сезимдик-жогорку сезимдик» жандын маңызынын көрүнүшү катары аң-сезим туурасындагы элестөө пайда болгон. Аталган көз караштар үчүн жан денеден алыстабандыгы, материалдык жана идеалдык деп бөлүштүрүү пайда боло элек мүнөздүү болгон. Бул алгачкы философиялык теорияларга да таандык. Өзүнүн өнүгүүсүнүн баштапкы баскычында грек философиялык ойлому «идеалдуу» түшүнүгүн сезимдик-предметтик материалдуулука болгон өзгөчө карама-каршылык катары билген эмес. Убакыттын өтүшү менен жанды материядын көз карандысыз, өз алдынча өлбөс, түбөлүктүү пайда боло алган кандайдыр-бир материалдык эмес субстанция катары карай баштаган. Биринчи жолу аталган көз караштар теоретикалык жалпылоосуна жана орноосуна Сократтын жана анын окууучу Платондун философиясында ээ болгон. Гераклит адамдын аң-сезимдүү иш-аракеттеринин негизин сөз, ойлом, заттардын өзүнүн маңызы катары түшүндүрүлгөн «логос» түшүнүгү менен аныктаган. Адамзат акыл-эсинин баалуулугу аталган логоско - объективдүү дүйө түзүлүшкө таандык болуу деңгээлинен көз каранды түрдө аныкталган.

Андан ары тарыхый-философиялык процессте аң-сезим маселеси ар башкача чечмеленген. Анын үстүнө көптөгөн философтор аң-сезимди материя менен аң-сезимдин карым-катнаштары маселесинде кандай өңүттү ээлегендигенен көз каранды түрдө түшүндүрүшкөн. Аталган өңүттөргө философиянын негизги багыттарында кыскача мүнөздөмө беребиз.

Аң-сезимдин табиятына болгон идеалистик көз караштар жүз жылдар аралыгында ар кыл мазмунга ээ болушуп, бирок аң-сезим – баштапкы, материя –экинчи дегенге барып такалды. Алсак, объективдүү идеализм аң-

сезимге жогорку материалдык, табигый мнөздү берди: ал дүйнөгө көз каранды болбой, андан, адамдан сырткары пайда болуп, мээге эч кандай тиешеси болбойт; рух пайда болбойт жана төрөлбөйт, ал өз жашоосу менен жашап, өнүгүп, табият менен тарыхтын көрүнүштөрүн жаратат. Аң-сезимдин пайда болуусу тууралуу идеализмдин мындай бекүүсү теология менен тыгыз айкалышат, анда айтылгандай адамдын аң-сезими Кудайдын белеги болуп эсептелет: адамды жаратуу менен Кудай кудайдын жарыгынын бир бөлүгүн берүү менен «ага жандуу рухту киргизди». Демек – бул өз жашоосу менен жашаган жана өнүгүүсүндө табияттын көрүнүштөрүн жаратып, коомдун тарыхын башкарган кудайдык акыл-эстин белеги.

Дуалистердин пикиринде материя менен аң-сезим – өз алдынча, тең баалуу башталыштар. Бул болсо аң-сезимдин артында материядан толугу менен көз карандысыз болуусу моюнга алынган. Материя сыяктуу эле аң-сезим да түбөлүктүү, ал пайда болуп, төрөлгөн эмес. Демек, анын пайда болуусу тууралуу маселени чечүү зарылчылыгы кийинкиге калтырылган. Дуализмдин бирден-бир көрүнүктүү өкүлдөрүнөн болуп Декарт эсептелген, ал дүйнөнүн негизинде эки рухий (ойлоочу) жана денелик (созулган) субстанция жатат деп эсептеген.

Дуализм Иммануил Канттын философиясына да таандык болгон. Аң-сезимди дуалистик чечмелөөгө жакын болуп француз философу, окумуштуу жана дин таануучу Пьер Тейяр де Шардендин концепциясы эсептелет. Ал жер материясында элементардык аң-сезимдин, психикалык энергиянын белгилүү бир массасы турат деп эсептеген. Аң-сезим материя сыяктуу эле баштапкы. Эч ким , анын ичинде биздин ата-бабаларыбыз да жер-бетиндеги аң-сезимдин пайда болуусун байкашкан эмес, «адам дүйнөгө эч дабышы жок кирген». Аң-сезим менен болмуштун ортосунда ушунчалык так чектер бар, алардын бирөөсүн экинчисине же кандайдыр-бир жалпы өзөкө алып бару дээрлик мүмкүн эместигинде диалектикалык концепция акталышы ыктымал. Кант ушул маселе боюнча жазган: «Адамзат таанымынын эки негизги түркүгү бар, алар калыбы, жекеликтен жалпыга, бирок бизге белгисиз тамырдан келип чыгат…».

XIX-к. 50-жж. аң-сезимге болгон вульгардык-материалистик көз караш кыйла кеңири тараган. Бул аталыш, анын жактоочулары (немец философтору Фогт, Бюхнер, Молешот) аң-сезимди орой, вулгардык формада карагандары менен түшүндүрүлөт. Алар өттү боор, заараны бөйрөк бөлүп чыгарган сымал эле аң-сезим, ойломду мээ бөлүп чыгарат деп эсептешкен. Климат, тамак-аш ж.б.у.с. алардын көз карашында, адамдын ойломунун образын аныкташат. Вульгардык-материалистик көз караш заманбап илимдин жетишкендиктери тарабынан четке калылгандыгына карабастан аң-сезимди

материянын белгилүү бир түрүнө жакындатуу далалаттары дагы дале көрүлүүдө. Мисалы, электрофизиологиянын ийгиликтерине байланыштуу ойлом болгону мээ аркылуу нурланган электромагниттик термелүү болуп эсептелет деген жобо чыгарылган. Чындыгында эле, мээ активдүү иштей баштаса, ал өзүнүн мүнөзүн өзгөрткөн электромагниттик толкундарды үзгүлтүксүз чыгарып турат. Адамдын ооруп калган учурундагы аталган толкундарды изилдөө мээнин кайсыл бөлүкчөлөрү бүлгүнгө учурагандыгын таап алууга мүмкүндүк берет. Бирок ойломдордун мазмунун пленкадагы жазуу боюнча аныктоо мүмкүн эмес, анткени алар материя болуп эсептелбейт.

Аң-сезимди механикалык жактан гилозоизм (грекчеден hyle –зат жана zoe- жашоо) да чечмелеген. Гилозоизмдин жактоочулары жансыз предметтерде да туюп –сезүүнүн болоорун боолголошкон. Аталган ойломду тастыктоодо француз материалисти Дени Дидро мисалы, тооктун жумурткасына жана жөжөгө таянган. Жөжөлөрдө дүйнөнү кабыл алуу жана чагылдыруу жөндөмдүүлүгү кайдан болмок эле, эгерде жумурткалар мындай касиеттерге ээ болбосо? Демек бул жөндөмдүүлүк жумуртканын өзүнө салынган деп ой жүгүрткөн ал. Мындай пикирлер кээ бир француз материалистерин бардык материалдык предметтерди шыктандырган гилозоизмге алып келген. Предметтер жанга ээ болушкандыктан, бул жерде аң-сезим – адам төрөлгөнүнөн тартып эле ээ болгон керемет десек болот. Болгону адам өлгөндөн кийин аң-сезим кайда жоголоору, жана писхикалык ооруулуулардын аң-сезими кайда тураары түшүнүксүз. Гилозоизмдин жалпы катачылыгына карабастан ал баары бир аң-сезимдин алып жүрүүчүсү катары материя боло алат, ал эми аң-сезимди материянын касиети иретинде эсептөө тууралуу рационалдык ойломду камтып турат.

Аң-сезимди түшүнүүдөгү жаңы доор диалектикалык материализмдин пайда болуусу менен байланышкан. Аталган багыттын көз карашында аң-сезим материядан туунду, ал экинчи жана ага карата активдүү келет. Бардык жандуунун эле эмес, аң-сезимдин да булактары кыймылдоого жана өздүк өнүгүүгө жөндөмдүү материяда болушат. Диалектикалык материализм аң-сезимди материянын мыйзам ченемдүү тарыхый өнүгүүсүнүн, анын кыймылынын социалдык формасынын продуктусу, анын кыймылынын социалдык формасы; бардык материяга тийиштүү болбогон өзгөчө функция, адам үчүн адекваттуу тажрыйбалык ишмердүүлүк үчүн керек болгон объективдүү дүйнөнүн субъективдүү образы катары караган.

Заманбап дүйнөлүк философияга кайрыла турган болсок, анда аң-сезимди изилдөөдө феноменология сыяктуу философиянын чөйрөсү иш алып барат. Ал Германияда ХХ-к. башында пайда болуп, бир канча

варианттарга ээ болгон (Эдмунд Гуссерль, Мартин Хайдеггер, Макс Шелер, Жан-Поль-Сартр, Морис Мерло-Понти), алардын ичинде негизгиси болуп Гуссерлдин теориясы эсептелет. «Феноменология» термини гректин «логос» (окуу), «феномен» (бул өзүн өзү көрсөтүүчү, демонстрациялоочу)деген эки түшүнүгүнөн пайда болгон. Феноменологиянын чектеринде аң-сезим болмуштун спецификалык чөйрөсү катары каралат, аны эч кандай карым-катнаштарга: предметтерге, аң-сезимдин өзүнүн бейаң негиздеринде жакындатпайт. Гуссерльде аң-сезимдин ар кыл образдары, Хайдеггерде – адамзат болмушунун феномени, Сартрда –рефлексивдик (өзү үчүн болмуш), Мерло-Понтиде – жүзөгө ашкан адамзат денеси туурасында кеп болууда.

Феноменологиянын өкүлдөрү аң-сезимге, дүйнөгө болгон натуралистик көз караштарга каршы турууга аракет кылышкан, алар аң-сезимди предметке, обөектке жакындатышып, болгону алардын ортосунда себептик жана функционалдык байланыштарды орнотушат. Гуссерлдин пикиринде, болмуш аң-сезим принципиалдуу түрдө предметтик дүйнөдөн аңдап билинген катары айырмаланат. Бирок аң-сезим, адамзат болмушу дагы дүйнө менен биргеликте пайда болушат. Демек, феномендерди – предметтик дүйнөнүн маанисин калыптандырган абсолюттуу, аң-сезимдин агымы туурасында болууда.

Аң-сезим маселеси башка чет элдик философиялык багыттарда да олуттуу орунда турат. Алардын ичинде герменевтика, экзистенциализм, психоанализ, лингвистикалык философия, структурализм, жашоо философиясы ж.б. бар. Алар аң-сезимдин ар кыл мазмундук аспектилерин, анын ички логикасын изилдөө процессинде олуттуу натыйжаларга жетишишти. Бүгүнкү күнү философтордун изилдөөлөрү «рух» менен «дененин», физикалык жана психикалык абалдардын ж.б.у.с. карым-катнаштарында топтолушкан. Философия менен тилдин, когнитивдик психология менен аң-сезимди компьютердик моделдештирүүнүн чектеринде пайда болгон маселелерге көп көңүл бурулат. Актуалдуу болуп аң-сезимдин келип чыгуусу туурасындагы маселе эсептелет.

Аталган маселеге болгон материалистик ыкма өзгөргөн жок: белгилүү бир кырдаалдардын таасири алдындагы өнүгүү процессиндеги материя акыл-эсти жаратат. Аталган көз карашты кылдат карап кетсек. Адегенде суроо жаралат: Кайсыл касиеттердин жардамы аркасында материя өзүнүн өнүгүүсүнүн «рухту» жаратуусунун туу чокусуна жетет; ойломдун, эрктин, эмоциянын ж.б.у.с. пайда болуусуна мыйзам ченемдүү түрткү берген материянын «пайдубалындагы» эмне болгон ички күч?

Заманбап илим буга ар башкача жооп берет: материянын мындай касиети катары чагылуунун касиети эсептелет. Демек, чагылуу – бул кармап

алып аң-сезим маселесин чечүүгө мүмкүн болгон «жипче». Чагылуу деген эмне? Чагылуу – бул материянын универсалдуу сапаты, бирдиктүү иш-аракеттин процесси жана натыйжасы, анда бир обөекттин өзгөчөлүктөрү башка формада башка обөекттин өзгөчөлүктөрүндө пайда болот. Андыктан бирдиктүү иш-аракет бардык материалдык обөекттерге таандык, андай болсо чагылууну материянын жалпы касиети катары кароо зарыл. Предметтердин бирдиктүү иш-аракеттери эч качан изи жок өтпөйт, сөзсүз түрдө кесепеттери калат. Анын үстүнө чагылуунун зарыл шарты болуп окшоштугу, чагылуу менен болгон ылайык келүүсү эсептелет.

Чагылуунун өнүгүүсүндө материянын жалпы касиети катары шарттуу түрдө үч чоң этапты бөлүп көрсөтүүгө болот: жандуу эмес табияттагы чагылуу, жандуу табияттагы чагылуу жана социалдык деңгээлдеги чагылуу. Аталган этаптарга чагылуунун төмөнкү формалары жооп берет:

***Физика-химиялык чагылуу*** механиканын, физиканын, химиянын мыйзамдары менен болот. Мындай чагылуу пассивдүү мүнөзгө ээ. Ал пайда болгон из обөект катары бааланбайт. Физикалык-химиялык чагылуунун өзгөчөлүгү ал көз карандысыз контакта гана жүзөгө ашырылаарында турат. Мындай контактардын натыйжалары бирдиктүү иш-аракеттердин мүнөзү тууралуу белгилүү бир маалыматты камтып турат. Бактарды кесүүдөгү жылдык шакектер, мисалы, ар кыл жылдардагы климаттык шарттар тууралуу айта алат. Ошондуктан бардык чагылуунун маанилүү чеги – бул маалыматтуулук. Бир обөект өзү тууралуу башканын эс-тутумунда калтырат, ал эми бул эс-тутум белгилүү бир мезгилде сакталат. Демек, чагылуу – бул чагылуучу предметтин өзгөчөлүктөрүн маалыматтык кайра өндүрүүдө турган материянын жалпы касиети.

***Физиологиялык чагылуу*** жандуу табияттын өнүгүүсүнүн алгачкы баскычында пайда болуп, бир клеткалуу курамдарга таандык. Чагылуунун кыйла жөнөкөй формасы болуп кыжалаттык эсептелет. Бул жандуу организмдердин касиети физикалык-химиялык иш-аракеттерге тандоочулук түрдө таасир тийгизет. Ошону менен бирге организм аларды байкабайт, эгерде иш-аракет түздөн-түз ага багытталган болсо. Кыжалаттыктын негизинде чөйрөгө пассивдүү ыңгайлашуу гана ыктымал. Бул жөнөкөй организм барлардын арасында пайда болуусунун кыйла жагымдуу шарттарын гана тандап алат, бирок өзү аларды издебейт жана түзбөйт.

***Психикалык чагылуу*** жандуу табияттын өнүгүүсүнүн кыйла жогорку этабында пайда болот. Өзгөчө мааниге сырткы дүүлүгүүнүн белгилерин кабыл алган нерв клеткаларын пайда болуусу ээ болот. Акырындык менен нерв клеткаларынын ортосундагы функцияларынын дифференциациясы болуп өтөт. Бирөөлөрү жарыктын, экинчилери –дабыштын, үчүнчүлөрү -

даамдын ж.б.у.с белгилерин кабыл алууда адистешишет. Демек, туюп сезүүлөрдүн жеке адистешкен органдары жана алардын ишин макулдашкан нервдик система пайда болот. Бул чагылуунун жеке формасы – сезимталдуулуктун, б.а. туюп сезүүлөр, кабыл алуулар жана элестөөлөр формасындагы чагылуунун пайда болуусун билдирет. Сезимталдуулуктун пайда болуусу пассивдүүдөн активдүү-издөөчүлүк ориентациялык ыңгалашууга болгон өтүүнү түшүндүрөт, ал мурастык сокур сезимдик же жекелик-ээлик кылынган жүрүм-турум формасында жүзөгө ашырылат. Сокур сезимдик чагылуу кыр аркалыксыздарга мүнөздүү. Ал стереотиптик кырдаалдарда белгилүү бир биологиялык түрдүн өкүлдөрү өзүлөрүн бирдей алып жүрүшөт. Бир караганда, алардын иш-аракеттери аң-сезимдүү жана максаттуу болгону менен, чындыгында алар мурастык механизмдер менен шартталып, эгерде шарттарын өзгөрткөн болсо өз маанисин жоготот.

Сапаттуу жогорку баскычка омурткалуулардын чагылуусу көтөрүлөт, аларда баш мээси жана борбордук нерв клеткасы пайда болот. Курчап турган чөйрөнүн чагылуу ыкмасы баш мээнин жардамы менен психика деп аталат. Анын маңызы жогорку уюшулган жаныбарларда шартсыз рефлекстерсиз (сокур сезимдерсиз) кыйла татаал-ээ болуунун жана ориентациялык жүрүм-турумдун негизи болуп калган шарттуу рефлекстер да кездешет. Шарттуу рефлекстер –бул организм белгилүү бир убакыт аралыгында бири-бирине окшош факторлордун таасирине дуушар болуп, пайда болгон убактылуу нервдик байланыштар. Алардын иш-аракеттеринин механизми И.П.Павлов ачкан «кайтуучулук байланыш» принцибинде негизделген, алардын милдети – мээни башкарылып жаткан системада жана курчап турган чөйрөдө эмне болуп жаткандыгы тууралуу дайыма кабар берип туруу. Анын үстүнө тигил же бул органдын иши тууралуу эле эмес, жүрүм-турумду оңдоп-түзөөгө мүмкүнчүлүк берген аталган иштин эффекти тууралуу да «маалымат» берип турат. Демек, шарттуу рефлекстер алдыда боло турган окуяларды эскертүүчү белги берүүчүнүн ролун аткарышып, «алдыга озуучу чагылуунун» зарыл шарты болуп эсептелет.

Аң-сезим формасындагы чагылуунун алып жүрүүчүсү болуп адам эсептелет, ал жаныбарлар падышачылыгынын түпкүрүнөн келип чыккан. Жаныбарлардын психикасы негизинде адамзат аң-сезими өнүккөн биологиялык өбөлгө катары кызмат кылган. Адамдын жаныбарлардын психикасы менен менен болгон генетикалык жалпылыгына карабастан, алардын чагылуусун бири-бири менен жакындатууга болбойт. Аң-сезим - бул чагылуунун жогорку формасы. Ал принципиалдуу түрдө башка мүнөзгө ээ болуп, өзүнүн көрүнүшүнө төмөнкүлөрдө ээ болот:

Биринчиден, сезимдик чагылуу кыйла терең жана аңдап билинген мазмун менен толтурулат. Алардын алдында өзгөчө бир надстройка - абстракташтыруу пайда болот, ал жеке предметти, карым-катнашты ойломдук, предметтердин, карым-катнаштардын, касиеттердин жыйындысынан касиеттерди чыгарууда турат. Ал бүтүн кыймылдуу реалдуулукту бөлөт, ажыратат, схемалаштырат. Жеке өзүнчө абстракцияда реалдуулуктан оолактоо зарыл. Бирок мунун өзү предметтин жеке тараптарын таза түрүндө изилдөөнү камсыз кылат, демек, алардын маңызына сүңгүп кирүү;

Экинчиден, аң-сезим дүйнөнү сезимдик-көрсөтмөлүк эмес, идеалдуу образдарда чагылдырат. Бул эмне болгон образдар? «Идеалдуу» категориясын кароодо эске ала кетүүчү нерсе, идеалдуу биринчиден, аң-сезимдин болмушка болгон гносеологиялык карым-катнашын мүнөздөп, чагылуу менен чагылуучунун, образ менен обөекттин ортосундагы принципиалдуу айырмачылыкты ачып берет. Аталган айырмачылык идеалдуу образдар реалдуу обөекттердин касиеттерин чагылдыруу менен өзүлөрү бул касиеттерге ээ болушпайт. Идеалдуу образга материалдык обөекттердин кандайдыр-бир физикалык, химиялык ж.б. белгилери таандык эмес. Алар мейкиндиктик көлөмдөргө, геометриялык формаларга, көлөмгө, массага ж.б.у.с. ээ эмес. Розанын образы жыттанбайт, ал эми оттун образынан ал тургай тамеки күйгүзө албайсың. Идеалдуу – бул бир эле мезгилде пайда болуучу жана болбоочу. Ал материя менен катар пайда болуучу, өзгөчө субстанция эмес, бирок ал субъективдүү реалдуулук сымал бар. Субъективдүүлүк идеалдуу дайыма субөектке, адамга жана адамдардын тобуна таандык экендигин билдирет жана өзүнүн алып жүрүүчүсү жок пайда боло албайт, ошондуктан аң-сезимдин образдары менен түшүнүктөрүнүн мазмунунда анын алып жүрүүчүсүнүн турмуштук тажрыйбасынын өзгөчөлүктөрү, анын кызыкчылыктары, сезимдери, рухунун жайгашуусу, кайгыруулары ж.б.у.с. чагылдырылат. Субъективдүүлүк дагы чагылуунун толук эместигин билдирет, ал туюп-сезүүлөрдө күзгүлүк копия эмес, предметтердин касиеттеринин аздыр-көптүр жакындатылган кайра өндүрүүсү берилиши менен байланышкан.

Белгилей кетүүчү нерсе, идеалдуу маселесин түшүнүүдө бири-бири менен байланышкан эки ыкма пайда болгон. Биринчиси «идеалдууну чыгармачыл чечмелөө» катары түшүндүрүлөт. Ал Эвальд Ильенковдун ысымы менен байланышкан. Аталган ыкманын жактоочулары идеалдуунун касиеттерин материянын ажырагыс касиеттеринен алып чыгат. Калыптануусу Давид Дубровскийдин аты менен байланышкан психологизм же маалыматтык ыкма идеалдууну салыштырмалуу түрдө материалдуудан,

нейроналдуулуктан, предметтик-тажрыйбалыктан көз карандысыз болгон субъективдүүлүктүн, рухийлүүлүктүн өзгөчө касиети катары карайт. Эки ыкма тең оң жана терс учурларга ээ;

/чүнчүдөн, адамзат чагылуусу ылайыкташуучулук эмес, активдүү-кайра түзүүчүлүк мүнөзгө ээ. Адамды табият берген неселер канаттандырбайт, ал муктаждыктарга жооп бергидей кылып  бул нерсени өзгөртүүгө аракет кылат.  Бул  адам баарынан мурда өзүнүн аң-сезиминде жүзөгө ашырат. Аң-сезимдин мазмуну кандай гана болбосун тажрыйбалык жактан ишке ашырылат. Бирок мунун алдында ал идея мүнөзүнө ээ болот. Идея  - билим эле эмес, ыктымалдуу болгон нерсени пландоо дагы. Адам адегенде аң-сезимде  жаңыны түзөт – курулуш долбоолорун, машиналарды, технологиялык процесстерди конструкциялап, андан кийин аларды эмгектин жардамы менен жүзөгө ашырат. Адамдын муктаждыктары аң-сезимде чагылуу менен максат мүнөзүнө, б.а. каалаган келечектин идеалдуу моделине ээ болот. Тажрыйбалык ишмердүүлүктө жүзөгө ашырылуу менен максат предметтик формада, мурун табиятта болгон реалдуу пайда болуучу предметтер формасында материалдашат.

Чагылуунун жогорку формасынын кыскача мүнөздөмөсү мына ушундайча.  Мындай татаал өнүгүүнүн миллиардаган жылдарынын камтылышында эки сапаттуу секирикти бөлүп көрсөтүүгө болот: жансыздан жансызга жана жандуудан ойлоочуга өтүү. Экинчи секириктин натыйжасында аң-сезим па  йда болду. Мунун ыктымалдуу болушунун себеби, белгилүү бир биологиялык өбөлгөлөрдүн жана социалдык шарттардын пайда болуусу.

Аң-сезимдин пайда болуусунун өз алдынча биологиялык өбөлгөлөрүнө төмөнкүлөр таандык:

1) Адам сымал жандыктардын денелик уюшулушу. Бул жерде баарынан мурда алдыңкы аяктардын түз басуусу, өнүгүүсү жана бошоосу ойногон. Бул  адам сымал жандыкты эмгектик операцияларга жакындаткан.

2) Жогорку жаныбарлардын биринчи белги берүүчүлүк системасы (маалыматтын дабыштык жана кыймылдаткычтык каражаттарынын өнүгүүсү). Тарыхый планда  маймылдардын белги берүүчүлүк системасы тилдик баарлашуунун өзгөчө бир каражаты болуп эсептелет.

3) Адам сымал маймылдардын жашоосунун үйүрлүк формасы. /йүрлүк баарлашуу шарттарында алардын жашоо ишмердүүлүгү жогорулап, чөйрө менен байланышы татаалдашып, үйүрдөгү особдордун ички иеархиясы калыптанган. /йүрлүк байланыштар – адамдардын уруулук  уюшулуусунун өбөлгөсү.

4) Жогорку жаныбарлардын баш мээси, өнүккөн нервдик системасы. Жогорку жаныбарлардагы мээнин эвлюциясын төмөнкү мисалдарда кароого болот. Дриопитектин же шимпанзенин мээсинин көлөмү 400 см3; питекантроптукту – 900 см3; байыркы кытай элдериники же синантроптордуку 1050 см3; неандарталецтики – 1300-1400см3. Заманбап адамдын мээси төмөнкү параметрлерге ээ: көлөмү - 1400-1600см3, орточо салмагы – 1400г, мээ салмагынын дене салмагына болгон катнашы 1:40, мээнин ички курамынын татаалдыгы – 12-15 млрд. клетка.

Жогоруда келтирилген адамдын аң-сезиминин пайда болуусунун биологиялык өбөлгөлөрү болгону жаңы көрүнүштөрдү калыптандырууга мүмкүнчүлүктөрдү гана даярдады. Аң-сезимдин пайда болуусундагы жана өнүгүүсүндөгү чечүүчү ролду социалдык шарттар ойногон.

Аң-сезимдин калыптануусунун биринчи фактору катары эмгек кызмат кылган. Жөнөкөй эмгек куралдарын даярдоо процессинин мезгилинде адам дайыма эмгек предметтериндеги жалпы байланыштарды жана карым-катнаштарды бөлүп көрсөткөн. Эмгек процесси келечектеги адамды абстракташтырууга, жалпылоого түрткөн, б.а. предметтин негизги белгилерин предметтин өзүнөн оолактатууну, түшүнүктөрдү калыптандырууну үйрөткөн. Бир эле мезгилде таанымдын каражаттары болуп эсептелген эмгек каражаттарынын жардамы менен адам объективдүү дүйнөнүн касиеттерине жете алган. Предметтердин касиеттери бекитилген эмгек каражаттарын даярдоо менен адам ойломдук түрдө аларды бөлүп көрсөтүүгө үйрөндү. Сезимдик-предметтик ишмердүүлүктүн логикасы башта белгиленип ойлом логикасына айланат. Адам ойлонгонго үйрөндү. Ошентип акырындык менен предметтин логикалык образы калыптанып, ал эми адамдын иши аңдап билинген мүнөзгө ээ болду. Археологиялык табылгалар маалымдап тургандай, адамдын ойлому анын эмгек ишмердүүлүгү менен коштолуп, аң-сезимдин өнүгүүсү менен кыйла абстракту болуп калды. Эмгекте пайда болуу жана өнүгүү менен аң-сезим эмгекте жүзөгө ашырылып, адамдаштырылган табиятты, маданият дүйнөсүн түздү.

Аң-сезимдин пайда болуусунун жана өнүгүүсүнүн экинчи фактору болуп тилдик баарлашуу, сүйлөө эсептелет. Тил алгачкы адамдардын жамаатында пайда болгон. Болгон жалпы күч аракет менен зынданды казып, маскировкалап, ага жырткычты киргизип, өлтүрүү үчүн аңчылар бири-бирине көп нерсени маалымдоолору керек. Жашоонун өзү аларды ушул нерсеге үйрөнүүгө мажбурлады. Биздин ата-бабаларыбыз бири-бирине берип келишкен маалыматтын ар түрдүүлүгү белгилүү бир белгилерди талап кылган.

Белги заттардын жана иш-аракеттердин белгилүү бир табы үчүн жеке жана эмгек процессинин бардык катышуучулары үчүн жалпы болушу зарыл. Жестер аталган талаптарга жооп беришкен жок: аларды көрүп турган шарттарда гана кабыл алып, түшүнүүгө гана болот. Жамааттык эмгекте бири-бирин көрбөгөндөр да катыша алышат. Ошондуктан белгилердин үндүк системаларындагы зарылчылык пайда болуп, анын жардамы аркасында баарлашуу жүзөгө ашырылат. Белгилердин мындай системасы – сүйлөө. Ал ар кыл сөздөрдөн, шарттуу үндүк белгилерден турат жана эки жактуу функцияны аткарат: баарлашуунун каражаты жана ойломдун куралы катары. Сөздөр ар кыл предметтердин жана процесстердин шарттуу белгилери эле болуп эсептелбестен, алар аталган предметтер тууралсындагы биздин ойломдорду белгилешет. Сүйлөөнүн (оозеки, жазуу же көркөм-образдуу) жардамы менен гана адам өзүнүн ойломун калыптандырып, билдире алат. Албетте, ойлонуу үчүн угуза айтуу зарыл эмес. Мисалы, дудук-дүлөйлөр белгилик тилге ээ эмес, бирок аларда тил жана ойлом жок дегенди билдирбейт. Бул адамдар өзүнүн ойлорун жестердин жана жазма тилдин жардамы менен билдире алышат. Айта кетүүчү нерсе, жестердин тили кандай гана болбосун бардык адамдар тарабынан колдонулат, өзгөчө эмоциялар менен сезимдерди берүүдө, сөздөрдүн маанилерин конкреттештирүүдө.

Ошону менен бирге сүйлөө – бул ойлорду фиксациялоо жана өткөрүп берүү каражаты эле эмес, ал ойломдун зарыл шарты жана куралы болуп эсептелет. Ойлом процесси – бул ылайыктуу сөздөрдө шарттуу бекиген абстрактуу түшүнүктөрдү изилдөө процесси. Ойломду калыптандыруу менен адам өзү тууралсында зарыл сөздөрдү айтып, анын жүзөгө ашырылуусунун мыкты формаларын издейт. Ойломду ылайыктуу вербалдык бекитүүсүз аяктоо мүмкүн эмес. Кээде, чындыгында, өзү тууралсындагы ойлордун калыптануусу анын вербалдык бекүүсү жолун жолдоочу иллюзия пайда болушу ыктымал. Адамга ойлом толук жетилгендей сезилет, бирок ал азырынча аны таасын билдире албайт. Бирок айтылгандардын таасын эместиги ойломдун так эместигинен кабар берип турат. Тескерисинче маңызы жана формасы боюнча ачык, таасын ойлом жеткиликтүү жана түшүнүктүү ой жүгүртүүлөрдө айтылат. Демек, ойломдун реалдуулугунун формасы катары кызмат кылган сүйлөөсүз ойлом процесси эч мүмкүн эмес.

Аң-сезимдин пайда болуусунун үчүнчү фактору болуп адамдардын жашоосунун уруулук мүнөзү эсептелет. Аң-сезим – коомдук өнүгүүнүн продуктусу. Аң-сезим коомдон тышкары болгон эмес, болбойт дагы. Аң-сезим уруулук мамилелерсиз мүмкүн эмес деп жаныбарлар тарбиялаган балдардын 50 дөн ашууну айтышат. Мындай балдарда аң-сезимдин эч кандай белгилери болгон эмес. Адамдардын аң-сезимин социалдуулук кандайча

калыптандырган? Эмгек ишмердүүлүгүнүн процессинде адамдар бири-бири менен мамилелердин тигил же бул формаларында, эки жактуу баарлашууда катышышат. Баарлашуу инсандын, анын аң-сезиминин, жалпы коомдун калыптануусунун жана өнүгүүсүнүн бирден-бир зарыл өбөлгөсү болуп эсептелет. Эгерде баарлашуу деп таптардын, топтордун, инсандардын коомдук субөектилеринин бирдиктүү иш-аракеттерин түшүнсөк, анда алардын ортосунда айныксыз түрдө маалымат, тажрыйба, жөндөмдүүлүк ж.б.у.с. алмашуусу жүрөт. Баарлашуу - бул инсандын социалдашуусунун бир шарты. Баарлашууда адам рационалдык маалыматты алып, ишмердүүлүктүн ыкмаларын калыптандырып эле тим болбостон, окшоштуруу жана мурастоо жолу менен адамзат эмоцияларын, жүрүм-турум формаларын өздөштүрөт.

Демек, аң-сезимдин пайда болуусу үчүн өзүлөрү аны түзбөгөн белгилүү бир биологиялык өбөлгөлөр зарыл болгон. Аң-сезим социалдык негизде пайда болуп, коомдун жана коомдук өнүгүүнүн продуктусу болуп эсептелет. Бирок баарынын мурда аң-сезим – бул адамзат мээсинин функциясы. Аң-сезимдин физиологиялык негиздери, анын функцияланышуусунун механизмдери кайсылар?

Мээнин ишмердүүлүгү тууралсындагы окууну Иван Михайлович Сеченов, Иван Петрович Павлов, Николай Евгеньевич Введенский, Алексей Алексеевич Ухтомский, Левон Абгарович Орбели сыяктуу көрүнүктүү окумуштуулардын плеядасы өнүктүргөн. Өз эмгектеринде алар аң-сезим адам мээси деп аталган материянын өзгөчө татаал бөлүкчөсүнүн функциясы деп далилдешкен. Адамдын мээси. Сеченовдун сөзү боюнча, дүйнөдөгү керемет машина. Бул ипичке нерв аппараты, Ааламдын белгилүү бөлүгүндөгү уюшулган материянын жогорку формасы. Ал организмдин борбордук пункту да болуп эсептелет. Көп сандаган сезимтал жана кыймылдуу нервдердин (периферийлик нерв системасы) жардамы менен мээ туюп сезүүнүн системасы менен байланышкан, ал организмдин белгилүү функцияларын (булчуң, канн тамырлар ж.б.) жүзөгө ашырган сырткы чөйрөдөн маалыматты алат. Сырткы чөйрөнүн жана организмдин ички абалы тууралсында маалымат берип турган нервдик импульстарды алуу менен мээ организмдин татаал карым-катнаштарын өзгөрүп туруучу чөйрөнүн шарттары менен көзөмөлдөп турат.

Баш мээнин аппаратынын өзүндө бир нече бөлүкчөлөр же «блоктор» бөлүнүшөт, алар бири-биринен өзүнүн түзүлүшү, байланыштары жана функциялары менен айырмаланат. Бардык блоктордун жалпы иши жогорку нервдик ишмердүүлүктү түзөт. Бул өзгөчө психофизиологиялык процесс. Психикалык физиологиялыктан өзүнчө пайда боло албайт. Физиологиялык психикалыктын материалдык субстраты, алып жүрүүчүсү, психикалык

аталган физиологиялыктын натыйжасы, продуктусу, касиети болуп эсептелет. Алар бири-бири менен тыгыз байланышта болушуп, өз пайда болуулары меен шартташып жеке психофизикалык процессти түзүшөт. Ойломду ойлоочу материядан ажыратууга болбойт.

Мээ – аң-сезимдин булагы эмес. Ойлоочу мээ менен ойломдун ортосундагы орунга себептер, натыйжалар эмес, органдар менен функциялар ээ. Адамзат мээси – бул аң-сезимдин органы, ал эми аң-сезим – бул анын негизги функциясы. Анын үстүнө мээ өзүнөн өзү ойлонбойт жана аңдап билбейт, адам мээнин жардамы менен ойлонот. Аң-сезим мээнин курамын, мазмунун, о.э. андагы болуп жаткан физиологиялык процесстерди, баарынан мурда сырткы дүйнөнү чагылдырбайт, Андай болбосо, Л.Фейербах таасын белгилегендей мышыктар чычкандарга атырылгандын ордуна, тырмактары менен өзүнүн беттерин тыткылашмак. Демек, адамдын аң-сезими, анын психикасы мээнин физиологиялык ишмердүүлүгүнүн, мээнин касиетинин продуктусу болуп эсептелет, аталган физиологиялык ишмердүүлүктөн тышкары ал пайда боло албайт.

Теманын биринчи суроосун кароону аяктоо менен эң башкыларын бөлүп көрсөтөбүз:

1. Аң-сезим – бул жогорку уюшулган материянын касиети; 2. Аң-сезим – бул реалдуулукту чагылдыруунун жогорку формасы, материалдуу дүйнөнүн идеалдуу образы; 3. Аң-сезим – социалдык-тарыхый өнүгүүнүн продуктусу жана материянын татаалдануусу; 4. Аң-сезим – бул адамдын максаттуу ишмердүүлүгүнүн тескөөчүсү.

*Демек, аң-сезим – бул адамзаттык спецификалык чагылдыруу жана реалдуулукту рухий өздөштүрүү, жогорку уюшулган материянын –адамзат мээсинин касиети, ал объективдүү дүйнөнүн субөективдик образдарынын аң-сезиминде, кармап туруусунда, сактоосунда жана маалыматты кайра иштеп чыгуусунда, аталган ишмердүүлүктү активдүү башкаруусунун белгилүү милдеттерин чечүүгө багытталган ишмердүүлүк программасын иштеп чыгуусунда турат.*

Аң-сезим коомдук-тарыхый продукт болуп эсептелет. Ал адамзат кому менен биргеликте эмгек ишмердүүлүгүнүн жана сүйлөөнүн калыптануу жана өнүгүү процессинде пайда болуп, социалдык чөйрөнүн, индивиддердин ич ара дайыма болуп турууучу баарлашуу шарттарында гана калыптанат.

## 4 – Бап. ТААНЫМ

## 14 -Тема. Таанымдык процесстин маңызы жана курамы.

**Планы:**

1. Таанымдын манызы жана курамы.
2. Таанымдын диалектикасы. Чындык проблемасы.

Тааным теориясы боюнча лекцияны таанымды адамдын аң-сезиминдеги объективдүү дүйнөнү чагылдыруу процесси катары жалпы мүнөздөмө берүүдөн баштоо методикалык жактан туура болот. Философиянын суроосунун экинчи жагын илимий чечүү жана илим менен тажрыйбанын тарыхына таянуу аркылуу дүйнөнүн таанып билүүчүлүк принцибин жана анын мыйзам ченемдүүлүктөрүн жалпылоо зарыл. Ушуга байланыштуу агностицизмге, ар кыл формаларына сын бере кетүү абзел.

Лекциянын максаты таанымдын маңызы жана мааниси эмне тураарын тактоо.

### Таанымдын манызы жана курамы.

Философторду дайыма адамдын чындыка болгон таанып билүүчүлүк карым-катнашы кызыктырып келген. Алар адамдын таанымдык ишмердүүлүктөрүнүн мыйзам ченемдүүлүктөрү, мүмкүнчүлүктөрү менен жөндөмдүүлүктөрү, анын нукуралыгынын жана далилдүүлүгүнүн шарттары менен критерийлери кандай? Экендигин түшүнүүгө аракет кылышкан. Бирок философиядагы эң башкысы болуп дүйнө туурасындагы билимдердин жеке дүйнөгө болгон карым-катнаштары туурасындагы маселе болгон жана боло бермекчи, биздин аң-сезимибиз (ойломубуз, туюп-сезүүбүз, элестөөлөрүбүз) реалдуулукту адекваттуу чагылдыра алууга жөндөмдүүбү?

Аталган суроого мурунку жана азыркы мезгилдерде да ар кыл жооптор бар. Мисалы, өзгөчө бир көз карашты агностицизм сыяктуу философиялык багыт коргогон. Агностицизм түшүнүгү англиялык табият таануучу Томас Гексли тарабынан киргизилген. Агностицизм (грекчеден а – тануу, gnosis- билим, тааным) - бул реалдуулуктун маңызын ынанымдуу таанып билүү мүмкүнчүлүгүн күмөн саноого калтырган философиялык окуу. Ошол эле мезгилде агностицизм дегеле дүйнөнүн таанып билүүчүлүгүн танган окуу катарында элестөө болуп саналат. Агностиктер эсептегендей, тааным көрүнүштөр же жеке сезимдер туурасындагы билимдер катары гана ыктымалдуу. Агностицизмдин башкы белгиси болуп чындыктын маңызын гана таанып билүүсүн тануу эсептелет. Философиянын тарыхында агностицизмдин төмөнкүдөй формаларын бөлүп көрсөтүшөт:

**Байыркы грек философторунун (Пиррон, Энесидем, Секст Эмпирик ж.б.) скептицизми.** Алар дээрлик бардык жоболордун нукуралыгы же жаңылыштыгы бирдей ченемде тастыкталышы же четке кагылышы ыктымал. Адамзат тастыкталган билимдерге ээ болот деп ишенимдүү эсептөөгө болбойт. Скептицизм билимдердин пайда болуу мүмкүнчүлүгүн четке какпайт, болгону ал алардын көрүнүүчүлүгүн, ыктымалдуулугун жана субъективдүүлүгүн баса белгилейт.

**Давид Юмдун агностицизми**. Жаңы мезгилдин англиялык философу эсептегендей, биздин билимдерди тажрыйбадан алабыз. Ал эми тажрыйбада болгону туюп сезүүлөр менен гана иш алып барабыз. Ошондуктан, алардан тышкары биз эч нерсе биле албайбыз. Ошентип Д.Юмдун концепциясына илимий изилдөөнүн обөектиси катары реалдуулуктун күмөндүгү таандык.

**Иммануил Канттын агностицизми**. Юмдан айырмаланып немец философу материалдык заттардын пайда болуусу биздин аң-сезимден тышкары болоорун таанып билишкен, бирок алардын маңызы өзүнүн кабыкчасында түнт болгон. Ал бизден катылып, аны таанып билүүгө мүмкүн эмес. Аталган ойломду ачып берүү үчүн Кант «өзүндөгү нерселер» түшүнүгүн киргизген. Таллер акын Канттын позициясын мындайча билдирген:

Табияттын ички маңызын
Адамзат уруусу таанып билүүгө алсыз
Ал бактылуу, эгерде ал жолду көрсө
Сырткы кабыкча менен таанышуучу

**Эрнст Мах менен Рихард Авенариустун агностицизми**. Алар философиядагы эмприокритицизм аталышына ээ болгон багыттын негиздөөчүсү болуп эсептелет. Аталган философиянын борборунда тажрыйбы түшүнүгү турган. Бирок эмприокритицизмдин тажрыйбасын объективдүү дүйнөнүн чагылуусу эмес, аң-сезимдин ички маңызы, себептүүлүк субстанцияларынан жана дегеле объективдүү реалдуулуктан тазаланган туюп сезүүлөрдүн агымы катары сырткы дүйнүн өз ара таасирлеринен көз карандысыз пайда болгон адамзаттын баштан өткөрүүлөрү катары караган. Аталган негизде эмприокритицизм адамзат билимдеринин далилдүүлүгүн, илимдин объективдүү чындыкты атоо жөндөмдүүлүгүн танат.

**Заманбап философиянын кээ бир агымдарынын агностицизми**. Мисалга алсак, конвенциализм эсептегендей дүйнөнүн теориялары жана түшүнүктөрү, ал эми эркин келишимдин, окумуштуулар арасындагы конфенциялардын натыйжасы «ыңгайлуулук» жана «ойломдун экономиясы»

принциптеринде турат. Конвенционализмдин элементеттери неопозитивизмге, прагматизмге, операционализмге таандык.

Агностицизмдин эки миң жылдан ашуун жашап тургандыгы кокустук эмес. Анын негизинде агностицизмдин тамырлары деп аталган ар кыл себептер болушу ыктымал. Аларга: тааным процессинин татаалдыгы жана карама-каршылыктуулугу; сезимдик таанымдын чектелүүлүгү, андагы катачылыктар менен иллюзиялардын мүмкүнчүлүгү; логикалык таанымдын татаалдыгы; тарыхый чектелүүчүлүк жана билимдердин толук эместиги ж.б.у.с. таандык.

Ошол эле мезгилде заттардын маңызын таанып билүү принципиалдуу мүмкүнчүлүгүн материализмге эле эмес, идеализмге да таандык болгон башка философиялык багыттар да таанып билет. Мисалы, заманбап идеализм агностицизмдин бардык анын формаларында каршы чыгып, дүйнөнүн таанып билүүчүлүк принциптерине бекем турат. Адам дүйнөнү таасын таанып биле алат деген пикирин материализм илимдердин жана социалдык-тарыхый тажрыйбасынан алып чыгат. Ал эми адам курчап турган дүйнөдө максаттуу иш алып барып, белгилүү бир билимдерге таянуу менен каалаган натыйжаларга жетүүгө жөндөмдүү экендиги аталган билимдердин далилдүүлүгүнөн жана дүйнөнү таанып билүү жөндөмдүүлүгүнүн натыйжасы катары маалымат берип турат.

Адамдын курчап турган дүйнөгө болгон таанымдык-тажрыйбалык карым-катнашы маселесин гносеология (грекчеден gnosis-билим, тааным, logos- түшүнүк, билим) же тааным теориясы изилдейт. Тааным теориясы (гносеология) – бул таанымдын табиятын, адамдын таанымдык ишмердүүлүгүнүн мыйзам ченемдүүлүгүн, шарттарын, тааным шарттарын, формаларын, билимдердин реалдуулука болгон карым-катнашын, о.э. анын нукуралыгынын шарттары менен критерийлерин изилдөөчү философиянын чөйрөсү. Акыркы мезгилдерде философиянын аталган бөлүгүн көпчүлүк учурларда эпистемология (грекчеден epistema- билим, logos – түшүнүк, окуу) деп аташат, бирок эпистемологияны билим теориясы же илимий билимди изилдөө катары гана түшүнүү тура болот.

Заманбап гносеология таанымдын булагы, чөйрөсү катары аң-сезимден көз карандысыз пайда болгон объективдүү реалдуулукту эсептейт. Реалдуулуктуу таанып билүү - бул анын адамдын аң-сезиминдеги чыгармачыл чагылуу процессии. Чагылуу принциби тааным процессин материалистик түшүнүүнүн маңызын билдирет. Билим өз табияты боюнча – бул тилдик формада объективдүү дүйнөнүн мыйзам ченемдүү байланыштарынын чагылуусунун натыйжасы. Заманбап философияда «билим» термини үч мааниде колдонулат:

1. Бир нерсени жүзөгө ашыруучу жөндөмдүүлүк, шык катары;
2. Бардык таанымдык-олуттуу маалымат катары;
3. Адамдын тажрыйбалык карым-катнаштары менен катар реалдуулука болгон карым-катнашынын гносеологиялык формасы катары.

Тааным процессин (чагылуу) жалпы жонунан системалык билим катары кароодо анын төмөнкүдөй элементтерин бөлүп көрсөтүүгө болот:

1. **Таанымдын субъектиси** – бул обөектте иш алып барып, ага таасир эткендин өзү. Адам өзүнөн өзү обөект болуп эсептелбейт. Ал өзүн субөект катары предметтик ишмердүүлүк жана баарлашуу процессинде гана аңдап биле алат. Субөект деп адамды, билимдер алган турмуштук жана таанымдык активдүүлүктүн баштапкы пунктун түшүнүүгө болот, теориялар менен концепцияларды калыптандырып, аларды жаңы муундарга сактап, тарыхый жактан өткөрүп берет;
2. **Таанымдын объектиси** – бул адамзат ишмердүүлүгүнө жана таанымга кирген объективдүү реалдуулуктун (социалдык, табияттык, укуктук ж.б.у.с) фрагменти (бөлүгү). Объективдүү реалдуулук адамдан, субөектен көз карандысыз пайда болот. Ошондой болсо дагы обөект иретинде ал субөект менен биримдикте, өз ара байланышта турат. Таанымдын обөектиси катары табият менен коомдун көрүнүштөрү эле эмес, адамдар ортосундагы карым-катнаштар, аң-сезим, эс-тутум, эрк, сезимдер, дегеле рухий ишмердүүлүк да кызмат кылышат. Ошентип, таанымдын обөектиси – бул субөект аркылуу табият менен коомдун объективдүү өз ара байланышынан алынган; бул адамзат ишмердүүлүгүнө багытталгандын өзү.
3. **Таанымдын далдалчылары** – бул таанымдын материалдык (эмгек куралдары, приборлор, шаймандар, ЭЭМ (ЭВМ) ж.б.у.с.) эле эмес, идеалдык (түшүнүктөр, категориялар, көркөм образдар, нравалык нормалар, илимий теориялар, концепциялар ж.б.у.с.) мүнөздөгү да каражаттары.

Тааным теориясы субөект менен обөектти диалектикалык өз ара байланышта, бирдиктүү иш-аракетте, биримдикте карайт, анда социалдык активдүү тарап болуп таанымдын субөектиси эсептелет. Субөектин активдүү ролу төмөнкүдө байкалат: анын предметтик дүйнөгө болгон тандоочулук карым-катнашында; таанымдын максаттуу багытталган процессинде; рецепторлордун, нервдердин жана мээнин оңдоп-түзөөчү ишинде.

Бардык таанымдын натыйжасы болуп образ эсептелет. Образ – бул обөектин маңыздык карым-катнаштарынын идеалдуу жалпылануусу. Образдын мүнөздүү өзгөчөлүктөрү - окшоштук, оригиналга болгон адекваттуулук. Образ белгилерде байкалат. Белги – бул маалыматтын материалдык алып жүрүүчүсү. Анын функциялары болуп маалыматты

сактоо жана өткөрүп берүү эсептелет. Белгилер жана алардын негизиндеги жасалма тил кадимки тилдин базасында гана пайда боло алышат. Белгинин салыштырмалуу өз алдынчалыгы абстрактуу ойлом, о.э. компьютердик техниканы колдонуу үчүн кошумча мүмкүнчүлүктөрдү түзөт.

Демек, биз тааным - активдүү процесс экендигин аныктадык. Бул жаңы суроону пайда кылат: субөектти жаңы, мурун белгисиз болгон заттар жана көрүнүштөр менен кызыгууга, аларды изилдөөгө мажбурлайт? Философтор таанымдын башкы кыймылдаткыч күчү катары коомдук-тажрыйбалык ишмердүүлүк же тажрыйба саналат деп эсептешет. Тажрыйба деген эмне? Анын тааным менен кандай байланышы бар?

Тажрыйба - бул коомдун муктаждыктарына табигый жана социалдык чөйрөнүн ыңгайлашуусуна жана алмаштыруусуна багытталган адамдын материалдык сезимдик-предметтик максаттуу ишмердүүлүгү. «Тажрыйба» түшүнүгү сезимдик-предметтик ишмердүүлүктү эле эмес, бүткүл адамзаттын анын тарыхый өнүгүүсүндөгү тажрыйбасын камтып турат. Адамзаттын коомдук-тарыхый тажрыйбасы өзүнө көптөгөн формаларды жана түрлөрдү камтып турат. Тажрыйбалык ишмердүүлүктүн маанилүү түрлөрү төмөнкүлөр:

1. ***Адамдардын материалдык-өндүрүштүк ишмердүүлүгү.*** Ал материалдык-турмуштук-зарыл жыргалчылыктарды түзүү менен байланышкан. Материалдык өндүрүшсүз адам менен табияттын ортосундагы зат алмашуу мүмкүн болмок эмес, демек, адамзат жашоосунун өзү да мүмкүн болмок эмес. Адамдар саясат, илим, искусство ж.б. менен алектенүүдөн мурда, биринчи иретте, тамактануулары, турак-жайга ээ болуулары, кийим кийүүлөрү зарыл. Бирок алар жашоо үчүн көз карандысыз материалдык каражаттарды иштеп табуулары зарыл;

2. ***Коомдук-саясий тажрыйба***. Ал өзүнө мамлекеттин жана анын органдарынын, коомдук уюмдарынын жана мекемелеринин, идеологиялык ишинин тажрыйбасын, б.а. чыгармачыл күчтөрдүн, массалык маалымат каражаттарынын ж.б.у.с. күчтөрүнүн ишмердүүлүгүн камтып турат. Аталган тажрыйба мамлекеттер, улуттар жана мамлекет ичиндеги социалдык топтордун карым-катнаштарын тескеп турат. Заманбап шарттарда коомдук-саясий тажрыйба баштапкы мааниге ээ болот. Бул бардык коомдук жашоонун демократиялашуусу, адамдардын кеңири массасынын активдүү жашоого кириши, көз караштардын плюрализми, ар кыл формалдуу эмес уюмдардын көп санда болушу менен түшүндүрүлөт.

3. ***Илимий-эксперименталдык ишмердүүлүк.*** Бул тажрыйбанын өзгөчө түрү. Заманбап илимди ар кыл приборлорсуз, шаймандарсыз, реактивдерсиз, ченөөчү стенддерсиз, полигондорсуз, ЭЭМсиз элестетүү

мүмкүн эмес. Тажрыйбанын аталган түрүнүн өзгөчөлүгү болуп анын илимдин материалдык элементи мене ниш алып баргандыгында жана жаңы материалдык баалуулуктарды өндүрүү эмес, жаңы билимдерди топтоо максатын коет. Илимий-эксперименталдык тажрыйба теоретикалык жана тажрыйбалык ишмердүүлүктүн ортосундагы өзгөчө байланыштыруучу звено болуп эсептелет.

Ошентип, коомдук тажрыйба коомдук жашоонун бардык - материалдык, комдук-саясий, илимий-эксперименталдык жактарын камтып турат.

Тажрыйба таанып менен биргеликте пайда болот. Алар ич ара ушунчалык тыгыз байланышкандыктан, аларды белгилүү бир мааниде жеке процесстин эки тарабы катары кароого болот. Тажрыйба – бул материалдык-предметтик ишмердүүлүк, ал эми таанып – идеалдуу-образдуу ишмердүүлүк. бирок тажрыйба менен таанымды бири-бирине дал келтирүүгө болбойт. Ишмердүүлүгүнүн ыкмасы жана натыйжасы боюнча тажрыйба менен таанып карама-каршылыктар катары турушат. Тажрыйба – бул материалдык заттардын өндүрүшү, адамдын өзүнүн коомдук мамилелеринин кайра түзүлүүсү, ал эми таанып – бул идеялардын, билимдердин, материалдык нормалардын ж.б.у.с. өндүрүшү.

***Таанымга болгон карым-катнашта тажрыйба төмөнкүдөй функцияларды аткарат:***

а) тажрыйба таанымдын баштапкы пункту болуп эсептелет, адамдын дүйнөгө болгон тажрыйбалык активдүү карым-катнашынан адамдын аң-сезими калыптанат. Ал таанымдык ишмердүүлүктү реалдуулука багыттоого мажбурлап, өзүнүн кайра түзүлүүсүн талап кылат, ошондуктан тажрыйбалык жактан маанилүү болуп эсептелет;

б) тажрыйба таанымдын өнүгүүсүнүн кыймылдаткыч күчү болуп саналат. Ал таанымдын алдында белгилүү бир максатты коюп, андан анын чечүүсүн талап кылат. Коомдук тажрыйбанын баштапкы муктаждыктарынан бардык илимдер өсүп чыгышкан. Мисалы, ал тургай абстрактуудай сезилген астрономия илими да жер иштетүүгө жана деңизде сүзүү муктажадыктарына болгон жооп катары пайда болушкан. Ар кыл курулуштардын, кол өнөрчүлүк менен жер иштетүүнүн өнүгүү зарылчылыгынан механика пайда болуп, өнүккөн. Дарылоодогу муктаждык медицинанын, анатомиянын, физиологиянын ж.б. пайда болуусуна себепчи болгон. Биздин күндөрдө, болуп көрбөгөндөй тажрыйбанын, өндүрүштүн жалпы муктаждыктары ондогон университеттерге караганда илимий таанымды кыйла тездик менен алдыга жылдырууда. Ал болгону илимий таанып үчүн коомдун

тажрыйбалык муктаждыктары анын өнүгүүсүнүн тарыхый жолдорунда кубаттуу стимул болуп эсептелеерин баса белгилейт;

в) тажрыйба – таанымдын негизи катары кызмат кылат, андыктан ал адамдардын жашоосун бириктирип, алардын дүйнөгө болгон карым-катнаштарынын аныктоочу ыкмасы болуп эсептелет. Тааным табиятты кайра түзүүчү коомдун предметтик-тажрыйбалык ишмердүүлүгүнүн негизинде калыптанып, адегенде аталган ишмердүүлүктүн бирден-бир учуру катары кызмат кылат. Бирок тааным өзүнүн негизи катары жөн гана негизге ээ болбостон, ал реалдуулукту идеалдуу өздөштүрүүнүн активдүү, иштиктүү процесси болуп эсептелет.

Студенттерге ошондуктан тажрыйба таанымдын жеке негизи катары кызмат кылаарын жана о.э. ал заттардын объективдүү табиятын толук ачып берүү мүмкүнчүлүгүн берееерин түшүндүрүү зарыл. Предметтик-материалдык ишмердүүлүктүн жардамы аркасында адам курчап турган дүйнөнү өзгөртүү менен объективдүү табигый процесске аралашып, андан аркы таанымдын обөектиси болуп калган жаңы процесстер менен көрүнүштөрдү ачып берет. Тажрыйба таанымдын негизи катары кызмат кылышынын дагы бир себеби, анын өнүгүүсүнүн деңгээли түз же кыйыр түрүндө таанымдын приборлорунун жана техникалык каражаттарынын өнүгүү деңгээлин аныктайт. Ал эми аларды колдонуудан таанымдын ыргагы жана дүйнөнү чагылдыруу терендиги көз каранды.

г) тажрыйба таанымдын нукуралыгынын критерийи кызматын аткарат. Ал нукура жана жалган жоболорду айырмалоо каражаты болуп эсептелет. Аталган критерий предметтин теоретикалык схемасынын өзүндө боло албайт, ал андан, теориядан тышкары -тажрыйбада турат. Тажрыйбанын негизинде билимдердин мазмунунун объективдүүлүгү тастыкталат. Тажрыйба менен текшерүүдөн өткөн таанымдын натыйжалары гана объективдүү маанилүүлүкө ат салыша алышат. Чындыктын критерийи катары тажрыйбага диалектикалык мамиле жасоо зарыл. Чындыктын аталган критерийи абсолюттуу жана салыштырмалуу. Тажрыйбанын абсолюттуулугу акыр аягында биздин билимдердин нукуралыгын же нукуралык эместигин аңдап билүүгө, ошол билимдердин нукуралыгы же нукуралык эместигин айырмалооого мүмкүнчүлүк берет, ошону менен бирге дүйнөнүн таанып билүүчүлүгүн ачып берет. Чындыктын критерийи катары тажрыйбанын салыштырмалуулугу анын тарыхый мүнөзү менен байланыштуу. Тарыхый өнүгүүнүн ар бир этабында тажрыйба пайда болгон билимдерди толугу менен кылдат тастыктап же четке кага албайт. Дайыма өз убагында тажрыйба менен далилденбей, четке кагылбай калган теоретикалык жоболор болушат. Тажрыйба чындыктын критерийи катары өзүнүн тарыхый

деңгээли менен чектелет жана анын билимдерге «өкүм» киргизүү мүмкүнчүлүгүн аныктайт деп айтууга болот;

д) тажрыйба таанымдын акыркы максаты катары кызмат кылат. Тааным ал үчүн эмес, кандайдыр-бир тажрыйбалык муктаждыктарды канаттандыруу үчүн болот. Адамзат таанымдын улуу эрдигин жүзөгө ашырып, пайда болуу каражаттарынын олуттуу бөлүгүн тажрыйбанын муктаждыктарын канаттандыруу үчүн берет. Адамзаттын өнүгүүсүнүн ар бир этабында, алардын алдында таанымдын андан аркы өнүгүүсү менен гана чечүүгө мүмкүн болгон жаңы тажрыйбалык милдеттер турат.

Жогоруда айтылгандарга кошумча иретинде, тажрыйба адамдардын таанып билүүчүлүк жөндөмдүүлүктөрүн жаратып, билимдерди алууну, аларды топтоону жөнгө салган социалдык чөйрөнү түзүп, аларды жаңы муундарга өткөрүп берүүсүн камсыз кылат. Демек, тажрыйба башынан аягына чейин таанымды шарттап, ага коомдук мүнөздү берет.

Ошентип, тааным процессинин негизги элементтерин тастыктоо менен, биз анын төмөнкүдөй аныктамасын бере алабыз. Тааным – бул адамзаттын коомдук-тарыхый тажрыйбасы менен шартталган адамдардын аң-сезиминдеги объективдүү дүйнөнү максаттуу, активдүү чагылдыруу процесси.

Эми болсо тааным процесси кандайча жүзөгө ашырылат, анын диалектикасы кандай экендигин тактоо зарыл.

**2-суроо. Таанымдын диалектикасы. Чындык проблемасы.**

*Методикалык мүнөздөгү кириш сөздөр:* сезимдик тааным. Рационалдык тааным. Сенсуализм жана рационализм. Чындык. Объективдүү чындык. Абсолюттуу чындык. Конкреттүү чындык. Тажрыйба чындыктын критерийи катары.

Жогоруда айтылгандай, тажрыйбанын жеке негизинде өнүккөн тааным өзүнө идеалдуу образдардагы реалдуулуктун чагылуусунун татаал карама-каршы процессин камтып турат. Бирок образдар обөектин мүнөзү жана тереңдиги боюнча айырмалана алышат. Бул таанымдын обөектиси эки бизге ачык сырткы жана бизге жабык ички тарабына ээ. Биринчиси – бул көрүнүш, экинчиси – анын маңызы. Таанымдык субөектин милдети – көрүнүштү тим гана изилдөө эмес, анын маңызын, мыйзамдарын ачып берип, адамзат тажрыйбасын кызмат туруусуна коюу.

Таанымдык субөект көрүнүштөн маңызга кандайча жылат?

Таанымдын обөектисинин татаалдыгы таанымдын ылайыктуу поликурамдык системасын түзүүнү талап кылат. Сезимдик жана

рационалдык тааным деп бөлүп көрсөтүүгө болот. Сезимдик тааным таанымдын баштапкы жана дегеле өбөлгөсү болуп эсептелет. Ал субөект менен обөекттин көз карандысыз иш-аракетинде пайда болуп, үч формага ээ: туюп сезүү, кабыл алуу жана элестөө. Туюп сезүү - бул заттардын белгилүү тараптарынын, жеке касиеттердин сезүүсүнүн беш органынын жардамы аркасындагы чагылуусу: угуу үндөрдүү кабыл алат: адамдын көзүндө мейкиндик, курчап турган дүйнөдө аралык ачылат; даамдык анализатор даамдык сапаттарды таанып билүүгө мүмкүндүк берет; жыт сезүү - жытты маалымдайт; тийүү жыштыкты, температураны, катуулукту, форманы аныктоого жардам берет. Субъективдүү образдарды калыптандырууда сезүү органдарынын иш-аракеттеринин ачык тастыктоосу болуп табиятты көркөм чыгармалардагы баяндоосу боло алат. Аларда табият көрүнүүчү, угулуучу, көз карандысыз кабыл алынуучу сезимдик дүйнө катары пайда болот.

Туюп сезүүлөрдүн негизинде таанымдын кыйла татаал формасы – кабыл алуу калыптанат. Кабыл алуу – бул ар кыл образдагы туюп сезүүлөрдүн синтетикалык комплекси, ал предметтин жеке образын түзүүгө, анын бүтүндүгүндөгү обөект туурасындагы маалыматты алууга мүмкүнчүлүк берет. Кабыл алуу тандоочулук мүнөзгө ээ. Обөекттин тигил же бул касиеттерин кабыл алуу субөекттин муктаждыктарынан жана кызыкчылыктарынан көз каранды. Кабыл алуунун системалуулугу, сапаты тажрыйба процессинде калыптанат.

Заттардын көп жолку кабыл алуусу индивиддин аң-сезиминде жана анын жоктугунда кармалып турат. Бул сезимдик таанымдын кыйла жогорку даражасы – элестөө. Элестөө – мурунураак кабыл алынган обөекттин жалпыланган образы. Элестөөнүн спецификасы болуп, биринчиден, ал реалдуулукта пайда болбогон обөекттерди таанып билип, биздин фантазиянын түшүмү болуп эсептелиши, экинчиден, элестөө, эреже катары, предметтин жалпылоочулук чектерин жаратуусу эсептелет, б.а. сезимдик таанымдын формалары обөектти - көрсөтмөлүү-образдуу формада жаратат.

Реалдуулукту чагылдыруунун сапаттуу жаңы деңгээли пайда болот, ал рационалдык тааным же ойлом деген аталышка ээ. Рационалдык таанымдын формасы – түшүнүк, ой жүгүртүү, ой корутунду - табият менен коомдун өнүгүүсүнүн мыйзам ченемдүүлүктөрүнө байкоо жүргүзүүгө мүмкүндүк берет.

Рационалдык таанымдын баштапкы формасы болуп түшүнүктөр эсептелет. Түшүнүктөр - предметтин же процесстин ички, олуттуу белгилери жалпыланган ойломунун формасы. Түшүнүктөрдө мыйзам ченемдүү байланыштар жана карым-катнаштар белгиленишкен, анда предметтин жалпы жана өзгөчө белгилери камтылышы зарыл. Предметтин

түшүнүгү көрсөтмө образдын жардамы менен жаратууга мүмкүн болбогон сапаттарды бөлүп көрсөтүү мүмкүнчүлүгүн берет. Тилде түшүнүктөр сөз же термин менен белгиленет.

Түшүнүктөр абстракту ойломдун баштапкы формасы катары кызмат кылышат. Бирок ойломдор жеке, четтеген түшүнүктөр формасында пайда болушпайт. Көрүнүштөрдүн байланышын жана өз ара карандылыгын билдирүү үчүн түшүнүктөр ич ара байланышта болуулары зарыл. Мындай байланыш абстрактуу ойломдун башка формасы – ой жүгүртүүнү түзөт. Ой жүгүртүү - бул таанымдын обөектисине байланыштуу кандайдыр-бир нерсе кабыл алынган же танылган ойломдун логикалык формасы. Ой жүгүртүүнүн билдирилишинин оозеки формасы болуп сүйлөм эсептелет. Ой жүгүртүүнү көлөмү боюнча жекелик жана жалпы деп бөлүшөт. Жекеликте предметтердин белгилүү тобунун касиеттеринин болуусу таанылат же танылат; жалпыда болсо Ааламдагы же анын кээ бир чөйрөлөрүндөгү процесстер ортосундагы өз ара байланыштардын типтик мыйзам ченемдүүлүктөрү бөлүнүп көрсөтүлөт (салыштырылат).

Бир канча ой жүгүртүүлөрдү бириктирүү абстрактуу ойломдун үчүнчү формасы - ой корутундуну түзөт. Ой корутунду - бул өзүнүн мазмуну катары реалдуулук тууралсындагы жаңы билимге ээ болуп, жүрүшүндө мыйзам ченемдүү, олуттуу жана зарыл байланыштардын негизинде бир канча ой жүгүртүүлөрдөн жаңы ой жүгүртүү келип чыккан логикалык процесс. Мүнөзү боюнча ой корутунду индуктивдик жана дедуктивдик планда болот. Индуктивдик болуп тааным процесси жекеликтен жалпыга өтүүсүндө болсо, дедуктивдик болуп - эгерде предметтин бардык маңызынын билимдеринин негизинде анын жеке тараптары тууралсында корутунду жасалат. Ой корутундунун таанымдык ролу көз карандысыз байкоого жеткиликтүү болбогон көрүнүштөрдү изилдөөдө өзгөчө чоң.

Ошентип, тааным процесси сезимдик жана рационалдык формаларынын жыйындысына негизделет. Бирөөлөрүн абсолютташтыруу, экинчилерине маани бербегендик акыр аягында логикалык катачылыка алып келет. Философияда мындай абсолютташтыруунун эки багыты - сенсуализм жана рационализм байкалат. Сенсуализмдин өкүлдөрү адамзат ээ болгон бардык билимдер сезимдик тажрыйбадан келип чыккандыгына басым жасашат; туюп сезүү адам менен сырткы дүйнөнү байланыштыруучу жеке максат болуп эсептелет. Таанымдын рационалдык формаларын сенсуалистер чындыка жооп бербеген спекулятивдик, ойлонуштурулган катары эсептешкен. Ал эми рационализм болсо рационалдык ойломдун негизинде гана процесстер менен көрүнүштөрдүн маңызын таанып билүүгө болоорун

белгилешет; таанымдын сезимдик формалары - болгону цивилизациянын эрте баскычындагы билимдердин пайда болуусунун өбөлгөсү.

Таанымга байланыштуу сенсуализм менен рационализмдин чектелүүсү, дегеле ыктымалдуу. Рационалдык жана сезимдик – бул бир гана таанымдык процесстин диалектикалык өз ара байланышкан тараптары, алар биримдикте реалдуулуктун адекваттуу сүрөтүн бере алат. Таанымдагы сезимдик чагылуунун ар бир учуру ойлом менен байланышкан. Өз кезегинде рационалдык тааным өз маңызына сезимдик маалыматтардан ээ болот, ал ойломдун реалдуулуктун конкреттүү предметтери жана көрүнүштөрү менен туруктуу байланышты камсыз кылат.

Тажрыйбалык ишмердүүлүктөгү таанымдын натыйжаларын ийгиликтүү пайдалануу эгерде алынган билим далилдүү, б.а. нукура болгон учурда гана мүмкүн болот. Демек, маселе чындык тууранында болууда. Демек, чындык туурасындагы маселе – тааным теориясында кыйла маанилүү. Чындык деген эмне?

Заманбап материализм чындык маселесине адамзат аң-сезиминдеги объективдүү реалдуулукту чагылдыруу көз карашында карайт. Чындык – бул субөекттин аң-сезиминдеги обөектти адекваттуу чагылдыруу, ал субөекттин аң-сезиминен көз каранды болгондой кылып обөектти жаратат. Таанымдын материалистик теориясы чындыктын салттуу концепциясын «объективдүү чындык», «субъективдүү чындык», «абсолюттуу чындык», «салыштырмалуу чындык», «чындыктын конкреттүүлүгү» түшүнүктөрүнүн диалектикалык өз ара байланышы менен конкреттештирет.

**Объективдүү чындык** - бул субөекттен, адамдан, адамзаттан көз каранды болбогон реалдуулук туурасындагы адамзат билимдеринин мазмуну. Анын пайда болуусунун себеби, объективдүү болуп андагы чагылган материалдуу дүйнө эсептелет, ал эми чагылуу оригинал менен окшоштунун боолголоп турат. Ошондуктан таанымда биздин аң-сезимден көз каранды болбогон, ага сырткы дүйнөнүн таасири менен толук шартталган учур пайда болот. Бул бизден көз каранды болбогон билимдерибиздин мазмуну - объективдүү чындыктын өзү.

Чындык процесс катары мазмуну боюнча объективдүү, ал эми формасы боюнча дайыма белгилүү бир субөекттин - индивиддин, социалдык топтун, бардык адамзаттын билими болуп эсептелет.

**Салыштырмалуу чындык** - бул негизи туура, бирок реалдуулукту толук чагылдырбаган билим, анын ар тараптуу, акыркы образын бере албайт.

**Абсолюттуу чындык** - бул субөекттин аң-сезиминдеги обөектти толук, так, акыркы чагылдыруу. Аталган мааниде абсолюттуу чындык илимий тааным аракет кылып, ага эч качан жетпеген чек ара болуп эсептелет.

Тар маанисинде абсолюттуу чындык реалдуулуктун кээ бир учурларынын толук жана так билимдерин билдирет, ошол мааниде ал жетишилген билимдердин элементи болуп эсептелет.

Белгилей кетүүчү нерсе, өзүнчө абсолюттуу жана салыштырмалуу чындык жок жана болбойт дагы. Маңызы боюнча объективдүү бир гана чындык бар, ал абсолюттуу менен салыштырмалуунун диалектикалык биримдиги катары кызмат кылат, б.а. абсолюттуу чындык болуп эсептелет. Чындыктагы абсолюттуу менен салыштырмалуунун карым-катнашын карайбыз.

а) өзүнүн мазмуну боюнча абсолюттуу жана салыштырмалуу чындыктар объективдүү;

б) абсолюттуу жана салыштырмалуу чындыктын ортосунда өтүүчү чек жок;

в) ар бир салыштырмалуу чындыкта абсолюттуу чындыктын үрөнү бар;

г) абсолюттуу чындык салыштырмалуулардын «суммасынан» турат;

д) чындык дайыма конкреттүү.

Абсолюттуу жана салыштырмалуу чындыктын маңызын түшүнбөстүк тажрыйбада догматизмге жана релятивизмге алып келет. Догматикалык ойлом тигил же бул окууну, жобону аяктаган жана түбөлүктүү чындык, конкреттүү шарттарды эске албастан кабыл алуучу катары кабыл алууга аракет кылат, анда обөекттин өзү олуттуу түрдө өзгөрөт. Релятивизм философиядагы агым катары башка башка жака түшүп, билимдердин салыштырмалуулугун абсолютташтырып, алардагы абсолюттуу чындыктын учурларын танат жана ошол негизде объективдүү чындыкты, дүйнөнүн таанып билүүчүлүгүн четке кагат.

Абсолюттуу жана салыштырмалуу чындыктын анализинен чындыктын конкреттүүлүгү туурасындагы окуу келип чыгат. Конкреттүү чындык – бул белгилүү бир көрүнүштөрдүн маңызы жана аталган көрүнүштөр өнүккөн конкреттүү шарттар туура чагылдырылган чындык. Эгерде «объективдүү чындык» түшүнүгү анын негизги чегин реалдуулукту туура чагылдыруусу катары баса белгилесе, ал эми «салыштырмалуу» жана «абсолюттуу чындык» түшүнүктөрү - анын таанымынын процессинин өзү болсо, «чындыктын конкреттүүлүгү» болсо алынган билимдерди тажрыйбалык колдонуу мүмкүнчүлүгү туурасында маалымат берип турат. Заманбап материализм абстрактуу чындык жок, чындык дайыма конкреттүү дегенге таянат. Бул таанымдын натыйжаларын пайдалануунун чектерин эске алып, аларды тактоо зарыл дегенди түшүндүрөт. Билбегендик же аталган чектерге көңүл бурбагандык биздин билимдерди жаңылыштыка айлантат.

Жаңылыштык мазмун – бул реалдуулук адекваттуу эмес кайра жаралган жана субөекттин өнүгүүсүнүн тарыхый деңгээли, анын коомдогу орду менен шартталган адамзат билимдеринин мазмуну. Мазмундун жаңылыштыгы - бул субөекттин элестөөлөрүндөгү реалдуулукту атайлап бурмалоо эмес, анын пайда болуусу таанымдын эле эмес, тажрыйбанын дагы өнүгүүсүнүн мыйзам ченемдүүлүктөрү менен шартталган.

Чындыктын критерийи катары эмне кызмат кылат? Жогоруда баса белгиленгендей, бирден-бир маанилүү критерийлерден болуп тажрыйба эсептелет. Бирок тажрыйба - башка билимдердин нукуралыгы критерийлеринин арасындагы билимдердин нукуралыгынын бирден-бир жеке критерийлеринен эмес, аларды атай кетсек: фактылар менен тастыктоо, илимий теориянын принциптерине ылайык келүүсү, терминологияны колдонуудагы корректность жана тактык, логикалык жана концептуалдык карама-каршылыксыздык ж.б.

Ошентип, чындык объективдүү дүйнөнүн субъективдүү образы болуп эсептелүү менен, абсолюттуу менен салыштырмалуунун, объективдүү менен субъективдүүнүн биримдиги кызматын аткарат. Тааным өзүнүн табияты, мүнөзү жана максаттары боюнча чексиз, дүйнөнүн объективдүү жана так чагылуусун бере алат. Бирок чындык дайыма конкреттүү, б.а. тарыхый жактан шартталып, колдонуунун белгилүү бир чектерине ээ, ошондуктан өзүнүн конкреттүү мазмуну жана бардык жетишкендиктери боюнча ал чектелүү, салыштырмалуу болуп эсептелет. Чындыкты таанып билүү процесси - чындыка жетүүдөгү адамзат мүмкүнчүлүктөрүнүн чектелүүсүн багындыруу үчүн дайыма болуп туруучу күрөш.

## 5 – Бап. ДИАЛЕКТИКА

# 15-Тема Диалектика (өнүгүү философиясы)

Лекциянын кириш сөзүндө окутуучу коомдук өнүгүүдөгү диалектиканын маанисин жана ролун ачып берип, төмөнкү ойлорду билдирүүсү зарыл. Маалыматтык цивилизация дооруна кирген заманбап адам үчүн тез өзгөрүүчү дүйнө туурасындагы элестөө – анын дүйнөгө көз карашынын ажырагыс курамдык бөлүгү. Бирок көп кырдуу өнүгүүчү дүйнөнүн бүтүн теоретикалык образын түзүү - татаал жана кеңири милдеттердин бири. Философиялык жолу жана аны чечүү эки жарым миң жылга барабар, ал мезгилдерде өнүгүү философиясы кадам сайын кылдат иштелип чыккан. Философиянын аталган бөлүгү өзүнө өнүгүү маселесин ар

башкача караган концепцияларды камтып турат. Алардын ичинде диалектика, метафизика, синергетика ж.б. бар. Алардын ичинен кеңири таанылганы жана иштелип чыкканы болуп диалектика эсептелет. Ошондуктан аталган лекцияда ага негизги басым жасалат. Диалектиканы билүү, анын принциптерин, мыйзамдарын жана категорияларын чыгармачыл пайдалануу бардык тармактын так дүйнө көз караштык жана методологиялык дициплиналарынын маанилүү шарты болуп эсептелет.

Диалектика деген эмне, анын маңызы эмнеде турат, ага альтернативалуу өнүгүүнүн кандай концепциялары бар? Аталган суроолорго жооп берүү аталган лекциянын максаты болуп эсептелет. Методикалык планда лекция төмөнкү негизги суроолордон туруусу абзел:

1. Диалектиканын тарыхый формалары жана өзгөчөлүктөрү
2. Диалектиканын мыйзамдары
3. Диалектиканын категориялары
4. Диалектиканын альтернативалары

Диалектика гректин «диалего» деген сөзүнөн келип чыгып, талашып-тартышуу, маектешүү дегенди билдирет. Ойломдун аталган ыкмасы натыйжада диалектикалык методго айланып, дүйнө көрүнүштөрүн процессте, б.а. кыймылда, өзгөрүүдө, байланышта карайт. Диалектикалык философия боюнча биротоло орноп калуучу, абсолюттуу, ыйык эч нерсе жок. Бардык жерде ал эскинин уроо, жаңынын пайда болуу процессин көрөт. Кандай гана көрүнүш болбосун өзүнүн пайда болуусу менен аны жараткан шарттарга милдеткер. Убакыттын өтүшү менен ар бир жаңы нерсе өзүнүн жөндөмдүүлүгүн жоготуп, жашоого болгон укугунан ажырайт. Ар бир жаңы нерсе өз ордун акырындык менен кийинки жаңыга бошотуп берет. Эскиден жаңыга өтүү эки жактуу формада жүзөгө ашырылат.

Ф.Энгельс белгилегендей «Эгерде эски өлүүгө каршылык көрсөтпөстөн жетишээрлик акыл-эстүү болсо, анда эскиден жаңыга өтүү тынчтык жолу менен жүзөгө ашырылат (бул бир формасы). Ал эми эгерде эски кандайдыр-бир зарылдыктан каршылык кылса, анда өтүү мажбурлоочулук жол менен ишке ашырылат (бул экинчи формасы)»[5]. Ал эми диалектика илим катары табияттын, коомдун жана ойломдун өнүгүүсүнүн эң жалпы мыйзамдарын изилдейт, таанып билет.

Ф.Энгельстин классификациясы боюнча диалектика үч тарыхый формага ээ.

---

[5] Ф.Энгельс. Людвиг Фейербах жана немец классикалык философиясынын соңу. –М., 1977. 7-б.

I. Байыркы философтордун аңкоолук (наивная)-стихиялуу диалектикасы. Байыркы ойчулдар байкагандай, карама-каршылык ойломдордо эле эмес, реалдуу болмушта да бар. Аталган фактынын алгачкы ачуучуларынын бири Эфестен чыккан Гераклит болгон. Дүйнө ага «жандуу от» же «эки жолу кирүүгө болбогон» дарыянын агымы катары сезилген. Кыймылдуу дүйнөдө убакыттын закымы менен өзүнүн бардык чектерин жоготушуп, өзүнүн карама-каршысына өтөт: ным кургайт, ал эми кургак болсо нымдуу болуп башка абалына өтөт: ысыктагы суук, жансыздагы жандуу. Аталган ойломдордо диалектиканын негиздери анын заманбап түшүнүмүндө салынган. Ошондуктан диалектиканын тарыхый биринчи формасы болуп байыркы философтордун стихиялуу диалектикасы эсептелет. Бул болмуштун аңкоо диалектикасы жана процесстердин маңызына сүңгүп кирбеген тааным.

II. Диалектиканын ары бүтүн концепциясы классикалык немец философиясында Георг Гегель тарабынан калыптандырылган. Гегель биринчи жолу дүйнөнү төмөнкүдөн жогоркуга карай болуучу жалпы өнүгүү процесси катары элестетип, өнүгүүнүн булагы – карама-каршылыктардын күрөшүн көрсөткөн жана диалектиканын негизги мыйзамдарын жана категорияларын калыптандырган. Бирок Гегелдин диалектикасы идеалистик мүнөзгө ээ болгон. Гегелдик диалектиканын модели катары объективдүү реалдуулук эмес, анын ойломун чагылдыруучу кызмат кылган. Бул теория табигый билимдердин негиздерине карама-каршы келип, анын алкагында терең идеалистик идеялар сунуш кылынган, алар: теологияга карата колдонулуучу өнүгүү теориясы (Ч.Лойель), Ламарктын эволюциялык идеялары, Кант-Лапластын космологиялык идеялары ж.б.

III. Гегелдин диалектикасы диалектиканын кийинки формасынын пайда болуусу үчүн өбөлгөлөрдү түздү, анда немец философтору Карл Маркс менен Фридрих Энгельс жаңф кадамды жасоого – материализмди диалектикалык логика менен бириктирүүнү аракет кылышкан. Натыйжасы катары диалектиканын үчүнчү тарыхый формасын түзүү болгон (XIX-к. экинчи жарымы). Ал илимий таанымдын өнүгүүсү менен объективдүү түрдө даярдалган. XIX-к. 40-жж. чейин илимдин ар кыл чөйрөлөрүндө жаңы ачылыштар пайда болуп, табиятка болгон диалектикалык-материалистик көз карашка табигый-илимий жалпылоо берген. Алардын ичинде өзгөчө үчөөнү бөлүп көрсөтүшөт: физикада – энергияны сактоо жана кайра түзүү мыйзамын ачуу, ал материянын кыймылынын ар кыл формаларынын өз ара байланышын шарттаган; биологияда - бардык жандуу жаратылыштын курамдык биримдигин ачып берген клеткалык теорияны түзүү; жандуу жаратылышка карата колдонулуучу өнүгүү идеясын иштеп чыккан

Дарвиндин эволюциялык теориясында. Аталган шарттарда материалистик диалектика философиялык ойломдун формасы болуп калган.

Диалектиканын тарыхый формасын түзүүдө маанилүү ролду Маркс тарабынан ачылган тарыхты материалистик түшүнүү ойнойт, анын жардамы менен диалектика менен эле эмес, гуманизм менен дагы диалектиканын синтези ишке ашырылган. Диалектика өзүнөн өзү эмес, адамзат жашоо ишмердүүлүгүнүн конкреттүү-тарыхый маселелеринин көз карашында карала баштаган.

Акыркы жылдары кээ бир изилдөөчүлөр Гегелдин диалектикасын жана материалистик диалектиканы классикалык катары мүнөздөө менен диалектиканын төртүнчү классикалык эмес формасын бөлүп көрсөтөт.

Заманбап батыш философиясында диалектиканын көрсөтүлгөн формасынын ары олуттуу элементтери ага таандык философиялаштыруунун герменевтикалык ыкмасында табылат. Бирок бул жерде диалектикалык метод баарынан мурда интерпретациянын, о.э. таанылуучу обөекттин кырдаалдык анализинин жардамы менен колдонулат (П.Риккер).

Биринчиден, классикалык диалектика реалдуулук предметтер менен көрүнүштөрдүн, алардын өз ара шартталууларынын жана дайыма болуучу өзгөрүүлөрүнүн жалпы байланыштарынын өңүтүндө ой жүгүртүлгөн дүйнөнү түшүнүүнүн ыкмасы болуп эсептелет. Бирок эске сала кетүүчү нерсе, диалектика бардык эле өзгөрүүлөрдүн, кыймылдардын теориясы болуп эсептеле бербейт, болгону өзгөрүүлөрдүн – өнүгүүнүн бир формасы болуп эсептелет. Диалектика өзүнө терең, ар тараптуу жана мазмуну боюнча бай өнүгүү теориясын камтып турат. Ал үйрөткөндөй табиятта дагы, коомдо дагы жана ойломдо дагы өзгөрүү абалында турбаган эч нерсе жок, анткени аны өзгөртүүгө, жаңы формага ээ болууга, өнүгүүгө мажбурлаган бардык негиздер өзүнүн ички карама-каршылыктарына ээ.

Экинчиден, диалектика объективдүү жана субъективдүү диалектиканын пайда болуусун моюнга алат.

<u>Объективдүү диалектика</u> – бул табияттык жана социалдык көрүнүштөрдүн өз ара байланышы жана өнүгүүсү. Ал субөекттен, адамдан жана адамзаттан көз карандысыз түрдө пайда болот. Субъективдүү диалектика – бул субөекттин ойломунун диалектикасы жана алардын объективдүү дүйнөнү таанып билүүсү. Алардын карым-катнаштары кандай? Материалистик мезгилдин өңүтүндө субъективдүү диалектика объективдүүнү чагылдырат. Объективдүү жана субъективдүү диалектика маңызы боюнча дал келишет (алардын жалпылыгы болуп мазмуну - реалдуулуктун өнүгүүсүнүн диалектикалык мыйзам ченемдүүлүгү эсептелет). Бирок ошол эле мезгилде алар формасы боюнча айырмаланышат,

анткени ойлом реалдуулуктун башка чөйрөлөрүнө салыштырмалуу өзүнүн өзгөчөлүктөрүнө, өнүгүүсүнүн ички логикасына ээ. Объективдүү диалектика ойломдо субөективдик жана идеалдык формаларында чагылдырылат.

Объективдүү жана субъективдүү диалектика - карама-каршылыктар, бирок алардын карама-каршылыктары коомдук-тарыхый тажрыйба чөйрөсүндө «алынат». Андыктан субъективдүү диалектика объективдүүнү чагылдырат, адам объективдүү дүйнөнү таанып билүүгө жөндөмдүү жана аталган билимдердин негизинде өзүнүн максаттуу тажрыйбалык ишмердүүлүгүн түзөт, анын жүрүшүндө ал объективдүү дүйнөнү жана өзүн өзгөртөт. Адам менен коомдун тажрыйбасында билимдер чагылуу формасынан ишмердүүлүк формасына айланат.

/үнчүдөн, диалектиканын илим катары ички мазмуну, логикалык келбети анын принциптерин, мыйзамдарын жана категорияларын түзөт. Диалектика өзүнүн жыйындысында объективдүү дүйнөнүн бүтүндүгүн жана тынымсыз өзгөрүүдөгү жана өнүгүүдөгү анын таанымын чагылдырган принциптердин, мыйзамдардын жана категориялардын системасы катары аныкталат. Муну менен принциптер деп системадагы башка бардык элементтердин маңызын жана ролун аныктоочу жалпы, универсалдуу, негиздүү идеяларды, критерийлерди түшүнүүгө болот. Диалектиканын заманбап концепцияларында салмактуу роль байланыш жана өнүгүү принцибине таандык. Алар анын теориясын түзүүдө маанилүү методологиялык функциясын аткарат. Диалектикада жалпы мыйзамдар үчөө: диалектикалык карама-каршылык мыйзамы, сандык өзгөрүүлөрдүн сапаттыка өтүү мыйзамы жана тануунуну тануу мыйзамы. Диалектиканын категориялары – бул жардамы менен философиялык ойлом жүзөгө ашырылган ары фундаменталдуу түшүнүктөр.

Төртүнчүдөн, диалектиканын өзгөчөлүгү болуп анын теорияда жана методологияда роль аткарышы эсептелет. Диалектиканын мыйзамдарынын, категорияларынын мазмунунун жана тааным процессинин функцияланышуусунун жана өнүгүүсүнүн мыйзам ченемдүүлүктөрүнүн негизинде ойлонуучу субөектке болгон ылайыктуу талаптар калыптанып, аны таанымдык ишмердүүлүкө багыттайт. Тааным жана реалдуулукту тажрыйбалык кайра түзүү маселелеринде карманууга мажбур болгон ылайыктуу нормалар жана эрежелер иштелип чыгат. Диалектиканын туура методологиялык багыттары изилдөөнүн туура жолун тандап алууга, көптөгөн катачылыктардан качууга, келечеги жок иш-аракеттерге жана кереги жок иштерге алтындай болгон убакытты жөн эле коротпоого жардам берет.

Демек, диалектика заманбап түшүнүгүндө - бул:

а) аларга таандык болгон карама-каршылыктарды чечүүнүн, пайда болуунун жана бирдиктүү иш-аракеттеринин негизиндеги көрүнүштөрдүн өнүгүүсүнүн объективдүү процесси;

б) табияттын, коомдун жана ойломдун кыймылы жана өнүгүүсүнүн универсалдуу мыйзамдары туурасындагы философиялык концепция; тааным методу жана дүйнөнү кайра түзүү. Анын системасына кирген өнүгүүнүн жалпы мыйзамдарын билүү өткөн мезгилдеги маселелерди карап чыгууга, заманбап дүйнөдө болуп жаткан процесстерди туура түшүнүүгө, келечекти алдын ала көрө билүүгө мүмкүнчүлүк берет.

Диалектика ар кандай кыймылдын ары жалпы мыйзамдары туурасындагы илим катары каралат. Бул анын мыйзамдары табият менен адамзат тарыхындагы эле эмес, ойломдун кыймылы үчүн дагы күч-кубатка ээ болуусу зарыл дегенди түшүндүрөт. Экинчи жагынан, кыймыл деп, биз жогоруда белгилегендей, жөнөкөй орун которуудан баштап ойлом менен бүткөн ааламда болуп жаткан өзгөрүүлөр менен процесстерди түшүнөбүз. Демек, диалектика жеке илимдер изилдеген дүйнөнү окутуп үйрөтөт, бирок жалпы мыйзам ченемдүүлүктөрдү бөлүп көрсөтүүсүндө, диалектикалык көз караштар реалдуулуктун кандайдыр-бир чөйрөсү менен эмес, жалпы дүйнөнү камтып турат жана жалпы мыйзамдарды табуу диалектиканын спецификалык предметин түзөт.

Диалектиканын мыйзамдары эң жалпы деп аталышат, анткени алар табиятта, коомдо жана ойломдо иш алып барышат. Табият менен коомдо объективдүү диалектика падышалык кылса, субъективдүү диалектика (диалектикалык ойлом) бардык табият менен коомдо үстөмдүк кылган объективдүү диалектиканыни чагылуусу катары кызмат кылат. Жеке илимдер (табигый, коомдук жана психологиялык) болгону табияттын, коомдун жана ойломдун конкреттүү тилкелери менен гана иш алып барышып, жеке илимдерди изилдешет.

Ошентип, адамзат ойломунун үстүнөн абсолюттуу кубаттуулук менен адамзат субъективдүү ойлому жана объективдүү дүйнө бир эле диалектикалык мыйзамдарга баш ийүү фактысы үстөмдүк кылат, ошондуктан алар өзүлөрүнү натыйжаларында бири-бирине карама-каршы чыга алышпайт, тескерисинче келишимге келүүлөрү зарыл. Ушуга карабастан, табияттагы көп сандаган өзгөрүүлөрдүн баш-аламандыгы аркылуу өзүнө окуялардын кокустугунун үстүнөн тарыхта үстөмдүк кылган кыймылдын диалектикалык мыйзамдарына жол ачып берип, акырындык менен ой жүгүрткөн адамдардын аң-сезимине жетет. Ойломдун процесстеринин ортосунда, бир жагынан, ал эми табияттын, тарыхтын экинчи жагынан, аналогия орунга ээ болот: аталган процесстердин бардыгы

үчүн бирдей диалектикалык мыйзамдар пайда болот. Муну менен объективдүү жана субъективдүү диалектиканын карым-катнашы баштапкы менен экинчинин, объективдүү менен субъективдүүнүн, болмуш менен аң-сезимдин карым-катнашы катары кызмат кылат жана философиянын негизги суроосунун алкагында толук түшүнүктүү. Ошондуктан биз материалистик жана идеалистик диалектика тууралсында кеп кылабыз.

Диалектика өнүгүүнүн үч мыйзамына ээлик кылат: бул карама-каршылыктардын биримдиги жана күрөшү, ал өнүгүү эмне үчүн болот деген суроого жооп берип, анын булагын баса көрсөтөт; сандык өзгөрүүлөрдөн сапаттык өзгөрүүлөргө өтүү мыйзамы, ал өнүгүү кандайча болот деген суроого жоп берип, анын формасын баса көрсөтөт; танууну тануу мыйзамы өнүгүү кайда барат деген суроого жооп берүү менен анын багытын, тенденциясын баса көрсөтөт. Ошентип, диалектиканын бардык үч мыйзамы бир эле диалектикалык процессти - өнүгүүнү түшүндүрөт, бирок үч тараптан.

Диалектиканын мыйзамдарынын борбордук бөлүгүндө диалектикалык карама-каршылык мыйзамы турат. Мыйзамдын олуттуу учурун тастыктоо үчүн анын негизги категорияларын кароо зарыл. Карама-каршылык түшүнүгүнөн баштайбыз. Карама-каршылык - бири бирин шарттаган (ассимиляция - диссимиляция, өзгөрмөлүүлүк - мурастык, өндүрүш-керектөө, жамандык-жакшылык ж.б.у.с.) предметтер менен көрүнүштөрдөгү тараптарды, касиеттерди, тенденцияларды, процесстерди чагылдырган философиялык категория.

Карама-каршылыктар ортосунда мамилелердин эки түрү бар: биримдик мамилеси жана карам-каршы иш-аракет мамилеси (мыйзамды классикалык формулировкалоосунда «күрөш» термини колдонулуп, мыйзамдын маңызын кыйла жеңилдетет, андыктан аталган термин көпчүлүк жагынан коомго таандык).

Биримдик мамилеси өзүнө эмнени камтып турат. Биринчиден, карама-каршылыктар биримдиги - бул алардын ажырагыстыгы. Ар бир карама-каршылык башкасынын пайда болуусунун шарты болуп эсептелет. Алардын жекече пайда болуусу мүмкүн эмес (эгерде карама-каршылыктардын бирөөсү жоголсо, анда экинчиси да өз жашоосун токтотот). Экинчиден, карама-каршылыктардын биримдиги мааниге эгерде алар биринчиси экинчисин шарттап, бири-бирине сүңгүп киришкен учурда гана ээ. Карама-каршылыктардын бардыгы аларда жок, ал эми башкаларда бар нерселерге болгон муктаждыка ээ. Алар бирдиктүү иш-аракетке барышат. Эки жактуу таасир көрсөтүү менен карама-каршылыктар бири экинчисине кире алышат. Бул карама-каршылыктар мейкиндикте бөлүнгөн ар түрдүү катары пайда

болушат, алардын ар бири өзүндө башканы камтып турушат (мисалы, окуу процесс окутуучунун жана студенттердин болуусун алдын алат).

Карама-каршылыктардын бирдиктүү иш-аракеттеринин («күрөшү») мамилеси эмнени камтып турат? Өз ара шартташууда жана өнүгүүдө туруу менен карама-каршылыктар бири-экинчисине «көңүл кош» эмес, алар бири-бирине таасирлерин тийгизип турушат. Алардын ортосунда карама-каршы туруулар болуп турат. Анын маңызы биримдикти ажыратууда турат. Карама-каршылыктардын бардыгы өзүнөн башканы сүрүп чыгарып, андан кутулууга аракет кылышат. Ошентип, карама-каршылыктардын күрөшү качан карама-каршылыктар бири экинчисин четке кагып, танган учурда гана мааниге ээ болот.

Карама-каршылыктардын биримдиги предметтин туруктуулугун билдирип, салыштырмалуу, өтүүчүлүк болуп эсептелет. Карама-каршылыктардын каршы иш-аракеттери абсолюттуу, ал эч токтобойт. Карама-каршылыктардын биримдиги менен мүнөздөлгөн мамиле алардын ортосундагы дайыма болуп туруучу каршы иш-аракет болуп эсептелип, карама-каршылык деп аталат. Карама-каршылыктар реалдуулуктун бардык көрүнүштөрүнө жана процесстерине таандык болуп, өзгөрүү менен өнүгүүнүн кыймылдаткыч күчү, булагы катары кызмат кылат. Ошондуктан гана карама-каршылык диалектикалык карама-каршылыктын мыйзамынын маңызын ачып берген борбордук категория болуп эсептелет.

Карама-каршылык – бул карама-каршылыктардын мамилеси эле эмес, алардын жайылуусунун процесси. Ушуга байланыштуу Гегелдин идеяларына негизделүү менен карама-каршылыктардын жайылуусунун төмөнкү баскычтарын (фазасын) бөлүп көрсөтүшөт: окшоштук, айырмачылык, карама-каршылык, негиз (б.а. карама-каршылыкты чечүү).

«Окшоштук» түшүнүгү карама-каршылыктардын жайылуусунун баштапкы баскычын түшүндүрөт. Бул бирдейликтин, заттардын, тараптарынын, көрүнүштөрдүн өзүнө жана башка заттарга, көрүнүштөргө, тараптарга окшоштугунун мамилеси. Ал эми «айырмачылык» - бул бирдей эместиктин мамилеси, өзүнө, башка заттарга, көрүнүштөргө, тараптарга дал келбөөчүлүгү. Карама-каршылыктардын пайда болуусу жекеликтин экөө болуусу, жекеликтин карама-каршылыка өздүк дифференциациялануусу катары болот. Бир эле мезгилде жана ошол эле мамиледеги экөө болуу учурунда карама-каршылыктардын биримдиги, алардын карама-каршы иш-аракети пайда болот. Каршы пикирлердин өзүндө карама-каршылыктар ар кыл ролду ойношот. Каршы пикирдин жетектөөчү тарабы болуп кыйла динамикалуу, импульсивдүү карама-каршылык эсептелет. Карама-каршылыктардын каршы иш-аракеттери жыйынтыгында жаңы сапаттык

абалга алып келет. Пайда болуучу жаңы көрүнүштөр аларга таандык жаңы карама-каршылыктарга ээ болушуп, алырдын өнүгүүсүнүн кыймылдаткыч күчү болуп эсептелет.

Каршы пикирлердин өнүгүү процессине кыйла тереңдеп кирүү үчүн алардын жайылуу этаптары (фазалары, баскычтары) менен катар, алардын абалын бөлүп көрсөтүү зарыл. Предметтик-материалдык, «жеткилең» каршы пикир деп анын карама-каршылыктарынын «биримдик-каршы иш-аракет» көрүнүшүнүн спецификасын, функцияланышуу ыкмасын түшүнүшөт, бул алардын өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрүн, интенсивдүүлүгүн, аталган карама-каршылыкты чечүү мүнөзүн аныктайт. Каршы пикирдин өнүгүүсүндө жайылган, «жеткилең» каршы пикирдин мүнөздөмөсү болуп эсептелген этаптарды же абалды бөлүп көрсөтүүгө болот. Социалдык системаларга карата колдонулуучу каршы пикирлердин өнүгүү этаптарына болгон мындай ыкма алардын төмөнкү абалдарын аныктоого шарт түзөт: гармония, дисгармония, конфликт.

Белгилей кетүүчү нерсе, каршы пикирлер бардык өнүгүүчү системада анын пайда болуусунун баштапкыдан акыркы учурга чейинкисинде бар. Болгону карама-каршылыктардын бирдиктүү иш-аракеттеринин мүнөзү, абалы, сандык параметрлери, системадагы алардын ролу гана алмашат.

Бизди курчап турган дүйнөдөгү каршы пикирлер көп кырдуу; аларды ар кыл негиздер боюнча классификацилоого болот. Алардын эң кеңири тараганы болуп төмөнкү классификация эсептелет (1-схема):

1. Көрүнүү формасы боюнча – ички жана сырткы;
2. Өнүгүүдөгү ролу боюнча – негизги жана негизги эмес;
3. Пайда болуу мүнөзү боюнча – зарыл жана кокустук;
4. Коомдогу тиби боюнча – агностикалык жана антогонистик эмес.

Жогоруда айтылгандарды жыйынтыктоо менен белгилей кетүүчү нерсе, диалектикалык каршы пикир мыйзамы - бул бардык заттарга, системаларга, көрүнүштөргө жана процесстерге карабастан ички каршы пикирлер, карама-каршы тараптар жана тенденциялар таандык болгон мыйзам. Алардын ортосундагы каршы иштер, «күрөш» өзгөрүү менен өнүгүүнүн булагы катары кызмат кылып, белгилүү бир этапта эскинин жоголуусу жана жаңынын пайда болуусу менен чечилген каршы пикирлердин өсүүсүнө алып келет.

Жогоруда айтылгандарга ылайык, студенттерге аталган мыйзамдын маңызы туурасындагы маалыматты бере кетүү абзел. Диалектиканын бардык системасында аталган мыйзамдын борбордук абалы эмне менен аныкталат? Биринчиден, аталган мыйзам бардык кыймылдын жана өнүгүүнүн булагын ачып берип, б.а. өнүгүү теориясынын эң маанилүү жана олуттуу

маселелерине жооп берет. Экинчиден, аталган мыйзам диалектиканын калган бардык мыйзамдарынын жана категорияларынын негизи болуп эсептелет, алардын ар биринде биз биримдик менен карама-каршы иш-аракеттердин мамилеси менен байланышкан карама-каршылыктарды табабыз. В-третьих, диалектикалык каршы пикирлердин мыйзамы таанымдын диалектикалык методунун башкы мазмунун аныктап, ойломдо жекеликти көбөйтүүнү, анын каршы пикирлерин изилдөөнү талап кылып, алардын анализин андан аркы синтез менен бириктирет.

## Карама-каршылыктардын түрлөрү

Ар бир көрүнүш көптөгөн ар кыл карама-каршылыктарга ээ. Арийне, анын пайда болуусундагы жана өнүгүүсүндөгү ролу бирдей эмес. Ошондуктан карама-каршылыктарды классификациялоо зарылчылыгы келип чыгат.

Адатта карама-каршылыктардын төмөнкүдөй түрлөрүн бөлүп көрсөтүшөт: ички жана сырткы, олуттуу жана олуттуу эмес, негизги жана негизги эмес, ал эми коомдогу тиби боюнча: антогонистик жана антогонистик эмес.

Ички карама-каршылыктар деп бир эле көрүнүшкө таандык болгон карама-каршы тараптардын ортосундагы бирдиктүү иш-аракеттер, ал эми сырткы карама-каршылыктар – ар кыл көрүнүштөргө таандык болгон карама-каршы тараптардын ортосундагы бирдиктүү иш-аракеттер аталат.

Ички карама-каршылыктардын мисалы катары атомдогу электрондор менен протондордун, жандуу организмдеги ассимиляция менен диссимиляциянын, коомдогу өндүрүштүк күчтөр менен өндүрүштүк мамилелердин ортосундагы бирдиктүү иш-аракет кызмат кылат. Ал эми сырткы карама-каршылыктардын мисалы катары коом менен табияттын, жаныбарлардын ар кыл түрлөрүнүн ж.б. кээ бир особдорунун ортосундагы карама-каршылык каралат.

Ички жана сырткы карама-каршылыктар көрүнүштөрдүн өнүгүүсүндө бирдей ролду ойношпойт. Чечүүчү роль ички карама-каршылыктарга таандык, же болбосо алардын өнүгүүсү менен чечилүүсү заттардын жаңы сапаттуу абалына, өнүгүүнүн жаңы баскычына өтүүсүн шарттайт.

Олуттуу карама-каршылыктар болуп предметтин маңызына таандык болгон карама-каршылыктардын ортосундагы каршы иш-аракеттер эсептелсе, ал эми олуттуу эмес карама-каршылыктарга кокустук

байланыштар жана карым-катнаштар чөйрөсүнө таандык болгон карама-каршы тараптардын ортосундагы каршы иш-аракеттер кирет.

Олуттуу карама-каршылыктардын мисалы катары өндүрүштүн коомдук мүнөзүнүн жана капиталистик коомдогу ыйгаруунун жеке формасынын ортосундагы карама-каршылык эсептелет, анткени ал өндүрүштүн капиталистик ыкмасынын маңызын мүнөздөйт. Олуттуу эмес карама-каршылыктардын мисалы катары мыйзам чыгаруу органдарына шайлоодогу ич ара күрөшкө алып келген буржуазиялык партиялардын ортосундагы карама-каршылыктарды атоого болот; бул карама-каршылык каралып жаткан көрүнүштүн маңызына тиешеси жок жана аны мүнөздөбөйт.

Заттардын өнүгүүсүндөгү аныктоочу ролду олуттуу карама-каршылыктар ойнойт. Аларды чечүү гана предметтин маңызын өзгөртүүгө, аны жаңы предметке айландырууга алып келет. Бир этаптан экинчисине өтүүдө карама-каршылык алмашат, ал эми бир шарттарда башкы эмес карама-каршылык жаңы шарттарда башкы болуп калат. Алсак, пролетариат менен буржуазиянын ортосундагы карама-каршылык февраль революциясына чейинки мезгилде эле өз ордун тапкан, бирок ошол кезде ал башкы болгон эмес. Ал февраль революциясынан кийин гана ошондой болгон. Башкы жана башкы эмес карама-каршылыктарды туура эсепке алуу өнүгүүнүн объективдүү жүрүшүнө ылайык келген күрөштүн нукура ураандарынын милдетин аныктоого жана алып чыгууга шарт түзөт - деген В.И.Ленин.

Олуттуу карама-каршылыктардын ичинен негизгилери жана негизги эместери бөлүнөт. Негизги карама-каршылыктар болуп аздыр-көптүр көрүнүштөрдү аныкташкан олуттуу тараптары аталышат жана аталган ролду анын өнүгүүсүнүн бардык этаптарында аткарышат. Негизги эмес карама-каршылыктар болуп көрүнүштөрдүн кандайдыр-бир тарабын мүнөздөгөндөр эсептелет.

Мисалы, негизги катары өндүрүштүн коомдук мүнөзү менен капиталистик коомдогу ыйгаруунун жеке формасынын ортосундагы карама-каршылык эсептелсе, негизги эмес карама-каршылык иретинде шаар менен айылдын, капиталистик коомго таандык акыл-эс эмгеги менен физикалык эмгектин ортосундагы карама-каршылык кызмат кылат.

**Антогонистик жана антогонистик эмес карама-каршылыктар**

Антогонистик болуп карама-каршы кызыкчылыктарга ээ болгон таптар же башка социалдык топтордун ортосундагы карама-каршылыктар эсептелсе, антогонистик эместерге жашоонун өзөктүү маселелери боюнча жалпы кызыкчылыктарга ээ таптар же башка социалдык топтордун ортосундагы карама-каршылыктар таандык.

Антогонистик карама-каршылыктар болуп, мисалы, кулдар менен кул ээлөөчүлөрдүн, дыйкандар менен помещиктердин, пролетариат менен буржуазиянын ортосундагы карама-каршылыктар эсептелсе, антогонистик эмес карама-каршылыктарга жумушчу табы менен дыйканчылыктын, социалистик коомдун кээ бир элементтеринин ортосундагы карама-каршылыктар таандык.

Антогонистик карама-каршылыктар курч таптык күрөш менен чечилсе, антогонистик эмес карама-каршылыктар болсо ынандыруу, сындык жана өздүк сындык ыкма менен гана чечилет.

Өнүгүүнүн булагын ачып берген диалектикалык карама-каршылык мыйзамынан айырмаланып сандык өзгөрүүлөрдүн сапаттык өзгөрүүлөргө өтүү мыйзамы өнүгүү процессинин механизмин ачып берип, кантип жана кандай формада жүзөгө ашырылаарын көрсөтүп берет (7.4 -схема). Аталган мыйзамдын спецификасын, анын көрүнүшүн жана иш-аракетин тастыктоо үчүн анын негизги *сапат, сан, ченем, секирик* сыяктуу түшүнүктөрүнүн жардамы аркасында ачып берүү зарыл.

Сапат заттарга таандык болгон жана алардын болмушу менен дал келишкен спецификалык аныктуулугун билдирүү менен, ба

йланыштардын белгилүү системасындагы башка заттардан аларды айырмалап турат. Заттардын сапаты органикалык жактан алардын соңуна чыгуу менен байланышкан, анткени аталган сапаттын жоголуусу менен заттын өзү жоголуп, башкага айланып кетет. Сапат менен катар, бардык заттар, процесстер, көрүнүштөр сандык аныктуулука да ээ. Алар сөзсүз түрдө кандайдыр-бир санга, көлөмгө, массага ж.б.у.с. ээ болушат. Сан – бул сапаттуу бир жактуу көрүнүштөрдүн объективдүү реалдуулугу, сан алардын чоңдугун, пайда болуусунун узактыгын жана жалпы эле же кээ бир тараптарынын өнүгүүсүнүн интенсивдүүлүгүн мүнөздөшөт.

Демек, биз тактагандай, заттар менен көрүнүштөр сапаттык жана сандык өзгөчөлүктөргө ээ. Бирок заттар менен көрүнүштөрдүн аталган тараптарынын ортосунда тыгыз байланыш жок, алар бири-биринен көз каранды деген таасир калышы толук ыктымал. Бирок бул мындай эмес. Сапат менен сан диалекткиалык өз ара байланышта: белгилүү бир сапатты билдирбеген сан жок жана ошону менен бирге эле сапаты жок сан да жок. Аталган сапатка кошумча дайыма кандайдыр-бир эмес, белгилүү бир сан жооп берет. Мисалы, биз Днепр аркылуу өткөн көпүрөнүн узундугуна барабар столду көргөн эмеспиз. Ошондой эле бутунун узундугу 5 метрди түзгөн адамды да элестетүү кыйын. Демек, бардык сапат сандык ченемге ээ болуп, философияда ченем деп аталат. Ченем – бул белгилүү бир сапат бир сан менен гана байланыштуу болгон сан менен сапаттын биримдиги. Ченем –

бул чегинде таандык сапат гана пайда боло алган сандык мүнөздөмөлөрдүн же өзгөрүүлөрдүн белгилүү аралыгы. Ченемдин чегиндеги сандын өзгөрүүсү сапаттын өзгөрүүсүнө алып келбейт, бирок ченемге өтүүдө предмет өзүнүн пайда болуусун токтотот. Сандык жана сапаттык өзгөрүүлөрдүн мындай иш-аракеттеринин көптөгөн фактыларын келтирүүгө болот. Мисалы, эгерде телого секундасына 1000, 2000, 7910 метр ылдамдыкты берсе, анда ал жерге келип түшөт. Эгерде телонун ылдамдыгын бирге эле чоңойтуп, секундасына 7911 ылдамдыка жеткирсе, анда тело Жерден бөлүнүү менен анын спутниги болуп калат. Демек, сандык өзгөрүүлөр ченемдин чегинде болушкан болсо, түп-тамырынан бери сапатка таасирин тийгизишет. Бирок эгерде аталган өзгөрүүлөр ченемдин чегинен чыгып кетсе, өзүнүн сандык аныктуулугуна жана ченемине ээ болгон жаңы сапат пайда болот.

Сандык жана сапаттык өзгөрүүлөрдүн бирдиктүү шартталуусу туурасындагы жобо жалпы мааниге ээ. Ал курчап турган реалдуулуктун предметтерине жана көрүнүштөрүнө карата акыйкаттуу келет, б.а. диалектикалык мыйзамдын күчүнө ээ. Аны төмөнкүчө калыптандырышат. Сандык өзгөрүүлөрдүн сапаттык өзгөрүүлөргө өтүү мыйзамы сандык өзгөрүүлөр ченемдиг чегинен чыгуу менен сөзсүз түрдө өзүлөрү менен кошо сапаттык өзгөрүүлөрдү ала келишерине, өз кезегинде жаңы сандык көрсөткүчтөргө алып келеерине карабастан өз ара байланышты билдирип турат.

Ушул мыйзамга ылайык өнүгүү бири-биринен айырмаланган, бирок өз ара байланышкан баскычтарынын биримдиги катары каралат, алар: үзгүлтүксүздүк жана үзгүлтүктүүлүк. Өнүгүүдөгү үзгүлтүксүздүк – бул жай, байкалбаган сандык өзгөрүүлөрдүн баскычы. Өнүгүүдөгү үзгүлтүктүүлүктү - секирик деп аташат. Секирик – бул бир сапаттын экинчисинде кайрадан түзүлүү учуру, ыкмасы, бул акырындыктагы, үзгүлтүксүздөгү сандык өзгөрүүлөрдүн тыныгуусы. Секирик – бул Жер бетиндеги жашоонун пайда болуусу, адамдын жаныбарлар дүйнөсүнөн бөлүнүп чыгуусу, бир коомдук түзүлүштүн экинчиси менен алмашуусу, көрүнүктүү илимий жана техникалык ачылыштар. Бардык эле секирик өнүгүүдөгү өткөөл учурду мүнөздөйт. Өзүнүн табияты боюнча ал дайыма карама-каршы, анткени жаңынын жаралуусу, эскинин каршылык көрсөтүүсү туурасында маалымат берип турат.

Секириктердин формасы ар башка жана өнүгүүчү көрүнүштөрдүн табиятынан, о.э. анын сапаттуу кайра түзүлүүсү жүзөгө ашуучу конкреттүү шарттардан көз каранды. Секириктер төмөнкүчө айырмаланышат:

1. кайра түзүлүүсүнүн узактыгы боюнча (тез, жай);
2. кайра түзүлүүсүнүн формасы боюнча (бир актылуу, көп актылуу);

3. кайра түзүлүүсүнүн тереңдиги боюнча (бөлүктүк, толук);

4. кайра түзүлүүсүнүн багыты боюнча (прогрессивдүү, регрессивдүү, багытталбаган).

Секириктерди кароодо «эволюция», «революция», «реформа» сыяктуу терминдерди кароо абзел. «Эволюция» түшүнүгү кеңири жана тар маанисинде каралат. Кеңири маанисинде «эволюция» - бул өзүнө сандык эле эмес, сапаттык, анын ичинде революциялык өзгөрүүлөрдү камтыган акырындык менен өнүгүү процесси. Тар маанисинде «эволюция» деп революциянын жолун, анын даярдыгын жолдоочу мезгилди түшүнсө болот. «Революция» түшүнүгү коомдук көрүнүштөрдү мүнөздөө үчүн колдонулат. Коомду акырындык менен жай кайра түзбөгөн, анын өзүнүн негизинде кыйратуучу сапаттык секирик. Реворма - бул коомдун жашоосунун кандайдыр-бир маанилүү тарабын анын экономикалык жана мамлекеттик тартибинин негиздерин сактоосу менен өзгөртүү.

Ошентип, сандык өзгөрүүлөрдүн сапаттык өзгөрүүлөргө өтүү мыйзамы өнүгүүнүн жалпы мыйзамы катары анын мазмуну туурасындагы бүтүн элестөөлөрдү берген «сапат», «сан», «ченем», «секирик» категорияларынын жардамы менен конкреттешет. Аталган мыйзам объективдүү реалдуулуктун бардык чөйрөсүндөгү жаңы сапатка өтүүсүнүн ички механизмин ачып берүү менен өнүгүү, кыймыл жана бардык нерсенин өзгөрүүсү кандайча болот ? деген суроого жооп берет.

Эгерде каралган мыйзамдар өнүгүүнүн булагын жана анын механизмин ачып берген болсо, ал эми танууну тануу мыйзамы – өнүгүүнүн жаблпы тенденциясын, анын багыттуулугун камтып турат (3-схема).

Аталган мыйзам белгилүү бир ченемде диалектиканын башка мыйзамдарынын иш-аракетин жалпылап, синтездештирет.

Танууну тануу мыйзамы өзүнө эмнени камтып турат, анын маңызы кандай?

Адегенде «тануу» категориясынын мазмунун тактап алсак. Бул боюнча эки көз караш бар: метафизикалык жана диалектикалык. Метафизикалык «тануу» негизги көңүлдү эскинин жоголуусуна буруп, жаңынын сакталуусун жана түзүлүүсүн дээрлик четке кагат. Ошентип, метафизикалык тануу бул четке кагуу, жоготуу деген түшүндүрөт. Ал эми диалектикалык тануу – бул эски сапаттан жаңыга өтүүсү, эски сапаттын кээ бир тараптары, мазмунунун элементтери жана функциялары өзгөрүлгөн түрдө жаңы сапатка өтөт. Диалектикалык тануу – бул предметти толук жоготуу эмес, болгону эски сапаттын кээ бир чектерин сактоо жана өзгөртүү менен жаңы предметке кайрадан түзүү. Ал эски менен жаңынын ортосунда байланыш бар

экендигинен кабар берип турат. Диалектикалык тануу өзүнө үч олуттуу учурду камтып турат:

1. Кыйратуу, эскини багындыруу;
2. Эскинин элементтерин сактоо (ыраттуулук);
3. Конструкциялоо, жаңыны түзүү

Биз танууну метафизикалык жана диалектикалык түшүнүүнүн маңызын тактадык. Эми болсо эки жактуу тануу эмнени камтып тураарын карайбыз.

«Танууну тануу» өнүгүү процесси эскиден башталып, өз кезегинде белгилүү бир убакыттан кийин башка жаңы аркылуу танылат. Бирок өнүгүү кандайча болот? Түз же кыйыр сызык мененби?

Аталган суроо риторикалык эмес, олуттуу мааниге ээ. Анткени эгерде өнүгүү процессинде эски менен жаңынын байланышы болбогондо ыраатуулук болбойт болчу, эски толугу менен жоголуп, өнүгүүнү жаңы эскиден жакшы болуп, ал эми эски жаңыда кайталанбаган түз сызыктуу графика катары элестетип калмакпыз. Бирок чындыгында жаңыда эски сакталып, анын элементтери жаңыда кайталанат, болгону жогорку баскычта. Эскинин чектеринин, элементтеринин кайталануусу кыйла жогорку негизде биз карап жаткан мыйзамдын өзгөчөлүгү болуп саналат. Мындан мыйзамдын башка өзгөчөлүгүн көрсөк болот. Эскинин жогорку негиздеги кайталануусу орунга ээ болсо, анда өнүгүү түз сызыктуу эмес, спираль сымал өнүгүп, ар бир цикл менен эскиге жакындап (анткени кайталануучулук бар), андан алыстайт (анткени бул жаңы).

Аталган кайталануучулук эмне үчүн өтүп кетпейт?

Кептин баары тануу карама-каршылык менен тыгыз байланышта болгондугу, ал аталган карама-каршылыкты чечүү менен шартталган. Ага таандык карама-каршылык менен пайда болгон бардык жаңы предметти алабыз. Карама-каршылыктардын өнүгүү процессинде предмет өзүнүн карама-каршылыгына айланат. Бирок тануунун аталган этабында болгону карама-каршылыктын баштапкы предметинде салынгандын бөлүктүк чечилүүсү гана болуп өтөт. Аталган карама-каршылыктын чечилүүсүнүн толук эместиги өзүндө предметти андан аркы жеке тануу шартын камтып турат. Биринчи тануунун ордуна экинчиси келип, жаңы предмет пайда болот, андан кийин экинчинин тануусу болуп эсептелген экинчиге карама-каршы болгон үчүнчүсү, б.а. биринчи предметтин танууну тануусу келип чыгат. Экинчи тануунун этабындагы биринчи предметке таандык болгон карама-каршылык толугу менен чечилет. Эки жактуу тануунун натыйжасында, баштапкы пунктка кайтуу менен өнүгүүнүн кыйла жогорку деңгээлине жетип, өнүгүүнүн баштапкы, бирок жалпыланган формасынын калыбына

келүүсү болот. Өнүгүү сызыгы «спиралдын» айлампасын пайда кылат, бирок анын башталышы соңу менен дал келишпейт. Өнүгүүү, демек, өзүнө кыймылдын акырындык жана циклдик чектерин бириктирет.

Аталган жобо дагы эң жалпы мааниге ээ. Ал курчап турган реалдуулуктун бардык предметтерине жана көрүнүштөрүнө карата акыйкаттуу келет, б.а. диалектикалык мыйзамдын күчүнө ээ. Аны төмөнкүчө калыпка салууга болот. Танууну тануу мыйзамы - бул эски менен жаңынын байланыштарынын жалпылыгын, объективдүүлдүгүн жана зарылдыгын билдирет. булл мыйзамдын аракет кылышынын натыйжасында дайыма мурунку таанылган касиеттер, белгилер кайталанат же эски нерсеге жогорку деңгээлде «баргандай» болобуз. Мындай объективдүү процесс болмуштун каалаган формасын таанып билүүдө байкалат. Чындыгында эле тануу кубулушу өз ичине эскини жерүүнү, кайталануучулукту, циклдүүлүктү жана ырааттуулукту камтыйт. Танууну тануу мыйзамы өнүгүүнүн спираль түрүндө өтө тургандыгын мүнөздөйт.

Диалектиканын негизги мыйзамдары, өнүгүүнүн жеке процесстеринин ар кыл методдорун мүнөздөө менен диалектикалык ажырагыс биримдикте иш алып барышат. Алсак, сандык өзгөрүүлөрдүн сапаттык өзгөрүүлөргө өтүү процесси өзүнө карама-каршылыкты дагы, диалектиалык танууну дагы камтып т урат. Карама-каршылыктардын биримдиги жана каршы иш-аракеттери да сандык-сапаттык карым-катнаштарды жана танууну танууну камтып турат. Аналогиялык түрдө тануу процессинде жекеликтин эскиге жана жаңыга көбөйүүсү, алардын ортосундагы каршы иш-аракеттер, о.э. сандык өзгөрүүлөрдүн сапаттык өзгөрүүлөргө өтүүсү болот. Башкача айтканда, материалдуу дүйнөнүн биримдиги мыйзамдардын иш-аракеттеринин жалпылыгын боолголоп турат. Бирок эске ала кетүүчү нерсе, диалектиканын мыйзамдарынын иш-аракеттеринин бир мезгилдүүлүгүндө алардын ар бири салыштырмалуу өз алдынчалыка ээ болушат, же өнүгүүнүн маңызын белгилүү бир аспектиде (булак, механизм, багыт) билдирип турат.

Демек, диалектиканын мыйзамдары объективдүү дүйнөнүн ары олуттуу байланыштарын жана карым-катнаштарын билдирип турат. Биримдикте жана өз ара байланышта иш алып баруу менен алар объективдүү реалдуулуктун өнүгүүсүнүн көп кырдуу татаал процессин мүнөздөшөт. Диалектиканын мыйзамдарынын иш-аракеттеринин механизмдерин терең билүү жана аларды акыл-эстүү колдонуу жаңылышуулар менен катачылыктардан куткарып, адамдардын тажрыйбалык ишмердүүлүгүн максаттуу жана эффективдүү кылат.

*Диалектиканын категориялары - бул объективдүү дүйнөнү идеалдуу чагылдыруусунун кыйла кеңири формалары, алар таанымдын жана реалдуулуктун тажрыйбалык кайра түзүлүүсүнүн баштапкы принциптери катары кызмат кылышат.*

Диалектиканын категорияларын эки түргө бөлүүгө болот: субстанционалдык жана салыштырмалуу болуп. Биринчиси – бул өзалдынча, башкалар менен салыштырмалуусуз колдонулган категориялар. Аларга төмөнкү категориялар таандык: «болмуш», «материя», «кыймыл», «өнүгүү», «мейкиндик», «убакыт», «карама-каршылык» ж.б.у.с. категориялар таандык, алар объективдүү реалдуулуктун белгилүү бир жалпы касиеттерин белгилешет, бирок аталган категориялардын башкалар менен болгон байланыштары туурасындагы элестөөлөрдү бербейт. Ал эми мамилелеш категориялар туурасыгда айта турган болсок, анда алар бири-бирине органикалык байланышкандардан болуп эсептелүү менен, таан响 процессинде бири экинчисин болжолдоп турат; бирин тастыктоо менен экинчисин эске албай коюу мүмкүн эмес. Мындай категорияларга: жекелик жана жалпылык, көрүнүш жана маңыз, бөлүк жана бүтүн, себеп жана натыйжа, зарылдык жана кокустук, мүмкүндүк жана аныктык таандык.

Аталган категорияларды ары кеңир карап кетсек.

*Жекелик жана жалпылык*. Бул диалектикалык биримдикти жана реалдуулуктун предметтери менен көрүнүштөрүнүн ортосундагы айырмачылыкты чагылдырган философиялык категориялар. Алсак, «жекелик» категориясы предмете, көрүнүштө аларга гана таандык болгондорду чагылдырат. Жалпылык – бул конкреттүү сапаттык аныктыктын алкагындагы предметтер, заттар, көрүнүштөр ортосунда объективдүү пайда болгон окшоштук. Жекелик дагы, жалпылык дагы өз алдынча пайда болууга ээ эмес, алар кандай болсо ошондой пайда боло алышпайт. Өз алдынча кээ бир предметттер, көрүнүштөр, процесстер гана пайда боло алышат. Жалпылык сыяктуу эле жекелик өз алдынча пайда болот. Ар кандай жекелик карама-каршылыктардын биримдиги болуп эсептелет. Бир эле мезгилде ал жекелик жана жалпылык боло алат. Ар кандай жалпылык жекеликтин бөлүкчөсү, элементи, тарабы болуп эсептелет, андыктан ал акыркыны толугу, бөлүкчөсү менен чагылдырбайт, Жекелик өзүнүн маңызы боюнча абстрактуу болуп эсептелген жалпылыка салыштырмалуу кыйла бай, кенен келет. Бирок жалпылык предметтин мазмунун, маңызын кыйла терең ачып берет.

Жалпылык менен жекеликтин ортосундагы убакыттык категория болуп «өзгөчөлүк» түшүнүгү эсептелет. Өзгөчөлүк – бул жекелике карата жалпы жана жалпыга караганда жекеликтин болуусу.

Мисалы, берене (мыйзам) – жекелик; мыйзам – өзгөчөлүк; укук – жалпылык. «Мыйзам» түшүнүгү «берене» түшүнүгүнө карата жалпы, ал эми «укук» түшүнүгүнө карата жекелик болуп эсептелет.

Тааным процессиндеги жекелик, өзгөчөлүк жана жалпылык категориялары анын таяныч пункттарында, билимсиздиктен билимдүүлүкө болгон баскычтарында чоң ролду ойнойт.

*Көрүнүш жана маңыз*. Таанымдын ар кыл баскычтарын аныктап, обөектке тереңдеп жетүүнүн реалдуу деңгээлин чагылдырган категориялар. Маңыз – бул предметтин, процесстин жана аларга таандык өнүгүү мыйзам ченемдүүлүктөрүн аныктаган объективдүү реалдуулуктун ички салыштырмалуу түнт жана туруктуу тараптарын белгилөөчү философиялык категория. Көрүнүштөр – бул предметтеги, процесстеги көз карандысыз табылгандарды, биздин алдыбызда көрүнгөндөрдү белгилөөчү философиялык категория.

Маңыз менен көрүнүштүн ортосундагы диалектикалык өз ара байланыш төмөнкүдө байкалат:

а) маңыз менен көрүнүш ич ара тыгыз байланышта. Көрүнүш ансыз, б.а. маңызсыз пайда боло албайт. Маңызда баары бир табылуучу эч нерсе жок;

б)маңыз менен көрүнүштүн биримдиги алардын дал келүүсүн, окшоштугун билдирбейт. Маңыз дайыма көрүнүштүн артында катылган. Эгерде предметтердин көрүнүү формасы жана маңызы дал келишкен болсо, анда илимдин кереги деле жок болуп калмак;

в) көрүнүш маңызга караганда кыйла динамикалуу жана туруксуз, ал эми маңыз кыйла туруктуу, ал бардык өзгөрүүлөрдө сакталат. Бирок көрүнүшкө караганда туруктуу болуу менен маңыз абсолюттуу өзгөрмөлүүсүз бойдон кала берет;

г) көрүнүш маңызга караганда бай. Ал өзүнө обөекттин олуттуу байланыштарынын ички мазмунун көрүнүшүн эле эмес, бардык кокустук карым-катнаштарды, аталган обөекттин өзгөчө чектерин дагы камтып турат.

Маңыз менен көрүнүштүн карым-катнаштарынын спецификалык формасы катары көрүнүүчүлүк кызмат кылат. Бул биздин туюп-сезүүлөр менен предметтердин маңызынын, тагыраак айтканда, маңыздын кандайдыр-бир тараптарынын көрүнүүсүн бир тараптуу адекваттуу эмес чагылуусу. Илимий таанымдын максаты көрүнүүчүлүктүн аркасында предметтер менен көрүнүштөрдүн маңызын ачып берүү.

*Мазмун жана форма*. Аталган категориялар маңыз менен көрүнүштөрдүн андан аркы конкреттешүүсү болуп эсептелет. Мазмун – бул

аталган предметти, процессти, көрүнүштү түзгөн элементтердин, тараптардын, байланыштардын жана тенденциялардын жыйындысы.

Мазмун өзүнөн өзү пайда боло алабы? Мисал келтирсек.

Заводдо болгон ар бир адам, унааны чогултуунун алдында бардык тетиктер, анын бардык «мазмуну» болоорун билет. Бирок биздин алдыбызда унаа турат деп айтууга болобу? Албетте, жок. Унаа конвейерден бардык тетиктери кылдат чогултулгандан кийин гана, б.а. ылайыктуу формага ээ болгондон кийин гана чыга алат. Мазмун дайыма болуп туруусу зарыл, антпесе унаа сымал ал да болбой калышы ыктымал. Демек, бардык предметке, көрүнүшкө мазмун эле эмес, форма да таандык. Форма – бул предметтер менен процесстердин уюшулуу ыкмасы, ал алардын мазмунун түзөт. Башкача айтканда, предметтин формасы - бул элементтер ортосундагы туруктуу ички байланыштардын уюшулуусу, ал ага жеке бир бүтүн катары турууга жана ага таандык функцияларды аткарууга мүмкүндүк берет.

Мазмун менен форманын ортосундагы диалектикалык бирдиктүү иш-аракет төмөнкүдө турат:

а) Мазмун менен форма ич ара тыгыз байланышта турушат. Реалдуу шарттарда эч жерде жана эч качан орнобогон мазмун жана мазмунсуз форма болбойт. Форманы мазмундан ажыратуу аракети, формага өз алдынча маанини ыйгаруу формализмге (латынчадан formalis –формага таандык нерсе) алып келет.

б) Мазмун менен форманын биримдигинде мазмун үстөмдүк кылат. Форма дайыма мазмундун өзгөрүүсү менен алмашып турат. Кандайдыр-бир сырткы күч эмес, мазмун өзүн өзү калыптандырат. Мисалга алсак, илимдик өнүгүүсү, жаңы мыйзамдарды, объективдүү чындыкты ачуу ылайыктуу жаңы формулаларды, теорияларды талап кылат, алар аталган жаңы мыйзамдардын мазмунун орнотот.

3. Форма менен мазмундун биримдиги мазмунга караганда салыштырмалуу өз алдынчалыкты, форманын активдүү ролун боолголоп турат. Форманын салыштырмалуу өз алдынчалыгы төмөнкүдө байкалат:

а) форманын мазмундун өнүгүүсүнөн артта калуусу. Мазмун эч качан бир деңгээлде калбайт. Ал өзгөрүп турат. Форма дагы өзгөрбөй калбайт жана мазмунга салыштырмалуу ал кыйла туруктуу болуп, аз кыймылдуу келет. Бул мазмун жеке кыймылына ээ дегендик менен түшүндүрүлөт. Форма мазмундан айырмаланып көрүнүштөрдүн кыйла консервативдүү тарабы катары каралат. Ал өзүнүн мазмунунан айныксыз түрдө артта калат.

б) форманын мазмунга тескери иш-аракетте болуусу. Бул иш-аракет эки жакту: форма мазмундун өзгөрүүсүн жөнгө салат же аны артка тартат.

Албетте, эгерде форма мазмундун өзгөрүүсүнө ылайык келсе, ал анын тездетилген өнүгүүсүнө шарттарды түзөт. Ал эми эгерде алардын ортосунда карама-каршылык пайда болсо – мазмун керектүү образда өнүгө албайт (ага эски форма жолтоо болот), анткени карама-каршылыктарды чечүү учуру кеч келет. Жаңы мазмунга ылайык жаңы форма түзүлөт. Алсак, мазмун менен форманын ортосундагы карама-каршылык предметтер менен көрүнүштөрдүн өзгөрүүсүнүн, алардын башка предметтер менен көрүнүштөргө кайра түзүлүүсүнүн бирден-бир себеби катары кызмат кылат.

*Бөлүк жана бүтүн - предметтердин же алардын тараптарынын, элементтери менен байланыштарынын жыйындысынын ортосундагы карым-катнаштарды чагылдырган, аларды бириктирип аталган жыйындыдагы жаңы касиеттердин, мыйзам ченемдүүлүктөрдүн пайда болуусуна алып келген категориялар.*

Алсак, мисалы, H2O молекуласынын бөлүкчөсү бир бүтүн катары суутектин эки атому жана кислороддун бир атому болуп эсептелет. Бүтүн анын бөлүкчөлөрүнүн жөнөкөй жыйындысына жакындашпайт. Жакшы маалым болгондой, суутек күйөт, кислород күйүүгө жардам берет, бирок суу, албетте, күйүүгө тоскоол болот.

Диалектика бөлүктү жана бүтүндү диалектикалык биримдикте карайт. Бүтүндүн пайда болуусунда жаңы сапат пайда болуп, бөлүкчөлөрдүн касиеттеринин суммасына жакындашпайт; ошондой болсо да ал бөлүкчөлөр –бирдиктүү иш-аракеттеринин саны жана белгилүү тиби менен аныкталат. Ошондуктан диалектика эсептегендей, бүтүндүн таанымы бөлүктөрдүн касиеттерин билүү шарттарында гана ийгиликтүү болушу ыктымал, тескерисинче, бөлүктөрдү изилдөө бүтүндүн жолун жолдоочу билимдерге таянуусу зарыл.

**Бүтүндүн үч тиби белгилүү:**

а) механикалык бүтүндүк (кумдун, таштын үймөгү, анткени алардын бөлүктөрү бүтүнгө кирет жана андан чыгат, дээрлик өзгөрбөйт);

б) уюшулган бүтүндүк, эгерде бөлүктөрдүн түрү өзгөрсө;

в) органикалык бүтүндүк, эгерде бөлүктөр өзүлөрү өнүксө (жандуу организмдер).

«Бүтүндүк», «бөлүкчө» категориялары «система», «курам», «элемент» түшүнүктөрү менен окшош келишип, өз ара байланышкан. *Элемент* (латынчадан Elementum –баштапкы зат) - *бүтүндүктүн салыштырмалуу ажырагыс бөлүкчөсү*. Бөлүк түшүнүгү өзүнүн көлөмү боюнча «элемент» түшүнүгүнө караганда кыйла кеңири, андыктан бул бардык эле бөлүкчө эмес, болгону салыштырмалуу ажырагыстык. Анын үстүнө бөлүк бүтүн түшүнүгү

менен  ал эми элемент курам түшүнүгү менен жакындашат. *Курам – (латынчадан Struktura- түзүлүш, жайгашуу, тартип) – предметтер менен көрүнүштөрдүн курамдык бөлүктөрүнүн ортосундагы мыйзам ченемдүү байланыштын ыкмасы. Система – (латынчадан – Sistema – биригүү, жаратуу) – ортосунда мыйзам ченемдүү байланыш жана бирдиктүү иш-аракет пайда болгон белгилүү элементтердин жыйындысы.*

Бардык системанын курамы баарынан мурда анын курамдык элементтеринен көз каранды. Өз кезегинде элементтердин касиеттери олуттуу бир деңгээлде алар түзгөн системанын курамы менен шарттальшкан.

Элементтер менен курамды мүнөзү боюнча системалардын ар кыл түрлөрү бөлүп турат. Ары кеңири тарагандардан болуп системаларды объективдүү реалдуулукта пайда болуучу материалдык жана адамзат аң-сезиминдегт анын чагылуусу болуп эсептелген идеалдуу деп бөлүнүшү эсептелет.  Элементтер менен байланыштардын саны боюнча жөнөкөй жана татаал деп бөлүүгө болот.

*Себеп жана натыйжа*. Тажрыйба көрсөтүп тургандай бардык көрүнүштөрдүн пайда болуусу аны жаратуучу кандайдыр-бир факторлор менен шартталган.  Жаңы көрүнүштөрдүн пайда болуусуна алып келген көрүнүш, иш-аракет себеп деп аталат. Ал эми себептин таасири алдында пайда болгон көрүнүш натыйжа деп аталат.

Дүйнөдөгү бардык көрүнүштөр, өзгөрүүлөр, процесстер айныксыз түрдө белгилүү бир себептердин натыйжасында пайда болушат. Дүйнөдө себепсиз көрүнүштөр жок жана болушу мүмкүн эмес. Дүйнөдөгү бардык көрүнүштөр себептик жактан шартталышып, себептүүлүк мыйзамын белгилейт. Аталган мыйзамды таанып билишкен жана анын иш-аракетин реалдуулуктун бардык көрүнүштөрүнө таратуучу философторду детерминистер, ал эми себептүүлүк мыйзамын танган философторду индетерминистер деп аташкан.

Себеп менен натыйжанын ортосунда татаал диалектикалык байланыш бар. Ал төмөнкүдө байкалат:

1. Убакыттагы себеп натыйжанын жолун жолдойт.  Натыйжа себептин иш-аракетинен мурда пайда болбойт. Бирок бул  бардык көрүнүш аны менен себептик байланышта турат дегенди билдирбейт. Мисалы, түн таңдын жолун жолдойт, бирок ал таңдын себеби болуп эсептелбейт.
2. Себеп белгилүү бир шарттарда  сөзсүз түрдө натыйжаны жаратат. Себеп жана натыйжа  тыгыз байланышта, эгерде себеп пайда болуп, жетишээрлик шарттар бар болсо айныксыз түрдө натыйжа пайда болот.

3. Себеп жана натыйжа ич ара бирге иш алып барышат. Аталган бирдиктүү иш-аракетте себеп эле эмес, натыйжа да активдүү. Ал себепке карата тескери таасирин тийгизет. Мисалы, идеялар болмушту чагылдырат, бирок пайда болуу менен коомдук болмуштун өзгөрүүсүнө адамдын тажрыйбалык ишмердүүлүгү аркылуу активдүү таасирин тийгизет.

4. Бир карым-катнаштагы бир эле көрүнүш себеп катары, ал эми башкасында натыйжа катары кызмат кылат. Алсак, жаан – белгилүү метереологиялык шарттардын натыйжасы, бирок ал өзү чоң түшүмдүн себеби болуп калат; түшүм - мамлекеттин экономикалык кубаттуулугун бекемдөө себеби. Көрүнүштөюрдүн себептик-натыйжалык байланышы ушундайча пайда болот. Бирок эгерде биз эки жеке көрүнүштү гана карасак, алар орундарын алмаштыра алышпайт.

5. Себеп менен натыйжанын бирдиктүү иш-аракеттерине ылайыктуу шарттар таасирин тийгизет. Шарттар – бул аталган окуянын болуусу үчүн зарыл болгон көрүнүштөр, бирок өзүнөн өзү аларды алдын ала аныктай алышпайт. Шарттардын арасында натыйжанын пайда болуусу үчүн ыңгайлуулары да, себептердин иш-аракеттерин сактап калуучулары да болушу ыктымал. Бир эле себеп белгилүү бир шарттарда натыйжанын ар кыл формаларын алып келет.

6. Себепти шылтоо менен окшоштуруп болбойт. Шылтоо – бул башка окуяны көз карандысыз жолун жолдогон окуя, ал анын пайда болуусун ыктымалдуу кылат, бирок аны жаратпайт жана алдын ала аныктабайт. Шылтоо аны түзгөнгө караганда, иш-аракетти бурмалайт.

Себептик-натыйжалык байланыш түшүнүгү маанилүү методологиялык функцияны аткарат. Белгилүү бир натыйжа пайда болгон себептер менен шарттарды билүү менен адам анын пайда болуусун алдын ала эле көрбөстөн, зарыл натыйжаны жаратат. Бул адамга өткөндү таанып билүүгө жана келечеке серп салууга мүмкүндүк берет.

*Зарылдык жана кокустук.* Аталган философиялык категориялар предметтер менен көрүнүштөрдүн бири-бири менен болгон ар кыл байланыштарын чагылдырышат. Зарылдык нерсенин ички маңызы менен тыгыз байланышып, катылып турса да, ал эми кокустуктун мындай биримдиги кыйыр түрдө болот. Зарылдык - бул көрүнүштөрдүн ортосундагы ички, туруктуу, олуттуу байланыштар, алардын мыйзам ченемдүү өзгөрүүлөрүн жана өнүгүүсүн аныкташат. Зарылдык көрүнүштүн, процесстин маңызынан келип чыгат жана аталган шарттарда айныксыз түрдө болот. Алсак, бардык жандуу организмдин өлүмү сөзсүз болот, анткени ал анын табияты жана ал өтүүчү ички процесстер менен шартталган.

Бирок дүйнөдө баары пайда болуп, зарылдык катары келип чыгабы? Жок, дүйнөдө кокустук көрүнүштөр, окуялар да бар. Кокустук - обөекттердин пайда болуусунун жана жашоосунун маселелүүлүгүн же милдеттүүлүгүн аныктаган категория; кокустук болуп белгилүү бир шарттарда болуучу жана болбоочу эсептелет. Кокустук реалдуулуктун учурларын чагылдырып, сырткы шарттардын, үстүңкү, туруксуз байланыштардын жана аталган көрүнүш үчүн жагымсыз кыраалдын жардамы менен көрүнөт. Предметтердин пайда болуусунун зарылдык жана кокустук маселелеринде эки көз караш пайда болгон. Алардын бирөөсү зарылдыкты абсолютташтырат: дүйнөдө эч кандай кокустук жок, бардыгы айныксыз түрдө жүзөгө ашырылат. Кокустукту тануу менен аталган көз караш фатализмге жол ачып берет. Бул тагдырга ишенүүчүлүк. Башка бир көз караш кокустукту гипертрофиялаштырат. Бул жерде тескерисинче, реалдуулуктан барды кички көз карандылыктар, көрүнүштөрдүн объективдүү шарттуулугу чыгарылып салынат: дүйнөдө кокустук гана бийлик жүргүзөт.

Илимий дүйнөгө көз караш биринчи, экинчи көз караштты тең четке кагат. Зарылдык жана кокустук жеке өз алдынча пайда болушпайт, алардын өз ара байланышы кокустук зарылдыктын көрүнүш формасы жана анын толуктоосу катары кызмат кылуусунда турат. Мисалы, өлкөдө жүзөгө ашырылуучу реформа зарыл мүнөзгө ээ. Алардагы кокустук элемент катары аталган реформаларды багыттаган конкреттүү саясий ишмерлер эсептелет.

Зарылдык жана кокустук диалектикасы эки олуттуу учурду алдын алат. Бирчиден, өнүгүүнүн жүрүшүндөгү кокустук зарылдыка айланышы ыктымал (тигил же бул биологиялык түрдүн мыйзам ченемдүү белгилери адегенде кокустук четке кагуулар катары пайда болушуп топтолушат, андан кийин алардын негизинде жандуу организмдин зарыл сапаттары калыптанат). Экинчиден, зарылдык кокустуктардын массасы менен өзүнө жол ачат. Мисалы, коомдун өнүгүүсү ар кыл максаттарга, мүнөздөргө ээ болгон көптөгөн адамдардын ишмердүүлүгүнөн турат. Аталган бардык далалаттардын кагылышуусу натыйжада зарыл, милдеттүү мүнөзгө ээ болгон өнүгүүнүн белгилүү сызыгына алып келет.

Диалектиканын бардык мыйзамдары жана категориялары сыяктуу эле зарылдык менен кокустук объективдүү реалдуулукту таанып билүүнүн шарттуу пункту болуп эсептелишет. Аталган категориялардын функциялары бирдей баага ээ эмес, таанымдагы кокустуктар дайыма баштапкы инстанция, зарылдык - максат катары кызмат кылышат. Таанымдык ишмердүүлүк кокустуктан зарылдыка өтүүсү катары каралат.

*Мүмкүндүк жана аныктыктык*. Аталган категориялар процессуалдуулукту, б.а. болмуштун калыптануусун баса белгилейт. Белгилүү болгондой, жок нерседен, кандайдыр-бир жаңы нерсе пайда болот, ал эскинин негизинде салынган белгилүү өбөлгөлөрдөн гана пайда боло алат. Анын потенциалдуу абалындагы жаңынын болмушу мүмкүндүк болуп эсептелет. Мүмкүндүк – бул объективдүү пайда болуучу жана предметтин анын соңуна чыкпаган, потенциалдуу өнүгүүсүндөгү ички абалы менен шартталган философиялык түшүнүк. Аныктык – бул жүзөгө ашырылган, актуалдашкан болмушту мүнөздөгөн философиялык категория: реалдуулук жүзөгө ашырылган мүмкүндүк болуп эсептелет.

Ар бир кырдаалда мүмкүнчүлүктөрдүн белгилүү топтому пайда болот, алардын жүзөгө ашырылуусу башканы жоготууну туюндурат. Мүмкүндүктөрдүн «каршы күрөшүнө» жана жүзөгө ашуусунун мүнөзүнө салыштырмалуу ички зарыл тенденциялардын сырткы жана кокустук болуп эсептелишкен мөөр калтырышат. Ошондуктан, реалдуулук дайыма өзүнө ички менен сырткынын, маңыз менен көрүнүштүн, зарылдык менен кокустуктун диалетикалык биримдигин камтып турат. Коомдук өнүгүүнүн жана табиятты кайрадан түзүү чөйрөсүндө мүмкүндүктү реалдуулука кайра түзүү адамдардын аң-сезимдүү тандоосу жана ишмердүүлүгү менен калыпка салынат.

Мүмкүндүктүн жеткилендиги мүмкүн эместиктен реалдуулуктун чегинде өзгөрө алат. Мүмкүндүктүн мүнөздөмөсүн аталган планда анын сапаттык жана сандык ченемин эсепке алуу менен жасоого болот. Мүмкүндүктөр сапаттык жактан формалдуу жана реалдуу болуп бөлүнөт, формалдуу - бул төмөнкү нөлгө жакындаган төмөнкү ыктымалдуулук менен жүзөгө ашырылуу мүмкүнчүлүгү. Мындай мүмкүндүк табияттык жана социалдык өнүгүүнүн мыйзамдары менен жол берилет. Аталган түшүнүмдө ал өзөктүк түрдө мүмкүн эместиктен айырмаланат; мүмкүн эместик болуп ал объективдүү дүйнөнүн мыйзамдарына карама-каршы келет. Мисалы, түбөлүктүү кыймылдаткычты куруу, адамдын өлбөстүгү ж.б.у.с. эч мүмкүн эмес. Жүзөгө ашыруунун жогорку ченемине реалдуу мүмкүндүк ээ, анын ишке ашуусу үчүн бардык зарыл шарттар түзүлгөн. Мисалы, адамдын космоско учуу мүмкүндүгү качандыр бир кезде формалдуу болгон болсо, азыр ал реалдуу болуп калды.

Мүмкүндүктүн сандык мүнөздөмөсү бир аз тагыраак болот. Эгерде мүмкүндүк эмести «о», ал эми реалдуулук «1» аркылуу аныктасак, анда убакыт аралык билимдер мүмкүндүк деңгээлин мүнөздөй алышат. Мүмкүндүк ченеми ыктымалдуулук деп аталат. Ыктымалдуулуктун шарттуу нугунда мүмкүндүктүн бардык спектрин көрсөтүүгө болот.

**Диалектиканын категорияларын кароону жыйынтыктоо менен жалпы корутунду жасайбыз:**

1. Диалектиканын категориялары – объективдүү реалдуулукта көрүнүктүү орунга ээ болгон жалпы байланыштарды, касиеттерди жана карым-катнаштарды чагылдырган ойломдун универсалдуу формалары;
2. Диалектиканын категорияларында адамзат коомунун көптөгөн муундарынын тажрыйбасы жана ишмердүүлүгү топтолгон. Өз чагылуусун тапкан таанымдын натыйжаларындагы түшүнүктөрсүз жана категорияларсыз өздүк таанfocused бүгүнкү күнү мүмкүн болмок эмес;
3. Диалектиканын категорияларынын өзгөчөлүктөрү болуп: объективдүүлүк, аныктуулук, тажрыйба менен болгон байланыш, тарыхыйлуулук, өзгөрмөлүүлүк ж.б.у.с.

**Диалектиканын альтернативалары**

Диалектиканын альтернативалары туурасында кеп болгондо, диалектика менен карама-каршы же окшош эмес өнүгүүнүн концепциялары, тааным методдору, дүйнөнү рухий өздөштүрүү ыкмалары, б.а. диалектикадан айырмаланган дүйнө көз караштык жана методологиялык көрсөтмөсү жөнүндө айтсак болот. Диалектиканын бирден-бир мындай альтернативасынан болуп метафизика же ойломдун метафизикалык методу эсептелет. Аталган планда метафизика антидиалектика катары каралат. «Антидиалектика» түшүнүгүн жана «метафизика» терминин философияга XIX-к. Георг Гегель киргизген.

Диалектиканын жана метафизиканын альтернативдүүлүгү өнүгүүнүн эки концепциясы жана тааным методу катары төмөнкүдө турат:

а) предметтер менен көрүнүштөрдүн байланышын түшүнүүдө.

Диалектика көрүнүштөрдүн өз ара байланышын жана шарттуулугун таанып билет, метафизика үчүн предметтердин кээ элементтерин, касиеттерин жана көрүнүштөрдүн бири-биринен ажыратуусу мүнөздүү. Ушунун натыйжасында метафизикада көз карандысыз, сырткы ыктымалдуу өз ара байланыштар гана чагылдырылат, ошол эле мезгилде түпкү, ичкилери көңүл борборунан сыртта калат.

б) өнүгүүнүн булагын жана кыймылдуу күчтөрүн түшүнүүдө.

Диалектика кыймылдын жана өнүгүүнүн булагын заттар менен көрүнүштөрдүн ички карама-каршылыктарында, карама-каршылыктардын биримдигинде жана каршы иш аракеттеринде карайт. Метафизика өнүгүүнүн ички булагы – өздүк өнүгүүнү танат. Табият менен коомдун

өнүгүү себебин ал кандайдыр-бир сырткы чекитте көрөт, б.а. аны предметтер менен көрүнүштөрдүн сыртынан табат.

в) «Механизмдин» өнүгүү мүнөзүн, эскиден жаңы сапатка өтүүсүн түшүнүүдө.

Диалектиканын көз карашында мындай «механизм» болуп акырындык менен болуучу, сандык, сапаттык жана секирик түрүндөгү өнүгүүнүн биримдиги эсептелет. Метафизика өнүгүүнү же сапаттын «секирик», же төмөндөөчү же жогорулоочу бир эле жөнөкөй, сандык өсүүсү, бир эле абалдын кайталануусу катары карайт;

г) өнүгүүнүн багыттуулугун түшүнүүдө: бардык нерсенин өнүгүүсү түз, айлампа же кандайдыр-бир башка жол аркылуу болот?

Диалектика, белгилүү болгондой өнүгүү спираль сымал болот дегенден келип чыгат, андыктан өнүгүү процессинде кайталануулар, артка кайтуу ж.б.у.с. бар. Метафизика бул жерде бир тараптуу өңүткө ээ болуп, бардык өнүгүүнүн жалпы көтөрүлүүсүн же төмөндөөсүн, же айлампалык катып калган мүнөзүн абсолютташтырат.

д) тааным методун түшүнүүдө.

Диалектиканын көз карашында предметти таанып билүү үчүн анын бардык тараптарын, байланыштарын камтып, изилдөө зарыл. Предметти өнүгүүдө, өздүк кыймылда, өзгөрүүдө кароо зарыл. Метафизика үчүн таанылып билинүүчү обөекттин бир тараптуулугу, абсолютташуусу, түз сызыктуулугу, схемалашуусу мүнөздүү.

Демек, метафизика – бул предметтер менен көрүнүштөрдүн өз ара байланышы жана иш-аракеттери четке кагылган же жөнөкөйлөтүлгөн ойломдун ыкмасы жана дүйнөнү түшүнүүсү, ал эми өнүгүү процесси эң оболу обөекттердин сапатсыз өзгөрүүсүз сандык жогорулоосу катары чечмеленет.

Жандуу реалдуулуктун анализин өзгөрүлгүс формулалар менен алмаштыруу таандык болгон ойломдун метафизикалык ыкмасынын бирден-бир көрүнүшү болуп **догматизм** (грекчеден - dogma – мындык эмес, тажрыйбадан оолак колдонулган жобо) эсептелет. Бул билимдерди өздөштүрүү жана колдонуу ыкмасында окуу же жобо жашоонун конкреттүү шарттарын эсепке албастан колдонулган, соңуна чыккан түбөлүктүү чындык, догма катары кабыл алынат. Догматизм таанымдын өнүгүү процессинде баюу мүмкүнчүлүгү жок эч өзгөрүлгүс формулалардан, билимдерден келип чыгат.

Демек, белгилүү бир чындык бар үчүн, ал догматизмге ылайык бардык кырдаал, өнүгүүнүн шарттары үчүн туура. Догматизм XIX –XX-кк. аралыгында дүйнөнүн принципиалдуу жа ңы табигый-илимий сүрөтү

менен кагалышканда, физикада кандай гана обу жок ташаманы ойногондугу белгилүү, бирок дүйнөнүн жаңы сүрөтүн түшүнүү мүмкүн болбогон өңүттөгү классикалык механикага жабышканын уланта берген. Догматикалык стереотиптер бүгүнкү күнү алардын жардамы менен кэчээ күнкү өңүттөгү социалдык-саясий жашоонун татаал процесстеринин жардамы менен түшүндүрүүсүндө чоң зыяндарын тийгизүүдө.

Догматизмдин карама-каршысы болуп **релятивизм** (латынчадан – relativus -салыштырмалуу) эсептелет. Релятивизм реалдуулуктун дайыма болуп туруучу өзгөрмөлүүлүгү туурасындагы тезистен келип чыгат жана заттар менен көрүнүштөрдүн туруктуулугун четке кагат. Эгерде догматизм абсолюттуу чындыктын маанисин көбүртүп-жабыртып ийүүсүндө негизделип, анын конкреттүүлүгүнүн учурун көңүл борборунан сырта калтырса, анда релятивизм, тескерисинче, салыштырмалуу чындыктын маанисин көбүртүп-жабыртып, анын абсолюттуулук учурун танат. Албетте, бул жерде релятивизм чындыктын метафизикалык чечмеленүүсүнүн ар түрдүүлүгү катары кызмат кылат. Демек, релятивизм диалектикага тааным теориясы жана анда анын альтернативасы катары тиешеси бар.

Альтернативдүү диалектика болуп <u>софистика</u> эсептелет, андыктан ал метафизиканын ар түрдүүлүгү катары кызмат кылат. Софистика (грекчеден – sophistal – логиканын мыйзамдарын алдын ала ойлонуштурууда негизделген ырастоо) пайда болуучу теоретикалык жоболорду же заттардын пайда болуучу иретин актоону сактоо үчүн фактыларды субөективистик чечмелөөдө негизделген аргументация формасында көрүнөт. Өзүнүн түзүлүүсүндө софистика ар кыл логикалык катачылыктарды, түшүнүктөрдү алмаштырууну, корутундулардын туура эмес формаларын, түшүнүктөрдүн көп маанилүүлүгүн колдонот. Софистиканын кеңири тараган түрү болуп фактыларды манипуляция эсептелет, анын жардамы менен баардыгын далилдөөгө болот. Биздин күндөрдө софистика дегеле советтик коомдун тарыхында бир дагы ачык так жок, болгону катачылыктар гана бар дегенди далилдөө үчүн колдонулат. Мындай ыкманын метафизикалуулугу айдан ачык, анткени мындай ыкма бир тараптуу, демек антидиалектикалуу.

<u>Софистиканы</u> сындоо менен илимдин өнүгүү тарыхында ал оң ролду ойноо менен аң-сезимдин эскирип калган жоболорунун илимий сынын калыптандырууга көмөк көрсөткөн.

Тааным процессинде метафизика көпчүлүк учурларда эеклектика формасында каралат. Эклектика (грекчден -eklego - тандайм) – бул бир окууда ар башка дал келишпеген элементтерди механикалык бириктирүү; Эклектика – бул образдуу айтканда «аралашма», ошондуктан ал өнүгүүнүн, таанымдын теориясы, метод, дүйнөгө көз караш болуп эсептелбейт.

Эклектиканын кооптуулугу анын көбүнчө диалектиканын кейпик кийип, маскировкалануусу.

Биз диалектиканын салттуу (классикалык) альтернативаларына кыскача мүнөздөмө бердик.

## 6 – Бап. СОЦИАЛДЫК ФИЛОСОФИЯ

### Киришуу
### Социалдык философияны окутуунун методикасы

Социалдык философия боюнча лекцияны окууга киришүүдө лекторлор студенттердин көңүлүн өзгөчө коомдук өнүгүүнүн философиялык-социологиялык теорияларын терең изилдөө зарылчылыгына буруулары зарыл. Социалдык философия изилдөөнүн өзгөчө предметине – адамзат коомунун ары жалпы мыйзамдарына жана кыймылдаткыч күчтөрүнө ээ. Ошону менен бирге социалдык философия өзүнө жалпы философиянын ажырагыс бир бөлүгүн камтып турат.

Италиялык ойчул Дж.Вико (XVII-XVIII-к. соңунда) жазган: коомдун тарыхы табияттын тарыхынан айырмаланып турат, ал адамдар тарабынан гана жасалат, анда табияттагы көрүнүштөр өзүнөн өзү, сокур, стихиялуу күчтөрдүн иш-аракеттеринин жардамы аркасында болуп өтөт. Коомдо акыл-эске жана эркке ээ болуп, алдына кандайдыр-бир максаттарды, милдеттерди коюп, аларга жетүү үчүн күрөшкөн адамдар иш алып барышат деген фактынын өзү бүгүнкү күндөрдө коомдук процесстердин, социалдык көрүнүштөрдүн маңызын, өзөктүк терең себептерин изилдөөдөгү социолог жана тарыхчылар үчүн чоң өбөлгө болду.

Бул эмгектин акыркы үчүнчү бөлүгү социалдык-философиялык проблематикада, философиялык антропология жана тарых философиясы маселелерине арналат. Алардын арасында: табият адамзат болмушунун негизи катары, коом жана анын чөйрөлөрү, адам философиялык анализдин предмети катары, инсан жана коом, тарыхтын маңызы жана багыттуулугу жана башкалар бар.

## 16-тема. Табият адамзат болмушунун негизи катары

1. Табият түшүнүгү
2. Биосферанын курамы
3. Табият менен коомдун бирдиктүү иш-аракеттери.

Курска киришүүдө биринчи лекцияда окутуучу студенттерге философиянын бирден-бир изилдөө обөектиси катары анын үзгүлтүксүз өзгөрүүсүндө жана өнүгүүсүндө коом кызмат кылат. Бирок коом өзүнөн өзү пайда болбойт. Табияттан бөлүнүп чыгуу менен ал анны менен бирге иш алып барат. Табият пайда болуунун чөйрөсү, адам болмушунун дайыма болуп туруучу шарты катары кызмат кылат. Ошондуктан адамдын табиятка болгон теоретикалык жана тажрыйбалык кызыкчылыгы түшүнүктүү болуп, көптөгөн илимдердин (космологиянын, географиянын, биологиянын, физиканын, химиянын ж.б.) изилдөөлөрүнүн предмети болуп калган. Философия табиятты өзгөчө көз караш менен карап, бир катар социалдык-философиялык жана социологиялык маселелерди, тагыраак айтканда: табият менен коомдун окшоштугу, айырмачылыгы эмнеде турат; алардын ортосундагы өз ара байланыш кандайча; мындай өз ара байланыштын негизги багыттары жана келечеги кандай экендигин бөлүп көрсөтөт. Аталган жана башка бир катар маселелерди (заманбап демографиялык жана экологиялык кырдаал, аны чечүүнүн методдорун жана жолдорун) аталган бөлүмдө кароо сунушталат.

Аталган темадагы лекциялардын милдети студенттерге адамзат өздүк аң-сезиминин маанилүү өзгөчөлүгү болуп бардык мезгилдерде курчап турган заттардын арасындагы өз ордун табуу, табияттык иерархиядагы жеке абалын аныктоо аракети болгондугун кылдат түшүндүрүүдө турат. Табият деген эмне? Аны менен адам, коом кандай карым-катнашта турат? Аталган жана башка суроолорго ар кыл философтор түрдүү жоопторду берип келишкен. Тарыхый-логикалык экскурс жасоо кыйла максаттуу. Табият тууралындагы бирден-бир алгачкы эскерүүлөрдү Антикалыктын эстеликтери биздин күндөргө чейин сактап, жеткирди. Ошол мезгилде Аалам, анын түзүлүшү, Жердин Ааламдагы ээлеген орду, адам менен коомдун ролу, Космос менен болгон байланышы тууралындагы жалпы элестөө калыптанган.

Табиятка болгон карым-катнаш Христианчылыктын орноосу менен олуттуу түрдө өзгөрүп, аны материалдык жүзөгө ашуусу, рухий Абсолютка, б.а. Кудайга карама-каршы турган «төмөнкү» катары карайт.

Кайра Жаралуу доорунда философиялык ойломдун бирден-бир башкы жетишкендиктеринен болуп натурфилософиянын өнүгүүсү эсептелет. Табигый билимдерди диндин бийлигинен бошотууну шарттаган көрүнүктүү илимий ачылыштардан болуп Николай Коперниктин (1473-1543) дүйнөнүн гелиоборбордук системасынын түзүлүшү эсептелет. Италиялык философ Джордано Бруно (1548-1600) табияттын чексиздиги жана дүйнөлөрдүн сан жеткистиги идеясын алып чыккан. Анын замандашы физик, астроном жана математик Галилео Галилей (1564-1642) жер жана асман космостук

телолорунун түзүлүшүнүн аналогиялуулугу туурасындагы гипотезаны тастыктап, Күн системасынын планетасын ачкан.

Жаңы Мезгилде табият алгачкы жолу кылдат илимий анализдин обөектиси болуп калган. Илимдин обөектиси болуп табият, ал эми анын максаты – табиятты адам падышачылыгына айлантуу эсептелет. Бул жерде Тургеневскийдин Базаровдун «Табият – чиркөө эмес, өнөркана, ал эми андагы адам – жумушчу» деген сөзүн мисал катары айта кетсек болот.

XX-к. экинчи жарымында илимий-техникалык революциянын таасири астында табият менен адамдын бирдиктүү иш-аракеттеринин масштабы олуттуу түрдө кеңейип, мүнөзү өзгөрдү. Бул алардын ортосунда пайда болгон салыштырмалуу тең салмактуулукту кыйратып, табият эле эмес, адам үчүн да кооптуулукту жараткан кырдаалдын пайда болуусуна алып келет. Студенттерге аталган проблема табият таануучулук эле эмес, философия илиминин да көңүл борборунда тургандыгын түшүндүрүү зарыл.

Андан ары лектор студенттердин көңүлүн заманбап философиянын көз карашында табият деген эмне деген суроого буруу абзел. Студенттерге «табият» термини илимий адабиятта кеңири жана тар маанилеринде каралаарын айта кетүү керек.

Студенттерге «табият» сөзүн кеңири түшүнүүдө – бул болмуш, Аалам, көп түрдүү чексиз формаларындагы объективдүү дүйнө экендигин кылдат түшүндүрүү зарыл. Аталган өңүттө коом табияттын бир бөлүгү болуп эсептелет. Кыйла тар маанисинде «табият» - бул коом бирдиктүү иш алып барган объективдүү дүйнөнүн бөлүгү. Философияда аны табияттык (географиялык чөйрө) деп аташат. Лектор студенттердин көңүлүн «табигый чөйрө» түшүнүгү маанилүү тажрыйбалык маңызга ээ экендигин, ошондуктан борборунда адам турган жана анын жашоо чөйрөсү болуп эсептелген табияттын бир бөлүгүнө басым жасайт.

Андан ары студенттерге адамды курчап турган табигый чөйрө туурасындагы элестөөлөрдүн калыптануусу биосфера жөнүндөгү окуунун түзүлүүсүнө алып келгендигин терењиреек түшүндүрүү абзел. Ал көптөгөн табиятты изилдөөчүлөрдүн эмгектери менен жаралган. «Биосфера» термининин өзүн (грекчеден Bio- жашоо жана sphaira - шар) алгачкы жолу австриялык геолог Эдуард Зюсс (1831-1914) колдонуу менен, жашоого толгон Жердин кабыкчасын атаган. Студенттердин биосфера туурасындагы окууну иштеп чыгууда Украина илимдер академиясынын биринчи президенти Владимир Вернадскийдин (1863-1945) өзгөчө салымын билүүлөрү зарыл. Аталган эмгекте Вернадский биосфера – бул жашоо-турмуш болуучу жана болгон жер шарынын кабыкчасы экендигин көрсөткөн.

Андан сырткары окутуучу XX-к. 70-жж. философияда биосфераны көрүү ченемдеринин системасы бар экендиги туурасындагы маалыматты берет. Биринчи – геологиялык, экинчи – геохимиялык, үчүнчү - экологиялык, төртүнчү - биотикалык ченем.

Бул жерде студенттерге биосферанын бардык аталган компоненттери өз алдынча эмес, жеке системаны пайда кылуу менен өз ара байланышта пайда болушаарын айта кетүү абзел. Албетте, биосфера эч качан статистик абалда болгон эмес: өсүмдүктөр, жаныбарлар, биогеоценоздор акырындык менен эволюцияланышып, өз курамын алмаштырышкан. Климаттын жана жашоо шарттарынын өзгөрүшү көптөгөн жаңы түрлөрдүн пайда болуусуна алып келген. Табияттын диалектикасы мына ушундай. Биосферанын тарыхындагы адамдын пайда болуусу менен жаңы мезгил башталган (адам менен коомдун пайда болуусунун маселелери кийинки бөлүмдөрдө ке ңири каралат).

Жогоруда келтирилген материалдарга таянуу менен лектор төмөнкүдөй жыйынтык чыгарышы керек: Демек, табият – бул материянын өнүгүүсүнүн социалдык баскычына чейинкинин баарысы, ал эми коом анын жогорку баскычы. Коом – бул табияттан ажыраган жана өзүнө адамдардын тарыхый өнүккөн жашоо ишмердүүлүктөрүнүн формасын камтып турган материалдуу дүйнөнүн бир бөлүгү. «Коом» категориясынын аныктамасынан кийин лектордун милдети - ал коом материянын кыймылынын өзгөчө формасы болуу менен табияттык чөйрө менен өзүнүн карым-катнашын үзбөй тургандыгын баса белгилөөсүндө турат. Алар органикалык байланышта жана биримдикте турушат. Бирок ошону менен бирге лектор алардын ортосундагы терең диалектикалык байланышты ачып берүүсү зарыл. Ал коом менен табияттын ортосунда диалектикалык биримдик бар экендигинде турат. Бирок ошол эле мезгилде алардын ортосунда терең сапаттык айырмачылык бар. Ал коом өзүнө материянын уюшулуусунун сапаттуу кыйла жогорку формасын камтып тураарынан көрүнүп турат.

Лектор студенттерге коом менен табияттын бирдиктүү иш-аракеттеринин бардык тарыхын төрт мезгилге бөлүшөт: 1) Ыйгаруулар; 2) Агрардык; 3) Индустриалдык; 4) Ноосфералык.

Биринчи мезгил – пайда болуунун каражаттарын алуу ыкмасы менен аныкталат. Экинчи жана үчүнчү мезгилдер үстөмдүк кылуучу өндүрүштүн – айыл чарбалык же өндүрүштүк түрүнө жооп беришет. Төртүнчү ноосферанын пайда болуусу менен байланыштырылат. Ноосфера деген эмне?

Андын ары лектор баса белгилегендей, биосферанын рационалдык-технологиялык ишмердүүлүгүндөгү адамдын пайда болуусу менен жаңы

сапатка - ноосферага ээ болот, анда болсо турмуштук процесстер рационалдык, технологиялык-жалпыланган ж.б.у.с. катары болушат.

Демек, ноосфера - бул акыл-эстин (грекчеден noos-акыл-эс), табият менен коомдун бирдиктүү иш-аракеттеринин чөйрөсү, анын чектеринде акыл-эстүү адамзат ишмердүүлүгү өнүгүүнүн аныктоочу фактору катары кызмат кылат.

Окутуучу студенттерге аталган схеманын мазмунун тереңиреек түшүндүрүп кетүүсү зарыл. Алсак, ноосферанын маанилүү элементтери болуп төмөнкүлөр эсептелет: а) адамдар, алардын жашоо ишмердүүлүктөрү, бардык анын көрүнүштөрүндөгү адамзат акыл-эси; б) техника, транспорттук байланыш, электростанциялардын ар кыл түрлөрү ж.б.; в) маданий-экономикалык комплекстер; г) адамдын кийлигишүүсүнүн обөекти катары кызмат кылган жандуу жана жансыз табияттын бир бөлүгү. Мисалы, өсүмдүктөрдүн, жаныбарлардын жана адамдын өзүнүн генофондуна кийлигишүү, климаттын, дарыянын агымынын, дүйнөлүк океандагы суунун деңгээлинин өзгөрүүсүнө, атмосферанын, суунун жана жер кыртышынын булгануусуна радиоактивдик нурлануу ж.б.у.с. аркылуу таасир тийиши. Биз көрүп тургандай ноосферанын курамы кыйла татаал. Бирок анын башкы элементи – табияттык чөйрө менен бирдиктүү иш алып барган адамдын өзү. Ноосфера дайыма болуп туруучу кеңейүүгө болгон тенденцияга ээ жана ал космостун курамдык элементине айланат.

Биринчи суроону аяктоо менен лектор төмөнкүдөй жыйынтыктарды жасайт:

1. Табият - көп түрдүүлүктөгү жана анын формаларынын биримдигиндеги объективдүү материалдык реалдуулук. Ал биринчи берилип, адам тарабынан түзүлгөн, коом менен адам жашоо ишмердүүлүгүнүн жалпы жана зарыл өбөлгөсү болуп эсептелет.
2. Жашоо-турмуш пайда болгон жана болуучу Жердин кабыкчасы болуп биосфера эсептелет. Ноосфера өзүнө биосферанын жогорку баскычын камтуу менен андагы адамзаттын пайда болуусу жана өнүгүүсү менен байланышкан, табияттын мыйзамдарын таанып билип, техниканы жакшыртуу менен табиятты өзүнүн муктаждыктарына ылайык трансформациялайт. Аталган процесс зат алмашуунун жаңы формаларынын жана адамдын биосферага болгон өсүп жаткан биогеохимиялык жана башка таасириндеги коом менен табияттын ортосундагы энергиянын пайда болуусу менен мүнөздөлөт.

Аталган суроону кароодо лектор студенттердин көңүлүн табият менен коомдун бирдиктүү иш-аракеттериндеги кандайдыр-бир өзгөрүүлөрдүн өзөктүк себептерин баарынан мурда коомдук жашоонун өндүрүштүк,

социалдык-саясий жана рухий чөйрөлөрүндө пайда болушкан жаңы процесстерден издөө зарыл экендигине буруусу абзел. Андан сырткары, табият менен коомдун бирдиктүү иш-аракеттеринин заманбап этабынын мүнөздүү чеги коом табиятка ушунчалык олуттуу таасирин тийгизеерин байкасак болот, анда көптөгөн мүнөздүү өзгөрүүлөр жасалат, көпчүлүк учурларда тескери процесстин мүнөзүн – табияттын коомдун өнүгүүсүнө болгон таасирин аныктайт. Демек, табият менен коомдун бирдиктүү иш-аракеттери маселесин биринчи иретте, социалдык маселе катары кароо зарыл.

Эгерде адегенде табияттын коомго тийгизген таасиринин негизги багыттарын кароо методикалык жактан тура болот.

1. Табият пайда болууга каражаттарды берет. Ал өзүнө адамдардын жашоо ишмердүүлүгү үчүн зарыл болгон материалдар менен энергияны берет. Бул жерде студенттерге коом табиятта жашоо үчүн ичүүчү сууну, айыл чарбада жана өндүрүштөгү муктаждыктарды, дем алуу жана күйүү үчүн абаны, о.э. маалымдаманын табигый жолдорун, курулуш материалдарын ж.б.у.с. береерин көрсөтүү керек.

2. Табият коомдун өндүрүш күчтөрүн жайгаштырууга жана экономиканын адистешүүсүнө таасирин тийгизет. Бул жерде студенттерге төмөнкү мисалды айта кетүү методикалык жактан максаттуу болуп эсептелет: бекеринен Исландия менен Норвегиянын калкы өзүлөрүнүн абсолюттук көптүгүндө салттуу түрдө балыкчылык, ал эми Египеттин калкы – пахта өстүрүү менен алектенишпесе керек; Чилидеги эмгек ишмердүүлүк жезди казып алуу, Венесуэлде – нефтини өндүрүү менен байланышкан. Гидроресурстардын болуусу экономиканын мүнөзүнө из калтырат.

3. Табият өндүрүш күчтөрүнүн өнүгүүсүн тездетет же жайлатат. Аталган фактордун таасири коомдун алгачкы баскычтарында өзгөчө олуттуулук ээ болгон, бирок ал азыр да кыйла маанилүү бойдон. Убакыттын өтүшү, өндүрүш күчтөрүнүн өнүгүүсү жана адамдын табияттын үстүнөн болгон бийлигинин жогорулоосу менен анын мааниси кынтыксыз түрдө төмөндөйт;

4. Табият адамзат ишмердүүлүгүнүн натыйжаларын жогото алат. Кургакчылык, суу ташкындары, жанарлардын аталышы, жер титирөөлөр сыяктуу табигый көрүнүштөр коомдун өнүгүүсүн артка тартууга жөндөмдүү;

5. Табият коомдук аң-сезимдин калыптануусуна жана өнүгүүсүнө таасирин тийгизет. Мисалы, салыштырмалуулук теориясынын ачылышы менен табияттын обөекттеринин мейкиндиктик-убакыттык уюшулуусуна болгон көз караштар олуттуу өзгөрдү; заманбап космологиянын өнүгүүсү табияттык процесстердин багыттуулугу туурасындагы элестерди байытты;

микро дүйнөнүн физикасынын жетишкендиктери себептүүлүк принцибинин олуттуу таралуу кызматын аткарат; экологиянын прогрессии табияттын бүтүндүүлүгүнүн түпкүрүндөгү принциптеринин жеке система катары түшүнүүсүнө алып келди.

Демек, табияттык чөйрө коомдун өнүгүүсүнө ар башкача таасирин тийгизет деп лектор жыйынтыктайт. Бирок ага маани бербей коюуга болбойт. Бул жерде лекторго табияттык чөйрөнүн же коомдун жашоосундагы анын кээ бир элементтеринин ролун абсолютташтырган натуралистик концепциялардын, географиялык детерминизмдин, геосаясаттын өкүлдөрүн сынга алуу болот.

Лектор андан ары студенттерге биз табияттык чөйрөнүн коомго тийгизген таасирин карагандыгыбызды айтып берет. Бирок коомдун табият менен болгон бирдиктүү иш-аракеттери анын тескери таасир тийгизүү жолу менен жүзөгө ашырылат. Бул төмөнкү багыттарда байкалат:

1. Коом табияттык чөйрөнү колдонуунун көлөмдөрүн жана чектерин кеңейтет. Заманбап илим эсептегендей, акыл-эстүү адам биздин планетанын кээ бир өзүнчө райондорунда пайда болуп бүткүл дүйнөгө акырындык менен тарады. Эми жер шарынын бүткүл үстүңкү катмары адам тарабынан өздөштүрүлдү. Кечээ эле ал космоско чыгып, аны өзүнүн максаттары үчүн колдоно баштады;

2. Коом табиятты «түпкүрүнөн» изилдеп, өздөштүрөт. Бул бир жагынан, микропроцесстердин деңгээлиндеги белгилүү табигый көрүнүштөрдү изилдөөдө, экинчи жагынан, табияттын мурун белгисиз касиеттерин жана мыйзамдарын өндүрүштүк колдонууда жана ачууда көрүнөт;

3. Коом табияттык ресурстарды колдонуунун интенсивдүүлүгүн төмөндөгүдөй жолдор менен күчөтөт: а) табияттык ресурстарды колдонуунун көлөмүн жогорулатуу (пайдалуу кен байлыктарды казып алуу жогорулайт, себүү аянттары кеңейет ж.б.); б) мурун колдонулбаган (геотермалдык булактардын, түбөлүктүү мерзлоттун табигый касиеттеринин энергиясы) табияттык процесстердин ишмердүүлүгүн өндүрүшкө тартуу; в) табияттык ресурстарды колдонуунун эффективдүүлүгүн жогорулатуу (жер культивациялоо, минералдык сырьену ары толук колдонуу ж.б.).

4. Коом курчап турган табияттык чөйрөнүн курамына таасирин тийгизет. Адамдын өндүрүштүк ишмердүүлүгүнүн таасири алдында олуттуу түрдө ландшафт алмашат, бирок чөйрөнүн жылуулук жана энергетикалык балансында да өзгөрүүлөр болуп, геологиялык, өзгөчө биологиялык айлампаларга, о.э. ошол айлампалардын мүнөзүнүн өзү катышкан заттардын курамы алмашат.

5. Коом өзүнүн күч-аракетин табиятты кайра түзүүгө жумшайт. Бул социалдык-экономикалык маселелерден улам келип чыккан, аларга: табияттык ресурстардын аягына чыгуучулук маселелери; курчап турган чөйрөнүн булгануусунун адамдардын ден-соолугуна тийгизген таасири маселеси; планетанын калкынын өсүү маселеси.

Андан ары лектор аталган маселелерге кыскача токтолот. Окутуучу студенттерге берип үлгүрбөй калган көптөгөн маселелерди студенттердин өз алдынча иштөөлөрүнө (СРС) калтырат. Аларга «экология» түшүнүгүн киргизген немец натуралисти Эрнест Геккелдин окуусу; илимий-техникалык прогресстин буркан-шаркандуу өнүгүүсүнүн натыйжасында XX-к. экинчи жарымында курчап турган чөйрөгө болгон техногендик күчтүн жогорулоосу; Жердеги «парникалык эффекттин» кооптуу масштабга жетүүсү - атмосферадагы көмүр кычкыл газынын жана башка химиялык заттардын концентрациясы; стратосферадагы камтылган озон катмарынын –ичке кабыкчасынын кыйрашы таандык болушу ыктымал жана жашоону кыйратуучу ультра кызгылт радиациядан коргойт; абанын булактары түгөнөт – акыркы 500 жылда адамзат токойлордун 60%ын жоготту; Дүйнөлүк океандын нефти жана нефти продуктулары менен булгануусунун натыйжасында анын каситеттери алмашууда ж.б.у.с.

Студенттерге өз алдынча иш үчүн экологиялык саясаттын негизги багыттарын изилдөөнү сунуштоо кыйла максаттуу болуп эсептелет:

а) сууну, абаны, жерди, өсүмдүктөрдү коргоону күчөтүү;

б) табиятты коргоо башкаруусун жакшыртуу;

в) таштандысыз жана аз таштандылуу технологияларды киргизүү;

г) экологиялык билимдерди жана технологияларды жакшыртуу.

Андан тышкары студенттерге өз алдынча иш (СРС) үчүн калктын жана демографиялык маселелерди сунуштоо зарыл.

Лекция корутундуларды келтирүү менен аяктайт:

**Корутундулары:**

1.Табият коомдун материалдык жашоосунун, анын ичинен адамдын физикалык жана рухий турмушунун зарыл шарты, өндүрүштө пайдалануучу ресурстардын булагы болуп эсептелет. Ошол эле мезгилде ал коомдун пайда болуусунун чөйрөсү болуп эсептелет. Коом менен табияттын биримдиги материалдык өндүрүштүн процесси менен шартталган.

2. Табият менен коомдун бирдиктүү иш-аракеттеринин процесси өзүнүн өнүгүүсүнүн жаңы фазасына кирди, ал табият менен коомдун ортосундагы өз ара байланыштардын кеңейиши жана тездөөсү менен катар, алардагы карама-каршылыктардын, олуттуу экологиялык маселелердин пайда

болуусуу менен мүнөздөлөт. Бул коомдун табиятка тийгизген таасиринин мүнөзүндөгү жана методдорундагы өзөктүк өзгөрүүлөрдү талап кылат.

3. «Табият-коом» системасынын татаал жана курч маселесинен болуп демографиялык маселе эсептелет. Адам экологиясы, генетикалык, физикалык жана рухий жактан ден-соолугу жакшы адамды жаратуу үчүн шарттарды камсыз кылуу – курчап турган чөйрөнү сактап калуу үчүн шарттарды камсыз кылуудан кем калышпаган абдан маанилүү милдеттердин бири.

## 17-тема. Коомдун философиялык анализи.

Аталган тема боюнча лекциянын планын төмөндөгүдөй түрдө сунуштоого болот:

1. Коомду түшүнүүнүн негизги ыкмалары
2. Коом өзүнөн-өзү өнүгүп турууч система катары
3. Коомдун өнүгүүсү жана социалдык процесстердин динамикасы

Лекцияны уюштуруу учурунан баштоону максаттуу деп эсептөөгө болот. Ал лекцияга келбегендерди жоктоо үчүн эле эмес, лекциялык агымдын маанайын, анын боло турган сабакка болгон даярдыгын сезүү үчүн да зарыл.

Аталган лекцияга болгон даярдыкта жана аны окуу процессинде мурунку темадагы ыкмалар эле колдонулат.

Экинчи лекциянын курска киришүүсүндө окутуучу мурунку бөлүмдө сөз коом менен табияттын бирдиктүү иш-аракеттери, табияты тууралуу болгондугун айтат. Жогоруда белгиленгендей, табият коомдун жашоосунун, анын ичинде адамдын физикалык жана рухий пайда болуусунун зарыл шарты болуп эсептелет. Бирок, жакшы маалым болгондой, адам табияттан эле эмес, коомдон сырткары да жашай албайт. Анткени, Аристотель таасын байкагандай, коомдон сырткары абдан акылдуу же акыл-эсинен тайып калган адам гана жашай алат. Ошондуктан философиялык маселелердин ичинен көрүнүктүү орунду адамзат коому же жөн гана коом ээлеп турат. Анын маңызын социалдык-философиялык анализдин өңүтүндө ачып берүү үчүн ырааттуу түрдө төмөнкү суроолорго жооп берүү зарыл: коом деген эмне жана аны түшүнүүнүн негизги ыкмалары кайсылар; коом өзүнөн өзү өнүгүп турууч система катары өзүнө эмнени камтып турат; социумдун курамы эмнеден турат жана анын өнүгүүсү кандайча жүзөгө ашат?

Аталган лекциянын максаты аталган суроолорго жооп берүү эсептелет.

Аталган суроону окууга киришүүдө окутуучу адамзат коому - белгилүү илимдердин арасындагы реалдуулуктун бирден-бир татаал көрүнүштөрүнүн бири экендигин белгилейт. Коомдун, анын өнүгүү мыйзамдарынын пайда болуусунун сырлары, бир коомду экинчисинин алмаштыруусу бардык мезгилдеги ойчулдардын жана элдердин бүйүрүн кызытып келген. Андан ары лектор коомдун бардык маанилерин санап берет.

«Коом» термини – көп маанилүү түшүнүк. Аны кеңири жана тар маанилеринде кароого болот. Тар маанисинде ал төмөнкү үч чечмеленүүсүнө ээ:

1. Коом коомдук мамилелердин жыйындысы катары. Маалым болгондой, коомдук мамилелер - бул социалдык түзүлүштөрдү материалдык дүйнөнүн башка системаларынан айырмалап турган спецификалуулук. Ар бир коом адамдардын жыйындысы эле болуп эсептелбестен, өзүнө башка социалдык организмдерден көз каранды болуп белгилүү образда өнүккөн социалдык мамилелердин бирдиктүү системасын, бүтүн организмди камтып турат;
2. Коом адамзат тарыхынын белгилүү этабы катары (алгачкы, индустриалдык, маалыматтык коом ж.б.);
3. Тарыхтын өз алдынча субөектиси болуп эсептелген жеке, конкреттүү коом (россиялык, украиналык, америкалык коом ж.б.).

*Коом кеңири маанисинде - бул негизи болуп адамзат эмгеги, коомдук өндүрүш эсептелген адамдардын жашоо ишмердүүлүгүнүн тарыхый жактан өнүккөн формасын камтып турган табияттан оолактатылган материалдуу дүйнөнүн бөлүгү*. Башкача айтканда, бул жалпы эле адамзат, б.а. биздин планетадагы жашап келген жана жашап жаткан коомдук организмдердин бардык жыйындысы.

Студенттерге коомдун маселелерин көптөгөн илимдер, алсак: социология, тарых, археология, мамлекет жана укук тарыхы ж.б.у.с. изилдеерин түшүндүрүү зарыл, алардын ар бири коомду изилдөөнүн өз аспектисине ээ. Мындай аспект философияда бар. Лектор социалдык философия коомду изилдөөдө анын өнүгүүсүнүн маңызына жана мыйзам ченемдүүлүктөрүнө, максаттарына, кыймылдуу күчтөрүнө, тарыхый процесстин мазмуну менен багыттуулугуна көп басым жасагандыгын баса белгилей кетүүсү зарыл. Лектор студенттерге социологияны биринчи иретте, коомдун социалдык курамы, б.а. коомдун жеке организмге уюшулуу жана элементтеринин байланыш ыкмалары кызыктыраары, тарых ар кыл тарыхый мезгилдердеги коомдун материалдык жана рухий жашоосунун өнүгүүсүн иликтейт ж.б.у.с.

Лектор «коом» түшүнүгү менен катар «жалпылык», «эл», «улут», «мамлекет» сыяктуу түшүнүктөр бар экендигине көңүл буруусу абзел. Аталган түшүнүктөр күнүмдүк аң-сезимдин деңгээлинде дээрлик жакын болушканы менен көпчүлүк учурларда синонимдер катары колдонулат, аларды айырмалоо зарыл. «Жалпылык» термини жалпы пайда болуусу, тили, маданияты, тагдыры менен байланышкан адамдардын жыйындысын түшүндүрүү үчүн пайдаланылат. Ары маанилүү жалпылыктарга: үй-бүлө, урук, уруу, эл, улут таандык.

Студенттерге социалдык философия «коом» түшүнүгү деп жалпылыгынын негизинде эмес, бирдиктүү кызыкчылыктар жана келишимдердин негизинде максаттуу уюштурулган адамдардын чоң топторунун бирдиктүү ишмердүүлүгүнүн продуктусу катары түшүнөөрүн айтуу абзел. «Коом» түшүнүгү «жалпылык» түшүнүгүнө караганда кеңири, ошондуктан бардык эле жалпылык коом боло бербейт, бирок бардык эле коом жалпылыктын чектерине ээ.

Белгилүү болгондой, окутуучу «эл», баарынан мурда пайда болуусу, тили, маданияты о.э. белгилүү аянты менен байланышкан адамдардын жалпылыгын түшүндүрөт. «Улут» түшүнүгүн жеке мамлекеттүүлүк, адамдардын экономикалык, саясий жана рухий карым-катнаштары менен байланышкан бир элдин (же жакын бир нече) жашоосунун уюшулуусунун формасы катары түшүнүүгө болот. Мамлекет өзүнө укук менен мыйзамга негизделген адамзат коомунун тарыхый өнүгүүсүнүн продуктусун, элдер менен улуттардын жашоосунун уюшулуусунун формасын камтып турат. Бардык каралган түшүнүктөр, жогорудагы аныктамалардан көрүнүп тургандай, ич ара тыгыз байланышып, эки жактуу кесилишет.

Демек, коом качан пайда болгон жана өзүнө эмнени камтып турат?

Окутуучу коомго жана анын пайда болуу себептерине карата көптөгөн көз караштар бар экендигин баса белгилейт. Философиялык ойломдун тарыхында канча багыт бар болсо, коомдун да ошончо чечмелениши бар.

Андан ары окутуучу аталган моделдердин мазмунун кароого өтөт. Ал белгилегендей, алардын баардыгын карап чыгуу кыйла татаал, бирок аларды жөнөкөйлөтүлгөн түрдө бир канча теоретикалык концепцияларга (моделдерге) бириктирүүгө болот.

Коомду түшүнүүнүн жана анын өнүгүүсүнүн булактарынын бирден-бир концепциясынан болуп кул ээлөөчүлүк доордо пайда болгон диний-мифологиялык модель эсептелет. Коом, жеке адам сымал аталган модель аркылуу бардык нерсенин булагы жана башаты катары кызмат кылган жалпы дүйнөлүк (кудайлык) тартип –Космостун системасында каралган.

Эгерде диний-мифологиялык концепция антикалык философиянын өзөгүндө пайда болгон болсо, анда теологиялык концепция Орто кылымдын схоластикалык философиясынын алкагында жаралган. Антикалык философия анын өкүлдөрүнүн коомго болгон көз караштарынын бардык айырмачылыгында космологиялык мүнөзгө ээ болгон, андыктан бардык нерселер, анын ичинде коом да кирген биримдик болуп табият (космос) саналат. Орто кылымдык ойлом теоцентрикалуу: бардык нерсени, анын ичинде коомдук жашоону аныктаган реалдуулук катары табият эмес, Кудай эсептелген. Ары толук түрүндө бул концепция Аврелий Августиндин (354-430), кийичереек Фома Аквинскийдин (1225-1274) окууларында өнүгүүгө ээ болгон.

Жаңы мезгилде кеңири жайылууга коомдук жашоонун натуралистик концепциясы ээ болуп, анын өкүлдөрүнө И.Ньютон, Р.Декарт, Шарль Луи Монтескье, Дж.Локк ж.б. кирет.

Аталган ыкманын маңызы эмнеде турат? Натурализм (латынчадан Nature - табият) философиялык принцип катары социалдык көрүнүштөрдү физикалык, географиялык, биологиялык ж.б.у.с. табияттык күчтөрдүн иш-аракеттери катары карайт. Аталган принципке ылайык коомдун тиби жана анын өнүгүү мүнөзү климаттык шарттар жана географиялык чөйрө менен аныкталат.

Натуралистик концепциядан айырмаланып идеалистик модель адамды табияттан четтетип, коомдук жашоонун рухий чөйрөсүн субстанцияга айлантат. Тарыхты мындай идеалистик түшүнүү адамзат болмушундагы рухий факторду абсолютташтыруунун натыйжасында пайда болот жана «идеялар дүйнөнү башкарат» деген принциптен өз ордун табат.

Натуралистик жана идеалистик моделдердин жетишсиздиктерин коомдун өнүгүүсүнүн диалектикалык-материалистик концепциясын түзүүчүлөр, немец философ-социологдору Карл Маркс (1818-1883) менен Фридрих Энгельс (1820-1895) алдын алууга аракет кылышкан.

К.Маркс калыптанып калган коомдун өнүгүү мыйзам ченемдүүлүгүн анализдөө менен материализмдин иш-аракеттеринин чөйрөсүнүн олуттуу кеңейтип, аны коомдук мамилелердин чөйрөсүнө жайылткан. Аталган ыкма андан ары тарыхты материалистик түшүнүү деп аталып калган.

Лектор эми коомго болгон заманбап ыкмалар тууралуу учкай сөз кылмакчы. Адам менен коомдун заманбап социалдык-философиялык жана социологиялык концепциялары адамдардын социалдык өз ара байланыштарынын жана бирдиктүү иш-аракеттеринин жыйындысы катары алардын муктаждыктарын канаттандыруу процессиндеги жыйындысы катары карашат. Мисалы, Макс Вебер (1864-1920) түзгөн коомдун ары

белгилүү концепциясынын бири социалдык иш-аракеттин чечмелениши аталышына ээ. Вебердик концепциянын жана дегеле бүткүл социологиянын башкы идеясы болуп адамзат карым-катнаштарынын бардык чөйрөлөрүндө көрүнгөн максималдуу рационалдык жүрүм-турумдун жалпылоосу эсептелет. Аталган концепцияга ылайык социалдык иш-аракет табиятта ал ээ болбогон мазмунга жетет. Аталган маңызды түшүнүү үчүн ылайыктуу чечмелөө зарыл. Вебердин башкы идеясы мына ушунда турат: Дайыма жана бардык жерде, доорлордо коомдун табиятын адамдардын социалдык иш-аракеттеринин маңызын чечмелөө катары түшүнүү зарыл. Марксизм, тейярдизм, неофрейдизм жана социобиологизм идеяларынын негизинде калыптанган методологиялык индивидуализмдин концепциясы аталган адам менен коомдун белгилүү заманбап концепцияларынын бири коомду индивидуалдуу иш-аракеттин продуктусу катары карайт. Аталган концепциянын автору Карл Поппердин (1902-1994) пикири боюнча, ар бир жамааттык көрүнүштү биз жеке адамдардын иш-аракеттеринин, максаттарынын, үмүттөрүнүн жана ойломдорунун, алар түзгөн жана сактаган салттардын натыйжасы катары карообуз зарыл.

Лектор белгилегендей, коомго карата кызыктуу новатордук идеялар герменевтика, феноменология, аналитикалык философия, постмодернизм ж.б. сыяктуу заманбап философиялык концепцияларды да камтып турат.

Биринчи суроону кароону аяктоо менен лектор төмөнкүдөй жыйынтыктарды келтирет:

«Коом» түшүнүгүн кеңири жана тар маанилеринде кароого болот. Социалдык философиянын изилдөөсүнүн предмети катары сөздүн кеңири түшүнүүсүндө коом эсептелет, башкача айтканда – бул жалпы эле адамзат, биздин планетадагы жашаган жана жашай берүүчү коомдук организмдердин бардык жыйындысы.

Азыркы мезгилде коомдун пайда болуусу жана маңызын ачып берген бир канча концепциялар бар. Алардын ичинде таасирлүүлөрү болуп: диалектикалык-материалистик концепция (К.Маркс, Ф.Энгельс), социалдык иш-аракетти чечмелөө концепциясы (М.Вебер), методологиялык индивидуализм концепциясы (К.Поппер) ж.б.у.с. эсептелет.

Окутуучу коом өзүндө жайгашкан өнүгүүнүн булагын, системасын камтып тураары тууурасындагы идея азыркы мезгилде жалпы таанылган болуп саналып, өзгөчө аргументацияны талап кылбайт. Андан ары лектор студенттерге ошондуктан биз төмөнкү маселелерди карайбыз: объективдүү реалдуулуктун башка системаларына карата болгон социалдык системанын спецификасы эмнеде турат; социалдык системанын курамы кандай, коомдун өнүгүү мыйзамдары кайсылар.

Демек, социалдык системанын башка табиятта иш алып барган системалардын айырмачылыгы эмнеде? Аталган айырмачлыктар төмөнкүдөн турат:

1.Коом табияттан айырмаланып өзүнө бирдиктүү ишмердүүлүк процессинде адамдар ортосунда калыптанган материалдык эле эмес, рухий мамилелердин системасын да камтып турат;

2. Бардык социалдык системанын борбордук элементи болуп аң-сезимге ээ болуп, өзүнүн каалоолоруна ылайык иш алып барган жана белгилүү бир максаттарга аракет кылган адам эсептелет, о.э. коомдун өнүгүүсүндө аныксыздык, алдын ала айтылбоочулук олуттуу даражаны берет.

3. Адам өзү татаал система болуп эсептелип, системадагы система катары пайда болот. Коомдун башка элементтери да системалык формалар болуу менен белгилүү бир автономдук системаларды (мамлекет, экономика, саясат, укук ж.б.у.с.) жаратышат;

4. Коомдун өнүгүүсү жалпы мыйзамдарга эле эмес, социалдык чөйрөдө гана иш алып барган спецификалык социалдык мыйзамдарга да баш ийет;

5. Социалдык система элементтердин макулдашуусун, ошол эле мезгилде макулдашпоочулукту, гармониялык тенденциялардын жана конфликтик бирдиктүү иш-аракеттердин болуусун да камтып турат. Ошентип, коом - бул карама-каршы, өзүнөн-өзү өнүгүүчү система.

Демек, коом объективдүү реалдуулуктун подсистемасы болуп эсептелүү менен олуттуу түрдө биологиялык жана физикалык сыяктуу башка табияттык системалардан айырмаланып турат.

Бардык айтылгандардан соң лектор социалдык системага төмөнкүдөй аныктама берет: *Социалдык система бүтүн социалдык организмди жаратуучу социалдык обөекттердин, аларды касиеттеринин жана мамилелеринин жыйындысын камтып турган объективдүү реалдуулуктун татаал белгилүү системасын камтып турат.* Студенттерге кандай гана социалдык система болбосун бүтүн организм катары өздүк ишмердүүлүк, уюштуруучулук, өнүгүү сыяктуу белгилер менен мүнөздөлөт.

Андан ары лектор студенттерге социалдык философияда татаалдык жана уюшулуучулук деңгээлине жараша эреже катары социалдык системалардын беш деңгээлин бөлүп көрсөтүшөт. Биринчиси: коомдун уюшулуусунун фундаменталдык деңгээли – өз кызыкчылыктарын жеке цивилизация катары аңдап билген жалпы адамзат; экинчиси: мамлекет же өз ара байланышкан мамлекеттердин тобу; үчүнчүсү: коомдук мамилелердин функцияленуусун камсыз кылган социалдык институттар; төртүнчүсү: таптар, социалдык топтор (жалпылыктар), катмарлар о.э. адамдардын

биригүүлөрүнүн башка түрлөрү; бешинчиси: социалдык система катары кароого болгон жеке инсан.

Биз бөлүп көрсөткөн экинчи маселе, лектор баса белгилегендей, системанын социалдык курамын ачып берүүнү боолголойт. Студенттер коомдун социалдык курамы эмнени камтып тураары туурасында таасын элестөөгө ээ болуулары үчүн лектор коомдун социалдык курамынын төмөндөгүдөй аныктамасын берет:

*Коомдун социалдык курамы – бул коомдун бүтүндүгүн, ага ар кыл ички жана тышкы факторлордун таасири алдындагы касиеттеринин корголуусун камсыз кылган социалдык топтордун жана институттардын негизинде пайда болушкан туруктуу байланыштардын, карым-катнаштардын белгилүү бир формасын камтып турган коомдун уюшулуусунун тарыхый калыптанган формасы.*

Андан ары лектор студенттерге коомдун курамы өзүнө ар кыл элементтерди камтыр тураарын маалымдоосу зарыл. Алардын негизгилери болуп төмөнкүлөр эсептелет:

1. Коомдун субөектилери (киши, адамдар жана алардын биригүүлөрү);
2. Адамдар ортосундагы карым-катнаштар жана байланыштар;
3. Социалдык институттар;
4. Ишмердүүлүк.

Коомдун субөектиси – анын курамынын биринчи элементин мүнөздөө менен лектор ар бир адам белгилүү бир коомчулука же социалдык топко (же бир канча топко) кирүүсү керек экендигин баса белгилөөсү зарыл. Коомдун социалдык курамын кароодо окутуучу студенттерди коомдогу адамдардын бирдиктүү жашоо ишмердүүлүк процессинде, өзүнө үй-бүлө, урук, уруу, улуттар, таптар, катмарлар, касталар ж.б.у.с. топторду камтыган социалдык жалпылыктын туруктуу курамы калыптанарын түшүнүүгө көмөк көрсөтөт. Кандай болсо да, изилдөөнүн максатынан көз каранды түүрдө социалдык топтор менен коомчулуктар башка белгилери боюнча дифференцияланат. Мисалы, социалдык демографиялык (эркектер, аялдар, балдар, жаштар, пенсионерлер); аймактык (шаардын, айылдын жашоочулары); кылган иштери (жумушчулар, кызматкерлер, окуучулар, чыгармачыл интеллигенция); жекелиги (ишкерлер, жалданма жумушчулар); о.э. кирешесинин, билимдүүлүгүнүн ж.б.у.с деңгээли боюнча.

Коомдун курамын терең ачып берүү лекторго анын курамынын экинчи элементи – коомдук мамилелерди кароого шарт түзөт.

Коомдук мамилелер – бул коомду түзүүчү белгилүү байланыш, субөекттер ортосундагы көз карандылык. Студенттерге мамилелер адамдарды коомго бириктирип, анын кээ бир элементтерин монолитке

айландыруучу  цменттөөчү материал катары эсептелеерин түшүндүрүү зарыл.  Социалдык мамилелер канчалык ар түрдүү болсо, коом ошончолук жогорку өнүккөн болуп саналат.

Лектор студенттердин көңүлүн  коомдун жашоо ишмердүүлүгүнүн чөйрөсүнөн көз каранды болуусунда экономикалык, саясий, идеологиялык, социалдык, диний жана башка мамилелер бөлүнүп чыгат. Субөекттерден көз каранды болуу менен алардын ортосунда үй-бүлөлүк (үй-бүлөлүк-турмуштук), уруктук, таптык, улуттук, мамлекет аралык жана башка мамилелер да бар.

Коомдун курамынын үчүнчү элементи – социалдык институттар. Социалдык институт  коомдук жашоонун уюшулуусунун жана тескөөсүнүн тарыхый калыптанган формаларын камтып турат.

Студенттерге заманбап социалдык философияда социалдык институттар коомдук социалдык курамына ылайык келген ар кыл уюшуулар, мекемелер катары каралаарын түшүндүрүү зарыл.

Коомдук мамилелердин чөйрөсүнө көз каранды болуу менен эреже катары, социалдык институттардын төмөнкү топторун бөлүп көрсөтүшөт: 1) экономикалык (материалдык жыргалчылыктардын өндүрүшү, эмгек бөлүштүрүү, жеке менчик ж.б.); 2) саясий (мамлекет, партиялар, полиция, армия); 3) укуктук (мыйзам чыгаруучу жана сот органдары, укук колдонуу, укуктук тарбия  институттары); 4) маданий (маданий баалуулуктарды түзүшкөн илимий, көркөм бирикмелер); 5) диний; 6) стратификация институту (өңүттөрдү жана адамзат ресурстарын бөлүштүрүү); 7) урук-тууугандык, нике, үй-бүлө ж.б. институттары.

Андан ары лектор студенттерге ишмердүүлүк эмне экендигин түшүндүрөт.

Лектор  белгилегендей, ишмердүүлүк маселеси көптөгөн ойчулдардын жана философордункылдат көңүл буруууларынын предмети болгон. Социалдык ишмердүүлүктү изилдөөдө философтор И.Кант, Г.Гегель, И.Г.Фихте, К.Маркс, М.Вебер, Толкот Парсонс ж.б.олуттуу салымдарын кошушкан. Алардын көз караштарын санап чыгуудан кийин лектор ишмердүүлүкө аныктама берет. Демек, ишмердүүлүктү курчап турган дүйнөгө болгон активдүү мамиленин адамзаттык формасы катары аныктоого болот,  анын мазмуну  болуп аны адамдардын кызыкчылыгында максаттуу кайра түзүү эсептелет.

Студенттерге  татаал өздүк тескөөчү система катары коом  бир канча подсистемага же чөйрөгө ээ экендигин кылдат түшүндүрүү абзел. Коомдук жашоонун негизги чөйрөлөрүнө  экономикалык (материалдык), рухий, саясий (башкаруучулук), социалдык (аталган сөздүн  тар маанисинде), же

гуманитардык чөйрө таандык, аларда ишмердүүлүк калкты тейлөө боюнча жүзөгө ашырылат. Лектор коомдук жашоонун аталган чөйрөлөрүнүн ар биринин өзгөчөлүктөрүн жана функцияларын карайт.

Лектор студенттердин көңүлүн коомдун өнүгүүсү жана анын негизги чөйрөлөрүнүн функцияланышуусу белгилүү бир мыйзамдар менен болооруна бурат. Социалдык мыйзам – бул процесстер менен көрүнүштөрдүн ортосундагы өнүгүүсүн аныктаган коомдун жашоосунун ар кыл чөйрөлөрүндөгү жалпы, объективдүү, зарыл, олуттуу, туруктуу кайталануучу байланыштар.

Социалдык мыйзамдарды изилдөө алардын классификациясын да боолголойт. Коомдун мыйзамдарынын классификациясы эреже катары бир канча критерийлер боюнча жүзөгө ашырылат.

Иш алып баруу чөйрөсү боюнча: а) курамдын, функцияланышуунун, өнүгүүнүн мыйзамдары; б) коомдун жашоосунун кээ бир чөйрөлөрүнүн мыйзамдары – экономикалык, саясий, социалдык ж.б.у.с.

Убакыттык белгилери боюнча: а) жалпы тарыхый (жалпы мыйзамдар) – бул тарыхый мезгилге тараган жана коомдун жашоосунун бардык чөйрөлөрүн бир бүтүндүкө бириктиришкен мыйзамдар; б) спецификалык мыйзамдар – анын өнүгүүсүнүн белгилүү этаптарына таралышкан коомдун мыйзамдары.

Коомдук жашоодогу орду боюнча: а) коомдук жашоодо чечүүчү ролду ойношкон негизги мыйзамдар; б) коомдук өнүгүүдөгү экинчилик мааниге ээ болушкан негизги эмес мыйзамдар.

Лектор төмөнкүдөй жыйынтыктарды чыгарат:

Коом, объективдүү реалдуулуктун подсистемасы болуу менен олуттуу түрдө биологиялык жана социалдык сыяктуу эле башка табияттык системалардын айырмаланып турат.

Коомдун курамы өзүнө көптөгөн ар түрдүү элементтерди камтып турат, алардын ичинде негизгилери болуп: коомдун субөектилери (киши, адамдар жана алардын бирикмелери), адамдар ортосундагы карым-катнаштар, социалдык институттар жана ишмердүүлүк.

Коомдук жашоонун негизги чөйрөлөрүнө экономикалык, рухий, саясий жана социалдык чөйрөлөр таандык. Коомдук жашоонун аталган бардык чөйрөлөрү бири-бири менен байланыштуу жана аларды биримдикте кароо зарыл.

Методикалык көз караште коомдун өнүгүүсү анын өзгөрүүсүнүн жана өнүгүүсүнүн көз караштарында төмөнкү суроолорго жооп издөөнү боолголойт: коомдун өнүгүүсүнүн кыймылдаткыч күчтөрү жана факторлору

кандай; социалдык өнүгүүнүн негизги формалары кайсылар; коом менен социалдык процесстер кандай динамикада өнүгүшөт.

Окутуучу биринчи болуп социалдык философияда коомдун өнүгүүсүнүн кыймылдаткыч күчү деп анын өнүгүүсүн камсыз кылган олуттуу, зарыл, узак иш алып баруучу факторлорду түшүнүшөөрүн белгилөө зарыл.

Окутуучу студенттерге аталган маселе боюнча философтордун арасында бир жеке көз караштын жоктугун маалымдайт. Натуралистик концепциянын жактоочулары коомдун өнүгүүсүн социалдык жашоонун табияттык негиздери, климаттык, биологиялык жана ал тургай космостук факторлордун өзгөрүүсү менен байланыштырышкан (Шарль Луи Монтескье, Владимир Вернадский, Лев Гумилев). Марксистик социологиялык теориянын жолун жолдоочулар жана философ-технократтар (Уолт Ростоу, Збигнев Бжезинский ж.б.) коомдук өнүгүүдөгү аныктоочу ролду материалдык өндүрүшкө, техника менен технологиялардын прогрессине калтырат. Кээ бир философтор социалдык өнүгүү процессин маданий жашоодогу, рухий баалуулуктар системасындагы өзгөрүүлөр менен байланыштырышкан (Огюст Конт, Питирим Сорокин ж.б.).

Көпчүлүк учурлардагыдай, чындык орто жеринде жайгашкан. Студенттерге бардык саналган факторлор коомдун өнүгүүсүнө таасирин тийгизеерин түшүндүрүү зарыл. Анын үстүнө экономикалык, рухий жана табияттык факторлор тыгыз байланышып, бири-биринен көз карандысыз каралат.

Лектор коомдук өнүгүүнүн теориясында маанилүү орунду коомдун бир абалдан экинчисине өтүү формаларын аныктоо менен байланышкан маселелер ээлеп турат. Эреже катары, аталган өтүүчүлүк ревлюциялык же эволюциялык жол менен реформанын жардамы аркасында жүзөгө ашырылат. Лектор революция менен эволюциянын төмөнкү аныктамаларын берет.

Революция – бул коом менен мамлекеттин бир сапаттык абалдан экинчисине, бир коомдук-саясий түзүлүштөн башкасына секирик формасындагы өтүүсү, ал эми эволюция (аталган сөздүн тар маанисинде) - коомдо же анын подсистемаларындагы (экономикалык, саясий, социалдык ж.б.) үзгүлтүксүздүк, акырындык менен топтолгон сандык өзгөрүүлөр процесси.

Андан ары лектордун милдети – социалдык революциянын мазмунун ачып берүү. Марксизмге ылайык, социалдык революциялар коомдук жашоодогу мыйзам ченемдүү көрүнүштөдөн болуп эсептелет, андыктан алар «революциянын локомотиви» ролун аткарышат.

Окутуучу бардык эле философтор мындай баа берүү менен макул боло беришпейт. Мисалы, Арнольд Тойнби социалдык революцияны цивилизациянын кулашынын симптому жана коомдун өнүгүүсүнүн артка тартуусу деп эсептеген. Ушундай эле көз караште Николай Бердяев менен Владимир Соловьев болушуп, революция социалдык иш-аракеттин формасы катары эффективдүү эмес жана бардык жагынан өнүгүүнүн эволюциялык формаларына орун бошотуп берет депе эсептешкен.

Студенттерге социалдык системалардын динамикасын изилдөөгө олуттуу салымын Топкотт Парсонс кошкондугун айта кетүү зарыл. Социалдык өзгөрүү маселесин кароо менен ал классикалык кибернетика аркылуу иштелип чыккан системалык анализдин принциптерине таянат.

Өзгөрүүнүн экинчи тиби Т.Парсонстун пикиринде – ал кырдаал катары түшүнгөн курамдын өзгөрүүсү, системага сырттан же ичтен болгон кысым ушунчалык кубаттуу болгондугун анын жоголгон тең салмактуулукту жандандырууга жөндөмсүз болуп калат.

Социалдык системалардын өздүк уюшулуу концепциясынын пайда болуусу модерн мезгилиндеги кээ бир ыкмаларды, б.а. «классикалык» социалдык-философиялык ойломду тактоого шарт түздү. Анын ичинде постмодерндин өкүлдөрү эсептегендей, социалдык система реалдуу тарыхый процессте социалдык мейкиндиктин курамдарынын иреттүүлүгүнө, коомдук күчтөрдүн, социалдык институттардын балансына, коомдун өтмөк абалы аркылуу өткөн социалдык коммуникациянын мүнөзүн эсептешет.

Социалдык процесстердин динамикасынын маңызын ачып берген социалдык системалардын өздүк уюшулуу концепциясынын маанилүү категорияларына диссипативдик курам, баш-аламандык, туруксуздук, аттракторлор, бифуркация жана башкалар таандык.

Андан ары лектор Г.Хакен жана И.Пригожин сыяктуу синтергетиканын өкүлдөрүнө кыскача токтоло кетүүсү зарыл. Диссипативдик курамдардын пайда болуу эрежеси И.Пригожин менен Г.Стенгерстин «Баш-аламандыктан иреттүүлүк» («Порядок из хаоса») китебинде берилген. И.Пригожиндин «туруксуздук стабилдүү жана динамикалуу өнүгүүнүн шарты катары кызмат кылат деген пикири менен макул болууга туура келет. Тең салмактуулуктан алыс системалар гана өзүн жана өнүгүүсүн спонатандуу уюштурууга жөндөмдүү келишет. Ашыкча эле туруксуздук бардык эле системага таандык эмес, болгону өздүк өнүгүүнүн камсыз кылган бөлүктө локалдашкан деп боолголонот[6]. Аталган бардык маалыматтар студенттерге коомдун өнүгүүсүндөгү синергетиканын ролун

[6] Князева Е.Н., Курдюмов С.П. Синергетика как новое мировидение: Диалы с И.Пригожиным // Вопросы философии. 1992, №1,2. –С.9.

жана социалдык процесстердин динамикасын терең түшүнүүгө мүмкүндүк берет.

Лекцияны аяктоо менен лектор төмөнкүдөй жыйынтыктарды келтирет:

1. Коом кеңири маанисинде – бул негизи катары адамзат эмгеги, коомдук өндүрүш эсептелген адамдардын жашоо ишмердүүлүгүнүн тарыхый өнүккөн формасын камтып турган материалдык дүйнөнүн табияттан оолактатылган бир бөлүгү. Тар маанисинде – бул адамзат тарыхынын белгилүү бир мезгили.

2. Коом өзүнө бүтүн социалдык организмди пайда кылуучу социалдык обөекттер менен субөекттердин, алардын касиеттери менен мамилелеринин жыйындысын камтып турган объективдүү реалдуулуктун бирден-бир татаал белгилүү системасын камтып турат.

3. Объективдүү реалдуулуктун бирден-бир элементи катары коом анын өнүгүүсүнүн бардык жалпы мыйзам ченемдүүлүктөрүнө баш ийет. Бул бир жагынан. Ал эми экинчи жагынан – бул өзүнүн жеке мыйзам ченемдүүлүктөрүнө ээ болгон реалдуулуктун өзгөчө спецификалык бөлүгү. Демек, коомду, коомдук көрүнүштөрдү таанып билүү өз спецификасына ээ болот.

## 18-тема. Адам философиялык анализдин предмети катары.

Аталган тема боюнча лекциянын планын төмөндөгүдөй сунуштоого болот:

1. Философиянын тарыхындагы адам маселеси.
2. Адамдын жана анын жашоосунун маңызы.

«Адам философиялык анализдин предмети катары» темасы боюнча лекцияга даярдык көрүүгө жана окууга киришүү менен эске ала кетүүчү нерсе, адам маселеси философиянын «түбөлүктүү» маселелеринин катарына кирет. Адамдын маңызына болгон ар кыл чечмелеништерди биз бардык олуттуу философиялык чыгармаларда кезиктиребиз.

Киришүү сөзүндө окутуучу адам маселеси абдан кеңири жана татаал экендигин баса белгилөөсү зарыл, аталган бөлүмдө көңүлдү ал философиялык ойломдун тарыхында кандайча коюлгандыгына жана чечилгендигине буруп, адамдын «маңызы» категориясын, анын социалдашуусун, адам жашоосунун маңызын карайбыз.

Лектор өзүнүн лекциясын бир байыркы акылман адам үчүн өзүнөн башка кыйла кызыктуу обөкет жок деп айткан маанилүү учурунан баштайт.

Адам деген ким? Бир караганда, аталган процесс күлкүнү келтириши ыктымал, адам деген ким экенин кимдер билбейт! Бирок аталган көз караш терең жаңылыштык. Адам табияттын, коомдун жана жеке өзүнүн татаал жаралышы болуп эсептелет. Ошондуктан аны генетика, физиология, медицина, психология, социология, антропология жана башка көптөгөн илимдер изилдешет. Бүгүнкү саналган илимдер комплекстик коом таануу системасына биригишкен. Аталган системада көрүнүктүү орунду философия ээлеп турат. Ошондой эле атайын дисциплина – адам туурасындагы окуу философиялык антропология калыптанган. Лектор студенттерге адамды философиялык түшүнүү маселелерин талкуулоого дүйнөнүн 70 өлкөсүнөн дээрлик 2 миң окумуштууну чогулткан Брайтон (Англия) шаарында 1988-жылдын ортосунда болгон XVIII-Бүткүл дүйнөлүк философиялык конгресс арналган.

Студенттерге комплекстик коом таанууда философия, биринчиден, дүйнөгө көз караштык функцияны аткарып, б.а. адамдын табияты (маңызы), анын келип чыгуусу, жашоосунун маңызы, тагдыры, ээлеген орду, анын эркиндигинин жана чыгармычылыгынын мүмкүнчүлүктөрү менен чектери туурасындагы нукура философиялык маселелерди жалпыласа, экинчиден, методологиялык функцияны аткаруу менен адамды изилдөөнүн жана өркүндөтүүнүн оптималдуу стратегиясын түзөт.

Лектор студенттердин көңүлүн адамды таанып билүү тарыхы аталган маселенин татаалдыгы жана карама-каршылыктуулугу туурасында маалымат берип тураарына буруусу зарыл. Ар бир философиялык концепция (белгилүү бир мүчүлүштүктөргө жана тарыхый чектелүүлүкө карабастан) жаңы чектерди кошуп, адамды таануудагы жаңы чектерди ачып берди.

Андан ары лектор тарыхый-логикалык экскурс жасоосу зарыл.

Байыркы Грециянын философиясында адамды түшүнүүдө космологизм үстөмдүк кылган. Милет мектебинин философтору эсептегендей: адам өзүнө стихиялардын, космостун негизги элементтерин камтып турат. Демокрит Аалам кандай ченемде макрокосм болуп эсептелсе, адам дагы ошондой эле ченемде микрокосм болуп саналат деп баса белгилеген. Протагордун артынан софистер «Адам – бардык заттардын ченеми» деген тезисти жарыялашкан. Софистердин артынан эле адам маселесин Сократ иштеп чыккан. Ал аны өзүнүн философиясынын борборуна койгон. Сократтын урааны болуп «Адам, өзүңдү өзүң таанып бил!» эсептелет.

Сократтын окуучусу Платон адамда өлбөс жанды (түбөлүктүү жана идеалдуу дүйнөнүн көрүнүшү) жанды жана денени (убакыттык жана ызы-чуулуктун көрүнүшү) бөлүп көрсөткөн.

Адам табиятын Аристотель башкача түшүнгөн, б.а. аны «саясий жаныбар» катары караган, дүйнөлүк иеархиянын туу чокусу: бир жагынан, ал ич ара табият менен байланышкан, ал эми экинчи жагынан – ага карама-каршы турат, андыктан анда жан – адамзат денесинин себеби жана башталышы бар.

Европалык орто кылымдык философия христиандык салттарга таянуу менен адамзат пайда болуусунун диний-моралдык маселелерин биринчи планга коюуп, Кудай менен адамдын ортосундагы карым-катнаш маселелерин иштеп чыккан. Инсан түшүнүгү Августин Блаженный тарабынан киргизилген. Ал баса белгилегендей, Кудайдын өзү инсан, Демек, жаратуучунун образы жана келбети менен жаратылган адам да инсан болуп эсептелет.

Кайра Жаралуу доорунун уникалдуулугу  адамдын жердеги өнүгүүсүнүн чектелүүсүнүн кандайдыр-бир принцптерин четке кагуусунда турат. Кудай  адамзат жашоосунун перифериясына жайгашкан. Адам андан кутулуп, азыр өзүнө өзү ишенет.

Жаңы мезгилдин философиясы  адамдагы нукура адамкерчилик катары анын бардык адамзаттын өкүлү катары эсептешинде турат, ошондуктан анын жалпы табиятына, социалдык маңызына, универсалдуулугуна ж.б.у.с. көңүл бурулган. Алсак, XVII-к.жаңы европалык философия акыл-эске адамдын спецификалык өзгөчөлүктөрү катары өзгөчө көңүл бурушкан. Мисалы, Рене Декарт адамдын маңызын анын ойлому менен байланыштырган: «Ойлонуп жатам, демек жашап жатам».  Адам маселесине Жаңы мезгилдин философтору Бенедикт Спиноза, Томас Гоббс, Дени Дидро, Клод Гельвеций, Жюльен Ламетри  көп көңүл бурушкан.

Немец классикалык философиясы үчүн  аныктоочу катары рухий ишмердүүлүктүн субөектиси катары адам туурасындагы элестөө эсептелет, ал маданият дүйнөсүн түзүп жалпы идеалдык башталыштын, рухтун, акыл-эстин алып жүрүүчүсү болуп эсептелет. Иммануил Кант адам табиятынын моралдык мүнөзүн, Иоганн Фихте – адам жашосундагы ишмердүүлүктүн ролун, Георг Гегель –рухийликти, Людвиг Фейербах – жакынга болгон сүйүүнү баса белгилешкен. Людвиг Фейербах адамды табигый жандык, табияттык өздүк өнүгүүнүн жогорку баскычы катары караган. Ал адам туурасында конкреттүү тарыхый адам жөнүндө эмес, өзгөрүлгүс, абсолюттуу катары айткан.

Адамды марксистик түшүнүүнүн баштапкы пункту болуп анын коомдон туунду катары чечмелениши эсептелет, ал – коомдук-тажрыйбалык ишмердүүлүктүн продуктусу жана субөектиси. Адамдын маңызы катары Карл Маркс бардык коомдук мамилелердин жыйындысын эсептеген.

Марксизмге социалдыктагы биологиялыктын трансформациялануу механизмин анализдеген адамдын пайда болуусунун эмгектик теориясы таандык.

Олуттуу түрдө белгилей кетүүчү нерсе, XX-к. башталышында философияда өзгөчө бир антропологиялык бурулуш жүзөгө ашырылган – адам маселеси дээрлик бардык философиялык багыттардын ажырагыс бөлүгү болуп калган. Адамдын көптөгөн концепциялары пайда болду. Адамдагы нукура адамзаттык деп эсептөөсүнө карабастан, аларды шарттуу түрдө үч топко бириктиришкен.

Биринчи топ – биологизатордук концепциялар. Аталган концепциянын үстөмдүк кылуучу чеги болуп табигый жандык катарындагы адам туурасындагы элестөө эсептелет, жашоо жана жүрүм-турум, индивидуалдуу жана коомдук сапаттар, рухий сапаттар табияттык (биологиялык) факторлор менен шартталышкан. Мындай концепцияларга психологизм, натурализм, волюнтаризм, натуралистик дуализм таандык.

*Психологизм* - бул жерде адамдын психологиялык табияты кыйла апыртылган (А.Щюц);

*Натурализм* - адамдын маңызын табияттын мыйзамдары (климаттык шарттар, географиялык чөйрө, биологиялык жана рассалык өзгөчөлүктөр) менен түшүндүрүүгө аракет кылышкан.

*Волюнтаризм* – адамзат болмушунун башаты катары эркти жарыялайт. Фридрих Ницше адамдын маңызы «бийлике болгон эркте» турат деген.

*Натуралистик дуализм* - буга диний окуу таандык, ага ылайык адам пайда болуусун эки башка– материалдык жана рухий дүйнөдө камсыз кылган деңгээлдерден турат.

Экинчи топ – социологизатордук концепциялар. Алар адамзат пайда болуусунун биологиялык факторлорун четке каккан, анда жүрүм-турумдун өзгөчөлүктөрүнө, интеллектке, чыгармачылык жөндөмдүүлүктөргө, адамдын социалдык ориентациясына эч кандай таасиринин тийгизбеген социалдык жашоонун өбөлгөлөрүнө гана роль таандык. Мындай концепцияларга төмөнкүлөр таандык:

*Конвенционализм*. Конвенционализмдин элементтери илимдин философиясына же позитивдик философияга таандык. Анын жактоочулары К.Поппер, Т.Кун, Имре Лакатос, Пауль Фейерабенд ж.б. эсептегендей, бардык илимдер белгилүү бир конвенционалдык б.а. белгилүү макулдашуучулук, окумуштуулар ортосундагы келишимдик мүнөзгө ээ. Бул адам туурасындагы илимге тийиштүү.

*Социологизм.* Бул вульгардык-материалистик концепция. Ал мурункулар сыяктуу эле адамдын табияттык негизин четке кагат. Аталган

концепциянын өкүлдөрү анын «надсоциалдык», рухий маңызын байкашпайт. Адамдын өркүндөшү коомдун өркүндөшүнөн да көз каранды.

*Панлогизм*. Аталган концепциянын жактоочулары эсептегендей, дүйнөлүк логика же акыл-эс пайда болот. Адам - бул дүйнөлүк акыл-эстин турмушка ашыруу каражаты.

*Социологиялык дуализм*. Заманбап антропологияда социологиялык дуализмдин варианты болуп Зигмунд Фрейддин окуусу эсептелет. Адамзат психикасын ал мазмунуна бейаңдык (эффективдик көз караштар чөйрөсү) аң-сезимдин алдындагы (аң-сезимге жеткиликтүү болбогон нерсени тандап алып өткөргөн «цензура» функцияларын аткарат) жана аң-сезимдик (өзү жана сырткы чөйрө туурасындагы билимдер чөйрөсү) кирген татаал көрүнүш катары караган.

Андан ары лектор адамдын заманбап концепцияларынын үчүнчү тобу – спиртуализмди (латынчадан Spiritualis- рухий) кароого өтөт. Ал өзүндө адамдын маңызынын негизинде анын ички рухий дүйнөсү жаткан көз караштарды бириктирет. Аталган топко төмөнкү агымдар таандык:

*Субөективдик антропологизм*. Анын формалары абдан эле жекелике ээ. Алардын ичинен эң таасирлүүсү болуп экзистенциализм (К.Ясперс, М.Хайдеггер, Ж.П.Сартр, А.Камю, Г.Марсель) эсептелет. Экзистенциализмдин өкүлдөрү эсептегендей, берилген адамзат табияты жок, аталган индивидден сырткары эч кандай сырткы күч ал үчүн адамга айландырууну жүзөгө ашыра албайт. Индивиддин эркин тандоосу – бул анын тагдыры, жоопкерчилиги жана кайгысы.

*Антропологиялык материализм* сезимдүүлүкө аппеляциялайт. Адам - сезимдер, акыл-эс жана эрк таандык болгон универсалдуу жандык. Антропологизм адамга болгон тарыхый көз карашты багындыра албайт, ошондуктан ал абстрактуу мүнөзгө ээ.

*Диний антропологизм*. Анын маңызы төмөнкү жободо катылып жатат. Адам – эгиз жандык: ал бул же тигил аркылуу да толук аныкталбайт.

*Спиритуалистик дуализм*. Аталган концепция адамды космостук түшүнүктө чечмелейт. Адам - космостук эволюциянын каражаты, дүйнөлүк агымдардын кесилишүү чекити. Космостук эволюция, өз кезегинде Кудайдын кылганы менен гана функциялайт жана ошол эле мезгилде Кудай космостук эволюциянын учуру гана болуп эсептелет.

Адамдын заманбап концепциясынын мазмуну мына ушундайча. Алар өзүлөрүнө позитивдик эле эмес, негативдик учурларды да камтып турат.

Окутуучу адамдын пайда болуусуна байланыштуу диний, космостук,эволюциялык гипотезаларды бөлүп көрсөтүшүүлөрүн белгилейт.

Адамдын пайда болуусунун *диний (теологиялык) гипотезасы* Кудайдын дүйнөнү жана адамды жаратуусу туурасындагы библиялык тарыхына негизделген.

Адамдын пайда болуусунун *космостук гипотезасы* Жердеги жашоо Космостон, анын ичинде анын цивилизациялык көрүнүштөрүнөн алынып келинген деген боолголодо негизделген. Өнүгүү деңгээли космостук мейкиндикти жана убакытты багындыру+уга мүмкүндүк берген өнүгүү деңгээлинин жерден тышкаркы цивилизацияларынын пайда болуусу туурасындагы божомолдор бар. Алар Жерде болушуп, өзүнүн өкүлдөрүн калтырышып, акырындык менен жердеги жашоочуларга айланышып, азыркы цивилизациялык өнүгүүгө жетишти.

Жашоонун жана адамдын пайда болуусунун эволюциялык гипотезасы XIX-кылымдын экинчи жарымында пайда болгон. Адегенде Чарльз Дарвин (1809-1882) табигый тандоо теориясын түзүү менен адамдын биологиялык тарыхын баяндоону сунуш кылган. Андан кийин Льюис Морган (1818-1881) адамзат коомунун жана адамды коомдук жандык катары калыптануусунун процессин изилдеген.

Аталган изилдөөлөрдүн негизинде Фридрих Энгельс (1820-1895) адам менен коомдун пайда болуу теориясын алып чыккан. Ал аталган процессте чечүүчү ролду максаттуу ишмердүүлүк катары эмгек ойнойт. Эмгек бирдиктүү ишмердүүлүк болуу менен баарлашуунун, эмгектик жана социалдык тажрыйбаны өткөрүп берүүдөгү каражат катары эсептелген тилдин ар кыл түрлөрүнүн пайда болуусун жана өнүгүүсүн шарттаган. Эмгек ишмердүүлүгүнүн жардамы аркасында өндүрүштүк мамилелер калыптанган. Адамдар биргишпей туруп материалдык жыргалчылыктарды жарата алышпайт. Ошентип адамзат коому калыптанган.

Адамдын маңызын ачып берүү менен лектор дегеле «маңыз» деген эмне экендигин эске сала кетүүсү зарыл. Андан ары ал белгилегендей, «маңыз» категориясы «көрүнүш» категориясы менен жакындашат. Экөө тең реалдуулуктун таанымынын кыймылынын эки ар башка, бирок ич ара байланышкан тараптарынын учурларын, деңгээлдерин билдирип турат. «Көрүнүш» категориясы таанымга жандуу байкоо жүргүзүү формасында берилген предметтин сырткы касиеттерин, процесстерин, байланыштарын чагылдырат. «Маңыз» категориясы предметтеги башкы, негизги аныктоочуну билдирет - ал өнүгүүнүн терең, зарыл, ички байланыштары жана тенденциялары менен шартталып, теоретикалык ойломдун деңгээлинде таанылып билинет. Маңыз дайыма көз карандысыз кабыл алуудан жашынган көрүнүштөрдүн ички маңызы катары кызмат кылат.

Маңыз бир тараптуу эмес. Таанымдын тереңдигине байланыштуу ал биринчи, экинчи деңгээлдерде боло алат ж.б.у.с. Бул жобо адамдын маңызын анализдөөдө да колдонулат. Анын тааным процесси көрүнүштөн, б.а. конкреттүү индивиддердин сезимдик кабыл алуусунан, адамдардын реалдуу жашоо ишмердүүлүгүнөн башталат. Андан ары алардын пайда болуусу жана өнүгүүсү, б.а. маңызы аныктаган жалпы, бирдиктүү таанылат.

Лектор студенттерге адамда шарттуу түрдө беш деңгээлди бөлүп көрсөтүшөөрүн айтып берет. Аларды карайбыз. Нукура биологиялык болуп эсептелген жаныбарлардын муктаждыктары сокур сезимдердин жана шарттуу рефлекстердин негизинде пайда болушуп, табият аркылуу даяр түрүндө берилген предметтерге каниет кылышат. Ал эми адамдардын муктаждыктарынын пайда болуусу жана аларды канаттандыруусу кыйла татаал мүнөзгө ээ. Аң-сезимдин жардамы менен адам муктаждыктын обөектисин «көрсөтөт». Адам максаттуу түрдө дүйнөнү өзгөртүп, болгон бардык маданияттын формаларын өздөштүрүп, өнүктүрөт.

Муктаждык жана ишмердүүлүк – бул адамды жандуу дүйнө менен жакындатуучу. Адамдын маңызы биринчи тартиптеги маңыз катары ушунун өзүндө турат. Адам жандуу жандык, табияттын бир бөлүгү катары өзүнүн муктаждыктарын табияттык чөйрөнүн эсебинен канаттандырат.

Адам - ишмердүү жандык, анткени ал пайда болуу үчүн каражаттарды жасайт, бул болсо анын башкаларга салыштырмалуу кыйла жогорку деңгээлдеги жандык катары мүнөздөйт. Ошондуктан адамдын экинчи деңгээлдеги маңызы эмгек куралдарына болгон турмуштук муктаждыктарды ишмердүүлүк аркылуу эмгек катары гана канаттандырууга болоорунда турат. Экинчи деңгээлдеги адамдын маңызында адам - ишмердүү жандык экендигине көңүл бурулат, анткени ал пайда болуунун каражаттарын өндүрөт.

Коомдук мамилелердин пайда болуусу жана өнүгүүсү адамдын калыптануусуна таасирин тийгизет. Ал эми бул адамдын калыптануусу тереңдеп, экинчи деңгээлдеги маңыздан үчүнчү деңгээлге жылат деп эсептөөгө укук берет. Шарттуу түрдө аталган процессти мындайча калыптандырууга болот: эмгек куралына жана ишмердүүлүк иретиндеги эмгеке болгон турмуштук муктаждык коомдук мамилелердеги муктаждыкты жана аларды өндүрүүдөгү ишмердүүлүктү шарттап турат. Ушуга байланыштуу адам – өзү сымал жандыктар менен баарлашкан коомдук жандык.

Төртүнчү деңгээлдеги адамдын маңызы анын жашоо ишмердүүлүгү индивиддин дүйнөгө, өзүнө болгон мамилесин аңдап билүүгө, өзүнүн пайда болуусун камсыз кылуу үчүн дүйнөнү таанууну жана өзгөртүүнү аңдап

билүүгө багытталган аң-сезимдүү, максаттуу ишмердүүлүк процесси болуп эсептелет. Төртүнчү деңгээлдеги адамдын маңызында адам – өзүнүн болмушуна аң-сезимдүү мамиле кылып, дүйнөнү таанып билген, ой жүгүртүүчү жандык катары көңүл бурулат.

Бешинчи деңгээлдеги адамдын маңызы анын жашоо ишмердүүлүгү курчап турган чөйрөгө жана адамдын жеке өзүнө өз жашоосун камсыз кылуу үчүн эркин чыгармачыл таасир тийгизүү процесси болуп эсептелет.

Ошентип, биз адамдын маңызында беш деңгээлди карадык деп белгилейт лектор. Алар жеке өз ара байланышкан процесстердин ар кыл тараптарын камтып турушат. Лектор адамдын төмөнкүдөй аныктамасын берет:

*Адам – белгилүү бир муктаждыктарга ээ болгон, аларды өндүрүш процессинде баарлашуунун жана жөндөмдүүлүгүнүн жардамы аркасында дүйнөнү, өзүн аң-сезимдүү, максаттуу өзгөртө алган жандуу жандык.* Адамдын жашоо ишмердүүлүгүнүн социалдык шарттардан көз карандылыгы жашоодо кызыкчылык (латынчадан Interest – мааниге ээ болгон нерсе) феноменин пайда кылды. *Кызыкчылык – бул адамдын пайда болуунун жана өнүгүүнүн зарыл шарттарына болгон мамилелеринин ыкмасы, ал аталган шарттарды түзүү жана колдонуу аракетинде көрүнөт.*

Адамдардын табиятка жана жашоонун социалдык шарттарына болгон өз мамилелерин кызыкчылыктар аркылуу аңдап билүүсү максаттарда орун алган. *Максат – бул өз предметин тапкан адамдын идеалдашкан муктаждыгы; бул идеалдуу формада адамдын ишмердүүлүгүнүн натыйжасы божомолдонгон ишмердүүлүктүн предметинин субъективдүү образы.* Аталган маселеге болгон көрсөтмө каражат катары схеманы колдонсо болот.

Андан ары лектор белгилегендей, адамдын ой жүгүртүүсүнүн маанилүү аспектиси болуп анын түнт айлампа боюнча табияттык кыймылы: төрөлүү-жашоо-өлүмдү эске алуу эсептелет. Байыркы мезгилдерде эле адам аталган жашоонун түбөлүктүү айлампасына жетүүгө аракет кылган. Адамдын, дегеле жандуу организмдин төрөлүү, өнүгүү, зиректик, картайуу жана өлүм табияттык процессинин маңызы эмнеде турат?

Демек, *жашоонун маңызы эмнеде турат?*

Жогорку жыргалчылыктын мазмунунун көз карашында жашоонун маңызынын жалпылануусунун төмөнкүдөй типтерин бөлүп көрсөтүшөт: гедонизм, аскетизм, эвдемонизм, корпоративизм, прагматизм, перфекционализм, гуманизм.

Лектор гедонизмдин өкүлдөрү жашоонун максаты жана анын эң жогорку жыргалчылыгы катары ырахаттанууну эсептешээрин кыскача түшүндүрөт. Аскетизмдин өкүлдөрү, тескерисинче, жашоонун маңызын адамдын муктаждыктарынын чектелүүсүнөн, анын моралдык жана диний идеалга жетүү максатында турмуштук жыргалчылыктар менен рахаттануулардан баш тартууларынан көрүшөт. Эвдемонизмдин негизинде жашоонун башкы максаты болгон адамдын бакытка умтулуусу турат. Корпоративизм жашоонун маңызын чектелген коомчулука таандык экендигин жана эң башкысы жеке кызыкчылыктар тураарын жарыялап топтук өзүмчүлдүктүн күнөөсүн моюнга алдырат. Прагматизм адамдын пайдага, жыргалчылыка болгон аракетин билдирет. Перфекционализм жашоонун маңызын жеке өздүк өркүндөө менен байланыштырат, эгерде ал башка адамдардын кызыкчылыктары менен жүзөгө ашырылган болсо дагы. Гуманизмдин өкүлдөрү өз күч-аракеттерин адамдын кадыр-баркын жана акыл-эсин, анын жер бетиндеги бакытка болгон укугун, эркин жүрүшүн, табияттык адамзаттык сезимдерин жана жөндөмдүүлүктөрүн орнотууга багытташат.

Жашоонун маңызын жүзөгө ашыруу ишеними көз карашында оптимиз жана пессимизмди бөлүп көрсөтүшөт. Маңызы жок эч бир кырдаал болбосо керек, ал тургай өзүн өзү өлтүрүп жаткан адам да жашоонун болбосо да, өлүмдүн маңызына ишенет. Жашоо жана өлүм, сүйүү жан эгоцентризм, этика жана аморалдуулук, ой жүгүртүүчүлүк жана тантырактык, нигилизм жана өзүн курмандыка чалуу – булар адамзат болмушунун карама-каршы «абсолюттары».

Жашоонун маңызы маселесин чечүүнүн мындай варианттарын схематикалык жана кыйла шарттуу түрдө адамзат маданиятынын тарыхында аныктоого болот.

1. Жашоо маңызы жашоонун өзүнүн түпкүрүндө нукура пайда болот. аталган вариант үчүн жашоонун диний чечмелениши кыйла мүнөздүү.

2. Жашоо маңызы жашоонун чегинен сырткары турат. Аны «башка адамдар үчүн болгон жашоо» деп атоого болот. Адам үчүн жашоо эгерде ал үй-бүлөнүн, улуттун, коомдун кызыкчылыктары үчүн кызмат кылып, келечектеги муундардын бактысы үчүн жашаган болсо маанилүү болуп калат.

3. Жашоо маңызы субөекттин өзү менен түзүлөт. Аталган варианты «жашоо үчүн болгон жашоо» катары түшүнүүгө болот. Анын негиздөөчүсү болуп байыркы грек философу Эпикур эсептелет. Ал жашоонун өзүнөн рахат алып, турмуштук жыргалчылыктардан канаттанып, өлүмдү ойлобой жашоо үчүн жашаш керек деп эсептейт.

Окутуучу лекцияны аяктоо менен төмөнкүдөй корутундуларды келтирет:

1. Философиялык тааным гуманистик багыттуулука ээ, б.а. философиялык ой жүгүртүүлөрдүн башкы предмети катары адам, анын дүйнөдөгү пайда болуусу эсептелет. Бардык философиялык маселелер, алар кандай гана абстрактуу болушпасын баары бир адам маселеси менен байланышкан. Бекеринен И.Кант «Адам деген ким?» аттуу суроону философиянын негизги суроосу катары эсептеген эмес.

2. Адам – бул биосоциалдык биримдик, анда социалдык, биологиялык, рухий аркылуу өзүнүн көрүнүүсү адамзат биримдигинде турган, органикалык биримдикте, бирдиктүү иш-аракетте бирге пайда болушкан адамзаттык жүзөгө ашырылат.

3. Адам – бул өзүнүн ишмердүүлүгү менен процессинде анын маңызы калыптанган, өзгөргөн жана өнүккөн жеке тарыхын түзүүгө жөндөмдүү жандык, б.а. адамдын маңызы тарыхый жактан өзгөрүлбөгөн болуп эсептелбейт. Ал адамдын, адамзаттын өнүгүүсү менен бирге өнүгүп, өзүндө адамзаттык, маданияттын, соцалдык баалуулуктардын маңызын аккумуляциялайт.

4. Адам – өзүнүн өлүмүн аңдап билген жеке жандык. Ушуну менен жашоонун маңызы жана мазмуну туурасындагы маселе байланыштуу, ал көптөрү үчүн «жашоонун сызыгын» иштеп чыгуудагы баштапкы пункт болуп эсептелет.

## 19-тема. Инсан жана коом.

Аталган тема боюнча лекциянын планын төмөндөгүдөй түрдө берүүгө болот:

1. «Адам», «индивид», «индивидуалдуулук», «инсан» түшүнүктөрү жана алардын өз ара байланыштары.
2. Адам менен коомдун карым-катнаштарынын тарыхый типтери.
3. Инсан жана коом.

Киришүү сөздө окутуучу адамдын философиялык маселесинин курамдык бөлүгү болуп инсан жана анын коом менен болгон байланыштары маселеси эсептелет. Бул адам маселесин анын пайда болуусунун социалдык-саясий, экономикалык, маданий-маалыматтык шарттардан алыс кароого мүмкүн эместиги менен түшүндүрүлөт. Аталган лекцияда коомдун инсан менен коомдун инсандыгына болгон эки жактуу таасири каралат.

1. Көп кырлуу адамзат инсанынын бардык аспектилерин чагылдыруу үчүн ар кыл сапаттык мүнөздөмөлөр колдонулат. Булар «адам», «индивид», «индивидуалдуулук», «инсан» сыяктуу түшүнүктөр.

Аталган түшүнүктөрдү кыйла кененирээк карайбыз. Биологиялыктан (адам) социалдыка (инсан, индивидуалдуулук) болгон маңыздык көпүрө катары түшүнүк (латынчадан individuum – бөлүнгүс) эсептелет. Лектор студенттерге «индивид» деп, эреже катары,

конкреттүү адамды түшүнүүгө болоорун кылдат жеткирүүсү зарыл. Бардык адамзат уругуна таандык болгон жалпы чектер менен катар индивид өзүнүн өзгөчө сапаттарына ээ, алардын жардамы менен ал башкалардан айырмаланып турат. Алар: физикалык маалыматтар (бою, көзүнү, терисинин, чачынын түсү, денесинин түзүлүшүнүн өзгөчөлүктөрү), табияттык шыктары жана анын ойлому менен психикасынын өзгөчөлүктөрү (эс-тутумдун, элестөөсүнүн, темпераментинин, мүнөзүнүн касиеттери), о.э. спецификалык муктаждыктары менен кызыкчылыктары. Ушул өңүттө биз адамдын индивидуалдуулугу туурасында кеп кылабыз. Демек, индивид – бул кайталангыс индивидуалдуу сапаттары таандык адамзат уругунун жекече өкүлү.

«Индивид» түшүнүгү индивидуалдуулук түшүнүгү менен тыгыз байланышкан. Ал, эреже катары, аталган индивидди башкалардан айырмалаган инчандын касиеттеринин, жөндөмдүүлүктөрүнүн жана тажрыйбасынын жыйындысын түшүндүрөт. Инивидуалдуулукта ага өзүнө гана таандык нерселер бар. Мисалы, бир адам коомдогу белгилүү окуя туурасындагы кабарды токтоолук менен, экинчиси жылайуу менен, үчүнчүсү цинизм менен кабыл алат. Ошентип жекелиги менен мүнөздөлгөн индивидден айырмаланып индивидуалдуулук өзүнүн өзгөчөлүгү менен айырмаланат.

Адамдын коомдук касиеттеринин мүнөздөмөсүнүн кийинки ары жогорку деңгээли – инсан түшүнүгү. Инсан – бул рухий өнүгүүнүн эң жогорку даражасы. Социалдык олуттуу касиеттердин туруктуу жыйындысын камтып туруучу, индивидди дүйнөнү өздөштүрүүгө жана өзгөртүүгө жөндөмдүү уникалдуу субъективдүүлүк катары мүнөздөлгөн –бул адам. Башкача айтканда, ар бир инсан-адам, бирок бардык эле адамдар инсан боло бербейт.. Адамзат индивиди болуп төрөлөт, ал эми инсан болуп - калыптанат. Лекторго баса белгилей кетүүчү нерсе, маңызы адамдын биологиялык табиятынын негизинде калыптанган индивид менен индивидуалдуулуктан айырмаланып инсандын маңызы биринчи иретте, анын рухий жана социалдык сапаттарына таянат. Индивид эгерде коомдук

мамилелерде адамдар менен баарлашууда катышы болгон гана учурда инсан боло алат.

Инсандын физикалык түзүүчүсү - бул денелик касиеттерге жана өздүк туюп сезүүлөргө негизделген адамдын денелик уюшулушу же инсандын эң туруктуу учуру. Физикалык инсандын компоненттерине анын колу, о.э. интеллекти аркылуу түзүлгөн – турмуш-тиричиликтик асем буюмдар, коллекциялар, кол жазмалар, кат ж.б.у.с. таандык кылууга болот.

Инсандын социалдык курамы адамдардын баарлашуу процессинде эне менен баланын баарлашуусунун баштапкы формасынан баштап калыптанат. Маңызы боюнча, ал адамдардын социалдык ролдорун ар кыл топтордо системага келтирет, анын бөлүгү катары өзү эсептелет. Америкалык социолог Толкотт Парсонстун социалдык ролдорунун теориясы бар. Аталган теорияга ылайык ар бир инсан мамилелер системасында белгилүү бир ролду ойнойт, алсак, атанын, жетекчинин, уулдун, күйөөнүн ж.б.у.с. Кесиптик жана коомдук ишмердүүлүктөгү өздүк бекилүүнүн бардык формалары достукта, сүйүүдө, атаандаштыкта инсандын социалдык курамын калыптандырат.

Инсандын рухий түзүүчүсү өзүнө адамдын инсандыгынын бардык курамы топтолгон биздин «Мендин» көрүнгүс өзөгүн, ядросун камтып турат. Бул инсандын белгилүү бир баалуулуктарга жана идеалдарга болгон аракеттерди чагылдырган ички, рухий абалдар.

Инсандын аталган компоненттери бүтүн системаны түзүшөт жана аталган компоненттердин ар бири адамдын жашоосунун ар кыл этаптарында үстөмдүк кылуучу мааниге ээ.

Лектор инсандын калыптануусуна олуттуу таасирин тийгизген дагы бир фактор болуп социалдык чөйрө эсептелээрин белгилөөсү зарыл.

Социалдык чөйрө – бул адамдын жашоо ишмердүүлүгү болуп өткөн экономикалык, саясий, рухий, маалыматтык шарттардын жыйындысы – бул коомдун, анын социалдык курамынын өзү эле эмес, инсандын өнүгүүсүнө таасир тийгизген жана анын рухий дүйнөсүнүн өзгөчөлүгүн калыптандырган үй-бүлө, жамааттар, баарлашуу топтору (коңшулар, достор).

Андан ары лектор студенттерге инсан маселесин түшүүү үчүн маанилүү суроо болуп инсандын типологиясы эсептелээрин маалымдоосу зарыл. Негизи катары белгилүү критерийлер эсептелген типологияларды бөлүп көрсөтүүгө болот, алардын ичинде: инсандын социалдык ролдоруна ыктоочулук, социалдык факторлор, инсандын психоэнергетикалык сапаттары, коомдун цивилизациялык өзгөчөлүктөрү ж.б.

Немец философу жана психологу Эдуард Шпрангер (1882-1963) инсандын бир канча типтерин бөлүп көрсөткөн: теоретикалык, экономикалык (прагматикалык), эстетикалык, социалдык, саясий, диний.

*Инсандын саясий тиби* үстөмдүк кылууга, өзүнүн нормативдик талаасын же башка инсандарга көз караштарды түздөн-түз таңуулоо аркылуу жүзөгө ашырылган социалдык ролдорду бөлүштүрүүгө болгон аракеттерди символдоштурат.

*Инсандын эстетикалык тиби* ролдук эмес ишмердүүлүкө тартат. Баарлашуу ал үчүн – өзүн билдирүүчү каражат. Бирок эстетикалык инсандын индивидуализми белгилик -ролдук формага болгон жеке дүйнө туюмун бекитүүгө алып келет.

*Инсандын социалдык тиби* баарлашуу өзүн башкада аралаштыруусунун формасы болуп эсептелген көрсөтмөдө негизделет. Сүйүү - социалдык адамдын жашоосунун негизги формасы.

*Инсандын экономикалык тибин* бөлүп көрсөтүү үчүн негиз болуп анын прагматикалык багыты кызмат кылат, андыктан экономикалык инсан үчүн ролдук жүрүм-турум пайдага жетүүнүн зарыл шарты болуп эсептелет.

*Инсандын диний тиби* үчүн башкысы – абсолют, Кудай менен баралашуу, анда инсандын эки тиби активдүүлүгү жана баарлашуусу биригишет. Роль милдетке айланат.

Инандын теоретикалык тиби таанымга болгон сокур сезимди жүзөгө ашырат, ага шарттуу-ролдук ишмердүүлүк таандык эмес.

Россиялык изилдөөчү Леонид Жаровдун пикири боюнча инсандын бир канча ири социалдык типтерин бөлүп көрсөтүүгө болот: ишмерлер, ойчулдар, сезим адамдары, эмоциялар, гуманистер.

Андан ары лектор студенттердин көңүлүн инсандарды психоэнергетикалык түзүүчүлөрү катары критерийлер менен типологиялаштырат. Петр Ганнушкин (1875-1933) тарабынан сунушталган аталган типологияга ылайык төмөнкүдөй инсандык психотиптер бөлүнүп көрсөтүлөт:

**1. Жогорку энергетикалык (агрессивдик) психотиптер:**

-эпилетоиддик (тартипке болгон далалат үстөмдүк кылат);
-паранойялдык (жеткен максатка умтулуучулук берилген);
-гипертимдүү (жогорулатылган маанай, баарлашуучулук ээ болот);
-истероиддик (жүрүм-турумдун ачык демонстративдүүлүгүнө ээ);

**2. Төмөнкү энергетикалык психотиптер:**

-гиизоиддик (өзүнүн ички дүйнөсүнө кирүүчүлүк);
-психотеноиддик (өзүнө ишенбөөчүлүк ачык берилген);
-гипотимдик (төмөнкү маанай басымдуулук кылат);
-сенситивдик (жогорку сезимдик мүнөздүү)

**3. Туруктуу эмес типтер:**

-циклоиддик (маанайдын мезгилдик алмашуусу мүнөздүү);

-конформдук (социалдык курчоодон көз карандылык үстөмдүк кылат, ага ылайыкташуу аракети).

Аталган классификация инсандын жүрүм-турумуна, маанайына жана рухий дүйнөнүн өзгөчөлүктөрүнө активдүү таасирин тийгизген өзүнүн негизи катары адамдын белгилүү бир психикалык конструкцияларын, энергетикалык дараметин эсептейт.

Инсандын типтерин кароо менен «батыш» жана «чыгыш» адамынын менталдык өзгөчөлүктөрүн эске албай коюуга болбойт, өз кезегинде ал инсандын типологиясынын негизи болуп калат. Европалык моделде инсан ар кыл кырдаалдарда өзүнүн «өзөгүн» сактап калат, анткени бул белгилүү бир аныктуулук. Инсандын чыгыштык моделинде чечүүчү түшүнктөр болуп салттарга болгон милдет жана кыймылдар эсептелет.

Жыйынтыктоо менен лектор реалдуу жашоодо «индивид», «индивидуалдуулук», «инсан» түшүнүктөрү өз ара байланышта болуп, ички биримдике ээ.

Лектор студенттердин көңүлүн ар бир тарыхый доордо адамдын социалдык тибин жана анын коом менен болгон карым-катнаштарынын мүнөзүн аныктаган материалдык, социалдык, рухий шарттардын жыйындысы калыптанаарын, социалдык философияда ал социалдуулуктун тарыхый тиби деп аталаарына буруусу зарыл. Социалдуулуктун тарыхый типтери туурасындагы окуунун негиздери Карл Маркс тарабынан эле негизделген, тарыхка болгон формациялык ыкманын негизинде социалдуулуктун үч негизги тибин бөлүп көрсөткөн: жеке көз карандысыздык мамилелери, жеке көз карандысыздыктагы заттык көз карандылыктын мамилелери жана эркин индивидуалдуулуктардын мамилелери. Кийинчерээк Маркстын идеяларын өз эмгектеринде социологдор Чейз Рейч, Эрих Фромм, Джон Рисмен өнүктүрүшүп, толукташкан.

Алсак, америкалык социолог Д.Рисмендин (1909-1950) пикиринде коомдун өнүгүүсүнүн ар кыл этаптарындагы инсандын төмөнкүдөй социалдык мүнөздөрүн бөлүп көрсөтүүгө болот:

1. «Салттуу багытталган» инсан (архаикалык ком);
2. «Ичтен багытталган» инсан (эркин ишкердик доорундагы атаандаштык күрөшкө болгон активдүү субөект);
3. «Сырттан багытталган» инсан (бюрократтык уюмга баш ийген субөект, өнөр жай өндүрүшү жана коомдун урбанизациясын татаалданышы менен байланышкан);
4. Автономдуу инсан (өзүнүн ой жүгүртүүлөрүнүн көз карандысыздыгы, милдеттери жана коомдун алдындагы

жоопкерчилигин аңдап билүү үчүн конформизмди четке каккан субөект).

Инсан менен коомдун карым-катнаштарынын типологиясынын негизин Эрих Фромм (1900-1980) да карап, адамдын өздүк алыстоосунун ар кыл тарыхый типтерин изилдеген. Аталган ыкмага ылайык ал социалдык мүнөздөгү төрт типти бөлүп көрсөтөт: топтоочулук, эксплуататордук, «рецептивдик» (пассивдик), базардык.

Тарыхка болгон формациялык ыкмага негизделүү менен инсан менен коомдун ортосундагы карым-катнаштардын тибин кененирээк карайбыз.

Инсан менен коомдун ортосундагы карым-катнаштарынын биринчи тарыхы тиби болуп жеке көз карандылык мамилелери эсептелет. Мындай тип бардык коомдордун индустриалдыка, таптыкка чейинки түрлөрү үчүн мүнөздүү. Аталган типтеги индивиддер үчүн уруу, катмарлар, касталар ж.б. түрүн кабыл ала алган коомдук байланыштардын катуу регламенттешкен системасына толук көз каранды болуусу мүнөздүү.

Таптыка чейинки жана таптык коомдун ортосунда айырмачылыктар таптыка чейинки коомдордо адам адамды эзүүсү жок болуусунда байкалса, ал эми жеке көз карандылык адамдын алгачкы урууучулуктан көз каранды катары көрүнөт. Коомдук функцияларды топтоосуна карабастан инсандын кызыкчылыктары жамааттын кызыкчылыктарынан дагы деле бөлүнүп калган жок. Адам уруу менен бир бүтүндүктү түзүү менен өзүн эч нерседен бөлүп көрсөтпөйт. Анын бардык укуктары менен милдеттери жекелик эмес, урууллук болуп эсептелет. Ошентип, архаикалык коомдо инсан болгон эмес.

Эмгектин өнүгүү жана анын коомдук мамилелердин негизинде баюу процессинде адамдардын социалдык функцияларынын дифференциациясы болуп өтөт.

Жеке укуктарга жана милдеттерге ээ болуп, жеке жоопкерчиликтин белгилүү даражасын түшүнүү менен адам уруудан бөлүнүп чыгып, өзүн субөект катары өнүктүрөт. Ошентип адам акырындык менен инсан болуп калат.

Адам менен коомдун ортосундагы карым-катнаштарынын экинчи тарыхый тиби капиталистик товардык өндүрүштүн өнүгүүсү жана эмгеке болгон экономикалыктан тышкаркы мажбурлоо системасын ликвидациялоо менен байланыштуу (аталган мезгил заманбап коом таанууда индустриалдык коом деп аталат). Мындай коомдо алардын бири сатууга мажбур болушса, экинчилери – жумушчу күчүн сатып алууга кызыкдар болушат.

Өнүккөн өлкөлөрдүн постиндустриалдык коомго өтүүсү инсан менен коомдун ортосундагы карым-катнаштардын үчүнчү тибин калыптандыруу үчүн мүмкүнчүлүктөрдү түзгөн.

Андан ары лектор постиндустриалдык коом үчүн мүнөздүү болуп билимдер менен маалыматтар орчундуу орунда ээлешип, таптык бөлүнүүлөр кесиптик дифференциацияга орун бошотуп берүүсү, кызмат көрсөтүү чөйрөсүндө акырындык менен өндүрүш чөйрөсү үстөмдүк кыла баштоосу эсептелет. Мындай ачылыш, эркин коом биринчи жолу тарыхта чыныгы эркин инсандын пайда болуусу үчүн шарттарды түзүп берди. Мындай коомдун мисалы катары укуктук коомду айтсак болот, анда ар бир адам өздүк максаттарга жана жогорку баалуулука ээ болот.

## 19 – Тема. Инсан жана коом

Жогоруда келтирилген материалдарга таянуу менен лектор студенттерге азыркы мезгилде инсандын эркиндигинин жана башка адамдар, коомдун алдындагы жоопкерчилигинин карым-катнаш маселеси кыйла актуалдуу болуп жаткандыгын терең түшүндүрүүсү зарыл.

«Эркиндик» жана «жоопкерчилик» категориялары кандай маңыздык жүктү алып жүрүшөт жана алардын ортосунда кандай карым-катнаш бар?

Лектор эркиндиктин төмөнкүдөй аныктамасын берет:

Эркиндик – бирден-бир татаал негизги философиялык категориялардын бири, анда ой жүгүртүү жөндөмдүүлүгүнөн жана өзүнүн каалоо-тилектерине, кызыкчылыктарына жараша иш алып барууга жөндөмдүү адамдын маңызын мүнөздөйт. Антикалык мезгилден тартып биздин күндөргө чейин эркиндик идеясы дээрлик бардык өнүккөн философиялык системаларга таандык болгон. Андыктан белгилүү бир маанинде философия - бул эркиндик туурасындагы окуу.

Андан ары лектор кыскача тарыхый логикалык экскурс жасоосу зарыл. Ал студенттерге философиялык ойломдун тарыхында эркиндиктин ар кыл ыкмалары, жолдору жана ага жетүүнүн каражаттары болгондугун белгилей кетүүсү абзел. Алсак, антикалык философиянын көпчүлүк өкүлдөрү Сократ, Диоген, Эпикур жана Сенека үчүн - эркиндик адамзат жашоосунун маңызы жана максаты болуп эсептелет. Орто кылымдык схоластиканын өкүлдөрү - Ансельм Кентерберийский, Альберт Великий жана Фома Аквинский үчүн акыл эстин жана жүрүм-турумдардын эркиндиги чиркөөлүк догмалардын алкагында гана ыктымал, ал эми анын чегинен тышкары эркиндик оор күнөөнү камтып турат. Жаңы мезгилде басымдуулука эркиндиктеги адамдын табигый абалы, социалдык теңдик жана акыйкаттык жолу ээ болот (Т.Гоббс, Анри Гольбах, Пьер Симон Лаплас). Эркиндик маселесине өзгөчө немец

классикалык философиясынын өкүлдөрү да көңүл бурушкан. И.Кант мисалы, эркиндик деп адамдын интеллигибелдик (б.а. сезимдик таанымга жеткиликтүү болбогон) маңызын түшүнгөн; И.Г.Фихте үчүн эркиндик – жеке абсолюттуу реалдуулук; ал эми Г.В.Ф.Гегель эркиндик деп көп пландуу реалдуулукту түшүнгөн.

Аталган концепциянын өнүгүүсүнө олуттуу салымды көптөгөн башка философтор менен ойчулдар да кошушкан. Биз көрүп тургандай «эркиндик» түшүнүгүнө болгон ыкмалар абдан эле көп, демек мунун баары эркиндик – өзгөчө татаал, көп аспекттүү феномен экендигин далилдеп турат.

Көптөгөн изилдөөчүлөрдүн пикиринде эркиндиктин бирден-бир иштелип чыккан концепцияларынан болуп марксизмдин концепциясы эсептелет. Лектор эркиндиктин марксистик концепциянын өзгөчөлүктөрүн анын зарылдык менен диалектикалык бирдиктүү иш-аракеттеринде тактап алуу үчүн волюнтаризм менен фатализм өңүтүндөгү эркиндиктин чечмеленишин карайбыз.

Волюнтаризм (латынчадан voluntas- эрк) – бул эркти болмуштун жогорку принциби катары караган философиядагы идеалистик багыт. Волюнтаризм эркиндикти абсолютташтырып коомдун тарыхындагы жана жеке адамдын жашоосундагы зарылдыкты четке кагат.

Фатализмдин жактоочуларынын пикиринде (латынчадан fatalis-тагдырда жазылган) адамзат тарыхы жана ар бир адамдын жашоосу адегенде тагдыр, Кудайдын эрки (теология) же түнт каузалдык системанын (мифология жана күнүмдүк фатализм) ичиндеги натыйжалык себептик байланыштардын агымы менен (Гоббстун, Спинозанын рационализми) алдын ала аныкталган. Ошентип, фатализм социалдык процесстердин алдын ала аныктуулугун абсолютташтырып, тандоо эркиндигин четке кагат.

Марксизм эркиндикти диалектикалык бирдиктүү иш-аракетте зарылдык менен бирге түшүнөт. Ал волюнтаризмди адамзат жүрүм-турумдарынын негизсиздик идеясы фатализмди четке кагат.

Адамдар өзүлөрүнүн реалдуу мүмкүнчүлүктөрүн канчалык так аңдап билишип, коюлган максатка жетүү үчүн каражаттарга ээ болушса, эркиндик да ошончолук чоң болот. Эркиндиктин адамзат жашоосунун феномени катары объективдүүлүгү мына ушунда турат.

Бул жерден, лектор баса белгилегендей, вариантты тандоо аталган тандоонун натыйжасы үчүн болгон моралдык жана социалдык жоопкерчилик менен байланышкан.

Демек, жоопкерчилик социалдык философиянын өңүтүндө эмнени камтып турат?

*Жоопкерчилик – бул эки тараптык канаттандыруулардын жүрүшүндө калыптанган инсан менен коомдун, инсан менен социалдык топтун ортосундагы карым-катнаштардын объективдүү-тарыхый мүнөзүн чагылдырган социалдык-философиялык түшүнүк.*

Эреже катары, ишмердүүлүк чөйрөсүнө байланыштуу саясий, укуктук (юридикалык), моралдык жоопкерчиликти, ал эми субөектке карата белгилүү индивидуалдуу, топтук, жамааттык ж.б.у.с. иш-аракеттерди бөлүп көрсөтүшөт. Жоопкерчилик инсанга, коомго, социалдык топторго, жамаатка таңуулаган талаптардын натыйжасы катары калыптанат. Инсандын калыптануусу андагы маанилүү чек болуп калган жоопкерчиликтик сезимге тарбиялоону боолголойт.

Эркиндик менен жоопкерчиликтин карым-катнашын түшүнүүдөгү маанилүү маселе болуп адамдын ишмердүүлүгүнүн эркиндигинин чектерин аныктоо эсептелет.

Эркиндик адам үчүн фундаменталдык баалуулук болуп эсептелет, бирок ал башка адамдардын үстүнөн болгон зомбулук болуп калбашы, б.а. эрк эместике айланып калбоосу үчүн өзүнүн чектерине ээ болуусу зарыл. Ошентип, эркиндиктин чектери болуп башка адамдын, социалдык топтун жана деге жалпы коомдун, о.э. коомдун пайда болуусунун жоопкерчиликтүү негизи катары табияттын кызыкчылыктары эсептелет. Ошондуктан бүгүнкү күнү коомдук прогресстин негизги критерийи болуп коомдун гуманизацияланусу, андагы инсандын жобосу – экономикалык, саясий, социалдык жана рухий эркиндигинин деңгээли эсептелет.

Лектор лекциянын соңуна чыгуу менен төмөнкүдөй жыйынтыктарда берет:

1. Инсан менен коом – бул адамдын реалдуулукту кабыл алуу ыкмасынын эки өз ара байланышкан, бирин-бири толуктаган тараптары. Коомсуз инсан, ал эми инсансыз коом да болбойт.
2. Ар бир тарыхый доордо инсан менен коомдун ортосундагы карым-катнаштарынын өздүк тиби бар. Ар бир конкреттүү доордо аныктаган эркиндиктин ченеми экономиканын, социалдык мамилелердин жана тигил же бул мамлекеттин саясий түзүлүшүнүн өнүгүү деңгээлинен көз каранды.
3. Эркиндик жана жоопкерчилик – ажырагыс түшүнүктөр. Эркиндик жоопкерчиликсиз, адамдын дүйнө алдындагы милдети да мүмкүн эмес. Жоопкерчилик – булл эркиндиктин айныксыз баасы, ага болгон төлөм.
4. Бирок эркиндик эгерде анын өсүүсү акыл-эстүү чектерде гана болгон болсо коомдук прогресстин критерийи болуп саналат.

Эгерде ал аталган чектерден чыгып кетсе, коомдо айныксыз түрдө анархия башталат, ал «эркиндик» түшүнүгү менен абсолюттуу дал келишпейт.

## 20-тема. Коомдун рухий жашоосу жана маданият.

«Коомдун рухий жашоосу жана маданият» аттуу темадагы эки саат берилген көлөмгө ылайык лекциянын төмөнкүдөй планын сунуштоого болот:

1. Коомдун рухий жашоосунун маңызы. Коомдук аң-сезим.
2. Маданият спецификалык социалдык реалдуулук катары.

1. Киришүү сөзүндө лектор белгилегендей, коомдун рухий жашоосу адамдардын жашоо ишмердүүлүктөрүнүн рухий чөйрөсү, алардын көз караштарынын, сезимдеринин, элестөөлөрүнүн, о.э. коомдук жана индивидуалдуулук идеяларынын өндүрүшү, аларды кабыл алуусунун жыйындысы менен байланышкан көп түрдүү процесстерди, көрүнүштөрдү камтып турат. Рухий жашоого о.э. социалдык институттар (клубдар, китепканалар, театрлар, музейлер, окуу жайлары, диний жана коомдук уюмдар ж.б.у.с.) таандык.

Андан ары лектор пландын биринчи суроосунун негизги түшүнүктөрүн кароого өтөт.

Рухий өндүрүш – бул маңызы болуп адамдардын рухий муктаждыктарын канаттандыруу үчүн предметтерди түзүү эсептелген эмгек ишмердүүлүгүнүн түрү.

Коомдук аң-сезим өзүнө идеалдуу образдардын, тагыраак айтканда: социалдык субъекттин курчап турган дүйнөнү, анын ичинде коомдук аң-сезимди чагылдыруу процессинде пайда болгон түшүнүктөрдүн, идеялардын, көз караштардын, элестөөлөрдүн, сезимдердин, кайгыруулардын, маанайлардын жыйындысын камтып турат.

Коомдук аң-сезим коомдук болмуштун курамы менен алдын ала аныкталган өзгөчө татаал, динамикалык курамына ээ. Аталган курамдын анализи эреже катары, эки гносеологиялык (таанымдык) жана социологиялык аспектиде жүзөгө ашырылат. Гносеологиялык (таанымдык) мүмкүнчүлүктөр боюнча коомдук болмуштун чагылуусу коомдук аң-сезимдин күнүмдүк жана теоретикалык деңгээлдерин бөлүп көрсөтөт.

Коомдук аң-сезимдин социологиялык аспектиси – бул мамилелер системасынан ажырабаган анын ишмердүүлүгүнүн учуру. Мындай аспектиде коомдук аң-сезим чөйрөлөр боюнча дифференцияланып, социалдык психология жана идеология аркылуу берилген. Андан тышкары,

реалдуулукту таанып билүүнүн, ошону менен бирге дүйнөнү жана адамды аңдап билүүнүн рухий-тажрыйбалык формалары болуп эсептелген коомдук аң-сезимдин формаларын бөлүп көрсөтүшөт.

Андан ары лектор коомдук аң-сезимдин аталган элементтерин кыйла кененирээк кароосу зарыл.

Коомдук аң-сезимдин күнүмдүк деңгээли өзүнө реалдуулукту күнүмдүк жашоонун алкагында чагылдыруусун камтып турат. Күнүмдүк аң-сезимди көбүнчө сергек маңыз деп аташат.

Коомдук аң-сезимдин теоретикалык деңгээли адамдардын болмушунун эмпирикалык шарттарынын чегинен сырткары чыгышып, көз каршатардын белгилүү системасынын түрү катары кызмат кылышат. Ал объективдүү реалдуулуктун көрүнүштөрүнүн маңызына сүңгүп кирүүгө, алардын өнүгүүсүнүн жана функцияланышуусунун мыйзам ченемдүүлүктөрүн ачып берүүгө аракет кылат.

Андан ары лектор коомдук аң-сезимдин курамынын социологиялык аспектисин кароого өтөт. Аталган аспектиге байланыштуу коомдук психология жана идеология деген эки чөйрөсүн бөлүп көрсөтүшөт.

*Коомдук психология* – бул коомдук күнүмдүк жашоо процессинде стихиялуу калыптанган социалдык маанайлардын, сезимдердин, адаттардын, салттардын ж.б.у.с. жыйындысы. Коомдук психология жана эмпирикалык билимдер коомдук аң-сезимдин бир деңгээлинде турушат. Улуттук таптык психологиянын, диний топтордун психологиясы ж.б.у.с. өзгөчөлктөрү туурасында кеп кылууга болот.

*Идеология* – бул коомдук болмушту социалдык топтордун, таптардын, улуттардын, жалпы эле коомдун кызыкчылыктары аркылуу чагылдырган көз караштардын, идеялардын, теориялардын, принциптердин системасы. Коомдук психология менен идеологиянын ортосунда биримдик жана бири-бирин толуктоо бар. Ошондой болсо да коомдук аң-сезимдин аталган чөйрөлөрү кээ бир айырмачылыктарга ээ.

Коомдук психология өзүн күнүмдүк жашоонун тажрыйбалык милдеттерин чечүүдө көрсөтсө, идеология болсо глобалдуу социалдык милдеттерди чечүүгө багытталган.

Лектор коомдук аң-сезимдин курамында жетектөөчү орун анын формаларына таандык экендигине көңүл буруусу зарыл. Коомдук аң-сезимдин формалары – бул салыштырмалуу өз алдынча, объективдүү дүйнөнүн жана коомдук болмуштун белгилүү тараптарын чагылдырган аздыр-көптүр системалаштырылган рухий түзүлүш. Коомдук аң-сезимдин саясий, укуктук, моралдык, эстетикалык, диний, философиялык, илимий ж.б.у.с. формаларын бөлүп көрсөтүшөт.

Коомдук аң-сезимдин формаларын башкалардан айырмалай турган белгилер болуп төмөнкүлөр эсептелет:

Аталган белгилердин ар бирине кыскача токтоло кетүү максаттуу деп эсептейбиз.

а) көрсөтүү предмети боюнча. Саясий көз караштарда, мисалы, саясий процесстердин субөектисинин мамилелери, моралда - адамдын адамга, жамаатка, коомго болгон мамилеси көрсөтүлөт.

б) көрсөтүү формасы боюнча. Алар теоретикалык-түшүнүктүк, нориативдик-баалуулук, көркөм-образдык болушу ыктымал. Мисалы, искусство көркөм образдардын реалдуулугун көрсөтөт.

в) өзүнүн келип чыгуусу жана өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрү боюнча. Ар бир форманын пайда болуусу жана өнүгүүсү белгилүү коомдук шарттар жана муктаждыктар менен байланышкан.

г) аткарылган социалдык функциялары боюнча. Аң-сезимдин ар кыл формалары социалдык реалдуулуктун ар кыл формаларын тейлешип, түрдүү социалдык муктаждыктарды канаттандырат, ошондуктан ар башка функцияларды аткарышат.

Коомдук аң-сезимдин бардык формалары ич ара тыгыз байланышта болушуп, бири-бирине сүңгүп киришип, байытышат.

Андан ары лектор коомдук аң-сезимдин аталган конкреттүү формаларынын ар бирине кенен токтолуп кетет.

Студенттерге коомдук аң-сезимдин курамындагы маанилүү орунда анын алып жүрүүчүлөрү: массалык, жамааттык жана индивидуалдуу аң-сезим тураарын түшүндүрүү керек. Массалык аң-сезим - бул көпчүлүгүн калк түзгөн, субөектиси болуп чоң адамзат жалпылыктары кызмат кылган коомдук аң-сезимдин деңгээли. Массалык аң-сезим коомдук аң-сезимдин индивидуалдуу жана топтук деңгээлдеринин бирдиктүү иш-аракеттеринин интеграциялоочу көрүнүшү болуп эсептелет. Ал илимий-теоретикалык, күнүмдүк аң-сезимдин, идеологиянын жана социалдык психологиянын таасири алдында калыптанат.

Индивидуалдык аң-сезим – бул ар бир инсандын рухий дүйнөсү.

Индивидуалдуулук жана коомдук аң-сезим өзүнүн өнүгүүсүндө бири-бирине көмөк көрсөтүшөт: ар бир индивид өз аң-сезимин мурунку жана азыркы муундардын рухий жетишкендиктерине чыгармачыл мамиле жасоо менен өнүктүрөт, ал эми адамзаттын рухийлигин өнүктүрүү индивидуалдуулук жетишкендиктеринин жана жеке инсандардын рухий ачылуусунын жардамы менен жүзөгө ашырылат.

Аталган лекцияга даярдык көрүү жана окуу процессинде, баарынан мурда, «маданият» сөзүнүн этимологиясын тактап алуу абзел. «Маданият»

философияда кыйла кеңири тараган терминдердин бири. Этимологиялык жактан «маданият» термини латын сөзүнүн cultivire – кайра иштетүү, жакшырттуу, өркүндөтүү деген сөздөрүнөн келип чыккан. Адегенде ал «жерди иштетүү, аны культивациялоо» дегенди түшүндүргөн. Ушул жерден «агромаданият» түшүнүгү пайда болот. Кийинчерээк «маданият» түшүнүгү кыйла жалпыланган мааниге болуп, адамзат тарабынан түзүлгөндүн баардыгы, б.а. табигый жаратылыштын үстүнөн болгон «экинчи табият» таандык болгон.

Маданият – бул адамзат тарабынан түзүлгөн баалуулуктардын жыйындысы. Маданият дүйнөсү - бул баалуулуктар дүйнөсү. Маданият адамзат ишмердүүлүгүнүн жардамы аркасында түзүлгөн материалдык жана рухий баалуулуктардын жыйындысы. Адамдын өзү, анын билимдеринин, адаттарынын суммасы – бул дагы маданияттын элементи.

Ошентип, маданиятты адам менен коомдун чыгармачылык ишмердүүлүгүнүн бардык түрлөрүнүн, о.э. материалдык жана рухий баалуулуктарда жүзөгө ашырылган ишмердүүлүктөрдүн натыйжасынын жыйындысы катары аныктоого болот. Материалдык жана рухий маданият деп бөлүүгө болот.

Материалдык маданият заттардын абдан кеңири айлампасын камтып турат, алардын ичинде жеке адамдын эле эмес, жалпы коомдун да бардык жашоосу өтүп турат. Материалдык маданият деп өзүнүн бүткүл тарыхында жана азыркы күндөргө чейин сакталып, адамзат тарабынан качандыр-бир кезде түзүлгөн бардык материалдык баалуулуктардын жыйындысын түшүнүшөт. Материалдык маданиятка: өндүрүш куралдарын жана каражаттарын, техниканы, технологияны, эмгек жана өндүрүш маданиятын, курчап турган чөйрөнүн материалдык тарабын таандык кылышат.

Рухий маданиятка өндүрүш, ар түрдүү рухий баалулуктарды бөлүштүрүү жана пайдалануу чөйрөсү тийиштүү. Рухий маданият чөйрөсү өзүнө адамзаттын рухий ишмердүүлүгүнүн бардык натыйжаларын: илимди, философияны, искусствону, моралды, саясатты, укукту, билим берүүнү, динди, коомдун жетекчилик чөйрөсүн жана аны башкарууну камтып турат. Рухий маданиятка андан сырткары ылайыктуу мекемелер, уюмдар (илимий институттар, ЖОЖдор, мектептер, театрлар, музейлер, китепканалар, концерттик залдар ж.б.) таандык.

Лектор маданиятты рухий жана материалдык деп бөлүштүрүү салыштырмалуу экендигин баса белгилөөсү зарыл. Көпчүлүк учурларда тигил же бул көрүнүштөрдү материалдык же рухий маданияттык чөйрөгө жакындатуу мүмкүн эмес.

Лектор студенттерди маданияттын типологиясы менен менен тааныштыруусу абзел. Анын ичинде, улуттук (украиналык, орус, француз ж.б.), регионалдык (славяндык, америкалык, африкалык ж.б.), кээ бир социалдык субөекттердин маданияты беп бөлүштүрүшөт. Андан сырткары доордун маданияттарын бөлүп көрсөтүшөт, алсак: антикалык, орто кылымдык, кайра жаралуучулук; маданияттын белгилүү формалары; саясий, социалдык, укуктук, экономикалык, экологиялык, этникалык, физикалык, моралдык ж.б.у.с. Адабиятта да спецификалык маданий пластарды жана маданий бөлүмдөрдү аташат: массалык, элитардык, жаштык, маргиналдык маданият, о.э. расмий маданият.

Аталган лекциянын маанилүү учуру болуп маданияттын коомдук көрүнүш катары белгилүү бир функцияларды аткарышы эсептелет. Негизги функциялардын ичинен төмөнкүлөрдү көрсөтсөк болот: таанымдык (гносеологиялык), коммуникативдик, регулятивдик (же нормативдик), адамдын жашоо ишмердүүлүгүн эмоционалдык көзөмөлдөө функциясы, баалуулук-ориентациялык функция. Алардын баардыгы органикалык жактан өз ара байланышкан. Бирок, башка маданият таануучулардын пикиринде маданияттын интеграциялоочу болуп адамзаттык-чыгармачылык функциясы (гуманистик функция) эсептелет.

## Корутундулар:

1. Коомдун рухий жашоосу анын жашоо ишмердүүлүгүнүн өзгөчө маанилүү элементи болуп эсептелет, анын оптималдуу өнүгүүсүнөн өнүгүүнүн жалпы прогрессии көз каранды.
2. Коомдун рухий жашоосунун өнүгүүсүнүн негизинде коомдук өндүрүштүн башка түрлөрү менен ажырагыс тыгыз байланышта жүзөгө ашырылган рухий өнүдүрүш жатат, б.а. рухий өндүрүш адегенде адамдардын башка муктаждыктары менен катар рухий муктаждыктарынын калыптануусу, коомдук аң-сезимдин өндүрүшү болуп эсептелет.
3. Коомдук аң-сезим – бул коомдук болмушту камтып туруучу жана кайра жаратуучу, табият менен тарыхты өздөштүрүү процессиндеги адамзат тарабынан иштелип чыккан идеалдуу формалардын жыйындысы.
4. Маданият –бул адамдын спецификалык ишмердүүлүгүнүн чөйрөсү, ал «адамдаштырылган» гумандуу дүйнөнү башка адамзаттык эместерден айырмалап турат.
5. Коомдун өнүгүү жолдорун аныктоого экономикалык, социалдык, саясий же рухий чөйрөнүн өнүттөрүндө келсек дагы, аныктоочу фактор катары дайыма адамдын өзү, анын маданий өнүгүүсү эсептелет

6. Маданият – бул адам тарабынан түзүлгөн материалдык, рухий баалуулуктардын, социомаданий нормалардын, жүрүм-турумдарынын жана баарлашууларынын ыкмаларынын тарыхый калыптанган системасы, о.э. материалдык өндүрүш ыкмасы менен шартталган өндүрүштүк күчтөрдүн өнүгүү процесси.

## 21-тема. Адам менен коомдун жашоосундагы баалуулуктар.

Аталган тема боюнча лекцияны окуу төмөнкү план боюнча аткарылат:

1. Баалуулук түшүнүгү жана анын жалпы мүнөздөмөсү. Баалуулуктар жана баалар.
2. Баалуулуктардын классификациясы, баалуулук ориентациялары жана социалдык шарттуулук.

Киришүү сөзүндө лектор белгилей кетүүчү нерсе, баалуулуктар адам менен коомдун жашоосунда маанилүү орунду ээлеп турат, анткени баалуулуктар адамзат жашоо образын, адамдын жаныбарлар дүйнөсүнөн бөлүнүп чыгуу деңгээлин мүнөздөшөт.

Андан ары лектор кыскача тарыхый-логикалык экскурс жасайт. Антикалык доордо эле философторду баалуулуктар маселеси кызыктырган. Бирок ошол мезгилдерде баалуулук болмуш менен ошкоштурулуп, баалуулук мүнөздөмөлөр болсо анын түщүнүгүнө киришкен. Мисалы, Сократ менен Платон үчүн жыргалчылык жана акыйкаттык сыктуу баалуулуктар нукура болмуштун башкы критерийлери болуп эсептелет. Аристотель адамды, бакытты, акыйкаттуулукту жана баалуулуктарды таандык кылган өздүк жетиштүү баалуулуктар же өздүк баалуулуктар катары бөлүп көрсөтөт, ал салыштырмалуу мүнөзгө ээ болуп, ага жетүү адамдын даанышмандыгынан көз каранды.

Орто кылымдарда, мисалы, баалуулуктар диний мүнөзгө ээ болушуп, кудайдык маңыз менен байланышкан. Кайра Жаралуу доорунда биринчи планга гуманизм менен эркин ойломдун баалуулуктары чыгышкан. Жаңы мезгилде баалуулуктар тууралсындагы окууга болгон ыкмалар рационализмдин жаатында аныкталышып, илимдин өнүгүүсү жана жаңы коомдук мамилелердин калыптануусу менен түшүндүрүлөт. Аталган мезгилде баалуулуктар жана алардын критерийлери маселеси Р.Декарттын, Б.Спинозанын, К.Гельвецийдин, П.А.Гольбахтын ж.б. эмгектеринде кеңири чагылдырылган.

Баалуулуктар туурасындагы окуунун өнүгүүсүнүн бурулуш учуру болуп И.Канттын окуусу болуп калган, ал реалдуулук менен идеал, болмуш менен жыргалчылык ж.б. түшүнүктөрүн биринчилерден болуп чектеген.

XIX-к. аягында баалуулуктар маселеси көрүнүктүү орус философиясынын өкүлдөрү С.Булгаковдун, Н.Бердяевдин, В.Соловьевдун, Н.Федоровдун, С.Франктын ж.б. эмгектеринде кеңири талкууга алынып, иштелип чыккан.

XX-к. башында баалуулуктар теориясын түшүндүрүү үчүн француз философу П.Лапи «аксиология» (грекчеден Axios-баалуу, logos- окуу) түшүнүгүн киргизген.

Аксиологиянын изилдөөсүнүн предмети болуп эмне эсептелет? Аксиологиянын предмети болуп бардык типтердин баалуулуктары, алардын табияты, баалуулуктардын ич ара байланыштары эсептелет. Баалуулуктар, аксиология боюнча – бул максат, идеал, болуучу белгилүү бир нормативдик категория, мындай теориянын предмети жана категориялары болуп жыргалчылык, кадыр-барк, маани, баа берүү, пайда, жеңиш, жашоо маңызы, бакыт, сый-урмат ж.б.у.с. эсептелишет.

Аксиологияны философиялык изилдөөлөрдүн өз алдынча чөйрөсү катары бөлгөндөн кийин калыптанган, табият менен маңызды түшүнүүнүн бир канча ыкмалары бар. Лектор алардын кээ бирлерине токтолот:

1. *Натуралистик псхологизм* (Алексиус Фон Мейнонг, Рольф Бартон Перри, Джон Дьюи, Кларенс Ирвинг Льюис) баалуулуктарды булагы адамдын биологиялык жана психологиялык муктаждыктарда турган объективдүү факторлор катары карайт.
2. *Персоналистик онтологизм.* Ары көрүнүктүү өкүлү Макс Шелер да баалуулуктардын объективдүү мүнөзүн негиздеген.
3. *Аксиологиялык трансцендентализм* (Вильгельм Виндельбанд, Генрих Риккерт) баалуулуктарды объективдүү реалдуулук катары эмес, адамзат муктаждыктарынан жана каалоолорунан көз каранды болбогон идеалдуу болмуш катары түшүнөт. Мындай баалуулуктарга идеалдуу нормалар түрүндө пайда болгон чындык, жакшылык, акыйкаттык, сулуулук таандык.
4. *Маданий-тарыхый релятивизм*. Аксиологиянын аталган багытынын негиздөөчүсү Вильгельм Дильтей болгон, ал аксиологиялык плюрализм идеясын негиздеген.
5. *Баалуулуктардын социологиялык концепциясы*. Аталган концепциянын негиздөөчүсү болуп Макс Вебер эсептелет, ал социологияга баалуулуктар түшүнүгүн киргизип, аны социалдык иш-аракетти жана билимдерди чечмелөө үчүн колдонгон.

Андан ары лектор заманбап философиялык жана социологиялык адабиятта баалуулуктардын табиятынын жана маңызынын бир тараптуу ыкмасынын жок экендигине көңүл буруусу зарыл. Изилдөөчүлөрдүн бири баалуулукту адамдын кандайдыр-бир муктаждыгын канаттандырууга жана ага белгилүү бир пайданы алып келүүгө жөндөмдүү предмет, экинчилери - идеал, үчүнчүлөрү - адам же социалдык топ ж.б.у.с. үчүн маанилүүлүк катары карашат. Аталган ыкмалардын ар бири пайда болууга укуктуу, анткени алардын бардыгы баалуулуктардын белгилүү аспектисин чагылдырып турат; аларды бири-бирин толуктоочулар катары кароо зарыл. Аталган ыкмалардын синтези өзүнө баалуулуктардын заманбап жалпы теориясын камтып турат.

Студенттерге баалуулуктардын аталган бардык маанилүү учурларын кылдат түшүндүрүү абзел.

Жогоруда айтылгандарды эске алуу менен лектор баалуулуктун төмөнкү аныктамаларын келтирет. Баалуулук – бул мазмуну коомдун субөектилеринин муктаждыктары жана кызыкчылыктары менен аныкталган реалдуулуктун көп түрдүү компоненттеринин объективдүү маанилүүлүгү. Баалуулуктарга болгон мамиле – бул баалуулук мамиле.

Баалуулук менен катар аксиологиянын категориалдык ядросуна көлөмү боюнча абдан кеңири «баалоо» түшүнүгү кирет. Баалоо адамдын ишмердүүлүгү, анын муктаждыктарын канаттандыруу үчүн болгон маанилүүлүгүн аңдап билүү каражаты.

Баалоо жана баалуулук – бул тыгыз байланышкан түшүнктөр, бирок алардын ортосунда олуттуу айырмачылык бар.

*Биринчиден*, эгерде баалуулук биз баалаган нерселер, б.а. баалоонун предмети болсо, баалоо – бул баа берүү процесси. Предметин же пайдалуу, жакшы, сулуу ж.б.у.с. касиеттерин табуу менен биз баа бере алабыз.

*Экинчиден,* оң белгиге ээ болгон («терс баалуулуктар» да болушу мүмкүн эмес) баалуулуктан айырмаланып баалоо оң жана терс да болушу толук ыктымал.

*/чүнчүдөн*, баалуулук объективдүү экендигин биз билебиз. Тажрыйбалык мамилени жаратуучу катары баалоо субъективдүү.

Эми баалоонун курамы туурасында.

Баалоонун курамында шарттуу түрдө эки тарабын бөлүп көрсөтүүгө болот.

Эгерде баалоонун биринчи тарабы – бул предметтердин, касиеттердин, процесстердин ж.б.у.с. кээ бир объективдүү мүнөздөмөлөрүнүн фиксациясы болсо, экинчи тарабы – субөекттин обөектке болгон мамилеси: жактыруу же күнөөлөө, күнөөлөө же жактырбоо ж.б.

Андан ары лектор студенттердин көңүлүн  баалоонун ички карама-каршы табияты анын функцияларын шарттап тураарына буруусу зарыл.

*Дүйнө көз караштык функция*. Аталган функцияга ылайык баалоо субөекттин өздүк аң-сезиминин калыптануусунун, функцияланышуусунун жана өнүгүүсүнүн зарыл шарты болуп эсептелет, андыктан курчап турган дүйнө үчүн болгон маанилүүлүгүн тактоосу менен дайыма байланышкан.

1. Реалдуулуктун чагылуусу болуп, обөекттердин социалдык маанилүүлүгүн аңдап билүүсү менен баалоо гносеологиялык функцияны аткарып, таанымдын спецификалык учуру болуп эсептелет.

2. Баалоо таанымдын билимдерди тажрыйбалык пайдалануусуна багытталгандыгын билдирип, тажрыйбалык ишмердүүлүкө болгон активдүү көрсөтмөнү жана багытты калыптандырат. Баалоонун аталган касиети активдештирүүчү функция аталышына ээ болгон

3. Вариативдик функция. Баалоо тандоону, субөөекттин кандайдыр бир обөекттерди, алардын касиеттерин, мамилелерин жогору баалоону боолголойт. Баалоонун калыптануусу көрүнүштөрдү теңештирүүнүн жана коомдогу пайда болуучу нормалар, идеалдар ж.б. менен болгон карым-катнаштарынын негизинде болот.

Демек, баалуулуктардын маңызына жана алардын баалоо менен бирдиктүү байланыштарына болгон анализ баалуулуктардын классификациясын кароого өтүүгө мүмкүндүк берет.

Лекторго белгилей кетүүчү нерсе, заманбап аксиологияда  аталган маселени чечүүнүн жеке ыкмалары жок. Ошондуктан  аталган маселеге байланыштуу жалпы ар кыл концепциялардагы ыкмаларда төмөнкү негиздеги классификацияларды келтирүүгө болот: баалуулуктардын субөектиси же алып жүрүүчүсү, коомдук жашоонун чөйрөлөрү, коомдун жашоосундагы баалуулуктардын ролу боюнча.

Коомдук жашоонун негизги чөйрөлөрүнө ылайык  адатта баалуулуктардын үч тобун бөлүп көрсөтүшөт: *материалдык, социалдык-саясий* жана *рухий.*

Андан ары лектор баалуулуктардын аталган негизги түрлөрүнө түшүндүрмө берет.

*Материалдык баалуулуктар*  - бул баалуулук-олуттуу табияттык обөекттер менен предметтер, б.а. эмгек каражаттары жана көз карандысыз пайдалануудагы заттар. Табияттык баалуулуктарга жаратылыш байлыктарында катылган табигый жыргалчылыктар таандык. Ал эми предметтик баалуулуктарга  адамзат эмгегинин натыйжасында түзүлгөн материалдык дүйнөнүн, о.э. өткөндүн маданий мурастарынын предметтери кирет.

*Социалдык-саясий баалуулуктар* – бул социалдык-саясий көрүнүштөрдүн, окуялардын, саясий актылардын жана иш-аракеттердин баалуулук мааниси. Социалдык-саясий баалуулуктарга, эреже катары, саясий-социалдык кыймылдарда камтылган социалдык жыргалчылыкты, о.э.коомдун гүлдөп-өсүүсүн, дүйнөнүн чы далуусунун жана элдер ортосундагы кызматташтыкты ж.б.у.с. жөнгө салуучу тарыхый окуялардын прогрессивдик маанисин таандык кылат.

*Рухий баалуулуктар* – бул ылайыктуу формаларда берилген коомдук аң-сезимдин көрүнүштөрүнүн нормативдик-баалоочулук тарабы. Рухий баалуулуктар деп илимдин, моралдын, искусствонун, философиянын, укуктун ж.б.у.с. баалуулуктарын атоого болот.

Лектор материалдык, социалдык-саясий жана рухий баалуулуктардын бардык айырмачылыктарында бири-бири менен тыгыз байланышкан, ар бир түрдө баалуулуктардын башка түрлөрүнүн аспектиси бар экендигин баса белгилөөсү абзел. Андан сырткары, материалдык, социалдык-саясий жана рухий баалуулуктарга да тийиштүү баалуулуктар кездешет. Алардын ичинде – жашоо, ден-соолук, эркиндик ж.б.у.с.

Баалуулуктардын классификациясынын субөектиси боюнча экинчи негизделиши. Бул жерде индивидуалдуу, топтук жана жалпы адамзаттык баалуулуктар деп бөлүшөт.

*Индивидуалдуу же жекелик баалуулук* - бул конкреттүү адам үчүн предметтин, көрүнүштөрдүн, идеялардын баалуулук мааниси.

*Топтук баалуулуктар* – бул адамдардын кандайдыр-бир жалпылыктары үчүн (таптын, улуттардын, эмгектик жамааттын ж.б.) предметтердин, көрүнүштөрдүн, идеялардын баалуулук мааниси.

*Жалпы адамзаттык баалуулуктар* - бул дүйнөлүк коомчулуктун предметтеринин, көрүнүштөрүнүн, идеяларынын баалуулук мааниси. Аталган баалуулуктар маңызы жана мааниси боюнча глобалдуу мүнөзгө ээ: дүйнөнү сактоо, эл аралык экономикалык тартип ж.б.у.с. маселелери.

Коом менен адамдын жашоосундагы баалуулуктар аткарган ролу боюнча, аларды төмөнкү эки топко бөлүүгө болот:

1. Адам жана коом үчүн экинчи мааниге ээ болгон баалуулуктар. Бул коом менен адамдын нормалдуу функцияланышуусу бузулбаган баалуулуктар.

2. Күнүмдүк талаптын жана турмуш-тиричиликтин баалуулуктары. Аталган топко көптөгөн материалдык эле эмес, рухий баалуулуктар да таандык. Бул адамдын материалдык жана рухий муктаждыктарын, анын өнүгүүсүн нормалдуу канаттандыруу үчүн зарыл болгондун баарысы.

3. Жогорку баалуулуктар – бул адамдардын фундаменталдык мамилелерин жана муктаждыктарын чагылдыруучу өз мааниси боюнча чектүү баалуулуктар.

Жогорку баалуулуктарга материалдык, рухий жана социалдык-саясий баалуулуктардын бир бөлүгү таандык. Бул баарынан мурда, дүйнө, адамзат жашоосу; адамдардын акыйкаттык, эркиндик, укуктар жана милдеттер, достук, сүйүү туурасындагы элестөөлөрү, бир туугандык байланыштар; өздүк сакталуу ишмердүүлүгүнүн баалуулуктары (жашоо, ден-соолук); жеке сапаттарды тандоону мүнөздөгөн өздүк жүзөгө ашыруу баалуулуктары (тактык, эр жүрөктүк, берилгендик, акыйкаттык, жакшылык) ж.б.

Демек, баалуулуктардын ири көп түрдүүлүгү бар экендигин тактап, алардын классификациясын карадык.

*Корутундулар:*

1. Баалуулуктар менен адам коомдун жашоосунда маанилүү орунда турат, бирок өзүнөн өзү эмес, баалуулук багыттардын калыптанган системасынын фонунда гана жүзөгө ашат.
2. Баалуулуктардын бардык көп түрдүүлүгүн үч негиз боюнча классификациялоого болот: коомдук жашоо чөйрөсү, субөектиси, коомдук жашоодогу ролу боюнча.
3. Адамдын эң жогорку баалуулуктары болуп төмөнкүлөр эсептелет: жашоо, ден-соолук жана эркиндик баалуулук катары.

## 22-тема: Тарыхтын манызы жана багыттуулугу

План:

1. Тарых философиясынын предмети, курамы жана функциялары
2. Тарых философиясынын заманбап концепциялары
3. Маңыз жана тарыхый процесстин багыттуулугу маселеси

Киришүү сөзүндө лектор белгилегендей, адамзат тарыхына байланыштуу бир катар маселелер бар: тарыхый өнүгүүнүн кандайдыр-бир максаты барбы; бүткүл дүйнөлүк тарых кайсыл багытта жылат? Тарых кандайдыр-бир белгилүү маңызга ээби? Аталган бардык маселерге жоопту «философиянын тарыхы» деген аталышка ээ философиянын бөлүмү берет.Азыркы кездеги окуу китептеринде тарых философиясынын предметин, анын курамын жана функцияларын ачып берүүгө жетишээрлик көңүл бурулбагандыгын эске алуу менен аталган бөлүм ушул маселелерди кароодон башаталат.

**1.** Тарых философиясы деген эмне жана анын предмети эмне? Аталган суроого жооп берүү менен философиялык энциклопедиялык сөздүктүн авторлору тарабынан берилген тарых философиясынын аныктамасын келтиребиз: «тарых философиясы тарыхы процессти жана таанымды чечмелөө менен байланышкан философиянын бөлүмү»[7]. Демек, тарых философиясы өзүнө тарых философиясынын предмети болуп тарыхый процесстин, таанымдын маңызын ачып берүү, чечмелөө болгон философиянын курамдык бөлүгүн камтып турат.

Кыскача тарыхый-логикалык экскурстан кийин лектор тарых философиясына аныктама берет. Тарых философиясы – бул тарыхый процесстин маңызын, мыйзам ченемдүүлүктөрүн, негизги багыттарын, о.э. анын таанымынын негиздөөчү методдорун түшүндүрүү менен иш алып барган философиянын бөлүмү.

Лектор тарых философиясынын жалпы мүнөздөмөсү анын курамын жана функцияларын кароого өтүүсүнө мүмкүндүк берээрин баса белгилейт.

Тарых философиясынын негизги курамдык бөлүктөрүн кыскача карап өтөбүз.

***Тарых философиясынын онтологиясы*** – бул тарыхый болмуштун маселелери, тарыхтын маңызы жана багыттуулугу, социалдык прогресс, социалдык детерминизм, жеке тарыхый мейкиндиктин калыптануусу, бүткүл дүйнөлүк тарыхтын биримдигинин негиздерин аныктоо, дүйнө түзүлүштөгү адам орду, тарыхы мезгил ж.б.у.с. маселелерди кароо менен иш алып барган тарых философиясынын курамдык бөлүгү.

***Тарых философиясынын гносеологиясы*** тарых философиясынын пайда болуу, өнүгүү маселелерин, анын предметинин калыптануусун, тарых философиясынын ички дифференциация процессин изилдейт, анткени алардын жүрүшүндө ар кыл багыттар менен агымдар пайда болушкан.

***Тарых философиясынын антропологиясы*** тарыхый процесстеги адамдын ордун аныктайт, тарых субөектисинин аталган процесстеги ролу төмөнкү суроого жооп берет: Тарыхты ким жасайт? Эреже катары, тарых философиясынын тарыхый процесстеринин субөекттерине элди, улутту, массаны, социалдык таптарды жана көрүнүктүү инсандарды таандык кылышат жана коюлган суроого жооп беришет.

Андан ары лектор студенттердин көңүлүн тарых философиясынын функцияларына бурат. Тарых философиясынын функциялары жалпы жонунан, ошол эле философиянын функциялары.

---

[7] Философиялык энциклопедиялык сөздүк. М.,Сов.энциклопедия. 1989. 700-б.

**2.** Тарых философиясынын заманбап концепциялары. Лектор тарыхый өздүк аң-сезимдин эволюция процессин кароосу зарыл.  Антикалык тарыхчылар Геродоттун, Фукидидттин, Аристотелдин, Теофрасттын, улуу Плинийдин эмгектеринде адамзаттын өткөнү жана келечеги туурасындагы белгилүү элестөөлөр камтылган.  Алар диний-мифологиялык дүйнө көз карашты карманышкан:

Орто кылымдарда христандык философиялык ойломдун  өкүлдөрү (А.Августин, Фома Аквинский ж.б.) тарыхтын теологиялык концепциясын түзүщкөн.

Кайра Жаралуу доорунун ойчулдары (XIV-XVI-кк.) христиандык тарыхчылардан айырмаланып жер бетиндеги шарттарга, адамдын табиятына таянуу менен тарыхый процессти түшүндүрүүгө далалат кылышкан (Николо Макиавелли).

Жаңы мезгилдеги ойчулдардын көз караштарынын калыптануусундагы чоң ролду табигый илимдер ойношкон. Аталган мезгилде тарых көпчүлүк учурларда табигый-илимий өңүттө түшүндүрүлгөн.

Коомдук өнүгүүнүн өзгөчөлүгүнө обөективдик идеализм өңүтүндө ой жүгүртүүдөгү жаңы  кадамды Г.В.Ф.Гегель  (1770-1831) тарабынан жасалган. Ал тарыхты  жеке мыйзам ченемдүү процесс катары караган, анда ар бир доор ошол эле мезгилде  өзүнө адамзат өнүгүүсүндөгү мыйзам ченемдүү баскычты камтып турат.

Аталган мезгилдеги тарых философиясынын өнүгүүсүнө олуттуу салымды немец ойчулдары Карл Маркс (1818-1883) жана Фридрих Энгельс (1770-1831) кошушуп, алар диалектикалык-материалистик окуну түзүшкөн. К.Маркс материализмдин иш-аракет чөйрөсүн олуттуу кеңейтип, аны коомдук көрүнүштөрдүн чөйрөсүнө тараткан.

Лектор студенттерге  тарыхый өздүк аң-сезимдин эволюциясынын берилген образы бизге тарых философиясынын заманбап концепцияларын кароого мүмкүндүк берээрин жана алардын ичинен эң таасирлүүлөрү болуп: гносеологиялык багыт (тарыхтын сындык философиясы), онтологиялык концепция, аксиологиялык концепция, тарыхтын технократиялык концепциялары ж.б. эсептелеери туурасында айтып берүүсү абзел. Лектор аларга кеңири токтолуп кетет.

*Тарых философиясынын гносеологиялык багыты* XIX-к. экинчи жарымынан тартып өз алдынча бөлүнүп чыккан, аталган ыкманын өкүлдөрү (Вильгельм Дильтей, Бенедетто Кроче, Георг Зиммель, Робин Коллингвуд, Раймон Арон ж.б.) тарых философиясынын негизги предмети катары – тарыхый өткөндү изилдөөнүн логикалык-теоретикалык, методологиялык маселелерин, анын теоретикалык реконструкциясын жана тарыхый

фактылардын нукуралыгын орнотууну эсептешкен. Онтологиялык концепциянын өкүлдөрү тарых философиясынын предмети деп социалдык көрүнүштөрдүн, процесстердин спецификалык өзгөчөлүктөрүн тактоого багытталган изилдөөлөрдүн жыйындысын түшүнүшкөн.

*Тарых философиясынын аксиологиялык концепциясы* өзүнүн көңүлүн тарыхтын баалуулугу маселесине, о.э. тарыхый билимдердин кээ бир көрүнүштөрүн баалуу же баалуу эмес деп жарыялаган ой жүгүртүүлөр үчүн рационалдык негиздерди тактоого бурат.

*Тарыхтын заманбап батыш социалдык философиясынын технократиялык концепциялары* техникага коомдук жашоонун чечүүчү ролун, коомдун прогрессин жана индустриалдаштыруу гана рационалдуу түрдө коом менен инсандын жашоосун тескеп, жакшыртууга жөндөмдүү деп эсептөөсүн таандык кылган коомдук ойломдун бирден-бир багытын камтып турат. Аталган концепцияларга: постиндустриалдык же маалыматтык коомдун концепциясын (Даниель Белл, Олвин Тоффлер), жаңы индустриалдык коомдун концепциясын (Джон Гэлбрейт) ж.б. таандык кылууга болот.

Киришүү сөзүндө лектор тарых философиясынын бирден-бир олуттуу маселелерден болуп тарыхы процесстин маңызы жана багыттуулугу маселеси эсептелээрин баса белгилеген. Анын маңызы адамзат коому өзгөрөбү, эгерде өзгөрсө, анда ал кандай багытта болот жана аталган өзгөрүүлөрдүн мезгилдешүүсү кандайча? деген суроолорго жооп берет.

Аталган маселе байыркы дүйнөнүн ойчулдарынын кызыгууларын туудурган. Фактылык жактан антикалык философтор сызыктуу тарых философиясынын үч маанилүү багытын бөлүп көрсөтүшкөн, алар: прогрессивдүү, регрессивдүү жана циклдик багыттар.

Белгилей кетүүчү нерсе, аталган бардык багыттар өзүнүн негиздөөчүлөрү бар, азыркы мезгилдерде аталган элестөөлөр жалгыз эмес. XIX-к. соңу XX-к. башында тарыхый өнүгүүнүн сызыктуу эмес концепциясы негизделген. Аталган багыттарды кененирээк карап өтсөк.

Көптөгөн антикалык ойчулдар, алардын ичинде Протагор менен Демокрит дагы коом негизинен жапайлыктан «алтын кылымга» карай болгон жол менен өнүгөт деген көз караште болушкан. Аларды прогрессивдик багыттын негиз салуучулары деп атоого болот. Башка ойчулдар (Гесиод, Сенека), тескерисинче, коомдун өнүгүүсү «алтын» кылымдан «жез» кылымга болгон регрессивдик багыттуулука ээ деп эсептешкен, ал үчүн коомдун толук деградацияланышы, нравалуулуктун жоголушу ж.б. мүнөздүү. /чүнчү философтор (алардын ичинде Платон,

Аристотель, Полибий) коом түнт айлампа, дайыма кыймылда болуп туруучу, баштапкы этап менен кыймылдайт деп эсептешкен.

Орто кылымдын философтору тарых – бул процесс, анын багыттуулугу Кудай тарабынан берилген деген идеяны четке кагышкан эмес.

Италиялык философ Джамбаттист Виконун (1668-1744) пикири боюнча бардык адамдар өз өнүгүүсүндө баштапкы жапайычылыктан («кудайлар доору») феодализм аркылуу («баатырлар доору») демократиялык республика же конституциялылык монархия («цивилизация кылымы») дооруна чейинки бирдей баскычта өтүшөт. Ар бир циклде өнүгүү жаңыланып, ошол эле баскыч аркылуу өтөт, бирок кыйла жогорку деңгээлде. Ошентип, Виконун идеялары маданият менен цивилизациялардын (Данилевский, Шпенглер, Тойнби) өнүгүүсүндөгү циклдүүлүк теорияларынын негизинде жатат.

Заманбап тарых философиясында тарыхый процесстин логикасын жана багыттуулугун түшүндүрүүдө формациялык жана цивилизациялык эки негизги ыкма пайда болот.

Формациялык ыкма тарыхты монотеистик, универсалдык түшүнүүдө негизделет. Ал бүткүл дүйнөлүк тарыхты коомдук-экономикалык формациянын ырааттуу алмашуусунун жеке, сызыктык-алдыга умтулуучулук табигый-тарыхый процесс катары чечмелейт.

Коомдук-экономикалык формациялар туурасындагы окуу Карл Маркс тарабынан «Капитал», «Саясий экономикага сын» ж.б. эмгектеринде иштелип чыккан.

Тарых философиясын түшүнүүнүн цивилизациялык же маданият таануучулук ыкмасы XIX-XX-кк. калыптанган. Анын негизги чеги болуп көптөгөн маданияттар менен цивилизациялардын пайда болуусу, алардын локалдуулугу жана ар башка сапаттуулугу туурасындагы идеяларды бекитүү эсептелет. Бул жерде коомдук процесстин бир сызыктуу татаал схемасы четке кагылат.

Мындай ыкманын бирден-бир негиз салуучуларынын бири болуп орус социологу жана табият таануучусу Николай Данилевский (1822-1885), немец ойчулу Освальд Шпенглер (1880-1936) эсептелет.

Локалдык цивилизациялар теориясынын дагы бир жактоочусу катары англиялык тарыхчы жана социолог Арнольд Тойнби (1822-1885) саналат, ал Данилевский менен Шпенглердин тарыхтын циклдүүлүгү туурасындагы идеяларын өнүктүрүү менен аны жеке, өзгөчө жана салыштырмалуу түнт цивилизациялардын жыйындысы катары түшүнгөн (баштапкы вариантында ал 23 деп эсептеп, андан кийин 13 кө кыскарткан). Бүткүл дүйнөлүк

тарыхтын маңызын Тойнби адамзаттын диний эволюциясынан жана рухий өркүндөөсүнөн көргөн.

Лектор андан ары студенттерге формациялык жана цивилизациялык ыкмаларды салыштыруу төмөнкүдөй жыйынтыктарды чыгарууга мүмкүндүк береерин айта кетүүсү абзел: 1) формациялык ыкма анализ процессинде бардык коомду камтууга аракет кылып, анын динамикасына көңүл бурат; цивилизациялык ыкма болсо коомдун бөлүгүн изилдейт (жеке цивилизацияны); 2) формациялык ыкма коомдун жашоосунун экономикалык факторлоруна өзгөчө көңүл бурат; цивилизациялык ыкма болсо рухий факторлорго басым жасайт.

Тарых философиясынын өнүгүүсүнүн заманбап этабында аталган альтернативдик ыкмалардын оң идеяларын колдонуу жана алардын кемчиликтерин компенсациялоо аракети жасалган түшүнүк орнойт. Мындай ыкма монаддык деген аталышка ээ болгон.

Андан ары лектор тарых философиясынын көпчүлүк багыттарында көрүнүктүү орунда ээлеген тарыхтын маңызы маселесине кыскача токтолот.

Көрүнүктүү немец философу Карл Ясперстин (1883-1969) теориясы тарыхтын маңызы тарыхтын өзүнүн чегинен тышкары турат деп эсептейт. Тарыхтын маңызы жана негизи болуп баардыгы үчүн жалпы болгон ишеним эсептелет.

Тарыхый процесстин маңызы жана багыттуулугу маселесин америкалык философ Френсис Фукуяма да карап, «тарыхтын соңу» теориясын сунуштаган. «Тарыхтын соңун» ал адамзат качандыр-бир кезде коом менен мамлекеттин оптималдуу формасын таба аларынан көргөн. Жалпы адамзаттык идеалды ал негизинде адамдын бардык муктаждыктары канаттандырылышы жана коомдун негизги карама-каршылыктары чечилүүсү керек болгон либералдык идеялардан жана көз караштардан көргөн. Либерализм анын пикиринде өзүнө альтернативага ээ болбогон коомдун уюшулуусунун рационалдык формасын камтып турат, ошондуктан адамзатка аталган идеологияны башка өлкөлөргө таратуудан, ошону менен бирге жалпы адамзаттык мамлекетти –саясий чөйрөдөгү либералдык демократияны түзүүдөн башка эч нерсе калбайт. Адамзаттын тарыхынын маңызын Фукуяма мына ушундан көргөн.

Андан ары лектор студенттерге тарыхтын маңызына карата башка көз караштардын бар экендигин түшүндүрүүсү зарыл. Мисалы, кээ философтор тарых ар кандай маңыздан айрылган жана адамдар үчүн сыр болуп эсептелет деп санашып, адамзаттын келечегин пессимистик маанайда балаган (Артур Шопенгауэр, Яков Бургхардт). Башкалары болсо тарых бул рационалдык

түшүндүрүүгө жатпаган окуялардын иррационалдык агымы деп эсептешет (Фридрих Ницше, Эдуард Гартман) ж.б.

Тарых философиясында маанилүү орунда тарыхый прогресс идеясы турат.

Бирок бардык эле окумуштуулар коомдук прогресс идеясына ишенишет, кээ бирлери болсо прогресстин өнүгүүгө болгон терс таасири туурасында кеп кылышат (Аурелио Печеи, Олвин Тоффлер -1928-ж.туулган). Аталган суроолорду лектор студенттердин өз алдынча иштөөсү (СРС) үчүн калтырат.

## Корутундулар.

1. Тарых философиясы – бул тарыхый процесстин маңызын, мыйзам ченемдүүлүктөрүн, негизги багыттарын, о.э. анын таанымдарынын методдорун жалпылоосун түшүндүрүү менен алектенген философиянын бөлүмү. Анын курамдык бөлүгү болуп: тарых философиясынын онтологиясы, тарых философиясынын гносеологиясы, тарых философиясынын тарыхы жана тарых философиясынын антропологиясы, ал эми функциялары болуп: дүйнө көз караштык, теоретикалык, методологиялык жана прогностук функциялары эсептелет.

2. Тарых философиясынын заманбап концепцияларынын ичинен кыйла таасирлүүсү болуп: гносеологиялык багыт (тарыхтын сындык философиясы, онтологиялык концепция, аксиологиялык концепция, тарыхтын технократиялык концепциялары ж.б.).

3. Тарыхый процесстин ары толук жана терең багыттуулугу негизинде кээ бир изилдөөчүлөр монадалык ыкманы эсептешкен формациялык жана цивилизациялык ыкмаларды ачып беришкен.

### 23-тема. Социалдык прогноздоо жана азыркы глобалдуу маселелер.

Аталган тема боюнча 4 саатка ылайыкталган лекциянын планын төмөнкү түрдө берүүгө болот:

1. Социалдык алдын ала көрүү: түрлөрү, типтери, методдору
2. Азыркынын глобалдуу маселелери жана аларды чечүүнүн жолдору

**1.** Киришүү сөзүндө лектор азыркы мезгилде социалдык алдын ала көрүүнүн маселелери нукура теоретикалык жана методологиялык мааниге ээ болгондугун, ал эми аларды иштеп чыгуу философиялык ойломдун бирден-

бир актуалдуу милдеттеринен болуп эсептелеерин баса белгилөөсү зарыл. Чындыгында, келечекти карабаган философия келечекке ээ эмес.

Аталган лекциянын максаты төмөндөгүчө: алдын ала көрүүнү эң жалпы түрүндө мүнөздөө, анын негизги түрлөрүн кароо; социалдык прогноздоо деген эмне экенин аныктоо, анын методдору менен типтери кандай; азыркынын глобалдуу маселелери менен шартталган биздин мезгилдин негизги футурологиялык концепцияларын анализдөө.

Алдын ала көрүү - бул келечек туурасындагы, б.а. реалдуулукта али жок, бирок өнүгүүнүн күткөн жүрүшүнүн объективдүү өбөлгөлөрү түрүндө азыркыда потенциалдуу камтылган билимдер.

Келечекке суктануунун ыкмасы, тереңдиги жана тактыгы боюнча алдын ала көрүүнүн үч түрүн бөлүп көрсөтүүгө болот: күнүмдүк, интуитивдик жана илимий. Күнүмдүк алдын ала көрүү адамдын күнүмдүк жашоо-турмуштук тажрыйбасында, табият менен коомдогу тигил же бул окуялардын кайталануучулугуна көз карандысыз байкоо жүргүзүүсүндө негизделет. Күнүмдүк алдын ала көрүүнүн мисалы катары  эл арасында кеңири белгилүү болгон табияттын жышаандары боло алышат. Мисалы, эгерде күн батканда күндөгүдөн чоң көрүнсө – жаан жаайт; жайкы туман – ачык аба-ырайы; чыгыштан соккон шамал – жакында жаан токтойт.

Алдын ала көрүүнүн экинчи түрү - интуитивдик. Интуиция  - бул илимий тажрыйбанын жана ой корутундулардын жардамысыз чындыка өз алдынча жетүү. Алдын ала көрүүнүн аталган түрү таң калаарлык фактылар белгилүү болсо да  азырынча жетишээрлик деңгээлде изилдене элек. Мисалы, өз мезгилинде кеңири таанымал алдын ала айтуучу Александра Филипповна Кирхгоф Александр Пушкинге анын жашоосу туурасындагы маанилүү окуялар: анын жакында акча алаарын, эки сүргүндү, үйлөнүүсүн, белгилүүлүгүн, 38 жашында жашоодон өтүү божомолун алдын ала айткан. Аталган прогноз, тилекке каршы, толугу менен жүзөгө ашты.

Өзгөчө алдын ала көрүү жөндөмдүүлүгүнө 400 жыл мурун жашап кеткен француз дарыгери Мишель Нострадамус да ээ болгон. Өзүнүн белгилүү «Центуриясында» ж.б. бир катар эмгектеринде ал  XX-к. техникалык ачылыштар – суу алдындагы кеменин, учактардын пайда болуусун, француз, орус революцияларын эле эмес, Голль, Франко, Ленин, Сталин, Гитлер, Муссалино ж.б.у.с. инсандардын келишин да алдын ала көргөн.

Көптөгөн башка өзгөчө фактыларды да келтирүүгө болот. Алардын баары  интуитивдик алдын ала көрүүгө көңүл бурбай коюуга болбостугу туурасында маалымат берип турат.

Илимий алдын ала көрүү күнүмдүк жана интуитивдиктен айырмаланып изилденүүчү процесстин мыйзам ченемдүүлүктөрүн таанып билүүдө жүзөгө

ашырылат. Алар алдын ала айтуунун кыйла жогорку эффективдүүлүгүнө жана алдыга озуусунун узактыгына ээ.

Андан ары лектор студенттерге ишмердүүлүктүн чөйрөсүнөн жана таанымдын обөектисинен көз каранды түрдө илимий алдын ала көрүүнүн социалдык, экономикалык, саясий, аскердик жана башка түрлөрүн бөлүп көрсөтүшөт. Социалдык алдын ала көрүүнүн спецификасын белгилөө үчүн «прогноздоо» түшүнүгү пайдаланылат. *Прогноздоо – бул коомдук процесстерди изилдөөдө илимий негизделүүнүн жогорку даражасы менен айырмаланган өзгөчө алдын ала көрүү. Илимий алдын ала көрүүнүн башка формаларынан айырмаланып прогноздоо – бул өзүнүн методологиясына жана техникасына ээ болгон атайын изилдөө*.

Студенттер дүйнөнүн батыш өлкөлөрүндө социалдык прогноздоо илимий алдын ала көрүүнүн ар түрдүүлүгү катары «футурология» (латынчадан Futurum- келечек жана грекчеден logos - окуу) деген аталыш менен пайда болгон. Белгилей кетүүчү нерсе, «футурология» термини жалпы кабыл алууга ээ болгон жок. Анын ордуна «фютюрибли» термини сунушталып, ал «ыктымалдуу келечектүүлүк» дегенди түшүндүргөн. Ушунун жардамы менен келечектин шарттуулугу, көп варианттуулугу баса белгиленет.

Россияда социалдык алдын ала көрүү менен болгон изилдөөлөр «прогностика» деген аталышка ээ болушкан. Бул али жапжаш илимдердин бири, ал прогноздоонун мыйзамдарын, принциптерин жана методдорун изилдеп, логиканын маселелерин жана прогностук изилдөөлөрдүн ар кыл типтеринин классификациясын иштеп чыгат.

Социалдык прогноздоонун маселелери менен бүгүнкү күнү атайын улуттук жана эл аралык уюмдары иш алып барышат. Франциядагы, Германиядагы, Голландиядагы ж.б. футурологиялык институттардын ичинен өзгөчө орунда Рим клубу турат. Бүгүнкү күнү Рим клубунун мүчөлөрү болуп дүйнөнүн 47 өлкөлөрүнөн 100 дөн ашуун кадыр-барктуу илим жана маданият ишмерлери эсептелишет.

Лектор социалдык прогноздоо үчүн эмне мүнөздүү деп суроо берүү менен социалдык прогноздоонун негизги илимий-теоретикалык мүнөздөмөлөрүн санап берет:

**1.**Прогноздоо процесси объективдүү жана субъективдүү негиздерге ээ. Прогноздоонун объективдүү тарабы өткөндүн, азыркынын жана келечектин мыйзам ченемдүү байланышында турат. Келечек азыркыда натыйжаны жаратуучу себеп түрүндө камтылат.

Алдын ала көрүүнүн субъективдүү негизи адамзат аң-сезиминин алдыга озуп чагылуу мүмкүнчүлүгүндө турат, ал өткөндөн азыркы аркылуу

келечекке баруучу мыйзам ченемдүү тенденцияларды табуу жана белгилөөсүнүн негизинде түзүлгөн.

**2**.Социалдык прогноздоо пайда болуучулар менен тыгыз байланышып, алардан келип чыгат. Белгилүү болгондой, ар кандай теория үч функцияны аткарат: синтездештирүүчү, түшүндүрүүчү, прогноздоочу. Демек, илимий прогноздоонун башталышы теориядан башаталат.

Андан ары илимий алдын ала көрүүнүн логикалык курамы төмөндөгүчө:

-алдын ала көрүү маселесинин аныктамас;

-гипотеза;

-прогноздоо (кээ бир маселелерди алдын ала көрүүнүн жалпы маселенин алкагында чечүү үчүн прогноздорду алып чыгуу);

-прогностук ишмердүүлүктүн планын алынып чыккан прогноздордун негизинде калыптануусу;

-прогноздордун нукуралыгын, далилдүүлүгүн негиздөө жана аларды мүмкүн болгон тажрыйба менен тастыктоо.

**3**.Социалдык прогноздоо келечектин белгилүү бир мезгилдешүүсүн алдын алат. Ошого карабастан келечек тууралындагы билимдер азыркыдан алыстоосуна жараша улам конкреттүү жана так, оолактатылган келечекте кыйла жалпы жана аныксыз болуп калат.

**4.**Прогноздоо – бул атайын илимий методдордун негизиндеги келечек тууралындагы билимдерди алуу процессии. Аларга беш негизги метод таандык (башкалары анын варианттары болуп эсептелишет).

1. Экстраполяциялык методдор
2. Тарыхый аналогия
3. Моделдештирүү
4. Эксперттик баалар
5. Келечектин сценарийи.

Андан ары лектор студенттерге аталган методдор өзүлөрүнө эмнени камтып тураары жөнүндө түшүндүрөт.

Экстраполяциялык методдор өткөн менен азыркыда кыйла жакшы белгилүү болгон келечекке тенденцияларды, мыйзам ченемдүүлүктөрдү таратууда негизделген.

*Тарыхый аналогия* – бул салыштыруу жолу менен таанып билүү.

*Моделдештирүүнүн методдору* – таанымдын обөектилеринин өзүн эмес, алардын моделдерин изилдөөдө түзүлөт. Моделдештирүүнүн предметтик, физикалык, белгилик (математикалык), имитациялык, компьютердик түрлөрүн бөлүп көрсөтүүгө болот.

*Эксперттик баалар*. Бул маңызы эксперттердин (илим менен техниканын ар кыл чөйрөлөрүндөгү жетектөөчү адистер) натыйжаларды кийинки формалдык кайра иштеп чыгуу маселесине болгон анализди алдын ала көрүүсүндө турган илимий метод.

*Келечектин сценарийлери* – бул ыктымалдуу келечек тууралуу тигил же бул версияны негиздеген баштапкы божомолдордун ирееттүү жыйындысы.

**5.**Коомдук көрүнүштөрдүн жана процесстердин келечегин прогноздоонун натыйжалары болуп прогноз эсептелет.

Ар кыл прогноздордун мазмунуна жана милдеттерине байланыштуу алардын негизги төрт тибин бөлүп көрсөтүүгө болот.

*Издөөчүлүк прогноз* – бул социалдык обөекттин келечеги кандай болуусу керек экендигин көрсөтүү үчүн түзүлгөн прогноз.

*Нормативдик прогноз* – башкарууну оптималдаштыруунун ыктымалдуу жолдорунун рационалдык уюшулган анализи. Аталган прогнозду образдуу түрдө «тескери прогноз» деп аташат, андыктан андагы изилдөө келечектен азыркыга чейинки тескери багытта жүрөт.

*Аналитикалык прогноз* – ал келечекти изилдөөнүн ар кыл методдорунун жана каражаттарынын таанымдык баалуулугун аныктоо максатында түзүлөт.

*Алдын ала сактануу прогнозу*. Аталган прогноз адамдардын аң-сезимине жана жүрүм-турумдарына аларды божомолдуу келечекти (мисалы, ыктымалдуу экологиялык катастрофалар) алдын алууга мажбурлоо максатында таасирин тийгизүү үчүн иштелип чыгат.

Лектор прогноздордун аталган негизги типтеринин ортосундагы айырмачылык шарттуу экендигин баса белгилөөсү зарыл: бир эле конкреттүү социалдык прогноздо бир нече түрлөрдүн белгилери болушу ыктымал.

Каралган маселелер принципиалдуу маанидеги үч корутундуну чыгарууга мүмкүндүк берет:

1. Биздин күндөрдө келечекти прогноздоо адамзат үчүн улам чоң мааниге ээ болууда. Прогноздоодон азыр кийинки муундардын тагдыры олуттуу түрдө көз каранды.

2. Социалдык изилдөөлөрдүн заманбап деңгээли келечек тууралуу кыйла далилдүү билимдерди алууга, социалдык алдын ала көрүүнү «утопия» чөйрөсүнөн илим чөйрөсүнө алып чыгууга мүмкүндүк берет.

3. Келечекти прогноздоо - бул адамзат келечегинин дисциплиналар аралык комплекстик изилдөөсү, ал гуманитардык, табигый-илимий жана илимий-техникалык билимдердин процессинде гана түшүмдүү болушу ыктымал.

Адамзаттын алдында глобалдуу деп аталган бир катар маселелер пайда болду. Бул жашоо-турмуштук маанилүү маселелер. Коркунучка жашоонун сапаты эле эмес, жашоонун өзү кабылды. Азыркы адам курчап турган чөйрө, ал тургай өзү менен өзү да ынтымакка келе албай жатат. Адамдар өзүлөрүнүн бүткүл тарыхында тагдырынын жана планетанын тагдырынын үстүнөн болгон мындай бийлике ээ болушкан эмес. Адамдагы адамзаттыкты сактап калуу – бул заманбап коомдун актуалдуу милдеттеринин бири. Аны адамдын жыргалчылыгы үчүн улуттук жана эл аралык саясаттын негизинде көтөрүп чыкпаса, аны чечүүгө болбойт.

Азыркы мезгилдин глобалдуу маселелери – кеңири темалардан эмес. Бир дагы илим аны бардык тараптан изилдөөгө атаандаштык кылышпайт, бирок алардын ар бири изилдөөнүн өз аспектилерине ээ. Мындай аспектиге философия да ээ болот. Ал аталган чөйрөдө глобалдуу маселелердин методологиясын жана дүйнө көз караштык аспектилерин иштеп чыгып, алардын туура коюлушун жөнгө салат.

«Глобалдуу маселелер» түшүнүгүнүн артында эмне камтылган? «Глобалдуу» термининин өзү «глобус» деген латын сөзүнөн келип чыгып, жер шары жана түздөн-түз маанисинде «мейкиндиктик-планетардык ченем» дегенди түшүндүрөт. Биздин планетадагы бардык маселелерди глобалдууларга кошо берүүгө болбойт, ошондуктан алардын критерийлерин аныктоо зарылчылыгы бар. Андан ары лектор аталган критерийлерди санап, «азыркы глобалдуу маселелер» түшүнүгүнө аныктама берет.

Андай критерийлер төртөө.

а) глобалдуу болуп бүткүл адамзатты камтыган маселелер, цивилизациянын пайда болуусунун негиздеринин өзү эсептелет. Аталган жаатта алар жалпы адамзаттык мүнөзгө ээ деп айтууга болот.

б) глобалдуу болуп чечилбөөсү келечектеги адамзат үчүн кооптуулукту туудурган маселелер эсептелет. Аталган маселелерди коомдун андан аркы өнүгүүсүн камсыз кылуу үчүн сөзсүз түрдө чечүү керек.

в) глобалдуу болуп дүйнөнүн бардык аймактарындагы коомдун өнүгүүсүнүн объективдүү фактору катары көрүнгөн маселелер эсептелет.

г) глобалдуу болуп өзүнүн чечилүүсү үчүн жалпы дүйнөлүк машстабдагы кызматташууну талап кылган маселелер эсептелет.

Демек, азыркынын глобалдуу маселелери - бул жалпы адамзаттын абдан маанилүү маселелеринин комплекси, алардын болуусу бүткүл адамзат үчүн коркунуч туудуруп, өзүнүн чечилүүсү үчүн эл аралык кызматташтыкты талап кылат.

Окумуштуулардын көпчүлүгү төмөнкү глобалдуу маселелерди бөлүп көрсөтүшөт: ядролук согушту болтурбоо, экологиялык, сырьелук,

энергетикалык, азык-түлүктүк, демографиялык, коркунучтуу ооруулардын, өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдүн экономикалык жактан артта калуусун алдын алуу, заманбап дүйнөдөгү жана келечектеги адамдын статусу маселелери. Кээ бир окумуштуулар эл аралык терроризмди, баңгиликти, аракечтикти да аташат. Лектор тарабынан аталган маселелердин ар бирине кеңири мүнөздөмө берүү максаты көздөлбөйт. Кептин баары аталган бардык маселелер боюнча адабияттар дээрлик жетиштүү.

Ошол эле мезгилде, таасын болгондой төмөнкү учурларга басым жасоо зарылдыгы бар.

Биринчиден, азыркы бардык глобалдуу маселелер бири-бири менен абдан тыгыз байланышкандыктан, аларды өз алдынча чечүү дээрлик мүмкүн эмес.

Экинчиден, заманбап глобалистиканын системасындагы олуттуу орунда согуш менен тынчтык маселелери турат.

/чүнчүдөн, бүгүнкү күнү адамзат үчүн кооптуулука аскер техникаларын колдонгон аскердик конфликтер эле эмес, тынчтык техникасы да тынчсызданууну жаратууда.

Лекцияны аяктоо менен лектор төмөнкү корутундуларды келтирет:

1. Алдын ала көрүү көп пландуу маселе катары өзүнө материалдуу дүйнөнүн мыйзамдарын жана алардын тажрыйбалык колдонууларынын чөйрөсүн изилдөө менен байланышкан теоретикалык-таанымдык компоненттерди изилдөөнү камтып турат. Алдын ала көрүүнүн тажрыйбалык тарабы коомдун жашоо ишмердүүлүгүнүн ар кыл чөйрөлөрүнө байланыштуу социалдык прогноздорду алууда турат.

2. Азыркынын глобалдуу маселелери экологиялык, демографиялык, экономикалык, саясий, илимий-теоретикалык жана маданий өнүгүүнүн тең салмаксыздыгы менен шартталган. Адамдын жашап кетүүсү, өз ара байланышкан жана бүтүн дүйнөнүн шарттарындагы анын андан аркы өнүгүүсү, Жердеги жеке цивилизациянын калыптануусу элдердин жеке келечегин тандоо эркиндиги, социалдык прогресстин өсүп келе жаткан көп варианттуулугу ж.б.у.с. негиз салуучу гуманистик принциптерди эле эмес, алардын тажрыйбалык жүзөгө ашырылуусун да таанууну талап кылат.

3. Өзүнүн келечегин адам өзү түзөт. Адамзат цивилизациянын өнүгүүсүнүн келечеги туурасында ой жүгүртүү менен пайда болгондорду өнүктүрүп эле тим болбостон, эски догматтар менен стереотиптерди да жоготуу зарыл. Эгерде азыркы кездегиде жаңы болбосо, адамзат бүгүнкү глобалдуу маселелерди чечпесе, анда ал келечектен айрылып калаары бышык.

## Колдонулган адабияттар


1. Интерактивные методы в традиционной системе обучения: Методическое пособие / А.Б.Алдашева и Г.П.Дехнич. - Б.: «Эркин-Тоо», 2011. -88 с.
2. Методика семинара по философии. Методическое пособие. М., «Высшая школа», 1975.
3. Рожин В.П. Методика преподавания философии. Методическое пособие для преподавателей. М., «Высшая школа», 1975.
4. Методика преподавания философии: проблемы перестройки: Методическое пособие / В.С. Барулин, Н.Ф.Бучило, В.Т.Ефимов и др.; Под ред. Г.Ф.Беляевой, И.Я. Кантерова, Г.В. Платонова. –М.: «Высшая школа», 1991. -400 с.
5. Философия в вопросах и задачах (диалектический материализм). М.: Изд-во Московского университета, 1977.
6. Из опыта работы кафедр философии московских ВУЗов: Материал для преподавания философии / Под ред. С.И.Гончарука, Т.Г.Григорьяна, Л.В. Николаевой. -М.: Высшая школа, 1979. -223 с.
7. Наглядные средства в преподавании философии. Изд-во МГУ, 1976.
8. Философия: Учебно-методический комплекс. Автор-составитель Р.М. Джаңыбаева. -Б.: КНУ им.Ж.Баласагына, 2011, -124 с.
9. Усубакунова Б.И., Тимофеева Г.И. Тесты по истории философии: учебно-методическое пособие. –Б.: 2011. -84 с.
10. Айтбаев А.А., Апсаматова Э.Д. Учебно-методический комплекс по дисциплине «философия» для студентов всех специальностей. –Б.: Maxprint, 2014. -114 с.
11. Основы методики преподователя философии. М., 1971.
12. Научные основы методики преподавания общественных дисциплин в высшей школе. М., 1969.
13. Вопросы методики преподавания марксистко – ленинской философии в ВУЗах Вып.1. М., 1963
14. О методике преподавания философи
15. и в ВУЗах. Л., 1964
16. Разин В.И. Методика преподавания философии в ВУЗах. Киев, 1967.
17. Вопросы методики преподавания философии в ВУЗах. М., 1967.
18. Методика преподавания марксистко- ленинской философии в вечерних и заочных ВУЗах. М., 1967
19. Основы методики преподавания философии. М., 1971

20. Введение активных форм и методов обучения в преподавании общественных наук. Петрозаводск, 1983
21. Методические рекомендации по применению в учебном процессе аудиовизуальных ТСО. М., 1988.
22. Олейник И.С., Сенкевич В.С. Методы активного обучения в ИПК/Вестник высшей школы. 1987. №9.
23. Сборник методических материУалов по применению активных методов обучения в ВУЗе. Минск, 1987.
24. Утуров К.У, Сейталиева Г.А., Омуралиева Ч. Методические рекомендации. Б., 1998.